Ош мамлекеттик университетинин ЖАРЧЫСЫ

ВЕСТНИК Ошского государственного университета

№2— 2012
выпуск 2

ISBN 9967-03-032-1

ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕР СЕРИЯСЫ
ЭКОНОМИКАЛЫК ИЛИМДЕР СЕРИЯСЫ

«ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ»

ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ

2012-жыл, №2, выпуск №2

Башкы редактор,
ф.и.д., профессор Исаков К.А.

Башкы редактордун орун басары,
б.и.д., профессор Жумабаева Т.Т.

ISBN 9967-03-032-1

ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕР СЕРИЯСЫ
ЭКОНОМИКАЛЫК ИЛИМДЕР СЕРИЯСЫ

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ:

ТАРЫХЫЙ ИЛИМДЕРИ:

1. Абытов Б.К. – тар.и.д., проф.
2. Нурумбетов Б. - тар.и.д., проф.
3. Кененсариев Т.К. - тар.и.д., проф.
4. Асанканов А А. тар.и.д., проф.

ЭКОНОМИКАЛЫК ИЛИМДЕРИ:

1. Купуев П.К. – э.и.д., проф., КР УИА нын мүчө-корреспонденти
2. Тургунбаев Ж.Т. - э.и.д., проф.
3. Эргешбаев У.Ж. - э.и.д., доц.

ФИЛОСОФИЯЛЫК ИЛИМДЕР:

1. Аттокуров Т.А. – филос. и.д., проф.
2. Шарипова Э.К. - филос.и.д., проф.
3. Карабеков К. – филос .и.д., проф.

ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ:

1. Зулпукаров К.З. – филол.и.д., проф.
2. Жусупакматов Л. - филол.и.д., проф.
3. Абдувалиев И.А. - филол.и.д., проф.

ПЕДАГОГИКА-ПСИХОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ:

1. Момуналиев С.М. – пед.и.д., проф.
2. Бабаев Д.Б. – пед.и.д., проф.
3. Анаркулов Х.Ф. – пед.и.д., проф.
4. Алтыбаева М.А. - пед.и.к., проф.
5. Закиров А.З. – психол. и.к., проф.
6. Батыралиев А. – пед.и.к., доц.

Ош МУнун редакциялык-басма кеңешинин чечими менен басууга сунушталды

****Берилген материалдардын сабаттуулук деңгээлине, илимий мазмунуна, автор, рецензиялаган окумуштуу жана сунуштаган кафедра жооптуу***

МАЗМУНУ

1. ***Т.Д. Кадыров.*** Өмүрү өрнөк инсан…….. 7
2. ***А.Т. Абдувапова, А.Т. Абдувапова.*** Калктын социалдык бакубаттуулугу жана миграциялык коопсуздук……..... 9
3. ***А.Т. Абдувапова.*** Жумушсуздук социалдык иштер объектиси катарында…….…… 12
4. ***Ж.А. Адилбаев.*** Кыргызстандын чекарасынын такталыш тарыхынан…….. 15
5. ***Б. Адылбекова.*** Алымкул аталык……..... 20
6. ***М.Ж. Алиева.*** Образовательный статус детей трудовых мигрантов..... 24
7. ***М. Ж. Алиева.*** К вопросу исследования теории и методики проблемы социологии детства……... 29
8. ***Г. Аматова.*** Элдик мурастын философиясы-келечектин күзгүсү…….. 33
9. ***А. К. Апышева.*** Интерес к Центральной Азии……..... 37
10. ***Н. Аттокуров.*** Некоторые особенности демократизации политической жизни в странах Центральной Азии …… 42
11. ***А.А. Бакиров.*** О соотношении государственного стандарта и действующих учебных программ по предметной области «Человек и Общесто» в КР……..... 45
12. ***А.М. Байымбетова, Ж.Ч. Азимова.*** Актуальность самостоятельной работы студентов по практическому курсу английского языка……. 50
13. ***А. Балтабаев.*** Ислам жана саясат: өз ара карым-катнашы жана өзгөчөлүктөрү (Борборазия өлкөлөрүнүн жана Кыргызстандын 1991-2000 жж.материалдарынын негизинде)…… 52
14. ***Бообек уулу Болот.*** Кыргыздардын ат жабдыктарын жасалгалоо, жана ага айтылган ишенимдер…….....……..... 56
15. ***Н.П. Глазова, Т.М. Аюпов, Т.П. Кенжебаева.*** Аспект культа коня в интерпретации исследователей петроглифов……..... 58
16. ***Ж. Дуйшеев.*** Инсантаануу тарыхнаамесинен ……... 62
17. ***А. Дуйшенбаева.*** Кыргыз Республикасын массалык маалымат каражаттарынын орду..... 64
18. ***Г. Жунусова.*** Араб-ислам цивилизациясы..... 66
19. ***Г. Жунусова*** Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын жетишкендиктери жана кемчиликтери ……... 71
20. ***Р. Зулпуева., Н. Турдахунова.*** Эгемендүүлүк жылдарындагы Ош областындагы транспорт тармагынын өнүгүү тарыхы……... 75
21. ***Исмаил Улуташ.*** XV кылымдагы анадолу жазуучусу сарыжа кемалдын диванындагы чагатай жана кыпчак сөздөрүндөгү негизги элементтер…… 89
22. ***Ч.А. Исраилова.*** Социально-демографический портрет бедных ……..... 83
23. ***Ч.А. Исраилова.*** Причины бедности, ее оценка и методы борьбы с ней…… 87
24. ***Каратаев Олжобай.*** Кыргыз уруулук энтамга белгилери: таралуу ареалы, параллелдери ……..... 90
25. ***Т. Кененсариев.*** Мустафа Чокай уулу жана Кокон автономиясы……..... 95

26. ***Н.А. Мадалиев.*** В.В. Бартольд и ТКЛА..... 102
27. ***Н.К. Маразыков, М.Т.Садыкова.*** Кыргызстандын түштүгүндөгү турак-жайлар: үйлөрдөгү (тамдардагы) жарык берүүчү тешик, дарча, айнек, терезелер……..... 106
28. ***Б.А. Нурунбетов, Г. К. Бекмурзаева*** А. Орозбеков мамлекеттик жетекчинин үлгүсү катары..... 110
29. ***Б. Нурунбетов, А.А. Жолдошева.*** 1985-90-жылдардагы Ош шаарынын экономикалык абалы……..... 112
30. ***Б. Осмонова.*** Нооруз- бабалардын ыйык салты..... 114
31. ***С.К. Осмонова.*** Традиционные обряды и обычаи, свадьбы кыргызов живших на Юго-Западе Кыргызстана. (XIX - XXвв)……..... 117
32. ***С.К. Осмонова.*** Традиционный обряд заключения брака (Нике) (Юго-Запад Кыргызстана конец- XIX –начало XX в)…..... 122
33. ***Ч.Т. Сатыбалдиева, Ө.А. Абдылдаева, М.Ш. Султанова.*** Традиционные приемы мастерства ковроделия кыргызов в конце XIX – нач. XX вв……..... 124
34. ***З.А.Солтоев.*** «Манас» эпосундагы түрк этнонимдеринин изилдениши……..... 128
35. ***А.Т. Султанова*** Внешнеэкономические связи Ошской области с провинцией Хорасан Исламской Республики Иран..... 131
36. ***А.Т.Султанова, Авазбек к. Атыргул.*** Ош шаарынын Түркиядагы Маниса жана Амасья шаарлары менен соода-экономикалык жана билим берүүдөгү кызматташтыгы……..... 138
37. ***А.Т. Султанова.*** Внешнеэкономическая деятельность Ошской области в 1991-2001гг……..... 144
38. ***Ж.А. Токошева.*** Махмуд Кашгари – түрк элдеринин орто кылымдагы чыгаан окумуштуусу……..... 149
39. ***Т.М. Усманов, М.Ш. Султанова, Ч.Т. Сатыбалдиева, Г.Э. Чыныкеева.*** Султан Ибраимов - таланттуу жетекчи, мамлекеттик көрүнүктүү ишмер жана залкар инсан……..... 152
40. ***Г.Э. Чыныкеева, А.А. Асанканов, Э.Ж. Сулайманов.*** Жалал-Абадская область на пороге XXI века: миграционные процессы в 1989-1999 гг……..... 158
41. ***Ш. Халибекова.***Кыргыз тилиндеги лексикалашкан татаал этиштердин семантикалык өзгөчөлүктөрү…….. 164
42. ***С.Б. Эргешова.*** Паремиялардагы ата-эне концептосферасы…… 168
43. ***С.Ж. Абдрасулова, Ж.Ж. Абдрасулова, А.Ж. Жолдубаева.*** Зээндүү жана жөндөмдүү жаштарга билим берүү жана тарбия көрсөтүү үч өзгөрмөлүү функция катары……..... 172
44. ***Э. К. Арынбаев, Г.И. Колбаева.*** Бүгүнкү күндүн мугалими кандай болуш керек?……..... 177
45. ***А.Т. Бекиева.*** Мектеп окуучуларынын толеранттуулук аё-сезимин калыптандыруу - учурдун талабы..... 181
46. ***Г.А. Жутанова.*** КВН как активная форма познавательного процесса……..... 185
47. ***А.К. Кудайбердиева, Ж.М. Айдарова.*** Билим берүү замандын талабына ылайык жаңылануу жолунда……..... 189
48. ***М.С. Мурзаев.*** Кыргыздардын элдик тарбия салтында инсанды социалдаштыруунун шарттары жана факторлору……..... 191

49. ***Т.М. Сыдыкова, П.Х. Самидинова.*** Процесс обучения в условиях дифференциации современной школы……..... 195

50. ***М.Н. Абдыкеримова.*** Англис жана кыргыз тилдериндеги жай сүйлөмдөрдүн интонациясы……..... 198

51. ***С. Аслан.*** Кыпчак карлук жана огуз тобундагы тилдерде этиштин жасалыш ыкмасы……..... 207

52. ***С. Аслан.*** Түрк тилинде жана кыргыз тилинде атооч жана этиштен сын атооч жасоочу окшош мүчөлөр…… 211

53. ***Ж. Бекматова, А. Камбарова, Ж. Ниязова,*** О звуковом строении народной загадки…… 214

54. ***З.Т. Бекмуратов, Н.С. Худайбергенова.*** Сравнительное описание особенностей специальной литературы в русском и кыргызском языках…….. 218

55. ***З.Т. Бекмуратов, Г.А. Имашева.*** Обучение дипломатической терминологической лексике русского языка……. 221

56. ***Ж.А. Калдыбаева, Б.А. Жаныбекова, Э.К. Муратова.*** Устное поэтическое наследие кыргызского народа……. 225

57. ***К.М. Капарова, Н.С. Султаналиева.*** Создание оценочных значений средствами словообразования…… 228

58. ***З.Ж., Каразакова.*** Улуттук тайпаларда текст менен иштөөнүн ыкмалары…….. 232

59. ***Т. Колдошов.*** Жеңижок - кыргыз элегиясынын негиз салуучусу..... 239

60. ***М.К. Назарова.*** Некоторые проблемы изучения просодии текста в современной лингвистике…… 242

61. ***К. Нармырзаева.*** Зат атоочтун жөндөмө категориясынын стилистикасы Ч.Айтматовдун чыгармасынын тилинде…… 245

62. ***К. Нармырзаева.*** Стилистикадагы көркөм чыгарманын тилинин изилдениши..... 249

63. ***К. Y. Каримова.*** Өспүрүмдөрдүн көчө балдарына айланышынын социалдык-психологиялык детерминанты жана алдын алуу жолдору..... 253

64. ***Э.К. Муратова, Б.А. Жаныбекова, Ж.А. Калдыбаева*** О принципах разграничения приименного дополнения и несогласованного определения…….. 256

65. ***Б.М. Эргешова.*** Кыргызстандагы жардамга муктаж жана мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын бүгүнкү күндөгү абалы..... 259

Мүчөлтойлор

66. ***Апышев Бекембай***..... 263

67. ***Салахитдинова Назира Камаловна***..... 263

Эстутум

68. ***Эргешбаев Жумабек***..... 264

69. ***Ирисов Пайзылда***..... 265

УДК: 300.372

Т.Д. Кадыров, Ош МУ

Өмүрү өрнөк инсан

Эгемназаров Давлет 1937-жылы 15-декабрда Ош облусунун Ноокат районундагы Жал айылында төрөлгөн. 1954-жылы Үч-Коргон районундагы А.С.Пушкин атындагы орто мектебин аяктагандан кийин, ошол эле жылы Кыргыз Мамлекеттик университетинин тарых факультетине окууга кирген. 1959-жылы тарых факультетин ийгиликтүү аяктап, «Тарых мугалими» квалификациясына ээ болгондон кийин Ноокат районунун Ломоносов атындагы орто мектебинде тарых мугалими болуп эмгек жолун баштаган.

1960-жылдан баштап 1967-жылдын март айына чейин Ош Мамлекеттик педагогикалык институтунун тарых факультетинде окутуучу, улук окутуучу, декандын орун басары, тарых факультетинин деканы кызматтарында эмгектенген.

Билимин жогорулатуу максатында 1967-1969-жылдары Кыргыз Мамлекеттик университетинин аспирантурасында күндүзгү бөлүмүндө окуган. Ушул учурда илимий изилдөө иштерине белсенип киришип, илимий макалаларды жазган. Алгачкы илимий иштери (1968-1969жж) «Из истории формирования кадров рабочего класса в угольной промышленности Киргизии в годы первой и второй пятилеток» (Кыргызстанда биринчи жана экинчи беш жылдыктардагы көмүр казуу өнөр жайында жумушчу табынын калыптанышы тарыхынан); «Из истории развития социалистического соревнования среди шахтеров Киргизии (1929-1932гг.)» (1929-1932 жж. Кыргызстандын шахтерлорунун арасында социалисттик мелдештин өнүгүү тарыхынан); ж.б.

1972-жылы 24-январда тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын ийгиликтүү коргогон.

1969-1983-жылдары Кыргыз Мамлекеттик университетинин «Жаңы жана сонку жаңы тарых» кафедрасында окутуучу, улук окутуучу, доцентти жана кафедра башчысы кызматтарында иштеген.

1983-1987-жылдары Фрунзе Политехникалык институтунда «КПССтин тарыхы» кафедрасында улук окутуучу болуп эмгектенген.

1988-жылы 16-январда Мамлекеттик педагогикалык институтунун «КПССтин тарыхы» кафедрасына доцент болуп эмгектенген. 1988-жылы 15-августта «СССРдин жана жалпы тарых» кафедрасына доцент кызматына которулган. 1990-жылы 17-ноябрдагы ОМПИнин Ректорунун буйругу менен «СССР элдеринин тарыхы» кафедрасынын курамында Эгемназаров Д. - доцент кызматына бекитилген. 1991-жылы 19-январдагы тарых факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин чечими, ОМПИнин ректорунун 1991-жылдагы 23-январындагы буйругу менен «СССРдин тарыхы» кафедрасынын башчысы кызматына дайындалган.

Окумуштуулар Кеңешинин 1992-жылы 23-январдагы № 152 протоколунун негизинде, Ректордун 1992-жылы 6-февралдагы № 14 буйругу менен «СССР тарыхы» кафедрасы «Ата Мекен тарыхы» кафедрасы болуп өзгөртүлгөн.

1992-жылы сентябрь айынан Ош Мамлекеттик педагогикалык институту Ош Мамлекеттик университети болуп өзгөртүлгөндөн кийин кайра тарых-юридика факультети түзүлгөн.

1993-жылы 15 - декабрдагы Ректордун № 84/1 буйругу менен Эгемназаров Д. тарых-юридика факультетинин сырттан окуу бөлүмүнө декандын орун басары болуп дайындалган.

1997-жылы 25-ноябрдан баштап 2004-жылдын 15-январына чейин «Кыргызстан тарыхы» кафедрасында доцент кызматында иштеген.

2004-жылдын 15-январынан баштап «Жалпы тарых» кафедрасынын доценти кызматында кайра 2004-жылы 28-июнунан ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин чечиминин негизинде ОшМУнун ректорунун №105 буйругу менен «Кыргызстан тарыхы» кафедрасынын доценттик кызматында 2009-жылдын сентябрь айына чейин эмгектенген.

1953-жылы (ВЛКСМ) Бүткүл союздук лениндик коммунисттик жаштар союзунун катарына, ал эми 1963-жылы (КПСС) Советтер Союзунун коммунисттер партиясынын катарына кабыл алынган.

Эгемназаров Давлет жубайы Эгемназарова Рабы экөө беш уул, бир кызды татыктуу тарбиялап өстүрүшкөн.

Эгемназаров Давлет өзүнүн басып өткөн эмгек жолун Кыргызстандын билим берүү тармагына арнаган инсан. Ал дайыма аткарган ишине чоң жоопкерчилик менен мамиле жасаган. Окуткан лекция жана семинар сабактары жогорку илимий-теориялык жана усулдук деңгээлде уюштурулуп, жаңыча ой жүгүртүүгө, проблемалуу суроолорду туура коюп, аларды чечүүгө багытталгандыгы менен айырмаланган. Алгачкылардан болуп окутуунун инновациялык технологияларын колдонгон. Семинар сабактарын модулдук-рейтингдик системада жүргүзүүнү киргизип, өзүнүн окуткан предмети боюнча тесттердин комплексин, окуу-усулдук комплексин иштеп чыккан. 1996-1997-окуу жылында «Жылдын мыкты окутуучусу» деп табылган.

Илимий изилдөө иштеринде активдүүлүктү көрсөтүп, Кыргызстандын тарыхынын изилдене элек ак барактарын толтурууга салымын кошкон. Илимий эмгектеринин дээрлик бардыгы - илимий макалалары, көлөмдүү эмгектери Кыргызстандын мамлекеттүлүгүнө арналган:

1. Из истории формирования кадров рабочего класса в угольной промышленности Киргизии в годы первой и второй пятилеток (1968 - год);
2. Из истории развития социалистического соревнования среди шахтеров Киргизии (1929-1932гг.) (1968 - год);
3. Деятельность партийной организации Киргизии по развитию социалистического соревнования в угольной промышленности республики (1933-1937) (1969 - год);
4. Из истории технической реконструкции угольных шахт Киргизии в годы первой и второй пятилеток (1970-год);
5. Из истории борьбы шахтеров Киргизии за ликвидацию неграмотности в годы первой и второй пятилеток (1971-год);
6. Из истории развития угольной промышленности Киргизии (1974-год); [1]
7. К истории роста политической сознательности шахтеров Киргизии (1977-год);
8. Краткий русско-киргизский словарь рабочих профессий (1985-год);
9. Программа по истории Кыргызстана с древнейших времен до наших дней (1996-год);
10. Ош в годы независимости Кыргызстана (1991-2000 гг.) (2000-год);
11. Кыргыз Республикасынын 2010-жылга чейин өнүктүрүүнүн Комплекстүү негизи (2001-жыл);
12. Орто кылым мезгилинде кыргыздардын мамлекеттүлүгү жөнүндө (2003-жыл);
13. Советтик мезгилде Кыргызстандын формалдуу мамлекеттүлгүнүн түзүлүшү (2003-жыл);
14. Кыргыз элинин мамлекеттүлгүнүн негизги маселелери (2003-жыл);
15. Менин мамлекетим (2003-жыл).

Кыргызстандын тарыхы боюнча программаны иштеп чыгууга катышкан (соавторлор Кененсариев Т., Алымбаев Ж.). 2003-жылы 6 басма табак көлөмүндө басылган «Менин мамлекетим - Мое государство» эмгеги илимий эмгектердин конкурсунда II даражадагы дипломго татыктуу болгон.

Мындан сырткары Эгемназаров Давлет илимий-теориялык конференцияларда докладдар менен чыгып сүйлөп Кыргызстандын илимий чөйрөсүндө студенттердин жана педагогикалык коллективдин алдында активдүү илимпоз катары таанылган. Көптөгөн студенттерге, жаш окутуучуларга өз насаатын айтып, педагогикалык жана илимий ишмердүүлүккө үйрөткөн. Ал тарбиялаган шакирттери бүгүн агайдын жолун жолдоп илим изилдөөдө, педагогикалык ишмердигинде агайдан үлгү алышып, ийгиликтүү эмгектенишүүдө.

Эгемназаров Д. коомдук иштерге да дайыма активдүү катышып келген. «ОшМУнун ардагерлери» фондунун уставын иштеп чыгып областык юстиция бөлүмүнөн каттоодон өткөргөн жана ал фонду өзү жетектеген. Факультеттин Усулдук кецешинин мүчөсү, Эмгектин ардагерлеринин жетекчиси катары окуу-тарбия процессин жакшыртуу, жаңы сапатка көтөрүү, жаштардын жогорку квалификациялуу кадр болуп даярдалышына өз салымын кошкон.

Мүнөзү өтө сылык, жөнөкөй, ак ниеттүүлүгү менен студенттердин, профессордук-окутуучулар жамаатынын сый урматына ээ болгон.

Билим берүү тармагында 50 жылдык талыкпаган эмгеги үчүн бир нече «Ардак грамоталар», «Билим берүүнүн мыктысы» төш белгиси, «Манас» юбилейлик медалы менен сыйланган. Мындан сырткары Эгемназаров Давлет көп жылдык педагогикалык иши, жогорку квалификациялуу

кадрларды тарбиялоого жана даярдоого сиңирген эмгеги үчүн «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮСҮНӨ ЭМГЕК СИҢИРГЕН КЫЗМАТКЕР» деген ардактуу наам Кыргыз Республикасынын Президентинин атынан 2001-жылы 21-сентябрда ыйгарылган.

УДК:301.085:392

А.Т. Абдувапова, Ош МУ
А.Т. Абдувапова, ОшТУ

Калктын социалдык бакубаттуулугу жана миграциялык коопсуздук

В этой статье описывается возникновение различных инфекционных заболеваний среди населения связанные с миграцией людей. Со стороны государства должны приниматься необходимые меры для предотвращения заражения инфекционными заболеваниями мигрантов. Решения проблем в процессе миграции населения является глобальной проблемой.

This article is about of affecting different infectious diseases agony inhabitance which is connected with migration of people. The government should take the necessary measures to prevent infecting people with infectious diseases. Decision of migration process is a global problem.

Калктын дени сак болсо, мамлекеттин жетишкендигин, анын негизинде калктын өсүп өнүгүү деңгээлин, маданияттуулугун, бейкуттугун байкабыз. Калктын миграциясы менен коомдун бакубаттуулугунун көптөгөн байланыштары бар. Ал байланыштар аркылуу калктын саламаттыгындагы өзгөрүүлөрдү, жоготууларды, орун алмашуулар жөнүндөгү маалыматтарды алабыз. Ал маалыматтарды статистикада жана ар кандай адабияттардан байкоого болот.

Статистикалык маалыматтарга таянсак, Москвадагы кыргыз элчилигиндеги медициналык борборго 3000 эмгек мигранты ден- соолугунун айынан жардам сурап кайрылган. Канчалаган эне болуучу аялзаттары боюнан алдырып, ден соолугунан ажырап, оор жумуштарда иштеп жүрүшөт. Эгерде чет жакта эмгек мигранттары болуп жүргөндөрдүн теңинен көбү кыз келиндер болсо, болжол менен 250000ге жакын репродуктивдүү курактагы кыргыздын аял-кыздарынын ден соолугунун бузулушу, турмуш шартынан улам төрөттүн кыскарышы ошондой эле үй-бүлө кура албай калгандыгы жана башка жагымсыз жагдайларга күбө болуп жатабыз. [1]

Мындай тенденция менен уланып отурса, жакынкы эле жылдарда республикабызда демографиялык коркунуч күтүлүүдө. Мигранттардын оор шарттардагы жумушта иштегендиги, жашаган жеринин начардыгы, климаттын катаалдыгы алардын арасында ооруп калгандардын, кырсыкка кабылгандардын көп боолуусу жана социалдык проблемалардын көп болушунан улам ден соолугунун начарлоосуна алып келип жатат. Дарылануу өтө кымбат болгондугунан көпчүлүгү медициналык борборлорго кайрылышпайт.

Экономикалык, саясий, социалдык проблемалардан айырмаланып калктын миграциясына, жарандардын саламаттыгына көңүл бурулбай келүүдө. БУУнун алдындагы Эл аралык эмгек уюму 1919-жылы түзүлүп, ошондон бери мигранттардын социалдык маселелерин чечүү, аларды социалдык жактан коргоо, алардын ден соолугун, мигранттарга билим берүү жана алардын үй-бүлөсүн окутуу боюнча сегиз конвенция жана сегиз рекомендацияны иштеп чыккан.

Ал эми октябрь төңкөрүшүнөн кийин большевиктик саясий жетекчилик жергиликтүү калктын арасында камсыздоого багытталган саламаттыкты сактоонун эффективдүү системасын түзүүнүн зарылдыгын билдирген. 1921- жылдын аягында крайдын бардык калкына 10024 орундуу 1983 оорукана анын ичинде 4992си эпидемиялык оорулуулар үчүн иштеген.

Бүгүнкү күндө Саламаттыкты сактоо министирлиги жана Кыргыз Республикасынын Жаштар жана калкты иш менен камсыз кылуу жана Миграция министирлиги тарабынан калктын миграциясынын коопсуздугуна, жана ден-соолугуна байланыштуу маалыматтар берилбей жатат.

Коомдун бакубаттуулугуна жана миграцияга байланыштуу 2002- жылдын башында КМШ мамлекетинде «БУУнун миграция эл аралык уюму тарабынан «Миграция здоровья: кореляция, последствия, решения» аттуу тегерек столун өткөрүшкүн.

Жарандардын жашоо шарттарына байланыштуу жугуштуу ооруулардын арасында социалдык оорулардын пайда болуусу, мамлекетте жана аймактардагы социалдык-экономиканын туруктуу эместигинен пайда болуп жатат.

---

[1] Кыргыз туусу 13.04 2012 №19

Миграцияга байланыштуу коомчулука кеңири белгилүү болгон чума оорусу эсептелет. Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму тарабынан 1959- жылдан 1994-жылдар аралыгында дүйнө жүзүндө 39 мамлекеттин ичинен 62 миң адам катталган. Бүгүнкү күндө адистердин айтуусу боюнча Түштүк, Борбордук, Түштүк-Чыгыш Африканын мигранттары чума оорусунун булагы болуп эсептелет. Азыркы учурда биздин өлкө үчүн бул оорунун таралышы адисттердин оюу боюнча мигранттар аркылуу таратылат.

Өтө курч, оор, тез жугуштуу оору катары холераны атап кетсек болот. Учурда холеранын жайылышы Россияга жана башка мамлекеттерге коркунуч туудурат. Маалыматтарга таянсак, холера ооруусунун булагы болуп Индия, Пакистан, Жакынкы Чыгыш эсептелет. Мисалы, 1994-жылы эпидеимологиялык кырдаал курчуган. Ошол мезгилде миңден ашуун холера оорусу катталган. Ал эми 1995-жылдан кийин Өзбекстан жана Тажикстанда, Индияда, Латын Америка мамлекеттеринде катталган. Жогорудагы мамлекеттерден Кыргызстандын аймагына да таралышы мүмкүн.

Жогорудагы оорулардын катарына «активдүү» таралуучу малярияны кошсок болот. Кайсы бир убакттарда Советтер Союзунун аймагында жайылган. 1930-жылдарда күнүнө 9 млн. адам ооруган. Малярия оорусуна каршы күрөшүү 60-жылдарда токтотулган.[2]

Ал эми 1993- жылдары малярия оорусу кайра күчөгөн, ал 1993-жылга чейин созулган. Биздин мамлекетибиздин түштүк регионунда жана Чүй областынын саздак аймактарында малярия дартынын көбөйүп жаткандыгын маалымдашат. 2010-жылы Бишкек шаарында -10, Чүй областында-4, Баткен областында -2, Жалал-Абад жана Нарын областтарында -1 адамдар катталган. Былтыркы жылдардан бери республика боюнча бул дарт менен ооруган 133 адам катталган.

Башка жугуштуу ооруларга салыштырмалуу Кыргызстандын калкына коркунучтуу тышкы жана ички миграцияга байланыштуу ооруу катары ВИЧ эсептелет. Бул оору массалык түрдө таркалып жатат, азыркы өлүмдүн себеби боюча төртүнчү орунда турат. Башка жуугуштуу ооруларга караганда СПИД менен ооруган адамдар арасында көп өлүмгө дуушар болуп жатышат. Эксперттердин айтуусу боюнча дүйнө жүзүндө 36 млн. адам каталган. Алардын ичинен 6 млн. адам 2000-жылы катталган, 5,5 млн. адам 2001-жылы катталган. СПИД- бул калктын өлүмүн гана жогорулатпастан, келечектеги жашоону да кыскартат жана ишкерчилик активдүүлүктү да басаңдатат. Баарына маалым болгондой Африка мамлекетинде ар бир бешинчи адам СПИД ооруусу менен өлүмгө дуушар болуп келүүдө.

Жугуштуу СПИД оорусу бүгүнкү күндө актуалдуу маселе катары Түштүк Европа жана Борбордук Азия, андан тышкары КМШ, Кыргызстан мамлекеттеринде эсептелет. СПИД оорусунун таркалышынын себеби катары өлкөдөгү экономикалык кризис, социалдык бурулуштар (жумушсуздук, жакырчылык, жыныстык катнашуулардын жүрүм турумдары) ж.б. айтып кетсек болот.

Кыргызстанда СПИД, ВИЧ дарты менен ооругандардын саны жылдан жылга көбөйүүдө. 2008- жылы ВИЧ менен 1622 адам, алардын ичинен -45 адам катталган. Ал катталгандардын ичинен 72,2%ы ийне аркылуу, 25,6%ы жыныстык катнаш аркылуу, 2,2%ы энеден балага жуккан. Алардын ичинен вируска каршы 154 адам , 111 эркек, 43 аял дарыланышкан. Ал эми 2010-2011 жылдары бул коркунучтуу дарт менен ооругандардын саны 1030 адамды түзсө алардын 135и адам кыргызстандыктар болгон. Ушул адамдардын ичинен 118 адам каза болгон. Үй-бүлөлүү адамдардын бул оору менен ооруп калганы катуу коркунучтарды жаратууда. Башка мамлекеттерге мигрант катары чыгып кетип туура эмес жүрүм-турумдардын натыйжасында СПИД менен ооруп калып, өз мекендерине байлык эмес коркунучтуу дарт арттырып келип жатышат.

Жугуштуу Вич инфекциясынын таралышынын негизги себеби катары алкоголизм, наркомания проблемаларын айтсак болот. Орусиянын баңги заттарды көзөмөлдөө боюнча башкармалыгынын маалыматына ылайык, өлкөдө жылына орто эсептен алганда 80 миң киши баңги заттан каза болушат. Эл аралык «Хьюман Райт Уотч» уюмунун айтымында ушул күнгө чейин баңги зат колдонуучуларды натыйжалуу дарылоо ыкмасы иштелип чыга элек.

Наркомания – бул социалдык эң коркунучтуу оору экендиги талашсыз. Ал адамдын организминде иммундун ар түрдүү бузулууларына алып келет. Биринчиден, бардык наркотикалык заттар баш мээнин жарат алышы менен бирге ички органдарга абдан зыян келтирип, адамдын эрте

[2] Т.Н.Юдина Социология миграции М.2004

карышына түрткү болот. Экинчиден, киши наркотикти колдонгондо физикалык жана психикалык жактан ага көз каранды болуп калат.

Коомчулукта наркотикалык заттарды колдонуунун көптөгөн түрү кездешет. Көбүнчө ийне аркылуу кан тамырларга сайынуу бардык организмди абдан жабырлантат да, наркомандардын иммунитети төмөндөп, канынын бузулушуна алып келет. Акыркы учурда бир колдонуулучу инсулиндик шприцти колдонуу көнүмүш адатка айланууда.

Коомубузда наркоманиянын көбөйүшү актуалдуу маселе. Наркотик - уулуу зат, аягы өлүм менен бүтүүчү утурумдук жыргал, акыл - эсти өлтүрүүчү зыяндуу химиялык зат. Наркоманияны айыктыруу маселеси азыркы убакта «ломкадан арылуу» же патологиялык дарылоо, башкача айтканда, психикалык көз карандыдан арылуу болуп саналат. Адистердин эсептөөлөрү боюнча бул оорулар 80 - жылдын башында көбөйүп, ортосунда өзгөчө күч алган. Бул мезгилде наркомандарга караганда токсикомандын саны өтө тездик менен өсө баштаган. Кыргызстандын ички иштер министрлигинин маалыматтары боюнча 80- жылдардан баштап наркотик заттар менен жасалган кылмыш иштери кескин түрдө көбөйүп кеткен.

Бүгүнкү күндө Ош шаарында наркоманияга чалдыгып, учетко алынгандардын саны 1064 болсо, катталбагандарды кошсок 10 миңден ашат. Азыркы учурда мектеп окуучуларынын арасында катталдагандары бар. Алардын арасында баңги затына жана ВИЧ-инфекциясына чалдыгып калбасын деп мектептерде 20 сааттык атайын сергек жашоо образын үгүттөө максатында жана ар түрдүү тарбиялык мааниде сабактар жүргүзүлүп жатат.

Жугуштуу оорулардын арасынан көбүнчө миграцияга байланыштуу сифилис оорусун кошсок болот. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда сифилис оорусуна көбүрөөк көңүл бурушубуз керек, себеби жарандарыбыз өздөрү дарыланышып катталбай жатышат.

Сифилис эпидемиясы көбүрөөк жаштарыбыздын арасында байкалууда. 1999-2000 жылдардын аралыгында сифилис менен ооругандар өспүрүмдөрдүн арасында көп кездешкен. Сифилис проблемасы бүгүнкү күндө коомдун, атайын адистердин негизги милдеттеринин бири, себеби энеден балага көбүрөөк жугуп жатат.

Ички жана тышкы миграция байланыштуу жугуштуу социалдык оорулардын катарына кургак учук оорусун кошсок болот. Кургак учук бул социалдык оору болуп саналат, оорулуулардын 66%ы мигранттардын, качкындардын жана туруктуу жашай турган жери жоктордун эсебиндеги жумушсуздар болуп саналат. Ал эми майыптар 25 пайызды түзөт. Кургак учук менен ооругандардын 88%ы эркектер болуп саналат. Адистердин айтуусу боюнча 1882-жылдан бүгүнкү күнгө чейин дүйнө жүзүндө 200млн. адам өлгөн.

Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюумунун маалыматы боюнча ар бир секунд сайын дүйнөдө бир адам жуктуруп алат. Ал эми ар бир 20 секунда жер жүзүндө кургак учуктан бир адам көз жумат. Жылына бул дарттан дүйнө жүзү боюнча миңдеген киши каза табат. 2009-жылы 3000 миллиондон ашуун адам КОХ таякчасын жугузуп алуу ыктымалдыгы андан 90 млн.ооруп, 30млн. бул коркунучтуу оорудан көз жумары божомолдонгон. Бул туурасында бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюумунун кургак учукка каршы программасын реализациялоо абалды жакшыртып ооруну кыйла басаңдатты деп айтсак болот. Ошону менен бирге эле жаш балдардын өлүмү да бир топко кыскарды.

Республикадагы жагдайды ала турган болсок, кийинки кезде кургак учук менен ооругандардын саны Чүйдө жана Бишкекте көбүрөөк байкалат. Өлкөдө социалдык–экономикалык кырдаал курчуп, миграция өсүп жаткандыгы бул оорунун кулач жайышына таасир этүүдө. Бирок бул маселе кооптуу бойдон калууда. Кургак учук менен ооруп калуу коркунучунда жашашкан балдардын 1600үү кургак учуктун активдүү формасы менен ооруп, катоодо тургандарга караганда көптүк кылат.

Ал эми ички миграцияга байланыштуу борборубузга жаңы конуштар пайда болуп, элдин саны кескин көбөйүүдө. Ошондон улам мамлекетте айрым социалдык оорулардын пайда болуусу байкалууда: аба аркылуу жуккан гепатит, бруцеллез катуу кармаган респиратордук жугуштуу оорулар, сасык тумоо, ж.б оорулар. Мамлекетибизди коркунучка салган дагы бир маселе ден-соолугу начар балдардын көбөйүүсү. Өзгөчө Ош, Бишкек шаарларында майып балдардын катталуусун айтсак болот. Майып балдардын көбү нерв ооруларынан, тубаса аз кандуулук дартынан жабыркаган жана психологиясы бузулган балдар.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргыз Республикасында жугуштуу ооруулардын пайда болушу көбүнчө тышкы миграцияга байланыштуу. Жугуштуу инфекцияны көпчүлүк чет мамлекеттерден (Россия, Түштүк Корея, ж.б.) социалдык-экономикалык байланыштар аркылуу жайылып жатат.

Калктын миграциясына байланыштуу болгон жугуштуу инфекцияларды алдын алуу боюнча мамлекет тарабынан да көзөмөлдөр болуусу абзел. Сыртка чыгып жаткан жарандарга катуу медициналык көзөмөлдөр жүргүзүлүп, оорулуулардын саны, эсеп кысабын алып, мигранттарыбыздын үй-бүлөлөрүн медициналык тейлөөлөрдөн өткөрүү керек. Миграция процессин жөнгө салуу маселелерин чечүү дүйнөлүк маанидеги оор маселелердин бири. Бирок жарандар кетип жаткан мамлекет да, башка өлкөнүн жарандарын кабыл алып жаткан мамлекет да бирдей чара колдонуусу зарыл.

Адабияттар:

1. «Кыргыз Туусу» 13.03.2012 № 19
2. «Кыргыз Туусу» 15-17.04.2008 №20
3. «Ош жаңырыгы» 12.08.2005.№15.
4. Юдин Т.Н. Социология миграции: к формированию нового научного направления М. - 2004.
5. «Шоокум» 12.01.2012 № 1,2
6. Женщины и мужчины Кыргызской республики. Сборник гендерно-разделенной статистики Бишкек 2009.
7. « Аалам» №47 2003-жыл 27-июнь.
8. «Вечерний Бишкек» Исой Нурмаматовым, спасающим от наркотического зла. 9 ноябрь 2007 г
9. «Кыргыз Туусу» №021,2004-жыл «Кара куурайдан кыйылган тагдырлар», Оңолкан уулу Бактыяр.
10. «Эркин Тоо» 2004-жыл №43.

УДК:33 1.6:36

А.Т. Абдувапова, Ош МУ

Жумушсуздук социалдык иштер объектиси катарында

В данной статье рассматривается проблемы и виды безработицы и ее взаимосвязь с социальной работой.

The given article describes the problems of unemployment and its relationships with social work.

Союздук системанын кыйрашы менен башталган базар мамилелерине өтүү процесси бир топ жаңы типтеги социалдык маселелер менен коштолду. Алардын эң олуттуларынын катарында жакырчылык, кылмыштуулук сыяктуу социалдык кесепеттердин булагы болгон жумушсуздук маселеси жаралды. Калктын басымдуу бөлүгү жумушсуздуктун араанына кабылышты. Натыйжада жумушсуздар деп аталган калктын социалдык чабал катмары пайда болду. Социалдык коргоонун жана тейлөөнүн мурдагы формалары базар мамилелеринин шартында өзүнүн жарамдуулугун жоготту. Натыйжада жумушсуздарды социалдык жактан колдоонун учурдун талабына төп келген формаларын, түрлөрүн кийирүүнүн зарылдыгы жаралды. Социалдык иштер институтунун калыптанышы жана анын кеңири практикалана башташы жумушсуздарга карата социалдык иштердин жаңы формаларын табуунун жана анын укуктук базасын түзүүнүн зарылдыгын койду.

Жумушсуздарга карата социалдык иштер Кыргызстандын аймагында жакынкы мезгилдерден бери эле практикаланып келе жаткандыгы белгилүү. Андыктан аталган маселенин айланасында илимий жактан чечүүнү талап кылган маселелер арбын экендиги белгилүү. Каралып жаткан маселени изилдесе саясий маниге да ээ. Социалдык саясаттын багыттарын иштеп чыгууда, стабилдүүлүктү камсыз кылууда изилденип жаткан масленин орду бар.

Жумушсуздарга карата социалдык иштер илимий адабияттарда экономика, тарых сыяктуу

илимдердин алкагында гана учкай изилденип келген. Мурдагы советтик доордо аталган маселенин айрым жактары экономикалык илимдердин өнүтүндө иш менен камсыз болуучулук маселесинин чегинде каралган. Жумушсуздарга карата социалдык колдоо көрсөтүү жана алар үчүн атайын кызматтарды түзүү боюнча иш-чаралар совет бийлигинин алгачкы жылдарында ургаалдуу өнүккөн. Бирок, 30 - жылдарда социализмде жумушсуздук маселеси жашабайт деген идеологиялык ураандын жаралышы менен жумушсуздук толук жоюлгандыгы дүйнөлүк коомчулукка жар салынган. Ошондон улам жумушсуздук темасы жабык темага айланган. Анын ордуна иш менен камсыз болуучулук маселеси коюлуп жумушсуздуктун айрым жактары жөнүндө учкай гана пикирлер пайда болгон. Совет бийлигинин алгачкы мезгилдеринде калкты иш менен камсыз кылуу маселесине карата эмгек ресурстарын бөлүштүрүү жана пайдалануу боюнча академик С.Г. Стримулин [6, 30-40-беттер] экономика илимдеринин доктору Л.Е. Минц, П.М. Керженцев, А. Аникст жана башкалар салым кошушкан [2, 154-158-беттер].

Алгачкы жолу жумушсуздукка аныктама В.Я. Чураковдун изилдөөсүндө мындайча берилген: «Иши бар катары ким жума ичинде төлөнүчү же киреше алып келүүчү ишмердүлүк менен алектенген, 15 саат төлөөсүз, көбүнчө үй чарбасында иштеген, иш издебеген ошону менен катар эле иш оруну бар» адам эсептелет. Жумушсуз — бул жума ичинде таптакыр иштебеген, бирок жумуш издеген же жумуштан боштулган тарап» [7, 31-бет].

Категория катарында иш менен камсыз болуучулук адамдын жумушчу күчүнүн коомдук өнүдүрүшкө катыштыгын түшүндүрөт. Бул маселеге карата изилдөөчүлөрдүн түрдүү көз караштары жаралган алардын айрымдары иш менен камсыз болуучулукту социалдык-экономикалык процесс катары айрымдары эмгекке жарамдуу калктын баарысынын иш менен камсыз болуусу катары карашкан

60-жылдардын орто ченинде иш менен камсыз болуучулуктун мазмунун ачууга аракет белгилүү изилдөөчү М.Я. Сонин тарабынан жасалган [8, 125-бет]. Ал толук же жарым жартылай иш менен камсыз болуучулук биринчиден эмгекке жарамдуу калктын арасына иш менен камсыз болгондордун көлөмү менен экинчиден эмгекке жарамдуулардын коомго пайдалуу ишмердүүлүгүнүн туруктуулугу менен байланыштуулгун жазган. Анын пикирин улап М.К.Караханов толук камсыз болуучулук эмгекке жарамдуу калктын саны менен коомдук өндүрүштө алектенгендердин саны дал келген учурда болот деп белгилеген. Ушундай эле пикирди Р.А.Нугаев да колдогон [9, 76-бет]. Ал эгерде эмгекке жарамдуу калк курагындагыларга үй чарбасында өздүк чарбада иштгендерди кошсо анда биздин өлкөдө толук иш менен камсыз болуучулукка жетишти деп эсептөөгө болот деген пикирин айткан.

Айрым изилдөөчүлөр бул пикирлерди колдошпогон. Алсак, П.П. Литвяков толук иш менен камсыз болуучулук адамдардын коомдук чарбадагы жумуштарга керектөөсүнө жана канааттануусуна байланыштуулугун белгилеген [10, 45-бет]. Ал эми изилдөөчү Сонин М.Я «Бириккен Улуттар Уюмунун сунуш кылган методологиясы боюнча иш менен камсыз болгон негизги категорияларга кандайдыр бир акы төлөнүүчү ишти аткарган жана үй-бүлөнү калган акы төлөбөөчү мүчөлөргө чарба жүргүзүүсүнө көмөктөшкөн көрсөтүлгөн белгилүү курактан жогору жаштагылар кирет [11, 56-60-беттер]. Иш менен камсыз болгондорго үй чарбасын жүргүзүү жана бала тарбилоо менен алектенгендер, эгерде алар акча табуу же киреше түшүрүү үчүн жумуш издебеген болсо киргизилбейт», - деген оюн билдирген.

Жалпылап айтканда советтик изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде иш менен камсыз кылуу маселеси жумушсуздук маселеси катары каралган жана жумушсуздарды социалдык коргоо маселеси дээрлик коюлган эмес.

Үй-бүлөлөрдөгү курч социалдык проблемалардын бири жумушсуздук болуп саналат. Жумушсуздуктан улам үй-бүлөлөрдө ажырашуу, жакырчылык балдардын дейдичилиги сыяктуу маселелер көбөйүүдө. Анын негизги себеби рынок мамилеси болуп саналат. Социализмдин кыйрашы менен азыркы жумушсуздук өлкөнүн экономикасындагы базар мамилелерине өтүүдөгү өткөөл мезгилдин тартуусу болуп саналган уникалдуу көрүнүш болуп саналат. Жумушсуздуктун феномени кайсы өлкөдө, кандай тарыхый доордо болуп жаткандыгына карабастан Кыргызстан үчүн жалпы мүнөзгө жана мыйзам ченемдүүлүккө ээ болуу менен актуалдуу. Бүгүнкү күндө жумушсуздуктун деңгээли боюнча концепциялар, анын социалдык-экономикалык кесепеттерин, инфляция менен болгон байланыштарын, жумушсуздуктун динамикасынын өсүүсүнө тийгизүүчү факторлор анализденген учурда да бул маселе олуттуу мүнүзгө ээ.

Жумушсуздук азыркы коомдогу үй-бүлөлөрдүн орчундуу маселеси, жумушчу курактагы эмгекке жарамдуу калктын өкүлдөрүнүн коомдук өндүрүшкө катышпай калуусу. Жумушсуздукту

үй-бүлөлүк араздашуулардын жана ажырашуулардын негизги факторлорунун бири жана базар мамилелеринин кесепети катары кароого болот.

Мурдагы СССРде жумушсуздук 1930-жылы расмий түрдө жоюлуп, эмгек рыногунда ортомчулук операцияларды аткаруучу эмгек биржаларынын иши токтотулган. Айрым учурда жумушсуздук адамдын эркине, каалоосуна көз каранды, ыктыярдуу түрдө да жумушсуздук болот. Иштин жумушчунун саламатчылыгына туура келбеши, айлык акынын аздыгы, төмөндүгү, эмгек жамаатындагы кызмат, эмгек шартынын начардыгы ж.б. себептер ыктыярдуу жумушсуздукка өбөлгө түзөт. Эмгек рыногундагы жумуш күнүнө болгон төмөндүгү аргасыз жумушсуздукка альш келет [1, 8-9-беттер]. Жумушсуздук типтерин бөлүп көрсөтүүдө адатта эреже катарында анын келип чыгуу себептери жана созулуу негизги критерий катары каралат. Жумушсуздук маселесине арналган изилдөөлөрдө адатта анын үч негизги тиби көрсөтүлөт. Алар: фрикциондук, структуралык жана циклдык жумушсуздук. Ошол эле убакта көмүскө жана сезондук жумушсуздук да бар экендиги эскерилет.

Жеке адамдын жумушка болгон мамилесине карата ыктыярдуу жана аргасыз жумушсуздук болот. Ыктыярдуу жумушсуздук качан гана жумушчу иштеген ишинен өз эрки менен баш тартканда, сунуш кылынган ишти каалабаган же жумуш шарты канааттандырбаган учурда жаралат. Аргасыз жумушсуздук адамдын эркине, каалоосуна баш ийбейт. Жумуш орунунун кыскарышы, жумушчу күчүнө талаптын аз болушу майыптыкка учуроо сыяктуу себептер аргасыз жумушсуздукка алып келет. Америкалык экономисттер П.Самуэльсон жана В. Нордхаус жумушсуздуктун аталган формаларын камтыган үч түрүн белгилешкен:

Фрикциондук жумушсуздук- бир жумуштан башка жумушка өткөндүгүө байланыштуу убактылуу жумушсуздук. Миграция, жер котруштуруулар, бир кесиптен башка кесипке өтүү, адамдын жашоо этаптарынын өзгөрүшү фрикциондук жумушсуздукту жаратат.

Структуралык жумушсуздук- өндүрүштүн айрым тармактарыда, айрым структураларда гана эмгекке болгон талап менен сунуш дал келбеген учурда жаралат. Мисалы, билим берүү системасындагы жумушсуздук ж.б.

Циклдык жумушсуздук- дээрлик бүт аймакты камтыган бардык катмарларды кучагына алган жумушчу күчүнө болгон суроо - талаптын төмөндүгүнөн улам келип чыгат [12, 56-60-беттер].

Фрикциондук жумушсуздук - бул коомдогу ресурстарды товардык өнүдүрүш жана тейлөөнүн чөйрөлөрүндө жайгаштыруунун өзгөрүүсүнөн улам пайда болот. Мындай өзгөрүүлөр квалификацияларга, билим менен жөндөмдүүлүктөргө болгон талапты өзгөртөт. Натыйжада жалдоочу же жумуш берүүчү өзүнө керектүү жумушчуну, жумушчу өзүнө керектүү жумуш берүүчүнү таба албайт.

Анын негизги мүнөздүү белгиси мындай жумушсуздук анча узакка созулбайт жана ошол эле учурда аны жоюу мүмүкүн гана эмес максатка да ылайыктуу болуп саналбайт. Структуралык жумушсуздук- экономикадагы ири структуралык өзгөрүүлөр менен коштолот. Адатта айрым ишканалардын жоюлушу көпчүлүк жумушчу орундарынын жоюлушу менен кошо жүрөт. Жумушсуздуктун мындай тибинин жаралышы колективдик келишимдерди узартуу, жумуш орундарын сактап калуу максатын көздөгөн профсоюз уюмдарынын каршылыгын жаратат.

Циклдык жумушсуздук өндүрүштүн төмөндөөсү менен байланышта. Мындайда бош жумушчу орундары менен жумуш издеген квалификациялуу жумушчулардын саны дал келбей калат. Көмүскө жумушсуздук - эмгекке болгон стимулдун төмөндүгүнөн улам эмгек өндүрүмдүүлүгү төмөндөөдөн улам жумушчунун каалоосун жоготууга алып келүүдөн улам жаралат. Жумушсуздуктун мындай түрү толук эмес жумуш күнү же, толук эмес жумуш жумасы менен иштегендер, башка жумуш издегендер толуктайт.

Базар мамилелерине өтүү менен абалкы социалистик жумушка жалдоо ыкмасы жоюлуп ага салыштырмалуу ийкемдүү формалары пайда болду. Алсак формалдуу эмес макулдашуу, тез келишим ж.б. Ошол эле учурда аргасыз жумушсуздук да күч алды. Экономикалык себептерден улам жумуштан бошотулгандар жумушсуздардын басымдуу бөлүгүн түзүп калды. Жумушсуздуктун структуралык түрүнүн ургаалдуу өсүүсү иш менен камсыз кылуу фонддорунун социалдык камсыздандыруу системасына айланып калышын шарттаган. Жумушсуздук негативдик кубулуштан эмгек рыногунун өнүгүсүндөгү активдүү факторго жана жумуш оруну учун конкуренцияга айлануууда.

Жыйынтыктап айтканда, жумушсуздук маселеси өлкөбүздүн өнүгүүсү менен тыгыз байланышта.

Албетте, аны чечүүгө азыр мүмкүн болбосо да учурда өлкө жетекчилиги тарабынан бир топ

аракеттер көрүлүүдө. Жаңы ишканалардын түзүлүшү башка өлкөлөрдө иштөөгө укуктук базаны түзүү жумушсуздарды кайрадан даярдоо аркылуу бул маселени жеңилдеттүүгө болот.

Адабияттар

1. Авазов Э., Кененсариев Т. Үй-бүлө жанан социалдык иштер. Окуу усулдук колдонмо маалыматтама. Ош, 1998 8-9-б.
2. Адам омоктуу өнүгүшү боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук стратегиясы. Бишкек-1998. 10-16-б.
3.Социальная мобилизация-путь к преоделению бедности и решению социальных проблем / Вестник социального работника. Июль,2003.
4. Авазов Э., Дыйканова Ш. Социалдык иштердин теориясы жана тарыхы .- Ош;- 2006.
5. Миграция Демографический Энциклопедический Словарь.- М.,1985
6. Струмлин С.Г. Наши трудовые ресурсы и перспективы, быт и статистика. Москва., Геополитиздат, 1957.
7. Чураков В.Я. Актуальные проблемы использования трудовых ресурсов села М -1972
8. Сонин М.Я. Актуальные проблемы использования рабочей силы в СССР. – М. , 1965.
9. Караханов М.К. Вопросы населения и особенности расселения в Узбекской СССР.-.М , 1985
10. Литвяков П..П Экономическая система социализма и планирования Москва 1975.
11. Сонин М.Я. Пожилой человек в семье и обєестве – М. , 1965.
12. П.Самуэльсон. Влияние инфраструктуры регион ана качество жизни населения Безработица Май ,1992

УДК:300.085:392

Ж.А. Адилбаев, Ош МУ

Кыргызстандын чекарасынын такталыш тарыхынан

Көз карандысыз Кыргыз Республикасы үчүн коншу өлкөлөр менен мамлекеттик чек арасын тактоо өтө татаал маселеге айланды. Кытай Эл Республикасы менен бул маселе чечилип бүткөн. Казакстан Республикасы менен дагы маселе аягына чыгуу алдында турат. Ал эми калган эки коңшу Өзбекстан жана Тажикстан менен маселе оор бойдон калып жатат. Макалада негизги көнүл Кыргызстан менен Тажикстан Республикаларынын чек араларынын тактоо маселесине басым жасалат.

Для Кыргызской Республики уточнение государственные границы с сопределение странами превратилась в сложную проблему. Данная проблема с Китайской Народной Республикой решена, с Республибликой Казакстан почти завершается, а вот с соседним Узбекстаном и Таджикстаном идут безрезультативные консультации. В данной статье основные внимание уделяется к вопросам уточнения государственной границы Кыргызстана с Таджикстаном.

XX кылымдын аягында дүйнөлүк коомчулуктун дагы бир эгемендүү мүчөсү катары өз алдынча өнүгүү жолуна түшкөн Кыргызстан жанаша жайгашкан мамлекеттер менен өзүнүн эл аралык чегараларын аныктоо процесстеринин катышуучусу болуп калды. 1996-жылы Кытай менен болгон татаал сүйлөшүүлөр өзүнүн алгачкы натыйжаларын берип, кыргыз-кытай мамлекеттик чегарасы жөнүндөгү макулдашууга кол коюлган. Чектешкен жерлеринде жүздөгөн жылдар бою чечилбей, ал түгүл ырбап келген ири пикир келишпестиктерди жоюу менен Кыргыз Республикасы жана Кытай Эл Республикасы өздөрүнүн мамлекеттик аймактарын бөлүп турган чегара сызыгын тактап, аныктаган. Бул татаал ишти аткарууда, кыргыз элин өздөрү менен макулдашпастан туруп эле экиге бөлүп салган Россия жана Дайцин империяларынын чегарасы жөнүндөгү документ негиз катары кабыл алынган.[1] XIX кылымга туура келген, жашаган аймагын бөлүштүрүү мезгилинде кыргыздардын ошол сүйлөшүүлөрдүн катышуучусу болбогону, учурдагы эл аралык укуктун нормалары боюнча эч кандай маниге ээ эместиги өкүнүчтүү. 1999 жылдын августуна карата кыргыз-кытай мамлекеттик чегарасы жөнүндөгү кошумча макулдашуунун жана Кыргызстан, Казакстан жана Кытай,[2] Кыргызстан,

[1] Русско-китайские отношения 1689-1916. Официалные документы М.,1958.

[2] Соглашение между Кыргызской Республикой, Китайской Народный Республикой и Республикой Казакстан о точке стыка

Тажикстан жана Кытай[3] мамлекеттик чегараларынын тогошкон чекити жөнүндөгү эки макулдашуунун түзүлүшү менен кыргыз-кытай чегарасын делимитациялоо аягына чыккан. Ошол эле жылы Казакстан менен, 2000-жылы Өзбекстан менен сүйлөшүүлөр башталган. 1998-жылы үзгүлтүккө учураган Тажикстан менен сүйлөшүүлөр 2001- жылы кайрадан жүргүзүлө баштаган. 2000-жылы кыргыз-кытай мамлекеттик чегара сызыгын демаркациялоо башталып, 2004 -жылы аягына чыгарылган. Маселенин негизин кеп кылуудан мурда, аталган өлкөлөрдүн мамлекеттик түзүлүшүнүн өнүгүшү жөнүндө кыскача маалымат келтирүүнү туура таптык. Кыргыз Республикасы: 1918-жылдан - Түркстан АССРинин курамындагы аймак; 1924-жылдын 14-октябрында - РСФСРдин Кара-Кыргыз автономиялуу облусу; 1925-жылдын 25-майында - РСФСРдин Кыргыз автономиялуу облусу; 1926-жылдын 1-февралында - РСФСРдин курамындагы Кыргыз автономиялуу республикасы; 1936-жылдын **5-декабрында** - Кыргыз ССРи; 1991-жыл Казакстан Республикасы: 1918-жылдан - РСФСРдин курамындагы аймак 1920 жылдын 26-августунан - РСФСРдин курамындагы Кыргыз АССРи; 1925-жылдын 19-апрелинде - РСФСРдин курамындагы Казак АССРи; 1936-жылдын 5-декабрынан - Казак ССРи; КР Өзбекстан Республикасы: 1918 - 1924-жылдарда Түркстан АССРинин, Хорезм Элдик Советтик Республикасынын (ЭСР), Бухара ЭСРинин аймактары нын бөлүктөрү (1924 жылдын 19-сентябрында - Бухара ССРи, 1923-жылдын 20 октябрында - Хорезм ССРи); 1924-жылдын 27-октябрында - Өзбек ССРи 1991 жылдын 31 августунан - Өзбекстан Республикасы. Тажикстан Республикасы: 1918-1924-жылдарда Түркстан АССРи менен Бухара ЭСРинин курамындагы аймактар, 1924-жылдын 14-октябрында - Өзбек ССРинин курамындагы Тажик АССРи; 1929-жылдын 5-декабрында - Тажик ССРи; 1991-жылдын 9-сентябрында - Тажикстан Республикасы.

1991-жылга чейин Кыргыз Республикасы, Казакстан Республикасы Өзбекстан Республикасы, Тажикстан Республикасы бир мамлекеттин - СССРдин субъектилери болушкан. СССРдин мезгилинде кабыл алынган Борбор менен союздук республикалардын ортосундагы укуктарды бөлүштүрүү жоболоруна ылайык бул республикалар эл аралык чегара орнотуу укугуна ээ болгон эмес Аймак жана чегараларга ээлик кылуу жаатында, Кыргыз ССРи, башка союздук республикалар сыяктуу эле эч кандай ыйгарым укукка ээ болгон эмес. Бул жөнүндө, 1937- жана 1978- жылдардагы Кыргыз ССРинин Конституцияларында дагы, 1936 - жана 1977-жылдардагы СССРдин Конституцияларында дагы эч кандай жоболор болгон эмес. СССРдин 1936-жылдагы жана Кыргыз ССРдин 1937-жылдагы Конституцияларында Кыргыз ССРинин аймагы анын макулдугу жок өзгөртүлүшү мүмкүн эмес деп айтылганына карабастан, 1957 жылга чейин республика өзүнүн облустук административдик-аймактык түзүлүшүнө байланыштуу маселелерди дагы чече алчу эмес эле.

Орто Азия элдерине "административдик-аймактык чегара" деген түшүнүк 1924-жылы, советтик бийлик өзүнүн саясий жана экономикалык маселелерин чечүүгө ылайыкташтырылган мамлекеттик түзүлүштү калыптандыруу максатында жүргүзгөн, СССРдин аймагын райондоштуруу иштери менен кошо келген. СССРди райондоштуруу боюнча СССР Борбордук Аткаруу Комитетинин (БАК) комиссиясынын төрагалыгына С.М. Тер-Габриелян дайындалган. Ушул иштердин алкагында, "мамлекеттик аппаратты кайра уюштуруу жана чарба буюмдарын бөлүштүрүү максатында" СССРдин Эмгек жана Коргонуу кеңешинин Орто Азиядагы ыйгарым укуктуу өкүлү Шелехестин жетекчилиги астында 1924-жылдын 24-ноябрында, Ташкентте Ортоазиялык жоюу комитети түзүлөт (Ликвидационный комитет). Ортоазиялык жоюу комитетинин алдында "20-декабрдан калтырбай иштерди бүткөрүү" тапшырмасы менен Орто Азиядагы жаңы пайда болуп жаткан мамлекеттик уюшулмалардын чегараларын тактоо боюнча комиссия түзүлүп, аны Красновский жетектеген. 10-декабрдан тартып комиссияны Магидович башкарды, Бул комиссия аткарган иштер тарыхта "улуттук-аймактык чекгөө" деген аталыш менен белгилүү болуп калган. 1924-жылга карата, СССРдин административдик түзүлүшүнө ылайык Орто Азия чөлкөмүндө РСФСРдин курамындагы Туркстан АССРи менен Бухара ССРи, Хива ССРи чектешчү. Ушул эле учурда, Кыргыз АССРи РСФСРгетике баш ийген, ал эми Түркстан АССРинин карамагына Закаспий, Сыр-Дарья, Семиречье (Жетисуу), Самарканд, Фергана облустары кирген. Иш жүзүндө, улуттук-аймактык чектөө болочоктогу Казак ССРи,

государственных границ трех государств от 25 августа 1999 г.

[3] Соглашение между Кыргызской республики, Китайской Народный Республикой и Республикой Таджикстан о точке стыке государственных границ трех государов от 54 июля 2000 г.

Кыргыз ССРи, Өзбек ССРи, Тажик ССРи жана Түркмөн ССРинин ортосунда жүргүзүлгөн. Негизинен бул иштер падышалык Россиянын администрациясы Туркстан генерал-губернаторлугун түзгөн учурда бекитилген облустардын, уезд менен болуштуктардын чегараларын кайрадан караштырып чыгып, алардын аймактарын жаңыча бөлүштүрүү менен чектелген.

Ал эми, Россиянын Императорунун Туркстан генерал-губернаторлугун түзүү жөнүндөгү 1867-жылдын 14-июлундагы жарлыгына ылайык Чүй жана Ысык Көл өрөөндөрү чектеш казак урууларынын жерлери менен бирге Семи речье облусун тузгөн. Талас өрөөнү чектеш казак урууларынын жерлери менен бирге, жана азыркы Өзбекстандын бир бөлүгүн кошуп Сыр-Дарья облусуна киришкен. Кыргызстандын Фергана өрөөнүндөгү бөлүгү, азыркы Өзбекстан менен Тажикстандын Ферганадагы аймактары менен Фергана жана Самарканд облустарынын карамагында болушкан.

Падышалык администрациянын өз аймагын уюшгуруу маселесине илимий-уюштуруучулук көз карашта мамиле кылгандыгын адилеттик үчүн белгилей кетүү зарыл. Алар чектелип жаткан аймактардагы улуттук, экономикалык өзгөчөлүктөрдү, Орто Азия элдеринин эзелтен калыптанып калган көп тараптуу улуттар аралык кызматташтык, коңшулаштык мамилелерин эсепке алышкан,

Аталган комиссияга чектөө иштерин аткарууда төмөндөгүдөй эрежелерди жетекчиликке алуусу белгиленген: - аймактын тиешелүүлүгү ошол жерде жашаган элдин ичинде саны боюнча басымдуулук кылган улутгук топко карата аныкталууга тийиш; -экономикалык же соода борбору болгон шаарлардын, калаалардын тиешелүүлүгү алардын таасири таркаган аймактарда жашаган улуттук топко карата аныкталууга тийиш; -чегаралар калыптанып калган суу-чарба тармактарынын бүтүндүгүнө таасир кылбаш керек: чегара сызыгын жүргүзгөндө анын артыкбаш ийри-буйру болушуна **мүмкүн** болушунча жол бербегенге аракет кылуу керек.[4]

Коомдун жогоруда сүрөттөлгөндөй абалы мурунку советтик идеологиянын жоголгон ордуна элди айласыздан диндик идеологияга кайрылууга багыттады. Борбордук Азия элдеринин көпчүлүгү мурунку элдик салттардын, этно-маданий тамырлардын советтик доордо эстен чыгып калышын “коомунизмди курабыз” деген псевдомаксат идеологиясы менен толтуруп турган болсо, эми ал псевдомаксаттын кыйрашынын ордуна келген ваакумду эмне менен толтурууну жан-далбастап издөөгө түшкөн. Дал мына ушунун өзү элдин басымдуу көпчүлүгүн диний ишенимдерге түрттү. Ошондуктан ислам дини алардын глобалдашуу ааламындагы күнүрттүктүн бүлбүлдөп күйгөн жарыгы сымал сезилди. Диндин түпкү маанисин, анын коомдогу ролун толук аңдабай туруп эле көпчүлүк дин таасирине сүңгүп кирди. Так ушул шартта диндин, ал эми борборазиялык, кыргызстандык коомчулукта исламдын саясатташына алып келди.

1993-жылы Кыргызстанда мусулмандардын казыяты катталып, 5 айдан кийин, б.а. 1993-жылдын 17-сентябрында Кыргызстандын мусулмандарынын дин башкармалыгы (ДУМК) түзүлгөн. Анын биринчи башчысы Ливиядагы ислам институтун аяктаган Кыргызстандын мусулмандарынын мурунку казысы Кимсанбай ажы болгон. 1991-жылкы Дин жөнүндөгү

мыйзам 1997-жылдын 19-ноябрындагы редакциясы менен күчүндө болуп, 1996-жылы болсо Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын аттуулдарынын дин эркиндиктери жөнүндө чыгарган Жарлыгы өлкөнүн жашоо чөйрөсүндө диндин ролун бир топ жогорулатты.

Эгер 1991-жылы Кыргызстанда 39 гана мечит болсо, 1997-жылы – 160, ал эми 2000-жылы 857 мечит катталган. Ошондон бир жылдан кийинки эсепте мечиттердин саны 1395ке жеткен[6]. Албетте, аларды курууга мамлекет да жардам бергени менен, басымдуу көпчүлүгү араб өлкөлөрүнөн келген гранттык каржаттардын жана жеке меценаттардын, ошондой эле жергиликтүү ашар жолу менен жыйналган акчалардын эсебинен курулган. Ислам дининин сандык көрсөткүчү ошентип, XXI кылымдын башталышына карата Кыргызстанда сапаттык көрсөткүчкө айлангандыгын далилдеди. Демек, ислам дининин өлкөнүн ички турмушуна, ошонусу менен кыйыр түрдө ички саясатка аралашышын күчөттү.

Дин маселесиндеги либералдык мыйзамдар Кыргызстанды дүйнөдөгү көп диндердин өкүлдөрү бирдей шартта жашап турууга эң ыңгайлуу өлкөгө айландырды. 1995-98-жылдардагы расмий катталган чет элдик миссионерлердин саны эле 900дөн ашуун болгон[5, 55-б.]. Ал эми жашыруун, легалдуу эмес иштеп жаткан ар кандай диндик уюмдар жана секталарды мындай эле койолу. Алардын бир нечеси, мисалы Мунанын чиркөөсү, “Белое братство”, Дианетика борбору сыяктуулар Кыргызстанда диний эмес мекеме катары катталышканы менен, кыргыз коомчулугунун белгилүү бир катмарын өз таасирине киргизип, баш-айлантма саясат жүргүзүп жатышты. Андай уюмдар башка өлкөлөрдө таптакыр киргизилбесе да “либералдуу”, “демократиянын аралчасы” болгон Кыргызстанда алардын ишмердиги тоскоолдукка учураган жок. Зор финансылык каржылоо менен иш жүргүзүшкөн чет өлкөлүк бул уюмдар Кыргызстандагы салттуу ислам жана христиан диндерин белгилүү деңгээлде ыңгайсыз абалга калтырып, бул тенденция кыргыз коомчулугуна терс кесепеттерди алып келди. Салтуу исламга реакциячыл, терроризмге жакын турган жарым-жартылай легалсыз ислам секталары чабуул жасашса, салтуу православие багытындагы христиан динине батыш европалык баптисттер, протестанттар, католиктер атака коюшту. Натыйжада кайсыл бир деңгээлде конфессиялык карама-каршылыктар башталып, өлкөнүн атуулдук биримдигине доо кетти. Мындай көрүнүштөр, албетте, жалпысынан диндин саясатташын өнүктүрдү.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы дин иштери боюнча комиссиясынын маалыматына таянсак 1996-жылдан 2001-жылга чейин өлкөгө миссионердик максат менен 885 чет элдик атуул расмий катталган. Алардын 600 адамы христиан динин, 200үү ислам жана 85и салттуу эмес диний ишенимдерди таратуучу миссионерлер болушкан. Христиан багытындагы жана салттуу эмес диний ишенимдерди тараткан миссионерлер негизинен АКШдан, Түштүк Кореядан, Германиядан жана Индиядан келгендер болгон[1].

Модерндик жаңы багыттагы диний секталардын келишине мисал катары “бахаизмдин” (ал-баха’ыйа, ахмадийа же кадиандар) Кыргызстанга киришине сереп салып көрөлү. “Бахаизм” исламдын шиилер канатынан өсүп чыккан секта. Бахаи жамаатчылыгынын негиздөөчүсү Мирза Хусайн-Али Нури (1817-1892) деген адам болуп, ал дүйнөдө Баха-Улла деген ысым менен белгилүү. 1863-жылы ал өзүн “пайгамбар” деп жарыялаган. Бахаилердин штаб-квартирасы Израилдеги Хайфа шаарында жайгашып, ал Бүткүл дүйнөлүк Адилеттүүлүктүн Үйү деген ат менен дүйнөдө жайылган “бахаизм” жамаатарын башкарат. Бахаилер өз ишенимин жаңы дүйнөлүк модерндик дин деп эсептешет. Кыргызстанга бахаилердин миссионерлери 90-жылдардын башында келишип, 1998-жылдын 28-июнунда Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде биринчи бахаи жамааты катталган. 2000-жылга карата Кыргызстанда 9 бахаи жамаатчылыгы катталып, алардын кеңселери Бишкекте, Кара-Балтада, Таласта, Караколдо, Балыкчыда, Ошто, Кызыл-Кыяда, Малы-Сууда жана Кочкордо жайгашкан. Бахаилердин жалпы саны Кыргызстандын 41 элдүү пунктунда жашаган 2200 адамды түзөт[2, 173-182-бб.]. Кыргызстанда бахаилердин идеясы көбүнчө интеллигенттердин арасында тез жайылган. Өлкөдөгү бахаилердин 90 пайызы дээрлик жогорку билимдүүлөр. Улуттук курамы ар улуттан болгону менен, басымдуу көпчүлүгүн кыргыздар түзөт. Алардын арасында чыгармачылык менен кесиптенгендер, жаштар арбын [3, 119-б.].

Мамлекеттин динге болгон мамилеси саясий мазмунда болоору белгилүү. Анткени, мамлекет бул саясий орган, уюм. Мамлекеттеги эркиндиктердин, демократиянын эволюциясы динге болгон мамиленин эволюциясын алып келет. 1991-2000-жылдардагы Кыргыз мамлкеттүүлүгүнүн эволюциясы улам демократташкан сайын, динге болгон мамиле да

демократташа берди. Бирок, качан гана өлкөдөгү конфессиялардын (ар түрлүү диндердин жана диний ишенимдердин) өнүгүүсүндөгү багыттар карама-каршылыкка учурай баштаганда мамлекеттеги дин саясаты дифференциялана баштады. Демек, өлкөнүн коопсуздугуна коркунуч келтирүүчү диндерге жана секталарга башкача, ал эми салттуу диндерге башкача мамиле түзүлдү. Бул Кыргызстандын эгемендик мезгилдеги өнүгүүсүндө айкын көрүнүп турат. Ошол эле учурда динге болгон мамиле өлкөнүн элитасынын күрөшүндө да чагылып, мисалы акаевдик режимдин тушунда түндүк-түштүк ажырымы эки региондун элинин диний деңгээлине жараша чагылдырылып, түштүк кландарынын ишмердиги мисалы, реакциялуураак опоозицилык маанайда кабыл алынгандыгы буга далил.

Чынында, постсоветтик өлкөлөрдөгү мына ушуга окшогон тенденцияны Ислам радикалдары да, Батыштык секталар да колдонуша алышты. Мисалы, терроризмге жакын уюмдардын ишмердиги түштүктө, ал эми Батыштык жана жаңы модерндик секталардын активдүүлүгү түндүктө көп байкалды.

Формалдуу түрдө бардык борборазиялык республикалар өзүлөрүн светтик өлкө катары эсептешкени менен, чын-чынына келгенде диндин мамлкеттик саясаттагы ролу аябагандай зор болуп жаткандыгы байкалат[6]. Ар бир ири социалдык-экономикалык болобу, саясий болобу, руханий-идеологиялык болобу, атүгүл маданий-агартуучулук иштерде дайыма диндин таасир байкалууда. Буга мисалдар арбын.

Эми Ислам дини менен мамлекеттик саясаттын алакасына сереп салып көрөлү. Кыргызстандын 1991-2000-жылдардагы өнүгүүсүндө “исламдын идеологиялык мейкиндигин түзүү” иши ыкчамдап жаткандыгын көрүүгө болот. Анткени, глобалдык өнүгүүдө Кыргызстан Алдыңкы Чыгыш мусулман өлкөлөрү менен алака кылууга мажбур. Ошондуктан ислам ааламындагы ар бир процесс Кыргызстанга да таасир эте берүүсү айдан ачык.

Кыргызстандагы исламды биз эки түрдө кабыл алышыбыз зарыл. Биринчиси бул салтуу, расмий ислам. Анын жанында эгемендик доордо тыштан кирип, активдешкен саясий же сектанттык ислам. Салттуу ислам чынында консервативдүү жоболор менен иштеп келет, кайсыл бир деңгээлде тез өнүгүп жана өзгөрүлүп жаткан глобалдуу дүйнөдө кризиске учурагандай абалды көрсөтүп турат. Бирок, али өзүнүн коомдогу таасирин жоготкон жок. Азыркы цивилизациянын жетикшендиктерин эске алуу менен канондорун кайра карап чыкса, салттуу исламдын Кыргызстандагы мааниси чечүүчү бойдон кала берери бышык. Бирок, ваххабиттик же салафиттик жамааттарды, Хизб ут-Тахрир партиясын, Ахмадия, Нуржилер, Сулеймания жана башка секталарды камтыган салттуу эмес диний күчтөр, расмий мамлекеттик бийликтин, салтуу диндин ар бир кемчиликтерин же ышкоолугун пайдалануу аркылуу улам жаңы ийгиликтерге жетишүүнү көздөп жатышат.

Диндин мамлекеттик саясатка таасири жана анын аралашышы маселеси менен “Исламдык саясий кыймылдарды” айра билүү керек. “Ислам саясий кыймылы” деп Ислам дининин тонунун ичинде туруп, бирок саясий максатты көздөгөн уюмдашкан партиянын же топтун пландуу, максаттуу аракетин айтабыз. Андай уюмдун программасы жана идеологиясы бар жана алар көбүнчө тигил же бул өлкөдө ишин жашыруун же жарым легалдуу абалда жүргүзүшөт. Кыргызстандын мисалында “исламдык саясий кыймылдын” көрүнүшү катары тыштан кирген «Ахль сунна валь джамаөа ас-салафия» (ваххабизм) жана Хизб ут-Тахрир партиясынын аракеттерин белгилей алабыз. Эгер радикалдык ваххабизмдин жактоочулары легалдуу исламдык саясий партиялар менен алакасы жок, тигил же бул өлкөдө жашыруун иштешсе, Хизб ут-Тахрир партиясы эки түрдүү иш алып барат. Алар биринчиден, диний үгүт жүргүзүп, саясий-укуктук «фатвдын» эрежелерин жайылтып, тигил же бул мамлекеттин конституциялык эрежелерин жокко чыгарууну көздөйт, экинчиден, жаңыдан мусулманчылыкты алып келе жаткан жаштар менен “даваатчылыктарды” уюштуруп, өз партиясына улам жаңы күчтөрдү тартууга аракет кылат.

Жогоруда айтылган кыймылдардын Кыргызстанга кириши биздин оюбузча төрт этаптан турат. 1) Өлкөгө кирүү жана чет элдик борборлору менен байланыш түзүү. Бул этап өтө тез болду. 1991-93-жылдарда эле ал этаптын жыйынтыгы даана көрүнүп калды; 2) Адаптация жана трансформация этабы. Бул 1993-95-жылдарда ишке ашты. 3) Активдешүү. Максаттарын так коюп, аны ишке ашыруу. Приоритеттик багыттарды так аныктап, эффективдүү иш жүргүзүү. Бул мезгил азыр да улануууда. 4) Экспансиялык (глобалдуу) этап. Өз идеологиясын топтук деңгээлден регионалдык деңгээлге көтөрүү жана андан ары трансулуттук аренага чыгаруу. Түпкү максат бүткүл дүйнөлүк ислам радикалдык (террористтик) күрөшчүлөрдүн

катарына өтүү. Бул этап келечектин иши.

Радикалдуу ваххабиттик жамаат менен Хизбут Тахрир партиясынын Борбордук Азиядагы ишмердиги, чынында азыркы Өзбекстандын саясий режими менен күрөшүү болуп, алар Кыргызстандын өзбек калкы арбын жашаган түштүк регионун камтыган эле. Бирок, Борбор Азиялык республикалардын биргелешкен аракеттеринин натыйжасында ал тар максат ишке ашкан жок. Өзбекстандын бийликтеринин кескин аракеттеринин натыйжасында радикалдуу ваххабиттик жамааттын иши солгундап[10], эми алар башка түскө өтүштү жана Хизб ут-Тахрир идеологиясын колдой башташты. Ошондуктан 90-жылдардын аяк ченинде аталган уюмдардын аракеттери кеңири кыртышка жайылып, Кыргызстандын түндүгүндө да бир топ активдеше алышты. Демек, Хизб ут-Тахрир партиясынын идеологиясы Кыргызстандын мусулман коомчулугунда 1998-2000-жылдарда бир кыйла бекип, алдына перспективалык ири максат коюуга өтүштү. Башкача айтканда трансулуттук долбоор боюнча келечекте түзүлүүчү Ислам халифатынын түзүү планына Кыргызстанды да киргизе башташты[9].

Жогорку фактыларды айтуу менен биз Кыргызстандын эгемендик мезгилиндеги салттуу диндердин, анын ичинде ислам дининин, модерндик же сектанттык диний ишенимдердин, анын ичинде радикалдуу ваххабиттер менен Хизб ут Тахрир партиясынын мамлекеттик саясат менен болгон алакасын берүүгө аракеттендик. Изилдөөгө алынган маалыматтар Кыргыз Республикасынын дин саясатында Конституцияда диндин мамлекеттен ажыратылгандыгына таянып, кайдыгерлик мамиле жасоо улуттук коопсуздукка залалын тийгизиши мүмкүн экендигин баамдоо менен өзүнүн өлкөдөгү диндик конфессияларга, айрыкча анын радикалдуу бөлүгүнө улут кызыкчылыгын приоритеттү койгон концепциялык негизде иш алып баруусу зарыл деп ойлойбуз.

Адабияттар

1. Государственная комиссия при Правительстве КР по делам религий. //Справочник. - Бишкек, 2001.-3-б.
2. *Дюшенбиев С.У.* Исламские секты в Кыргызстане // Исламские ценности Центральной Азии: толерантность и гуманизм. Историко-философские аспекты. //Материалы Международной научной конференции. – Ташкент., 2008. – С. 173-182.
3. *Дюшенбиев С.У.* Ислам в современном Кыргызстане: состояние и проблемы.// Центральная Азия и культура мира. № 1-2.,Бишкек.- 2002.-119-б.
4. *Ермакова А.* Ислам как политическая система //"Международный евразийский институт" сайты. 2006-ж.14-сентябрында жайгаштырылган. Караңыз: http://www.iicas.org/page.php?c=publrus&id=139
5. *Жоробекова Э.* Возможен ли религиозный ренесанс в республиках ЦА. // Центральная Азия и культура мира. Бишкек, 2002, №№ 1-2. 55-б.
6. *Каниметов Э.* Политизация ислама в Киргизии. Есть ли альтернатива?// http://www.centrasia.ru/newsA.php?st=1143698640
7. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. –Б.,2010.
8. *Каниметов Э.* Политизация ислама в Киргизии. Есть ли альтернатива?// http://www.centrasia.ru/ newsA.php?st=1143698640
9. *Маликов К.* Современное состояние исламского политического движения в Кыргызстане// http://www.easttime.ru/ca-news. *21/01/2008*
10. *Юлдашева Г.* Узбекистан: особенности и перспективы развития ислама в контексте глобальных в нем изменений// Центральная Азия и Кавказ: аналитические материалы, текущие события. Бюллетень № 4 (22) // Под ред. Эсенова Мурада. – 2002.

УДК:950

Бообек уулу Болот КУУнун тарых жана чөлкөм тануу факультетини магистри

Кыргыздардын ат жабдыктарын жасалгалоо, жана ага айтылган ишенимдер

Кыргыз эли кылымдардан бери тоодо жашап келишкен. Атсыз тоолуктардын жашоосу жок. Элдик атам-замандан бери келе жаткан оюн – зоогу, ат чабышы да, кыргыз канын дүркүрөткөн көк бөрү, аң уулап, бүркүт салмай болмок эмес. Ошондуктан кыргыз элинде жүгөн куюшкандан тартып, ээр токумга чейин күмүш чегелеп, ат жабдыкты аябай жасалгалоо,

бекеринен эмес. Элде «ат адамдын канаты», «ат, аттан кийин жат» - деп айтылат.

Бул кылым каарыткан макалдын мааниси бардык жашоосу ат менен өткөн кыргыз элинде зор болгон. Атын таптап, ат жабдыктарын шайма – шай алып жүрбөгөн эр адамдын кадыры болбогон. Андай адамдарды «Куу токум», «Жип куюшкан», «Жип олоң» - деп шылдындашкан[1].

Ошондуктан, ат жабдыктардын мааниси өтө кадырланып, кызга сеп катары берилчү. Мындай учурда кыз барктуу болгон. Ал эми жакшы ат сымпоочтолгон эр токум болуп жабуудагы оюу – чийүүлөр, чоң-чоң чачылалар ал аттын ээсине көз тийүүдөн сактайт деген.

Ат жабдыктарын жасоодо усталар метал менен иштөөнүн, оюнун сүрөт салуунун ар кандай ыкмаларын кеңири колдонуу менен бирге, өтө чеберчиликте түрлүү формага сала билишчү, ошондон улам үзөнгү, басмайылдын тогосу, камчы көз кайыган кооз жасалгага айланчуу[2].

Элибизде ат жабдыктарынын түрлөрү экиге бөлүнүп, кыз - келиндердин ат жабдыктары жана эр азаматтардын ат жабдыктары болгон. Кыз – келиндердин ат жабдыктары негизинен күмүш менен шөкөөттөлүп элдик оюм – чийимдер түшүрүлүп, өтө көркөмдөлүп жасалган. Эр – азаматтардын ат жабдыктары уруунуга бышык келип, атка жеңил, узак жол жүргөндө адамга тынч болуп, көркөмдөлүп жасалган.

Ат жабдыктарын жасоодо усталар жергиликтүү материалдарды колдонушкан. Ээр чабууда карагай, тал, терек, кайындар керектелсе, Ээрди каптоодо төөнүн, уйдун терилери иштетилген. Ал эми камчыга жапайы эчкинин, аркар кулжанын терилери көк катары пайдаланылып, сабына эликтин буту, табылгы, ыргайлар тандалып алынган.

Жүгөн, куюшкан, көмөлдүрүк, нокто, басмайыл, тизгин, канжыга, чап олоң, үзөнгү, боо сыяктуу бөлүктөрүнө кайышты уйдун терисин иштетип, кайыш кылуу менен алышкан. Ат жабдыктарынын метал менен иштетүүчү бөлүктөрүнө жез, күмүш, темирди пайдаланышкан[3].

Демек, нечен кылымдардан бери бийик тоолу шартта өз мекенин бирөөгө тебелетпей, айыгышкан душмандар менен болгон сагушта «ат жалына казан аскан» кыргыз жоокерине ат жана ат жабдыктарынын мааниси зор болгон. Ошондуктан элибизде “Найза саймак эрдиктен, ат жоорутмак тердиктен” – деп айтышкан.

Ат жабдыктарынын мааниси жана аткарган кызматы революциядан кийинки кыргыз элинин отурукташкан турмушунда деле өз маанисин жоготкон жок. Толу жерде мал бакан малчылар, техника жетпеген тоолу жерде мал багууда, аттын жана ат жабдыктарынын мааниси жогорулабаса кемиген жок. Ал учурда тери заводдордо иштетилген кайыштардан массалык түрдө орус элинин үлгүсүндөгү ээр жана жөнөкөй ат жабдыктары жасалып пайдаланылчу. Бул ат жабдыктары урунууга ыңгайсыз келип көркөмдүгү да талапка жооп берчү эмес.

Бул ат жабдыктарынын бир гана жасалгалоо ыкмасына көңүл бурбастан, алардын урунуу маданиятын, ага айтылган ырым – жырым, ишеним жөрөлгөлөрүн аткарышкан.

Камчы – ат жабдыктарынын негизги бөлүктөрүнө кирет, ошондуктан камчы жөнүндө элибизде көп макал – лакаптар, накыл сөздөр айтылат. Камчы ар бир атка минген адамга керек болгондуктан бул жөнүндө анын жасалыш ыкмаларынан мурун аны урунуунун жана ал жөнүндөгү тарбиялык мааниси бар макал – лакаптардын чыгышына токтололу.

Элдик каада - салттарга ылайык камчыны ат минбей алып жүрүү учурунда бүктөй кармап жүргөн же болбосо, куруна бүктөп кыстарып алган. Камчыны сүйрөп, бүлдүргөсүнөн илип жөө жүрүү адепсиздикке жаткан. Мындай учур душман адам урушуп жатканды элестеткен.Эр жигиттин ар бир кыймыл арекетинде камчыны алып жүрүү адеби көп түшүнүктү билдирген. Камчыны төшүнө уруп жүгүнсө, анда ал таазим кылып жаткан учуру.Ал эми колтугуна кыстарып үйгө кирсе, анда анын убактысы тар экенин түшүнүшкөн. Элибизде айтылып жүргөн «камчыны сүйрөп чыга берди» деген сөз, аялы менен ажырашып, үйүнөн эч оокат албай минген аты менен камчысын сүйрөп чыга берген эр адамга карата айтылгандыгын көрүүгө болот. Ал эми ээрдин кашына камчысын илип коюп, атын каңтарып байлап койгону бир күн жатып конок болуп кетем дегенди билдирген.

Жоокерчилик учурда ата – бабаларыбыз жоодон түшкөн олжо буюумдарды, кыз – келиндерди бөлүүдө чыр болбос үчүн жеңгендердин камчыларын тиздирип коюп, олжолорду калыстап, камчылардын жанына бөлүштүргөн. Анан олжого түшкөн кыз – келиндерди бирден камчыны тандап алууну буюрушкан. Кыз – келиндер тандап алган камчынын ээси, анын ээси же эри болуп калган. «Кызыл камчы», «Камчы кайраттуу болсо, катын уяттуу болот», «Камчыга ченеп бөлүү» - деген жана «Жаманга эш тартканча, камчы менен беш тарт», «Катын өлсө камчы

сап, кайра төшөк жаңырат», «Бүлүнгөндөн бүлдүргө алба», «Камчы саптык уулуң барбы?» деген макал – лакаптар кыргыз элинде көп айтылат.

Бүтпөгөн доо, же ушул адамдын жумушун бүтүрүп кой деген өтүнүчтөрүн ошол адамдан, атактуу, батыр адамдар камчысын берип жиберишкен. Мындай учурда ал адам аткарбаса, «Ушул камчы башыңа ойнойт» - деген, бийликтин символун да билдирген. Камчыны боз үйгө киргенде эр тарабынан үчүнчү баштан өйдө бүктөй илген. Мындан башкача илүү адепсиздикке жаткан, душмандыкка, болбой эле калганда эрөөн учураган[4].

Камчы сыйдалыгына жараша кыз – келиндердин камчысы жана эр – жигиттердин камчысы болуп экиге бөлүнөт. Мындан сырткары ыргай сап болуп урунулушуна карай бөлүнө берет. Камчынын сабы негизинен табылгыдан жасалат. Камчы сап кыйууга бара жаткан адам жолдон башка адамга учураса, ага да кыя келүүсү шарт. Бул салт жөнүндө төмөндөгүдөй сөздүрдүн айтылышы салт болгон.

- Ассалоому алейкум!
- Алейкум ассалом!
- Кайда бара жатасын?
- Камчы сап кыйганы
- Мага да кыя кел, жок болсо жообун айт.

Бул диалогдо айтылган беш сүйлөм, камчы сапты кескенде ар бири бир тутамдан болуп, беш чоң кишинин тутамына ченелип кесилет.

Ал эми куюшкан ат жабдыктарынын ичинен негизги бөлүгү болуп эсептелет. Жоокерчилик заманда чабуулда чабандестин оюндарында, көк бөрү, эр сайыш, эр эңиш сыяктуу ат токулгасы айрыкча куюшкан бекем болбосо көп жерден мүргүп калышкан. Элдик каада салт боюнча, куюшкан салынбаган ат минип, аттан жыгылгандарга жаназа окубай койгон учурлар да болгондугу айтылат.

Ушул сыяктуу жылкыга болгон культтук, тотемдик ишенимдер жана ат жабдыктарына болгон ырым – жырым, айтымдар кыргыз элинде арбын кездешет.

Көчмөн маданияттын кийинки муундарга калтырган мурасын, улуттук баалуулуктардын маанисин тереңдеп билүү менен, анын ачылбай жаткан сырларын илимий жактан далилдөө учурдун зарылчылыгы бойдон калууда.

Адабияттар

1. Акматалиев А. Колдонмо жасалга өнөрү. Ф., 1989.
2. Акматалиев А. Көркөм кол өнөрчүлүк. Ф., 1984.
3. Кыргыздардын ат жабдыктарына болгон элдик ишеним айтымдарды Кочкор районунун Кара-Суу айылынын жергиликтүү устасы Самудинов Бообек агайдын айтымы боюнча.
4. Антипина К.И. Особенности материальной культуры и прикладного искусство южных кыргызов. Ф., 1962.

УДК:400:552

Глазова Н.П., Аюпов Т.М., Кенжебаева Т.П.

Аспект культа коня в интерпретации исследователей петроглифов

В статье идет речь о том, что конь играл огромный роль в жизни людей как в военных походах, так и в религиозных обрядах. Об этом свидетельствуют пиктографии петроглифов, изображенные на поверхности скал, на потолках и стенах пещер и на отдельных камнях Средней и Центральной Азии.

The speech goes In this article about that that horse played the enormous role in lifes of the people both in military march, and in religious rite. About this witness the pictographies an petrogliefs, expressed on surfaces of the s, on ceiling and wall of the caves and on separate stone Average and Central Asia.

Среди петроглифов Саймалы-Таша – древнего святилища Ферганской долины – значительное место занимают петроглифы зооморфов, представленных конем. Конь издревле считается символом силы, быстроты, неутомимости, бесстрашия. А в период воинских событий

конь – это знак войны и победы полководца, демонстрирующий власть над войском. Въехать в город на белом коне может только победитель. Военачальники-победители, руководящие битвой, обычно изображались верхом на коне. В мифологической интерпретации триумфальные колесницы с героическими персонажами также везут кони. А.К. Акишев отмечает, что конь относился, прежде всего «к богам солярного цикла, семантически связанным с космогонией».

Образцы коня у скандинавов связаны со сменой суток: «конь-ночь» мчится впереди с темной гривой, а за ним скачет «конь-утро», чья пена покрывает землю росой. Замыкает эти скачки «конь-день» со светлой гривой, озаряющей землю и воздух.

Конь может быть знаком солнца, огня и света (например, огненные кони Гелиоса). Легенды приписывают коню свойства, присущие бессознательному в человеке, что наглядно выражается образом кентавра: туловище человека – его сознание, а круп и ноги лошади – бессознательное.

В эпоху средневековья у тюркоязычных племен Центральной Азии домашней лошади принадлежала огромная роль. Это обусловлено кочевым типом хозяйства, в котором в скотоводстве преобладало коневодство и овцеводство.

Какова же роль коня в религиозных воззрениях этих племен? Чаще всего исследователи определяют ее рамками так называемого «культа коня» [1]. Но как считает С. П. Нестеров, автор работы «Конь в культах тюркоязычных племен Центральной Азии в эпоху средневековья» истинная роль коня и религиозное представление, именуемое «культом коня», - понятия неидентичные.

Что понимается под термином «религиозный культ»? С.П. Нестеров, ссылаясь на источник «Философская энциклопедия», пишет: «В советской философской и религиоведческой литературе под религиозным культом подразумевается «религиозное почитание каких-либо предметов или сверхъестественных существ; обрядовая сторона религии». При этом различают культ в широком и узком смысле. Говоря о культе в узком смысле, имеют в виду «только те религиозные обряды, которые связаны с верой в высшие, сверхъестественные существа и направлены на их умилостивление». В понятие культа в широком смысле «включаются все виды действий, связанные с религиозно-магическими представлениями: всевозможные обряды, жертвоприношения, молитвы, богослужения, таинства, мистерии и относящиеся сюда предметы» [2]. Автор труда «Введение в религиоведение Д.М. Уринович» определяет «культ» как сферу «повседневной религиозной жизни». И.Н. Яблоков предлагает раскрытие культа в следующей дефиниции: «Культ – это вид религиозной деятельности», включающий ряд элементов: 1) содержание деятельности; 2) объект деятельности; 3) субъект деятельности; 4) средства деятельности; 5) способ использования средств; 6) результат деятельности». Исходя из этого, исследователи предполагают, что культовая деятельность или культ определяется объектом, являющимся в религиозных представлениях, как правило, сверхъестественным существом или обладающим сверхъестественными свойствами. Если подразумевать, что конь – объект культа, то с «культом коня» можно связывать тотемические понятия; у индоиранских народов бытует представление о коне как образе Вселенной, а затем понятие об инкарнации богов солярного цикла в коня, в образе которого они и почитались [3]. С.П. Нестеров считает, что нельзя говорить о культе коня, если конь не является объектом культа.

Т.В. Гамкрелидзе и Вяч. Вс. Иванов употребляют термины «ритуальная роль», «культовая роль», содержание которых связано с жертвоприношением коня. Но с течением времени формы сопогребения коней с человеком изменялись. Сначала использовался полный труп для погребения, затем только часть его, далее полагались в могилу только удила, стремена, части седла или только изображение лошади. Поэтому исследователь Д.Н. Анучин считает коня погребельным инвентарем, а изменение формы сопогребения – шагами к падению обычая.

По мнению Л.П. Потапова, культ коня в религиозных верованиях тюркоязычных народов «обычно выступает в двух основных формах: в виде жертвоприношения с умерщвлением животного, с последующим ритуальным поеданием мяса и вывешиванием шкуры на жертвеннике, и в виде посвящения коня тому или иному божеству, при котором конь оставался живым в табуне своего хозяина, но был отмечен знаком, и по отношению к нему соблюдался ряд обрядов, обычаев, ритуальных запретов [4].

У центрально-азиатских племен было особое отношение человека к лошади, так как порожденные лошади в резкоконтинентальном климате (с жарким засушливым летом и холодной зимой) были крепкие животные, стойкие к неблагоприятным факторам внешней среды.

Определенные породы были рациональными в разнородном использовании: мясо, молоко, рабочая производительность. Примечательно, что при круглогодичном табунном содержании лошади были в полудиком состоянии. Кочевникам приходилось укрощать таких животных.

Верховые лошади в Центральную Азию поставлялись из Средней Азии, где было два центра разведения породистых лошадей: в Давани (Фергана) и в древнем Хуттале, входившем в состав Бактрии. Для кочевника-скотовода лошадь была основным транспортным средством. Своим верховым коням кочевники давали имена, которые отражали ту или иную черту скакуна: характер, темперамент, масть. Имя лошади свидетельствовало об отношении к ней ее хозяина, для которого данный конь был не только совершенным орудием труда, но и добрым товарищем, делящим с ним трудные будни кочевой жизни, что отражалось в эпических сказаниях.

Древнейшая эмблема человечества, изображенная на стенах пещер, распространяется от Заполярья до пустыни Гоби и Аравийского полуострова на протяжении 40-10 тыс. лет до н.э. Такое колоссальное значение коня в символике и эмблематике объясняется огромным военным и транспортным его значением вплоть до середины Х1Х в.

В геральдике никогда не употребляется слово «лошадь», а только «конь». Он всегда должен быть в сбруе или под седлом. В западно-европейской геральдике считалось, что конь сочетает лучшие свойства нескольких животных: храбрость льва, острое зрение орла, силу буйства, быстроту оленя и ловкость лисы.

На скалах Минусинской котловины в Оглахтах имеется изданное впервые Савенковым изображение лошади, датируемое тагарским временем. На крупе лошади вырезаны солярные знаки в виде колеса со спицами внутри. Отсюда из представления о связи коня и солнца–неба идет и известный миф о небесных лошадях Средней Азии, зафиксированный в письменных источниках ханьского, суйского и танского времени [5,6].

Н.Л. Членова и А.П. Окладников приводят следующую информацию: «В археологическом материале свидетельством культа солнца и лошади в скифское время служат изображения лошади вместе с кругом – солнечным диском. Такое изображение происходит из Минусинского края: конь с длинным хвостом, типично лошадиным, стоит на диске. Ближайшей, аналогичной ему, служит фигура коня на диске из окрестностей Томска, которую М.Г. Худяков связывал с солнечным культом и культом коня у народов Прикамья».

Такие понятия о культе коня и предопределили особую ритуальную роль животного, и в первую очередь в погребальном обряде. Исследователь Дьяконова В.П. считает, что в древних религиозных обрядах погребальный цикл делится на три этапа: «первый – это обычаи и обряды, соблюдавшиеся с момента смерти до погребения умершего, связанные, главным образом, с периодом нахождения умершего в юрте, включительно до его выноса к месту погребения»; второй – «обычаи и обряды, выполняемые по пути к месту погребения, при самих похоронах и во время возвращения участников похорон домой»; третий – «это обычаи и обряды, соблюдаемые после похорон до того времени, пока умерший переселяется в загробный мир» [7]. И в этом случае конь или лошадь является частью погребального инвентаря. И только. Она еще является жертвенным животным к тому же служит транспортным средством для доставки умершего к месту сожжения. Кроме этого, конина была в качестве заупокойной пищи, которую клали в могилу. А для живых она служила пищей на тризне. Шаманисты по-разному реализовали назначение и роль коня в загробном мире. Одни умерщвляли коня и препарировали его в загробный мир. Некоторые исследователи, Э.А. Новгородова, М.В. Горелкина и другие предполагают, что лошадей запрягали в погребальные повозки или сани, хотя средневековые петроглифы не дают изображений запряженных в повозки лошадей. Кони всегда верховые. Могли транспортировать умершего к месту погребения сидячим в седле или перекинутым через него. При этом коня убивают, помещают в могилу, считая, что на том свете он примет прежний вид и будет служить своему хозяину. Погребение человека с конем – это можно считать классическим вариантом. Археологи наблюдают погребение коня с вещами человека; погребение взнузданных коней. Исходя из анализов средневековых погребений, проведенных исследователями племен Центральной Азии, можно считать доказанным, что лошади, которая была транспортным средством, при смерти хозяина отводилась роль охранного животного, которое не допускало пути назад из загробного мира. Ее умерщвляли, а затем погребали с умершим целой тушей, позднее только шкуру или только сбрую. «Реконструкция роли лошади в погребальном обряде еще раз подтверждает, что участие коня в погребальной церемонии соответствовало его хозяйственному значению для кочевника-скотовода, по представлениям которого «загробная жизнь есть продолжение

настоящей» [8]. Следует заметить, что лошадь могла быть заменена бараном, верблюдом. У тувинцев «с покойным клали лошадь, или сарлыка или овцу, а в могилу богатого погребали одновременно лошадь, сарлыка и барана, причем выбирали именно тех, которых покойный особенно любил» [9]. У средневековых тюркоязычных племен обряд погребения с конем соотносился с твердо устоявшимися обычаями и традициями, уходящими корнями в более древние эпохи. Это и предопределяло наличие разных подходов в отправлении данного обряда.

Другой момент – жертвоприношение коня в системе религиозных культов. Из всех элементов культа жертвоприношение больше всего понятно, так как в жизни средневекового человека жертвоприношение играло значительную роль. Смысл жертвоприношения заключается в том, что человек как бы компенсирует божество, (например небо) за предоставленные ему блага. Небо по представлениям тюрков – то начало, которое дарует жизнь и несет смерть [10].

Письменные и археологические источники свидетельствуют о том, что лошадь была одним из жертвенных животных. Однако следует иметь в виду, что лошадь была лишь продуктом ритуального обмена. В силу этого С.П. Нестеров утверждает, что «жертвоприношение коня кому-либо, под которым чаще и подразумевается культ коня, культом на самом деле не является» [3]. Оно, как и любое жертвоприношение,- лишь составная часть его. Кони, на которых ездили божества, почитались лишь в силу его принадлежности к этому божеству, а не как культовый объект. С.П. Нестеров убедительно доказывает отсутствие у тюркоязычных племен культа коня.

У разных народов существовали свои ритуалы убийства коня и принесения его в жертву. У римлян – это обряд октябрьского коня, у индусов – «ат ва мед ха». У славян тоже был подобный ритуал. Однако боевой конь славян – это скорее боевой товарищ витязя. Его волшебный помощник. Он указывал герою на суженую или невесту, предупреждал его о каких-то препятствиях или помогал преодолевать их, мог оказывать другие услуги своему хозяину. Следы конских копыт в древности нередко были знаками, дарующими благодать.

Литература

1. Кузьмина Е.Е. Распространение коневодства и культа коня у ираноязычных племен Средней Азии и других народов старого света. //Средняя Азия в древности и средневековье. - М.: Наука, 1977.- с.28-52.
2. Д.М. Уринович. Введение в религиоведение. -М.: Мысль, 1985, - с.256.
3. Нестеров С.П. Конь в культах тюркоязычных племен Центральной Азии в эпоху средневековья. Новосибирск: Наука, 1990,- с.9; -91.
4. Потапов Л.П. Алтае-Саянские этнографические параллели… с. 52; Конь в верованиях и эпосе Саяно-Алтая //Фольклор и этнография: связи фольклора с древними представлениями и обрядами.- Л.:Наука,1977,-с. 166.
5. И.Т. Савенков. О древних памятниках изобразительного искусства на Енисее. Труды 8-го археологического съезда. М., 1990.
6. А.П. Окладников, В. П. Запорожская. Петроглифы Забайкалья. Л.: Наука, 1990, -с.110.
7. Дьяконова В.П. Погребальный обряд тувинцев как историко-этнографический источник. – Л.: Наука, 1975,- с.6.
8. Катанов Н.Ф. О погребальных обрядах у тюркских племен с древнейших времен до наших дней // Известия ОАИЛ.-т.12, вып. 2,- с. 110.
9. Потапов Л.П. Материалы по этнографии тувинцев районов Монгун-тайги и Кара-Хола //ТТКАЭЭ: 1957-1958 гг; Л.,1960, т. 1: Материалы по археологии и этнографии Западной Тувы, – с. 233.
10. Потапов Л.П. Древнетюркские черты почитания ненба у саяно-алтайских народов //Этнография народов Алтая и Западной Сибири.- Новосибирск: Наука,1978.-с. 50-64.

УДК: 930.1(09)

Ж. Дуйшеев, ЖАГУ

Инсантаануу тарыхнаамесинен

Историография исторических личностей является основным направлением проблематики Отечественной истории. Советская методология изучения исторической науки, признавая двигателем

истории массы, и классы, не позволила изучить социально-политическую деятельность отдельных личностей. В статье рассматриваются проблемы изучения исторических личностей в Отечественной истории.

Инсантаануу – Ата мекен тарыхындагы маанилүү маселелерден экени талашсыз. Тарыхты изилдөөнүн советтик усулиятынын багытына ылайык, жеке инсанга караганда эл массасынын өтмүштөгү жана коомдогу ролу жогору коюлуп, ошондон улам инсанга кайрылуу ишине көңүл бурулбай калган. Макалада ушул маселенин күңгөй-тескейи иликтөөгө алынат.

Кыргызстанда тарых илими советтик мезгилде калыптанып өнүккөнү менен заман талабына ылайык айрым маселелерди толук жана ар тараптуу изилдөөгө мүмкүнчүлүк болбогон шартта өр алды. Ошондой тарыхый проблемалардын орчундуусу – инсантаануу маселеси. Окумуштуулар В.В. Бартольддун [1], Б.Д. Жамгырчиновдун [2], С.М. Абрамзондун [3], Н.А. Аристовдун [4], А.Н.Бернштамдын [5] эмгектеринде тарыхый инсандардын ишмердүүлүктөрүнүн түрдүү жагдайларына саресеп салган иликтөөлөр айрым бейнелерди дааналанта баштаган. Бирок, И.В. Сталиндин: “Тарыхый илим – эгерде чыныгы илим болгусу келсе, мындан ары коомдук өнүгүүнүн тарыхы – падышалардын жана полководецтердин аракеттери менен, мамлекеттердин, “басып алуучулардын” жана “багынтуучулардын” аракеттери менен чектелбестен, баарынан мурда, материалдык байлыктарды өндүрүүчүлөрдүн тарыхын, эмгекчи массалардын тарыхын үйрөнүүгө тийиш” деген көрсөтмөсү коомдук илимдер тарабынан жетекчиликке алынган[6].

Бөрк ордуна баш алган Советтик Кыргызстандын жетекчилери тарабынан адис тарыхчыларга партиялык көрсөтмө берүү жараяны, асыресе, 1972-жылы А. Яковлевдин “Литературная газетага” чыккан “Антиисторизмге каршы” аттуу чуулгандуу макаласы зор түрткү берди[7]. СССРди даңазалап, анын 50 жылдыгын утурлаган бул көлөмдүү макалада жергиликтүү элдин тарыхына, алардын белгилүү инсандарынын саясий ишмердигине кайрылуу аларды идеялизациялоого жол ачары белгиленип, “идеялизациялоонун мотиви катары кыргыз мамлекетинин тарыхы жөнүндө кээ бир жарыялоолордон байкалган” экен[8]. Анткени борбордук тарыхчынын пикиринде “улуттардын тарыхында падышалар менен хандардын өмүр баяндары адеп-ахлактык үлгү болбостон, күрөшчүлөрдүн революциячыл эрдиктери гана үлгү боло алат”[9] экен.

Ата мекендик тарых илиминдеги өксүктөрдү сыдыра карап, академик А.Ч. Какеев мындай деп жазган: “Эгерде Кыргызстандын Россия империясынын курамында турган мезгилин советтик жылдарда чагылдыруунун тарыхына кайрылсак, анда эң негизги кемчилиги ошол мезгилди чагылдыруу абстрактуу, обочолонгон мүнөзгө ээ болгонун, тарыхый персонаждар жана тарыхты кыймылдатуучу инсандар атайлап жаап-жашырылганын, тарыхый контексттен алынып салынганын байкоо кыйын эмес. Тарыхый персонаждар арткы планга сүрүлүп, тарыхый контекстке инсанды сыйдыруу аракети өткөндү идеялизациялоо катары баалланган, ал эми авторлорго таптык мамиледен четтеген деген күнөө коюлган”[10]. Ата мекен тарыхындагы мындай абал кайра куруунун желаргысы сого баштаган кезде деле токтободу. Маселен, академик В.В. Бартольддун “Улуу кыргыз дөөлөтү” тууралуу жазганын республикадагы орус тилдүү белгилүү гезит: “Бул тезисти эрктүү же эрксиз пропагандалоо, биринчиден, тарыхый чындыкка дал келбейт, экинчиден, кыргыз элинин социалисттик жеңиштеринин баркын кетирет... патриоттук сыймыктануу духунда тарбиялоого түрткү болбойт” – деп жазган[11]. Ушул учурда басма сөз менен атайын чыгарылыштарда байма-бай жарык көргөн тарых илимин жайылтуу жана популяризациялоодогу окумуштуу Кушбек Үсөнбаевдин эмгектери аны Ата мекен тарыхындагы “Инсантаануу” деп аталган проблеманы калыптаган илимпоз катары таанууга мүмкүндүк берет. К. Үсөнбаев ишмердүүлүгүнүн советтик мезгилинде көрүнүктүү инсандар жөнүндө көптөгөн маалыматтарды жыйнаган. Тарых илими боштондукка чыгары менен документтерге бай жеке архивин ачып, көмүскөдөгү материалдарын коомчулукка тартуулай баштайт. Ошондой макалалардын биринде: “Курманжан датканын татаал жана көп жагынан карама-каршылыктуу инсандыгы ушул кезге чейин жетишерлик иликтеп-изилденбеген бойдон калууда. Ошондуктан республиканын коомчулугу, окурмандар бизден, тарыхчылардан ал жөнүндө, дегиси, кыргыз элинин тарыхый башка көп ишмерлери тууралуу деле калыс сөз айтышыбызды күтүп жатышат”, - деп, инсантаануу маселесине башат болгон пикирин билдирет[12].

Ормон хан боюнча академик Б. Жамгырчинов XX к. 40-жылдарында изилдеп баштап, айыпка жыгылган ишти[13] узак жылдардан кийин улай эркин изилдөөнүн эпкини менен

эгемендиктин эрте мезгилинде монографиялык эмгеги[14] менен дың бузган окумуштуу да К.Үсөнбаев болгондугу белгилүү, биздин бул пикирибизди улап, окумуштуу Т.Н. Өмүрбеков: “Азырынча таланттуу тарыхчынын саамалыгы жападан-жалгыз эмгек бойдон кала берүүдө”, - деп, оюн тыянактайт[15]. Чындыгында К.Үсөнбаевдин архивдик материалга ширелген, саясий бейненин даана жүзү чагылган тарыхый инсандар тууралуу эмгектерин учуратуу учуру ошондо бир келди го! Элибиздин тарыхый узак өтмүшүнүн жашоосун жанданткан ажарлуу инсандардын чыныгы жүздөрүн ачып берүүгө академик А.Акаев да:“Манас сыяктуу алп инсандар тарыхыбызда баатырлардын бүтүндөй муунун түздү...көрүнүктүү инсандардын ар бири жөнүндө эпикалык чыгарма жазууга болор эле”,- деп, кызыгуу артканы маалым[16]. Ошондой эле алгачкылардан болуп “тарыхый инсан" түшүнүгүнө өз аныктамасын: “Инсан өзүнө таандык өзгөчө, жалпы катардан бөлүп көрсөткөн сапаттарынын арасында этникалык массивди баш коштурууга, анын күчүн топтоштурууга жана динамикалык абалда турган пассионардык энергияны ошол инсан тарабынан аныктаган максаттарга багыттоо менен, этникалык түзүлүшкө ырааттуу мүнөз берүүгө жөндөмдүү”[17], - деп берет. Тарыхчы Т.Н. Өмүрбеков кийинки изилдөө айрым тарыхый инсандардын автархиялык мүнөздөгү саясий бейнесине көңүл бурат. Окумуштуунун пикиринде: “Алымбек датка, Боромбай, Ормон өздөрү түптөгөн саясий бирикмелерди хандан, бектен кем эмес, каалагандай, өз алдынча башкарып турушту. Алардын эгемендигин, бийлигин иш жүзүндө эч ким, Кокон ханы да, Кытай Богдаханы да чектей алган эмес”[18]. Чындыгында ушул кезде кыргыз коомчулугунда ачык элитанын калыптана баштаганы байкалат. Бартольддун пикиринде манаптар институту орустар тарабынан 1876-жылы (1880-ж. жаңыланган) Убактылуу Жобо менен “шайлануучу бийлер манаптардан жана манап эместерден чыкса да боло берери”[19] белгиленген.

50–80-жж. марксисттик усулияттын уруксат бербегенинен улам тарыхый инсандарды изилдөөгө толук мүмкүн болбоду. Ушул мезгилде иликтенүүгө тийиш болгон тарыхый инсандарды үчкө бөлүп кароого болоор эле:

1. Совет бийлиги орногонго чейинки коомдук саясий ишмерлер. Буларга Барсбек ажо, Мухамед-Кыргыз, Кубат бий, Ажы бий, Ормон Хан, Алымбек датка, Алымкул аталык, Курманжан датка, Шабдан баатыр жана башка бир топ тарыхый инсандарды кошууга болот. Бул инсандар бийлөөчү таптын өкүлдөрү болгондуктан, “элди эзген феодалдар” катары эсептелген.
2. Экинчи топко Совет дооруна чейинки ойчул-аалымдарды, заманчыл акындарды, кошууга болот. Мисалы, Жусуп Баласагун, Махмуд Кашкари, Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч ж.б. Булар өткөн феодалдык коомду идеалдаштыруучулар катары айыпталган. Анын үстүнө Калыгул Ормон хандын жакын кеңешчиси, Арстанбек Буйлаш уулу Алымбек датканын ырчысы болгондугу жалпыга маалым.
3. Ал эми үчүнчү топко Совет доорунда калыптана баштаган интеллигенция же сталиндик репрессияга кабылган коомдук-саясий жана маданий ишмерлерди кошууга болот (М: А. Орозбеков, Ж. Абдырахманов, Б. Исакеев, Т. Айтматов, К. Тыныстанов, Б. Солтоноев, А. Сыдыков ж.б.). Белгилүү болгондой бул инсандар “улутчулдук” деген жарлык менен айыпталып, “Совет мамлекетинин душмандары” катары эсептелген.

Мындан башка да белгисиз инсандардын бейнелери өз изилдөөчүлөрүн күтүп жатышат жана мындай аракеттердин ар тараптуу өөрчүшү бүтүндөй бир инсан таануучулук багыттын калыптанып, өнүгүшүн шарттайт деп үмүт артабыз.

Адабияттар:

1) Абрамзон С.М. Кыргыз жана кыргыздардын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Б., 1999
2) Аристов Н.А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы. Б., 2001
3) Аскар Акаев. Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана “Манас” элдик эпосу. Б., 2002. 579-б.
4) Бартольд В.В. “Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана” Б., 1995
5) Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Б.: Т. I., 1997, Т. II, 1998

6) Жамгырчинов Б.Ж. Киргизы в эпоху Ормон хана (из истории феодально-родовых воин кыргызов в XIXв. //Труды ИЯЛИ, вып. I. 1944. – Фрунзе: Кир ФАН, 1945. 111-130-б.
7) Какеев А.Ч. На стыке цивилизаций. //Горная царица Курманжан и ее время. – Б.: Илим, 2002. 117-118-бб.
8) Өмүрбеков Т.Н. "Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду (XIX к. ортосу XX к. башы)" – Б., 2003. 11-б.
9) Усенбаев К.У. Ормон хан. – Б.: АЛЛ-Пресс". 1999
10) Үсөнбаев К. Курманжан датка–Алайдын падышасы. - Кыргызстан коммунисти. 1990.№8-9. 184-185-бб. Үсөнбаев Кушбек. Унутта калган адамдар. Биринчи макала. //Кыргыз маданияты. 1989. 16-март. Экинчи макала. //Кыргыз маданияты. 1989. 23-март. Үсөнбаев Кушбек. Өткөндүн кайрыктары. //Кыргыз маданияты. 1989.12.04;
11) Яковлев А. Против антиисторизма. //Литературная газета. №46, 5.11.1972-ж. 5-бет);
12) Советская Киргизия. №148, 26-июнь, 1988-ж.

УДК:93/99:002:704.31

А. Дуйшенбаева, Ош МУ.

Кыргыз Республикасын массалык маалымат каражаттарынын орду

Саясий стабилдүү эмес мамлекетибизде маалымат каражаттарынын орду абдан чоң. Макалада алардын коомдогу орду жөнүндө айтылат.

В нашем нестабильном политическом обществе место СМИ имеет большое значение. В статье написано роль СМИ в суверенном Кыргызстане.

Советтер союзунун кулашы, анын курамында жашап келген буткул мамилекеттерди саясий, социалдык, экономикалык жактан өзгөрүүгө алып келди.

Коомдук - саясий кайра түзүлүүлөрдөн улам, азия мамлекеттеринде маалымат массалык каражатары бүгүнкү күндө типтүү жалпылыка ээ болгондой. Борбордук Азиядагы беш мамлекет (Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Узбекистан, Туркменистан) өзгөчө советтик системанын шартында калыптанган маалымат массалык каражатынын окшош багытта өнүүгүсү көңүлдү бурбай калбайт. XXI кылымда илимий прогресстин мезгилинде, коомчулукта маалымат массалык каражаттары, калыптанган маалымат концепциясын эске албаганда, аудиторияга, чөйрөгө активдүү, тез таасирин тийгизе алат. Бүгүнкү күндө кыргыз коомчулугунда маалымат массалык каражаттары эркин, демократиялуу көз карашта болуп, маалыматтаы так, даана атүгүл фактылар менен да бере алышат.

Суверендүүлүктү алгандан кийин деле, мурдагы советтик мамлекттерде жаңы саясий реалдуулукта, маалымат массалык каражаттарынын союз учурундагы маалымат каражаттарынын тажрыйбасына кайрылууга аргасыз кылып анын жаңы ыкмаларын өздөштүрүүгө мажбурлайт. Мисал келтире турган болсок, Кыргызстандын өзүндө эле, көз карандыксызды алгандан бери, телевизиондук берүүлөр, кыска мөөнөттүн ичинде эки жолу өзгөртүлүп, коомчулукка сунушталды. Бул, маселеге кайрылуубуздун себеби Кыргызстандагы массалык маалымат каражаттары трансформациянын экинчи этабында жашап, бүгүнкү күнгө чейин калыптанып бүтпөгөндөй.

Андан сырткары массалык маалымат каражаттары комплесктүү изилдөөгө алына электиги, теманы тандап алуунун себеби болду. Илимий изилдөөлөрдүн жетишсиздиги масаалык маалымат каражаттарынын илимге сиңирип, аны изилдөөдө бир топ түйшүктөрдү жаратат. Жаш кадырлардын билиминин жетишсиздиги кыргыз массалык маалымат каражаттарын ар түрдүү этапта калыптануусунда терс таасирин тийгизип, кээ бир учурларда журналистик адистиктин кереги жоктой сезилет. Журналистердин сабатсыздыгынан коомчулукта мезгил -мезгил менен маалымат каражаттары бирде ордун жоготуп бирде абройго ээ болуп келген.

Маалымат каражаты Кыргыз Республикаында ошондой эле көз карандысыз мамлекеттердин масаалык мейкиндигинде маалымат берүүчү булак катары кызмат кылат. Саясий – социалдык, коомдук –тарыхый калыптанган кыргыз элинин менталитетинин өзгөчөлүгү маалыматтын таркалышында, тилдин уникалдуулугу коомчулуктагы этникалык, демографиялык ар түрдүүлүгү эске алынып, изилденген жана актуалдуулугун ачык айкын корсотот .

Маалымат каражаттарын изилдөөдө атайын эмгектердин аздыгы изилдөөдөгү кандай кыйынчылыктарды жаратса, аны коомчулукка жеткирүүдө ошондой эмгекти талап кылат. Г. Ибраева, С. Куликова «История развития и современное состояние, СМИ в Кыргызстане: результаты исследования» деген эмгегинде Кыргыз Республикасынын дагы маалымат чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөр жана өнүгүүлөр жөнүдө маалымат берген. Бирок бул эмгектерде бүгүнкү күндөгү телекомпания жөнүндө гана айтып, улуттук радио, гезит – журналдар каралбай калып кеткен. Ошондуктан маалымат каражатын изилдөө, диссертациялар, дипломдук, курстук иштер менен гана чектелип коомчулукка анын тарыхын жеткирүү көмүскөдө калып жатат.

Билим берүү мекемелеринде Кыргыз маалымат каражаттарынын ишмердүүлүгү жөнүндөгү илимий эмгектердин жетишсиздиги, атайын адистерди даярдоо көбүнчө россиялык адабияттарды колдонууга мажбурланганы да ошондо.

Бүгүнкү күндөгү кыргызстандагы маалымат каражаттарынын изилдөөгө толук мүмкүнчүлүк дагы, өбөлгөлөр бар. Өзүнүн экономикалык, чыгармачыл абалын далилдөө менен кыргыз маалымат каражаты өзүнүн беш миллон эллин маалымат менен камсыз кылууга жетишет.

Совет мезгилинде изилдебеген Кыргыз Респубилкасынын массалык каражаты геграфиялык чектеш Орто Азия мамлекеттеринин, ал тургай оруссиялык изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бурдуруп, изилдөөнү талап кылып келген. Ал эми кыргыз изилдөөчүлөрүнүн массалык каражаты, «Тиевидение между прошлым и будищим,», «Законы и практика СМИ в странах СНГ и Балтии», «Кыргыз журналистикасынын тарыхы» сыяктуу эмгектери ангалык коомчулука таркап, окурмандардын көңүл чордонунан орун ала электиктен, булак катары жетишсиз болуп жаткандай. Ошого карабастан СССРдин рамкасында кийинчереек көз карандысыздыкты алганда кыргыз маассалык каражатына манилүү жана айкын корректировкаларды алып келген. Муну менен кыргыз маалымат каражаты терең жана комплектүү изилдөөчө жол ача алды.

Ал эми ага ачылган жол маалыматтарды таркатууда, саясий калыптануусунда, комчулукту психолгиялык тарбиялоодо, элдин аң-сезимин өстүрүүдө эң чоң таасирин тийгизге алды. Ага далил катары, 2005-жжылдардагы Кыргыз радиосунун кайра түзүлүшү, коомдук телеканалдын реформалануусу, мамлекеттик эмес телекомпаниялардын түзүлүшү, 25ке жакын көз карандысыз гезит –журналдардын ачылышын эсептөөгө болот. Биз изилдеп жаткан маасалык маалымат каражаттары Кыргыз Респубилкасынын маалымат каражатынын сувердүү мезгилиндеги калыптануу жана трасформация шартында каралып, илимий-изилденбеген вакуумдагы маалымат каажаттарынын тоолуктоого арналган маалыматты толук жеткирүү изилдөчүнүн негизи милдети болуп саналат.

Дагы бир негизги милдети, Орто Азия регионундагы маалымат каражаттарынын системасында кыргыз телевидениясинын калыптанышын телевизиондук журналистиканын теориясын анын өнүгүшүн гезит- журналдардын даректүү маалымат берүүсүн эсептейбиз. Коомчулукта массалык маалымат каражаттынан геосаясий системада трансформация болушу көп жылдык анын ишмердүүлүгү маалымат каражаттарынын жаңыча калыптанышы маалымат мейкининде анын принциптерин өзгөчө талдоо негизги предмети болуп саналат.

Массалык маалымат каражаттарынын тарыхын түзүү ага анализ жүргүзүү, 1991-2005 ж мамлекеттик – саясий өзгөрүүлөр менен байланыштыруу коомчулуктагы социалдык-саясий окууларды ачык-айкын чагылдыруу милдети да каралган.

Архивдик материалдар менен камсыз болуп, телевизиондук, жана радио эфирдик берүүлөрдүн, кыргыз, орус каналдардын таасиринен аудио визуалдык, интернет басылмалардын, илимий эмгектердин жардамы менен гана маалымат каражаттарынын тарыхын изилдеп кеңири жайылтууга мүмкүн. Ошондой эле маалымат каражаттарынын жанрдык спецификасы проблемаларын камтуу совет жана андан кийинки мезгили, улуттук саясий маданий контексте изилдөөгө толук мүмкүнчүлүк ачылган. Мамлекеттеги маданий-агартуу курулушундагы кыргыз маалымат индутриясында жалпы каражаттарынын ролу анын ордун аныктоо, айкын көрсөтүү баалуу болуп саналат.

Изилдөөнүн негизги обьектиси болуп, Кыргыз Республикасындагы маалымат каражаты негизги маалымат таркатуу катары каралып, маалымат каражаттарынын системасындагы жалпы

мүнөздүү белгилери болгон техникалык, чыгармачыл социалдык маданий жана саясий маанайда чагылдыруусу эсептелинет.

Изилдөнүн негизги хронолгиялык изилдөө рамкасы суверендүүлктөн бүгүнкү күнгө чейинки мезгилди камтыйт. Кыргыз Республикасынын советтик системасынан чыгышынан же көз карандысыз мамлекеттердин шериктештеринин курамына киргенден берки тарыхы каралат. Кыргыз маалымат каражатынын ишмердүүлүгү, мамлекеттик эмес менчиктин формасында, 1990 жылдарда кээ бир учурларда анологиялык маниге болуп, маалыматтарды кыйыр жеткирип турган. Буга бир жагы маалымат каражаттарын советтик үлгүдө калыптанышы себеп болсо,экинчи жагынан мамлекеттин борбордук башкаруудан чыга албай ага кысым жасоосу себеп болгон. Көбүнчө кыргыз маалымат каражаттарынын өнүгүү эволюцясы, улуттук аң-сезимге, территориялык жайгашууга, саясий кысымына, мамлекеттин ичиндеги саясий өзгөрүлөргө сырткы факторлордун тасирине көз каранды болуп келген.

Кыргыз маалымат каражаттарын изилдөөдө, функцияналдуу цикли кайтып, XX кылымдын 90- жылдарындагы комдук саясий трансформация мезгилдеги пайда болушуна,өнүгүшүнө, калыптанышына көңүл бурулган.

2005-жылдагы саясий кризистин мезгилиндеги, маалымат мейкиндигиндеги баш аламандуулукка көбүрөк басып жасалган. Изилдөөнүн практикалык мааниси, кыргыз маалымат каражаттарынын комчулук менен болгон байланышы, жана анын ар түрдүү этаптардагы саясий өнүгүсүнүн, тажрыйбасын ачык көрсөтөт. Ал эми теорялык мааниси, улуттук кыргыз маданиятын дагы кезектеги алышы болсо керек. Изилдөөнү маалымат каражаттарын илимий практикалык ишмердүүлүгүндө, кээ бир журналистиканын предметтеринде маалымат катары колдонууга болот.

Методикалык теориялык негизин, архивдик материалдар, саясий – тарыхий эмгектер, журналистика боюнча илимий эмгектер, саясат таануу, тил, интернет, коомдук басылмалар, россиялык маалымат булактар, телеканал, радио , гезит журналдардын тарыхы ж.б. материалдар түзөт.

Изилдөөдө С.А. Муратованын, В.А. Сидоровдун Т.В. Васильевдин эмгектери колдонулду. Алынган маалыматтар изилдөөнүн рамкасын кеңейтип, конкреттүү фактыларга, далилдерге таянып чыныгы маалымат каражаттарынын тарыхын изилдөөгө аракет жасалды жана окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

Адабияттар

1. Т. В Васильев «Телиевидение между прошлым и будищим». Ф. 1989г
2. В.А Сидоров «Законы и практика СМИ в странах СНГ и Балтии»,М.1990г
3. С.А Муратова «Кыргыз журналистикасынын тарыхы». А. 1997ж
4. “Кыргыз Туусу”.,№ 7 “Кыргыз радиосунун абалы” 1993ж.

УДК:950:7.03

Г. Жунусова, Ош МУ

Араб-ислам цивилизациясы

Цивилизациянын негизги борборлорунун бири катары – Чыгыштагы араб цивилизациясы эсептелет. Антикалык маданияттын жетишкендиктерин сактап калып, Индия жана Кытай маданиятын башка элдерге жеткирүү менен бирге Араб халифат, адамзаттын бүткүл цивилизациясынын өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизген.

Основным центром цивилизации является арабский Восток. Сохранив многие достижения античной культуры и открыв доступ к достижениям индийской и китайской культуры для других народов, Арабских халифат оказал большое влияние на развитие всей цивилизационной части человечества, в том числе и на развитие Западной Европы.

Б.з.ч. II м.ж. эле Аравия жарым аралында элдердин семит тайпасына кирген араб уруулары жашаган. Арабдар жөнүндө эң алгачкы эскерүүлөр б.з.ч. VIII-IXкк. ассириялык жана жаңы

вавилондук тарыхый булактарда эскерилет.[1] Араб сөзү семит урууларынын ичиндеги бир уруунун өзүн-өзү «араб» деп атагандыгынын негизинде келип чыккан. Анын этимологиясы кургакчылык, жер иштетүүгө ыңгайсыз деген маанини түшүндүрүп, ошону менен бирге ал жерде жашаган элдерди дагы түшүндүргөн. Мына ошол сөздөн Аравия деген аталыш келип чыккан.

Арабдар көптөгөн жылдар бою малчылык менен алектенишкен жана Аравия жарым аралынын мейкининде көчүп жүрүшкөн. Жарым аралдын түштүк-батыш бөлүгүн байыркы мезгилде эле «Бактылуу Аравия» деп аташкан[2]. Себеби, экономикалык, социалдык жана саясий өнүгүү бул аймакта салыштырмалуу жогору болгон. Арабдар VII кылымга чейин көчмөн турмушта жана уруулук түзүлүштө жашаган деген пикир кеңири тараган. Бирок, мындай пикирге карама-каршы бир топ фактылар кездешет. Көрсө, көчмөндөр шаарларды куруу менен гана чектелбей, жазууну дагы билишкен. Эң алгачкы «араб жазуусу» 328-жылга таандык. Мына ошонун өзү эле арабдар биздин замандын I миң жылдыгында эле отурукташууга өтө баштаган деген тыянакка алып келет. Негизинен отурукташууга өтүү көчмөндөрдүн жер иштетүүчүлөргө айланышы менен түшүндүрүлөт. Ал эми Аравиянын жаратылыш-климаттык шарты жер иштетүүгө ыңгайсыз, башкача айтканда, климаты кургак жана тоолуу-чөлдүү-талаалуу ландшафтары белгилүү. Мындай шартта арабдарды жерге отурукташтырууга эмне себеп болушу мүмкүн?

Бул суроого жооп берүү үчүн белгилүү араб-шаары Меккенин жайгашкан ордун эске алуу зарыл. Мекке Кызыл деңизден 75км алыстыкта жайгашкан. Ошондой эле Жер Ортолук деңизи менен Аден булуңунан бирдей алыстыкта орун алган. Бул шаар транзиттик сооданын негизги борбору болуп саналат.

Мекке аркылуу 2 негизги кербен жолдору өткөн: биринчиси, Меккенин батышынан чыгышына карай, башкача айтканда Кызыл денизден Персия булуңуна чейин, экинчиси, түндүгүнөн-түштүгүнө карай, башкача айтканда Жер ортолук денизинен Аден булуңуна чейин жеткен. Дагы бир соода жолу Меккенин түндүгүнөн чыгып Ятриб (Медина) шаары аркылуу Эки дарыя аралыгына (Месопотамия) чейин жеткен.

Аравияда ошол мезгилден баштап Жер ортолук денизинин жээктеринен Индия жана Кытайды бириктирүүчү транзиттик соода жолу өткөн. Ошентип, арабдар дүйнөлүк эл аралык соодага аралашкан. Баштапкы мезгилдерде араб аскерлери (дружина) соода жолдорун коруктоо үчүн пайдаланылган. Акырындык менен уруу башчылары (шейхтер) топтогон байлыктарын соодага жумшай баштаган. Натыйжада, аз кездешүүчү абал түзүлгөн: уруу коомунун таптарго бөлүнүшү менен уруу башчылары ири жер ээлөчүлөргө айланбастан, соода буржуазиясын түзүп калган.

Буржуа (француз тилинен - bourgeois) орто кылымдагы Европа мамлекеттериндеги шаардык жашоочуну түшүндүргөн[3]. Арабдар 1 миң жылдыктын 1 жарымында эле кемеде сүзүүнү жакшы билишкен жана араб көпөстөрү Түндүк Африкага, Индияга жана Кытайга таанымал болушкан.

Соода жолдору аркылуу Аравиядан алтын, ладан, курма, жүзүм, кийим-кечелер экспорттолгон. Ушул соода жолдорунун жардамы менен түштүктө эрте араб мамлекеттеринин түзүлүшүнө шарт түзүлгөн. М: Саба мамлекети (б.з.ч.650-115жж.), Химьярид мамлекети (б.з.ч.115-б.з.525жж.), Набатей падышачылыгы (б.з.ч.VI-106ж) жана Мекке шаары.

IV-Vкк. бул чөлкөмдө транзиттик эл аралык соода оор абалга дуушар болгон. Бул Кытайдагы Хань империясынын кыйрашы, Рим империясынын жок болушу жана Индиядагы Гупталар династиясынын кулашы менен түшүндүрүлөт.

Ошол мезгилде Жакынкы Чыгышта стабилдүүлүк бузулат. IIIк. Ирандын территориясында Сасанид мамлекети пайда болуп, Византия менен күрөшөт. Эки мамлекеттин ортосундагы күрөш VI жана VII кылымдын биринчи он жылдыктарына чейин уланат. Аларды Түштүк Аравиянын бай чөлкөмдөрү жана соода жолдору кызыктырган. Жакынкы Чыгыш бул күрөштүн майданына айланат. 570-жылы сасаниддер Аравия жарым аралында өзүнүн таасирин жайылтып, Түштүк Аравиянын соода жолдоруна тоскоолдук жараткан.

---

[1] Островский А.Ю. Историяцивилизаций. Санкт-Петербург , 2000.
[2] Васильев Л.С.История Востока. М., 1994.
[3] Советский энциклопедический словарь. Главный редактор А.М.Прохоров. М., «Советская энциклопедия»1990.

Транзиттик сооданын кыскарышы араб көпөстөрүнө жана соода кербендерин коргоочу жана ошонун эсебинен күн көрүүчү араб дружиналарына сокку урган. Мындай абалда арабдардын келекчектеги жашоосуна коркунуч туулган. Арабдардын көп кудайга ишенүүсүнүн натыйжасында, алардын биригүүсүнө тоскооолдуктар жаралган.

Мына ушундай оор шарттарда тез арада кризистен чыгуунун жолун табуу керек эле. Мындай жол Аравияда табылган. Бизге белгилүү болгондой, адамзат тарыхында гүлдөгөн шаарлар гана эмес, бүтүндөй чоң мамлекеттер дагы кризиске учурап, кулап калган мезгилдер көп кездешет. Бирок Меккенин, ошондой эле жалпы Аравиянын тагдырында ыңгайлуу абал пайда болгон. Мындай ыңгайлуу абал лотореялык билетте утушка ээ болгондой, жүздөн бир же миңден бир учурда гана ийгиликке жетишет. Ошол сыяктуу Мекке шаары чоң утушка ээ болгон[4].

Бул утуш ислам дини менен байланышкан. Ислам жаңы монотеисттик дин болгон. Моно – грек сөзү, monos-бир,жалгыз, ошондой эле theos-кудай деген сөздөрүнөн алынып, бир кудайга ишенүүчүлүк дегенди түшүндүрөт.

Ошол мезгилде Аравиянын ар түрдүү бөлүгүндө пайгамбарлар пайда болуп, алар өз динине элди үгүттөгөн. Мындай пайгамбарлар шаарларда жана жер иштетүүчү райондордо пайда болгон. Демек, ички карама-каршылык дал ушул райондордо курч мүнөздө болгон десек жаңылышпайбыз.

Пайгамбарлар Хиджазда, Йеменде, Месопотамияда пайда болгон. Араб урууларынын биригүүсүнүн борбору болуп Хиджаз эсептелген. Анын ири шаарлары – Мекке, Медина жана Таиф эсептелген. Ислам динин жактоочусу катары Меккелик Мухаммед (570-632) чыккан. Ал курейш уруусунан болгон. Маалыматтарга таянсак, ал өтө бай эмес соодагердин уулу болгон. Мухаммед жаш кезинен жетим калып, таякеси Абуталибдин үйүндө кой багып чоңоет. Кийинчерээк бай жесир аял Хадичага кызмат кылып жүрөт жана ага үйлөнөт.

Мухаммед Алланын элчиси катары арабдарды биригүүгө жана ислам динин кабыл алууга чакырат. Элдерди биригүүгө чакыруу менен, Мухаммед, кудай алдында бардыгы тең экендигин жарыялап, жалганчылык, ач көздүк, бузукулук сыяктуу көрүнүштөрдү айыптаган. Мына ошондуктан байлыгынан ажырагысы келбеген жана сүткорлукту кесип кылып алган байлар бул динди кабыл алгысы келген эмес.

Мухаммед 622-жылы өзүнүн тарапкерлери менен бирге Ятриб шаарына жол алат. Шааардын жашоочулары Мухаммедке жана анын «жаңы диндин айланасына биригүү» чакырыгына колдоо көрсөтүшөт. Алар өзүнүн шаарын арабдардын биригүүсүнүн борбору болушун каалашкан жана Ятрибди - Медина деп өзгөртүшкөн. Медина – пайгамбар шаары дегенди түшүндүргөн. Кийинчерээк 622-жыл жаңы араб жыл сынагынын башталышы катары пайдаланылган.

Меккеден кетип жатып, Мухаммед жана анын тарапкерлери куралдарын таштаган эмес. Алгач алар соода кербендерине кол салып, андан кийин отурукташкан калкка кол салган жана исламды кабыл алууга мажбурлаган. Мухаммед динсиздерге каршы согуш жарыялап, согуштан түшкөн олжонун 4/5 бөлүгүн өзүнүн аскерлерине, ал эми 1/5 бөлүгүн социалдык жактан муктаж болгон адамдарга бөлүштүрүп берген. Мухаммед жана анын тарапкерлерин ийгилик коштогон. Натыйжада алар 630-жылы Мекке шаарына киришкен. Мына ошентип, Чыгышты исламдаштыруу башталат. Мына ошентип, биринчи ислам мамлекети түзүлөт.

Баштапкы мезгилдерде Мухаммед өзүнүн окуусун оозеки жайылткан. Мына ошол себептүү анын окуусу «Куран» деп аталган. Анын өлүмүнөн кийин гана 632-634жж. Курандын официалдуу 1-варианты жарык көргөн. Бирок аны тааныбаган мусулмандар дагы болгон. Алардын ичинен Мухаммеддин аталаш тууганы жана күйөө баласы Али бар эле. Талаш-тартыштардын пайда болушунан улам 651-жылы атайын коллегия түзүлүп, анда курандын акыркы варианты иштелип чыккан. Кийинчерээк IX кылымда толуктоо иретинде Мухамеддин турмушун баяндаган «Сунна» деп аталган китеп чыккан. Бул багыттын жактоочулары сунниттер деп аталып, ал эми алардын каршылаштары шеиттер же алиддер (Алини жактоочулар) деп аталган. Сунниттердин символу - кара туу, ал эми шеиттердин символу жашыл туу болуп калган.

Мухаммеддин өлүмүнөн кийин анын ишин улантуучулар активдүү тышкы саясатты жүргүзүшкөн. Алар араб урууларын гана бириктирүү менен чектелбей, коңшу Ирак жана Сирия аймактарына дагы басып алуучулук согуштарды жүргүзүшкөн.

---

[4] Васильев Л.С. История Востока. М., 1994.

Бул басып алуулар Абу Бекрдин (632-634) тушунда башталган. Халиф Омардын мезгилинде бүткүл Жакынкы Чыгыш арабдарга каратылган. Кийинки жүрүштөрдө Түндүк Африканы багындырып, Переней жарым аралына чыгышкан. Чыгышта болсо сасаниддерди талкалап, Иранды баш ийдиришкен жана Памирге чейин жетип, Индостан жарым аралынын түндүк бөлүгүн багындырышкан. VIII кылымдын ортосунда Араб халифатынын территориясы Рим империясынан гана кийинки орунда турган[5].

Алгачкы халифтер тандалып алынган, кийинчерээк алардын бийлиги мурасталган. 661-жылы курейшиттердин башында турган омейя уруусу бийликке келген. Ошол жылы Араб халифатынын борбору Мекке шаарынан Дамаскка жылдырылган. Ал эми 750-жылы Омейяддар династиясы Аббасид династиясы менен алмашат. Бул мезгилде мамлекеттин борбору - Багдад шаары болуп калган.

Арабдардын басып алуучулук саясатында исламдаштыруу (басып алынган элдерге ислам динин жайылтуу) жана арабдаштыруу (арабдарды жаңы жерлерге көчүрүү) жараяны жүргөн. Салык системасы исламдаштырууга жардам берген. Мусулмандар үшүр салыгы менен гана чектелсе, мусулман эместер – хараж (түшүмдүн 1/3нен 2/3не чейин) салык төлөшкөн.

Алгачкы халифтердин бийлиги учурунда башкаруу негизинен жергиликтүү бийлик тарабынан жүргүзүлүп, иш кагаздары грек жана перс тилдеринде жүргүзүлгөн. Ал эми омейяддар иш кагаздарын араб тилине өткөрүшкөн. Жер-жерлердеги бийликти эмирлер башкарышкан. Жердин жогорку ээси катары мамлекет эсептелген. Тагыраак айтканда, бардык жерлер Аллага таандык болуп, анын атынан халиф башкарган. Жерлердин көп бөлүгү казынага үшүр, жизья, хараж түрүндө салык төлөгөн общиначыларга тиешелүү болгон. Үшүр салыгын жеке менчик (мүлк) жер ээлери төлөп, өлкөдө мындай жерлер аз санда болгон. Савафи (бийлик кылуучу үйдүн мүчөлөрүнүн жерлери), вакфтык (чиркөөлүк жерлер) жана катиа (жоокерлердин үлүштөрү) жерлеринен салык алынган эмес. Общиналык жерлердин бир бөлүгү (икта) чиновниктердин жана офицерлердин шарттуу ээликтери болуп эсептелген.

Аббасиддер перстердин башкаруу системасынын көп жактарын, анын ичинде вазирдик кызматты дагы өздөрүнө сиңирип алышкан. Алар араб жоокерлерин бербер, түрк жана башка багындырылган жалданма армия менен алмаштырышкан. Халифтин армиясында негизги орунду кулдардан куралган мамлюк аскерлери ээлеген. Өзүнүн туулган жеринен ажыратылган жана араб өлкөсүнө бейтааныш болгон мамлюктар каардуулугу менен айырмаланган.

Араб халифаты агрардык коом болгону менен, жер шарындагы бир кыйла өнүккөн мамлекеттердин бири болгон. Кээ бир маалыматтарга таянсак, халифаттын гүлдөгөн мезгилинде шаарлардын саны 400-500гө чейин жеткен. Египетте жана Эки дарыя аралыгынын түштүгүндө калктын 20% жашаган. Мындай манилүү демографиялык көрсөткүчтөрдү эске алуу менен, кээ бир араб таануучулар, шаар калкынын саны кескин көбөйүп, VIII-X кылымдарда Месопатамия жана Египет XIX кылымдагы Батыш Европанын шаар калкынан артыкчылык кылган деген маалыматты беришет.

Багдад - эң ири араб шаарларынын бири болгон. Кээ бир авторлордун айтуусу боюнча шаарда 2 миллион адам жашаган. Бул сан көбөйтүлүп айтылган сыяктуу. Бирок эн жөнөкөй эсептөөлөргө таянсак деле, Багдадда 400 миң калк жашагандыгы белгилүү. Шаардын аянты 40 чарчы километрди түзгөн. Анда көп кабаттуу үйлөр, коомдук мончолор, суу түтүктөрү, ондогон базарлар болгон. Көркөм искусство дагы жогору өнүккүн. Халифтер жана ак сөөктөр өздөрүнүн ири сарайларын кооздоо менен бирге ошол имараттар аркылуу ислам державасынын күчтүүлүгүн даңазалаган.

Араб халифатынын түзүлүшү араб маданиятынын гүлдөп өнүгүшүнө шарт түзгөн. Атлантикадан Памирге чейин өзүнүн таасирин жайылтып, арабдар басып алган жерлерде салык чогултууну гана талап кылбастан, алардын маданий тажрыйбасын өздөрүнө сиңирип алган. Алар кыйрап жок болгон цивилизациялардын дагы маданий тажрыйбасын пайдаланышкан. Арабдар тарабынан грек, персия жана рим жазуулары чогултулган. Алардын көбү араб тилине которулган. Арабдар античтик цивилизациянын жетишкендиктерин сактап гана калбастан, аларга таянып алдыга карай өз маданиятын өнүктүрүшкөн. Рим империясы кулагандан кийин бир топ убакытка чейин жер шарынын маданий борборлорунун бири катары дал ушул Чыгыш-араб цивилизациясы

[5] Островский А.Ю. История цивилизаций. Санкт-Петербург, 2000.

эсептелген. Бул мезгилде арабдар менен теңтайлашкан атаандаш бир гана Кытай болушу мүмкүн эле.

Арабдар замандаш жашаган элдердин маданий жетишкендиктерин чогултуу менен, баарынан мурда алардын илимий жана техникалык жетишкендиктерин өздөрүнө сиңирип алган. Буга мисал катары, дамасктын усталары тарабынан иштетилген болотту алуу технологиясын айтууга болот. Дамасктын болотторунан жасалган кылыч жана башка куралдардын дүйнөдө теңдеши жок жана алар кеңири таанымал болгон.

Өздөрүнүн түзүлүшү боюнча Араб халифаты ири дениз державасынын бирине айланган. Арабдар Жер Ортолук деңизинде Кичи Азиядан баштап Пирений жарым аралына чейин үстөмдүк кылган жана Кызыл деңиз менен Персия булуңуна чыгышкан. Арабдар басып алынган элдерден кеме курууну үйрөнүп эле тим болбой, аны белгилүү денгээлде өөрчүткөн.

VII кылымда арабдар Жер Ортолук денизинде күчтүү флотко ээ болушкан. 717-жылы Константинополду штурмалоодо 1800дөн кем эмес араб кемелери катышкан. Арабдар Кызыл денизде жана Персия булуңунда кораблдерге ээ болуу менен бирге Африканы Чыгыш тарабынан айланып өтүшкөн жана кээ бир маалыматтар боюнча түштүк чектерине чейин жеткен. Арабдардын Инд океанындагы кемеде сүзүү иштери өзгөчө мааниге ээ. IV кылымда эле арабдар Гуанчжоудо (Кантон) өзүнүн факториясына ээ болушкан. Кытай империясы менен тынымсыз байланыштын натыйжасында кытайлыктардын көптөгөн жетишкендиктерин пайдаланууга шарт түзүлгөн. Мисалы: компасты, кеменин арткы бөлүгүнөн ролду башкарууну жана кыйгач парусту үйрөнүшкөн.

Кеңири аймакты кучагына алган халифтин бийлигинин татаалдыгынан улам арабдар I миң жылдыктын аягында жоюлуп кеткен персиялык почталык кызматты кайрадан калыбына келтиришкен. Батышынан чыгышына карай, алгач Дамасктан, кийинчерээк Багдаддан баштап 900дөн ашык почталык станциялар ачылган. Алардын аралыгы 10-25километрге чейин жеткен. Араб халифатынын кулашы менен бул система жоюла баштаган.

IX кылымда арабдар кеңири таралган жарык берүүчү телеграфты түзүшкөн. Деңиз жээгиндеги сигнал чырак коюлган мунара же маяктар Түндүк Африканын Сеута (Марокко) шаарынан Каирге (Египет) чейин жеткен. Ал эми XIII кылымда болсо мындай телеграф линиясы Каирден Багдадга чейин узартылган.

VIII кылымда эле арабдар Кытайдын калий селитрасы менен тааныш болушкан, бирок аны баштапкы учурда медицинада гана пайдаланышкан. Ал эми качан порохту өздөштүрүп алгандыгы тууралуу так маалымат жок. 1260-жылы арабдар монгол-татарлар менен кагылышып, ал согушта пушкаларды көргөн жана аны жасай баштаган.

Арабдар кытайлыктардан кагаз жана китеп басып чыгарууну үйрөнүшкөн. Кээ бир маалыматтар боюнча бул VIII кылымдын башында Самаркандды курчоого алганда ишке ашкан. Туткундардын арасында кагазды даярдоонун технологиясын билген кытай усталары болгон.

Арабдар I м.ж. биринчи жарымында индиялык математиктердин жетишкендиктерине көңүл бурушкан жана алардан сандык (цифралык) системаны үйрөнүшкөн. Арабдардын жардамы менен индиялык сандар «араб сандары» деген аталыш менен дүйнөгө жайылган. Арабдык Чыгыш өз мезгилинин маданий жетишкендиктерин чогултуучу гана болбостон, кээ бир илимдер, мисалы: астрономия, математика, медицина, физика, химия андан ары өнүгүүгө жетишкен.

Античтик маданияттын жетишкендиктерин сактап калып, Индия жана Кытай маданиятын башка элдерге жеткирүү менен бирге, Араб халифаты, адамзаттын бүткүл цивилизациясынын (анын ичинде Батыш Европанын) өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизген.

Азыркы мезгилде дүйнө жүзүндө диндин ролу жогору турат. 2000-жылы америкалык Гэллапа институтунун берген маалыматына таянсак, кудайдын бар экендигине ишенгендердин саны – Африкада 95%, Латын Америкасында – 97%, АКШда – 91%, Азияда – 89%, Батыш Европада – 88%, Чыгыш Европада 84%, Россияда – 42% түзгөн[6].

Ал эми ислам дини азыркы күндө Азиянын, Африканын, Ыраакы Чыгыштын аймактарына кеңири таралган. Жер жүзүнүн географиялык ландшафтында Чыгыштан Батышка карай бардык өлкөлөрдүн ичинде мусулмандар күмөнсүз коомдук жашоосун улантууда. Бирок, ислам динине жамынып алган экстремисттик саясий уюмдар дагы бар. Алар өздөрүн канчалык ислам дини

[6] Человек и общество. Обществознание. В 2ч. Часть 2. Под ред. Л.Н.Боголюбова, А.Ю. Лазебниковой. М.: Просвещение, 2002.

менен байланыштырса дагы эч бири ислам дининин маданиятына, мыйзамдарына жана принциптерине туура келбейт. Ислам дини элди дайыма биримдүүлүккө, толеранттуулукка жана тынчтыкка чакырган дин болуп саналат.

Адабияттар:

1. Васильев Л.С. История Востока. М., 1994.
2. Маудуди А.А.Жизненная миссия пророка. М., 1990.
3. Человек и общество. Обществознание. В 2ч. Часть 2. Под ред. Л.Н.Боголюбова, А.Ю. Лазебниковой. М.: Прсвещение, 2002.
4. Жоробекова Э. Средневековое искусство мусульманского Востока. Б., 2005.
5. Сравнительное изучение цивилизаций: Хрестоматия: Учебное пособие для студентов вузов. Составитель и редактор Б.С. Ерасов. М., 2001. Островский А.Ю. История цивилизаций. Санкт-Петербург, 2000.
6. История стран Зарубежного Востока в средние века. Под ред. Ф.М.Ацамба и Е.А.Беляева. М., 1957.
7. Всемирная история. Под ред. Г.Б.Поляка и А.Н.Марковой. М., 2001.
8. История средних веков. Под ред. Н.Ф.Колесницкого. М.,1986.
9. Советский энциклопедический словарь. Главный редактор А.М.Прохоров. М., «Советская энциклопедия»1990.

УДК: 94/99: 352.1

Г. Жунусова

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын жетишкендиктери жана кемчиликтери

Кыргызстан эгемендүүлүккө жетишкенден кийин жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарында дагы реформалар башталган. Бул реформалардын иш жүзүнө ашырылуусунда бир катар жетишкендиктер жана кемчиликтер бар.

С преобретерием независимости Кыргызской Республики на ряду с другими реформами произошли большие изменения в области местного самоуправления. Пути проведенных реформ достигнуты большие успехи и допущены определенные недостатки.

Мындан бир нече жыл мурда Кыргызстанда мамлекеттик башкарууну реформалоо жана финансылык децентралдаштыруу башталгандыгы баарыбызга белгилүү. Республика эки баскычтуу бюджетке өткөн. Мындай демократиялык инициативаны колдоо төмөндөн башталган, башкача айтканда өзүн-өзү камсыз кылган айыл округдары пайда болгон. Алар эми борбордук датацияларга муктаж болбой, өзүнүн бюджетин өзү пландаштыруу менен бирге кошумча кирешелерди издей баштаган. Анын натыйжасында айылдын жашоочулары зарыл болгон маселелерин жер-жерлерде чечүүгө финансылык мүмкүнчүлүк пайда болгон.

Акыркы 5 жыл ичинде элдердин муниципалдык бийликке ишеними төмөндөдү. Эксперттер мында өлкөнүн мурдагы бийлиги жүргүзгөн саясатты күнөөлөйт. Губернаторлор жана райондук акимдер айыл өкмөт башчыларына кысым көрсөтүү менен эмнени кааласа ошону жасашкан. Натыйжада, бюджеттик каражаттарды туура эмес пайдалангандыгы үчүн көптөгөн жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун башчылары сот жообуна тартылышты. Жогорудан келген көрсөтмө боюнча бизнес-центрлер жана көп кабаттуу турак-жайлар тургузулду. Ал эми бала бакчалар, мектеп, айыл жолдорун оңдоого каражат жетишсиз болгон.

Децентралдаштыруудагы ийгиликтер – жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында саясий, административдик, жана финансылык автономияны камсыз кылган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларын шайлоо жана эки баскычтуу бюджет системасы жоюлуп кеткен.

Чиновниктер, башкаруучу бийлик жер-жерлердеги башкарууну колдон чыгарууну каалаган эмес. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчыларын түрдүү күнөөлөр менен айыптаган. Муниципалдык кызматкерлердин билими жана тажрыйбасы жетишсиз деп айтышкан.

2007-жылдагы Конституция жана анын негизинде жазылган «Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу жана жергиликтүү администрация жөнүндөгү» Мыйзам жергиликтүү бийлик органдарынын укуктарын чектеп койгон.[2] Эң коркунучтуусу жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын башчылары шайланбай, демек жергиликтүү башчылар эл алдында жооптуу болбой калган жана бюрократиялык мамлекеттик аппараттын коштондусуна айланган.

Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын өкүлдөрү - жергиликтүү кеңештер өзүнүн шаардык жана айылдык округдардагы иштердин абалына таасир этүү укугунан ажыратылган. Алар жогорудан келген бюджетти бекиткен, финансылык документте айылдыктардын пикири эске алынган эмес. Республикалык жана райондук маанидеги шаар мэрлеринин тандоодо президенттин көрсөтмөсү менен жана айыл округдарынын башчыларын райондук мамлекеттик администрациянын көрсөтмөсү боюнча берилген талапкерлерге макулдугун берген.

Жергиликтүү салыктардын саны кескин азайган. Мурда 16га жетсе, кийин 2 гана сакталган. Жергиликтүү бюджетти бөлүштүрүү жараянында кызмат өкүлдөрү борбордон тынымсыз кийлигишип турган.

2010-жылы июнь айында кабыл алынган Конституциянын негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу институттарына таандык болгон элдик бийлик илим жана тажрыйбага таянып башкарууга уникалдуу мүмкүнчүлүк берди. Убактылуу өкмөттүн 2010-жылы июнь айындагы тапшырмасынын негизинде түзүлгөн «Жергиликтүү өз-алдынча башкаруу жөнүндөгү» жаңы мыйзамдын иштелип чыгышы жумушчу тобунун милдеттеринин бири болгон. Анда 2007-жылга чейин болуп келген жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын башчыларын түз шайлоо, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун башчыларын жана депутаттарды чоң атаандаштыктын негизинде шайлап алуу, жаңы перспективдүү адистеридин көбөйүшү, эки баскычтуу бюджет системасын кайтаруу каралган.

Бирок жергиликтүү башкарууну текшерүүдөн кол жууп калгысы келбеген жетекчилердин жергиликтүү өзүн-өзү башкаруудагы реформаларды токтотууга аракеттенгендери дагы бар.

Жергиликтүү бюджетти эффективдүү пайдалануу маселелерин – калкты суу менен камсыз кылуу, жолдор, көчөлөрдүн жарык болушу, акыр-чикирлерди тазалоо, бала бакчалардын абалы жана башка көптөгөн маселелер «Сорос-Кыргызстан» фондунун долбоору тарабынан уюшулган пресс-сессиянын катышуучулары тарабынан талкууланды.

Акыркы мезгилдерде Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу менен калктын ортосунда байланыш солгундады: кээ бир жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун башчылары, чындыгында, жасаган иштери боюнча райондук администрацияга отчет берип, ал эми жергиликтүү бюджет маселелерин чечүүдө элдин ой-пикири менен эсептешпей калган. Мисалы, маданий иш-чараларды ыр-кесе, фестивалдарды өткөрүүдө айыл өкмөттөрү райондук администрациянын кысымы менен майрамдарды уюштурууга жергиликтүү бюджеттердин эсебинен каражат бөлүп берген. Бул боюнча алар жергиликтүү эл менен кеңешүүгө милдеттүү болчу, бирок, эл менен эсептешкен эмес. Эми алдыда жергиликтүү бийлик органдарына – саясий, административдик, финансылык автономияны кайтарып берүү милдети турат.

ОБСЕ тарабынан уюшулган «Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу – Кыргызстандагы социалдык стабилдүүлүктүн негизи» деген аталыштагы конференция ушул маселеге багытталган. Анын ишине Жогору Кеңештин депутаттары, Финансы министрлигинин жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу иши боюнча улуттук агенттиктин өкүлдөрү, Өнүгүү саясаты институнун мүчөлөрү, Эл аралык уюмдар, көз каранды эмес саясий уюмдар катышышты.

Конференцияда жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу реформасын талкуулап, жергиликтүү муниципалитеттерге маселелерди конструктивдүү чечүүдө мүмкүнчүлүк берүү керектигин белгилешти. Саясий өнүгүү институнун эксперттери муниципалдык өнүгүүнү изилдөө боюнча жыйынтыктарды көрсөтүштү. Мында Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарынын жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын абалына комплекстүү баа берүү каралган. Бул иш-чара «Жер, суу, кадрлар, бюджет» деп аталган.

Суверендүү мамлекетте жашаганыбызга 20 жыл болгондугуна карабай, мүлктү жана жерлерди мамлекеттик, муниципалдык, же жеке менчик жерлер деп бөлүштүрүп инвентаризациялоо толук түрдө бүтө элек. Мына ушундай маселелерди чечүүдө Өнүгүү саясаты

институту Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу иши боюнча Улуттук агенттик менен биргеликте ОБСЕнин долбоорун өлкөнүн Түштүк региондорунда – Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарында ишке ашырышты.

Текшерүүнүн натыйжасында 28 айылдык башкаруунун ичинен 330 имарат жана курулуштар эч кимге тиешеси жок жана катталбагандыгы белгилүү болду. Долбоордун 8 айлык (2011-жылдын апрел-ноябрь) ишинин жыйынтыгында 2 айыл округунда муниципалдык менчик обьекттери 100% каттоодон өткөрүлдү жана 5 айыл округунда толук эмес (жарым-жартылай), ал эми 14 айыл округунда муниципалдык менчикти алдын ала регистрациялоо жүргүзүлдү.

Жергиликтүү кеңештер өзүн-өзү башкаруунун башчыларынын ишин көзөмөлгө алып, текшерип туруусу зарыл. Эгер айыл өкмөтүндө манилүү укуктук документтер жок болсо жана инвентаризазия жүргүзүлбөсө анда коррупцияга жол ачылат. Карапайым калк эмнеге ээлик кылуу керек экендигин билбейт.

Текшерүүнүн жүрүшүндө тиешелүү аймактарда жашаган айылдыктар өздөрүндө эмнелер бар экендигин тактап, кайсыл жерде мектеп, поликлиника, бала бакчалар, парк зонасы жана клуб жайгашкан жерлердин эсебин алышты. Ошону менен бирге аларды негизги жана кошумча деп бөлүштү. Себеби, биринчи кезекте мектеп жана бала бакчаларды камсыз кылуу үчүн жергиликтүү бюджеттен финансылоо зарыл экендигин белгиледи. Ал эми кошумча обьекттерде, мисалы, спорттук мекемелерде, аларда каражат табуу үчүн булактар бар экендиги маалым. (Мисалы: акча төлөнүүчү секциянын иштеши, ошондой эле бош кааналарды арендага берүү ж.б.). Ал эми кафе, магазин жана турак үйлөргө кайрылсак, алар жергиликтүү казынага киреше алып келүүгө милдеттүү. Классификация жана рейестрди жергиликтүү парламентарийлер жүргүзөт. Долбоордун башталышында 26 муниципалитеттин ичинен 2 гана айылдык башкаруу өзүнүн документтерин жергиликтүү мыйзам чыгаруучу органга берген болсо, долбоордун аягында алардын саны 24кө жеткен. Текшерүүдө Жалал-Абад областынын Мады айылдык округу үлгүлүү деп табылган. Бул жерде акыркы жылдарда жер тилкесин сатуу боюнча 30га жакын аукцион өткөрүлгөн жана анын эсебинен жергиликтүү бюджетке киреше кирген. Аукциондордун ачык-айкын, адилеттүү жана сапаттуу өтүшүндө парламентарийлер жооптуу болот.

Ош областынын Көк-Жар айылдык аймагы 2009-жылдан азыркы күнгө чейин муниципалдык жерлерге ачык соода жүргүзүп, 703 400 сом өлчөмүндө киреше алган. [3]

Жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилген нормативдик-укуктук актылар чоң маниге ээ. Колунда тиешелүү документи жок болсо айылдык муниципалитеттер мүлктү сатууга, арендага берүүгө жана убактылуу пайдалануу берүүгө укугу жок болот. Долбоордун кызматкерлери тарабынан иликтөөдө айылдык аймактар тартип бузгандыгы жана муниципалдык менчиктеги обьекттерди парламентарийдин макулдугу жок эле сатып, жергиликтүү деңгээлдеги коррупцияга аралашып кеткендиги маалым болду.

Айылдык муниципалитеттерде кирешени алуу жана топтоо бардык айыл аймактарынын жалпы проблемасы. Тилекке каршы, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары өзүнүн менчигин эффективдүү башкара албайт. Жерлердин бир бөлүгүн кызматкерлер эч кандай конкурсу жок эле тааныштарына жана туугандарына берип жиберет.

Экинчи жагынан алганда, ачык соода болгону менен конкурстук тандоонун тартиби сакталбаган учурлар кездешет. Мына ушинтип коррупциянын механизмдери пайда болот.

Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу системасында муниципалдык жерлерди башкаруу дагы деле болсо бир топ орчундуу маселе бойдон калууда.

Госрегистрдин берген маалыматы менен салыштырганда Жалал-Абад областынын Ноокен районунда баштапкы мезгилде 29 обьект болсо, текшерүүдөн кийин кошумча 120 обьект муниципалдык менчикке тиешелүү экендиги аныкталган.

Журналистер менен болгон жолугушууда Өнүгүү саясаты институту пилоттук аймак деп төмөнкүлөрдү белгилешти: Ош областынын Ноокат районунун Көк-Жар, Араванда Тепе-Коргон жана Жалал-Абад областынын Сузак районуна караштуу Ырыс айылдык башкаруулары иш кагаздары сапаттуу иштелип, алдыга коюлган иштер тура чечилген деп бааланган. Ошондой эле өлкөнүн Түндүк тарабында Беловодский айыл өкмөтү алдыңкы орунду ээлейт.

Үстүбүздөгү 2012-жылы Кыргызстанда жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жүрүүдө. Жергиликтүү мыйзам чыгаруучу бийлик органдарына билимдүү адамдар келип, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн текшерүүнү өз колуна алса жакшы болмок. Мурдагы адат боюнча мектеп директорлору менен поликлиниканын

башчылары эмес, чыныгы иштин көзүн билген, эл үчүн кызмат кылган талапкерлер депутаттык орундарды ээлесе талапка ылайык болот.

Кыргыз Ресбупубликасынын финансы министри А.Жапаров «Эркин-Тоо» газетасына эки деңгээлдүү бюджет боюнча маалымат берген. Анда финансы каражаттарын борборлоштуруунун терс жактары жана эки деңгээлдеги бюджеттин ишке ашырылышы жөнүндө айтып өткөн.

Бюджеттер аралык мамилелердин жаңы системасына – бул тарыхый окуя, ал финансы мамилелериндеги прогрессивдүү кадам болуп саналат жана экономикалык өнүгүүгө олуттуу таасирин тийгизет. Жергиликтүү бийликке жетиштүү укук бериш керек, булл демократиялык өнүктүрүүнүн жолундагы негизги кадам деп көп жылдан бери айтып келебиз. Башкарууну децентрализациялоо деген уран менен далай жылдар өтсө дагы, азыркыга чейин иш ордунан жылган жок. Анткени, ошол берилген укук толук эмес болупфинансы маселеси чечилбей келген.

Финансы каражаттары борборго топтолуп, андан кийин жер-жерлерге таратылып келгенине байланыштуу бардык маселе борбордо чечилет деген стереотип пайда болгон. Жергиликтүү бийлик эч нерсе чече албайт деп чоң маселеби, же майдабы аны карабай Бишкекке арыз менен кайрылышкан. Бул илгерки Советтер Союзу мезгилиндеги союздук республикалардын укугу чектелип, бардык маселе Москвадан чечилип турган сыяктуу эле көрүнүш болгон. Натыйжада, мындай тоталитардык бийликтин бизге кереги жок деп каршылык көрсөткөндөр улам топтоло беришкен. Акырында, эч качан урабачудай, түбөлүктүү мамлекет болуп көрүнгөн СССР кыйрап калды.

Ушундай тарыхый тажрыйбанын негизинде биз мамлекетибиздин пайдубалын бардык күч-кубатыбызды жумшап чыңдоого, бекемдөөгө тийишпиз. Маселени жер-жерлерде дароо чечүү зарыл.

Бюджеттер аралык мамилелердин жаңы системасына өтүү жергиликтүү органдардын өз алдынчалуулугун күчөтүү максатында болуп жатат.

Бул мамилелер төмөнкү талаптарга жооп берүүгө тийиш:

- лкөнүн аймактык бүтүндүгүн бекемдөө;
- арандык коомду өнүктүрүү үчүн шарт түзүү;
- элдин жашоо деңгээлин жогорулатуу;
- туруктуу экономикалык өнүгүүнү камсыз кылуу;
- аймактык өзгөчөлүктөрдү эсепке алуу.

Өлкөнүн аймактык бүтүндүгүн бекемдөө биринчи кезекте конкреттүү түрдө ар бир айылда чечилет. Өзгөчө чек арага жакын жайгашкан айылдар үчүн бул маселе абдан актуалдуу. Мындан тышкары ар бир айылдагы элдин башка мамлекеттерге миграция болуп кетип жатканы, кээ бир айылдар аңгырап бош калганы да биз үчүн коркунучтуу тенденция болуп жатат.

Ар бир айылда жарандык коомду өнүктүрүү зарыл. Жарандык коом бизге Европадан же Америкадан келген жок. Биз ата-бабаларыбыз билген, улууну урматтаган, кичүүнү ызаатаган, салты бар, наркы бар, элди баштаган журт атасы, акылман карыялары бар коомду өнүктүрүүгө тийишпиз. Бары биригип, ынтымакка кекеле турган коом түзүү керек.

Айыл аймактарынын башчылары ушундай коомду түзүү үчүн жанды үрөп аракет жасоо керек. Азыр заман өзгөрүп кандай гана нерселер болгон жок: кылмыштуулук күчөп жатат, аракечтик, баңгилик жана башкалар. Кыргыз деген аты бар да заты жоктор, ата-бабаларыбыздын салтын сыйлабагандар, тилибизди, дилибизди, динибизди сыйлабагандар, башка динге өтүп кеткендер, кыскасы, журт бузарлар көбөйүп бара жатат. Ошондой терс тенденциялардын бардыгына бөгөт коюп, элибизди сактап кала турган элдин уюткусу ар бир айылда болуу керек.

Ушул маселелерди чечүүгө шарт жакшырды. Ар бир айылдын башкаруу органдарына ыйгарым укуктар, финансы ресурстары берилди. Ден-соолук, тартип жана башка маселелрди жергиликтүү органдар өз алдынча чечүүгө шарт түзүп, милициянын участкалык инспектору, участкалык врач, ветеринар штаттык бирдиктери киргизилип жатат.

Жергиликтүү бийлик бул укутар менен ресурстарды туура пайдалана алса, анда анын жетекчисин калкыбыз кадырлап-барктап, журт атасы деп айтышат.

«Ааламга жол айылдан башталат» дегендей нукура элдик салттарды азыркы замандын талабына айкалыштыруу боюнча жаңы демилгелер, жакшы жөрөлгөлөр айылдан башталыш керек.

Жергиликтүү бийликтин негизги милдети – элдин жашоо деңгээлин жогорулатуу. Бул үчүн зарыл шарттар түзүлүп, жергиликтүү бюджеттеги каражаттар жылдан-жылга көбөйөт. 2012-жылга жергиликтүү бюджеттеги каражаттар 22,5 млрд. сомго жетип, былтыркы жылга караганда 1,8 млрд. сомго өскөн.

Азыркы мезгилде көп айылдардын кирешеси абдан аз болуп жатат. 459 жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 276сы кедей, 92си орто жана 91и бай. Анын көп себептери бар. «Жакшы иштейин десең тапкан кирешеңди жогорку жактагылар алып кетип жатса» - деп жүргөн мезгил артта калмак болду. Эми жаңы дем менен, эл үчүн күйүп жанып иштээр мезгил келип жетти. Кедейлер чамдап иштесе орто жашагандарга кошулат.

Финансы министрлигинин жер-жерлердеги аймактык финансы бөлүмдөрү жөнүндө өзгөчө айтуу зарыл. Финансы министрлигинин территориялык финансы жана казына бөлүмдөрү мурдагыдай эле министрликтин райондук деңгээлдеги өкүлчүлүктөрү катары эсептелет. Бюджеттин каражаттарын натыйжалуу пайдалануусуна көзөмөл күчтүү болот.

Бул жерде финансист жергиликтүү бийликке баш ийбесе, анда өз алдынча болбой калат го деген ой пайда болушу мүмкүн. Ошол финансист мыкты болсо, жергиликтүү каражаттар менен да, борбордон келген каражат менен да натыйжалуу иштей алат.

Элибиз бакубат жашоого тийиш. Улам барган сайын биз жакырчылыктан арылып, шаарларда, айылдарда береке-байлык болуп, бакубат жашоого жетишүүгө тийишпиз. Жергиликтүү бийликтер өз укугун жана ресурстарын толук пайдаланып, элибиздин бакубат жашоосуна жеткиликтүү шарт түзүүгө тийиш.

Азыркы күндө дагы билими начар жана тажрыйбасыз адистер жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарында иштөөдө. Мындай кемчиликтерге жол бербөө үчүн айыл өкмөт башчыларын шайлоону элдин жана мамлекеттик органдардын текшерүүсү менен конкурстук негизде өткөрүү максатка ылайыктуу деп эсептеймин. Мисалы: жетекчиликке кандидаттар айыл округунун, шаарлардын, тиешелүү аймактарындагы айылдык жыйындарда көрсөтүлүп, көрсөтүлгөн кадрлардын профессионалдык деңгээли мамлекеттик орган тарабынан тескөөдөн өтүп, жергиликтүү кеңештерге сунушталса, жогорудагы кемчиликтер кескин кыскарышы мүмкүн.

Адабияттар

1. Канаева И.Б. Развитие аграрного сектора в условиях реорганизации государственного местного самоуправления в Кыргызской Республике. – Б., 2007.
2. Галина Лунева. Вернем МСУ автономию. //Слово Кыргызстана 2011. № 15.
3. «Слово Кыргызстана» 2011. № 35. Галина Лунева «Падает авторитет МСУ».
4. Жапаров А. Эки деңгээлдүү бюджет – демократияга карай чечкиндүү кадам. Эркин-Тоо 20012 13-март. №12.
5. Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын токтому. Эркин-Тоо 2012 3-апрель. № 6

УДК:94/99:656.4

Р. Зулпуева., Н. Турдахунова, ОГПИ

Эгемендүүлүк жылдарындагы Ош областындагы транспорт тармагынын өнүгүү тарыхы

Бул макалада Ош областынын эгемендүүлүк жылдырындагы транспорт тармагынын өнүгүү тарыхы боюнча баяндалат.

В данной статье рассматривается история развития отраслевого транспорта в независимые годы Ошской области.

Азыркы Ош областынын аймагында мурда кербен жолдор менен мал айдалуучу жолдор гана болгон. Алар мал чарбасы менен кесиптенген кыргыз элинин турмушунда маанилүү роль ойногон. Кыргыз жергеси Россия империясынын курамына кошулгандан кийин гана араба жолдор салынып,эски жолдор оңдоло баштаган. Ал эми XX кылымдын башында алгачкы темир жол тармагы пайда болгон. Мунун баары соода-экономикалык байланыштардын ички, транзиттик жана сырткы соода байланыштарынын кеңейишине, почта катнашынынын жанданышына көмөк берген.

Ошту Анжиян, Анжиянды Жалал-Абад жана Өзгөн менен байланыштыруучу почта-соода жолунун экономикалык мааниси зор болгон. Бул жолдор андан ары уланып Фергана өрөөнүн Жети-Суу менен байланыштырган. Ош шаары транспорттук түйүн болуп, ага Гүлчө кыштагынан, Куршаб өрөөнүнөн Өзгөн кыштагы аркылуу жолдор келген. Ош уездин коңшу Маргалаң, Анжиян уездери менен байланыштырган жолдор Ошко келип такалган. Федченко темир жол станциясынан Русский кыштагы аркылуу Араванга жол кеткен. Ош –Памир (Хорог) жолу өзгөчө маанилүү болгон. Анжиян – Жалал-Абад жолу Коргон- Төбө жана Хан-Абад, Айым жана Сузак кыштактары аркылуу өткөн. Түштүк Кыргызстандагы ички жана сырткы соода катнашы Жаңы Маргалаңдан (1910-1924-жылдарда Скобелев, азыр Өзбек Респбликасынын Фергана шаары) Үч-Коргон кыштагына, андан Алтайга, Кара-Тегинге, Афганистанга кеткен жол аркылуу жүргүзүлгөн. Чыгыш Түркстанган (Кашкарга) жөнөгөн кербендер да Ош аркылуу өткөн. Оштон Гүлчө кыштагы аркылуу Сопу-Коргонго баруучу жол үч ашууну көздөй үч айрылып, Эркеч-Тамдан бириккен. X1X- XX кылымдардын башында орус солдаттары араба, кербен жолдорду, мал айдалуучу жолдорду кыргыздардын жардамы менен курган. Бирок жолдорду көзөмөлдөөчү туруктуу кызмат болгон эмес. Өз убагында оңдолбогондуктан жаңы жолдор бир нече жылдардан кийин жарабай калган. Анын үстүнө ашуулар жабылып калгандыктан кышкысын бул жол каттоого мүмкүн болгон эмес. Жалпысынан алганда революцияга чейинки Түштүк Кыргызстандын экономикасында транспорт тармагы эң артта калган тармак болуп эсептелген. Транспорт тармагы Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынан кийин гана өнүгө баштаган тармак болуп саналат. 1924-жылы Кыргызстанда жергиликтүү транспорттун башкармалыгы түзүлгөн. 1930-жылдары жол системасынын структуралык кайра түзүлүшү жергиликтүү ички жолдордун салынышына өтө чоң шарт түзгөн. 1933-37-жылдары ички жолдорду курууга 138,7 миң рубль бөлүнгөн. Бул дагы ошол мезгилдеги чоң каражат болгон. 1931-1934-жылдары узундугу 728 км келген Ош-Хорог автомобиль жолу курулган.

Ош областынын бири-бирин кескин алмаштырган тоолуу өрөөндүү жер шартында автомобиль транспортун өнүктүрүү өзгөчө маниге ээ. Автомобиль транспорту катнашууга кыйын тоолуу жерлерди райондордун борборлору жана Ош шаары менен байланыштырат. Областтагы жүктөрдүн 97 пайызы, жүргүнчүлөрдүн 86 пайызы автомобиль транспорту менен ташылат. Араба-автомобиль жолдорун куруу 1930-жылдарда башталган. 1930-1940-жылдарды Ош-Хорог жолу узундугу 884,6 км, Ош-Кызыл-Коргон жолу узундугу 107 километр, Ош-Мырза-Аке, Сары-Таш-Кызыл-Суу,Кадамжай-Хайдаркен, Ош-Араван, Ош-Кызыл-Кыя, Кызыл-Суу-Эркеч-Там жана башка маанилүү автомобиль жолдору курулган. Алгачкы беш жылдыктардын мезгилинде жолдор жалпы элдик курулуш иретинде курулган.Ош областы боюнча 1938-жылы араба-автомобиль жолунун узундугу 4950 км.дей болгон. Жол курулушун уюштуруу, аны оңдоо жана пайдалануу иштерин Ош областынын жол бөлүмү жүргүзгөн.Бул бөлүм 1939-жылы уюштурулуп, ошол мезгилден баштап иштей баштаган. 1963-жылы уюмдун карамагында 10 райондук жол куруу жана эксплуатациялоо участкалары болгон.

1969-жылы январь айында Ош областынын жол бөлүмү автомобиль жолдорун эксплуатациялоо боюнча Түштүк Башкармасына айландырылган. Жүк ташуучу автотраспорт 1929-жылдан тартып иштей баштаган. Анда ГАЗ-АА маркасындагы жана АМО-3 маркасындагы 73 автомашина болгон. Бул автомашиналар Ош-Хорог автомобиль жолунун курулушун тейлеген. Бул жолдун курулушу Союздагы эң ири жана эң татаал автомобиль жолдорунун бири болгон. Бул жол менен коңшулаш Тажикстан элине азык-түлүк жана башка жүктөрдү ташуу планга коюлган. Мындан башка Тышкы соода Эл комиссариатынын, негизинен экспорттук жана импорттук жүктөрдү, ошондой эле Памирде жашаган калк үчүн товарларды ташыган 48 автомашинасы болгон. 1934-жылы Тышкы соода Эл комиссариатынын автотранспорт дирекциясы жоюлуп, анын базасында «Союзтранс» автотранспорт уюму уюшулган. Бул

уюмдун карамагында ГАЗ-АА жана АМО-3 маркасындагы 52 автомашинасы болгон. Ошол эле жылы «Союзтранс» автопаркы жүк көтөрүмдүүлүгү 3 тонна болгон ЗИС-5 маркасындагы 100 автомашина, ГАЗ –А маркасындагы 5 автобус жана 2 жеңил автомашина алган. 1934-жылы 16,5 миң тонна жүк ташылып, жүк ташуусу 3743 миң тонна км түзгөн жана 2,2 миң жүргүнчү ташылган. Мындан башка дагы областа 2 автоколонна уюштурулган.Алар: Тентек-Сайдагы ГАЗ-АА маркасындагы 13 автомобили бар № 1 пахта даярдоочу автоколонна, ошол эле маркадагы 21 автомобили бар №2 Кара-Суу эгин даярдоочу автоколонна.1936-жылдын башында «Союзтранс» дирекциясы жоюлуп, областтык автопарк 2 уюмга – Памир автотрестине жана Памир-жол башкармалыгына бөлүнгөн. №1 жана №2 автоколонналардын автопаркында 833 машина болгон. Ош шаарында жүк жана жүргүнчү ташуучу Түштүк автотрести уюштурулган. Бул автотрестте 50 жүк ташуучу автомашина жана 3 автобус иштеген жана жүргүнчүлөрдү тейлеген. Бул автотрест Түштүктөгү жападан жалгыз жүк жана жүргүнчү ташуучу ишкана болгондуктан эл чарбасынын өнүгүшүнө өзүнүн зор салымын кошкон. Автоколонналар аркылуу эгин,азык-түлүк,өнөр жай товарлары область аралык жана коңшулаш Республикаларга жеткирилип турган. Тажикстанга жүк жеткирүү жалгыз гана ушул автоколонна аркылуу жүргүзүлгөн.

Ош областында Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында бардык автортранспорттун көпчүлүгү фронтко жөнөтүлгөн. Согуш аяктагандан кийин Ош шаарында 32 автомобилден турган автобаза түзүлгөн. Согуштан кийнки жылдарда эл чарбасын калыбына келтирүү, өнөр жайынын өсүшү жана айыл чарбасындагы өнүгүү автотранспортко муктаждыкты күчөткөн.

Ушуга байланыштуу 1954-жылы Таш-Көмүрдө 50 автомашина, Лейлекте 30 автомашина, Кызыл-Кыяда 60 автомашина, Кара-Сууда 40, Ошто 50 автомашиналардан турган автобазалар түзүлгөн. 1955-жылы Кыргыз автомобиль транспорту жана шоссе жолдору министерствосунун Түштүк областар аралык трест уюштулулуп, 13 автобазаны бириктирген. Анда 5 жүк ташуучу,6 жүк жана жүргүнчүлөрдү ташуучу, 2 жүргүнчүлөрдү ташуучу автомашиналар болгон. 1957-жылы трест Ош жана Жалал-Абад областтарынын автотресттерине бөлүнгөн. Алар 1959-жылы областардын биригүүсүнө байланыштуу кайрадан бир трестке – Ош областтык автомобиль трестине бириктирилген. Ал 1969-жылдан Түштүк өндүрүш автомобиль трестине айландырылган. Ош-Хорог жолу аркылуу жүк ташууну Памир автомобиль транспорт өндүрүш бирикмеси ишке ашырган. Мындан тышкары ведомостволук авторанстпорт уюмдары- «Түштүксуу курулуш», «Кыргызтранспорт курулуш», «Ош агроөнөржай курулуш» жана башкалардын өзүнчө автобазалары иштеп келген. Мындан сырткары калктын миңдеген менчик автомобилдери болгон. Аларды тейлөө үчүн жер-жерлерде, райондун борборлорунда «автотехсервистер» уюштурулган. Алардын милдеттери калктын менчик автомобилдерин сапаттуу тейлөө болуп эсептелген.

Ош областынын автомобиль транспорту пахта, курулуш материалдарын, соода тармактары үчүн ар кандай товарларды айыл-чарба продуктыларын ташыган, гидротехникалык,гражданд ык, айыл-кыштак курулуштарын, кен чыгаруучу карьерлерди тейлейт. Түштүк өндүрүш автотрестинде бир нече миң автомашина иштеген. Эң алдыңкы автотресттердин бири Оштогу № 2902 автоколоннасы эсептелген. Бул автоколонна эл чарба жүктөрүн ташууда Ош-Хорог жолу аркылуу бир нече миң каттамдарды жасаган.

1984-жылга карата областтагы автомашиналардын 60 пайызы жүк ташуучу, 24 пайызы жүргүнчүлөрдү ташуучу автобус, 16 пайызы такси болгон. Алар 1985-жылга карата 30,3 миллион тонна жүк, 150,3 миллион жүргүнчүлөрдү ташыган. Ал эми Памир автотранспорт өндүрүш бирикмесинин автопаркы жалаң жүк ташуучу машиналардан турган. Алар онунчу беш жылдыкта 146 миллион тонна, он биринчи беш жылдыктын төртүнчү жылында 149,9 миллион тонна жүк ташыган. 1990-жылга чейин Түштүк автомобиль жол башкармалыгынын карамагындагы жолдордун узундугу 7180 км болгон. Алардын ичинен 528 км союздук,2165 км республикалык, 4487 км областтык маанидеги жолдор болгон.

Кыргыз мамлекетинде Ош областы социалдык-экономикалык жана саясий абалы боюнча маанилүү орунду ээлейт. Территориясы жагынан ири область болуу менен республикадагы калк эң жыш жайгашкан аймак болуп саналат.

- Ош областынын территориясы -29 миң кв. кмден көбүрөөк.
- Калкы – 1 млн 070 миң адам.
- Жыл сайын калктын өсүү темпи орточо -17 миң адам.
- Эмгекке жарамдуулар – 53 % тен ашык.
-Официалдуу каттоодон өткөн жумушсуздар -14187 адам.

Социалдык-экономикалык өнүгүүсү жагынан Ош областы салыштырмалуу орточо темпте жүрүп келет. Областын экономикасынын көпчүлүк бөлүгүн агрардык сектор түзөт. Областын республика боюнча ички дүң (валовой) продукцияны (ВВП) өндүрүүдө областын үлүшү 2007-жылга карата- 9,8 % ти түзөт. Аймактык дүң продукция (ВРП) калктын жан башына орточо эсептегенде 48 %ти түзөт. Жер ресурстары айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгүнүн жогорулашына шарт түзөт. Бирок жерди рационалдуу жана эффективдүү иштеткендиктен өндүрүштүн өсүшү 3% жогорулабай жатат. Булардын себептеринин бири:

- Айыл чарбасында азыркы замандын талабына ылайык заманбап техникалардын жетишпегендиги
- Колдо бар айыл чарба транспортторунун 85% ти 18 жылдан ашык иштеген жараксыз техникалар.
- Алар менен жер иштеткенде түшүмдүүлүктүн жыйынтыгы өтө төмөн болууда. Областтын инфраструктурасынын өнүгүшүнө автожолдордун таасири өтө жогору болот. Автожолдор аркылуу эл чарбасына керектүү бардык буюмдар, товарлар, продукциялар ташылат. Областтагы автомобиль жолдорунун 58 %ы техникалык жактан талапка жооп бере албайт. Бул ички жолдорду оңдоо үчүн областын экономикалык абалы жетишсиз. Бюджеттик тартыштыктан улам областык маанидеги ички жолдор союз мезгилинен бери оңдоло элек. Бул тармак боюнча областтык финансы структурасы чет элдик инвестицияларды тартууну пландаштырууда.

-Аймактык дүң продукциянын (ВРП) көлөмү боюнча инфраструктуранын секторун өнүктүрүүгө – 7,8 % каралат.

- Мамлекеттик жана муницпиалдык менчиктик сектордун үлүшү 90% түзөт.
- Область боюнча автомобиль жолдорунун узундугу -6118,2 км түзөт.
- Анын ичинен: - эл аралык маанидеги автомобиль жолдору -777 км.
- Мамлекеттик маанидеги автожолдор – 405 км.
- Жергиликтүү маанидеги автожолдор – 1199,2 км.
- Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун балансында турган жолдор- 3337 км.
- Бардык автомобиль жолдорунун – 58 % и азыркы талапка жооп бербейт.Областта

бардык транспорт байланыштары автомобиль жолдору аркылуу жүргүзүлөт. Автомобиль жолдору Кыргызстан, анын ичинде область үчүн өтө чечүүчү ролду ойноо менен айрым мезгилдерде коммуникациядагы жападан-жалгыз байланыш болуп саналат. XIX кылымдын аягына чейин Кыргызстан анын ичинде Ош областы четки артта калган жолсуз аймак болгон. Алгачкы шагыл төгүлгөн жолдор XX кылымдын башында пайда болгону белгилүү. Революцияга чейин Кыргызстанда 3 гана почта байланыш жолу болгон. Алар: Бишкек- Кара-Кол, Нарын-Кара-Кол, Ташкент-Бишкек-Верный.

1965-жылы бийик тоолуу автотрасса Бишкек-Ош жолу пайдаланууга берилген. Анын узундугу 200км да турган.Ал республиканын Түндүгү менен Түштүгүн жана Талас менен Суусамыр өрөөндөрүн бириктирген.

Айрым энтамга белгилери маани-маьызы жагынан өзгөчө маанидеги окуяларда, түзүлгөн жагдайларга, шарттарга карата пайдаланылган. Кээ бир булактарда сакралдуу белгилер болгондугу чагылдырылат. Бул өзгөчө сакралдуу белги - тамганын документтеги (келишим, макулдашуу ж.б. маанидеги документтер) коюлган уруунун (уруктун) энтамгасына жанаша бекитилип, бул процесс диний-ритуалдык ырым-жырымдар, каада-салттар менен коштолгон. Кыргыздарга түпкү чыгыш теги өтө жакындыгы аныкталып жаткан сары уйгурларда (сарыг югур ≈ сары угур) Ас тамга, Йаг тамга, Суґ тамга ж.б.у.с. энтамгалар шамандардын кудайларын аныктары маалым. Мисалы, Тамга хан - "шаман кудайы", "жарык берүүчү, жашоо ыйгаруучу хан, аким, башкаруучу" дегенди туюнтат (8:111). Белгилей кетчү маселе, сары югурлардын бир бөлүгү байыркы шаман динин бүгүнкү күнү да тутунуп келишери маалым. Энтамга белгилери коомдо, күнүмдүк жашоодо көп кырдуу функцияны аткарган. Тувалар уруунун энтамга чегилген койдун же кара малдын чүкө сөөгөн үйүрдү жетектеген серкенин, кочкордун мойнуна атайын тагып коюшчу. Төрт түлүк элери энтамга малды ар кандай кокустуктан, ооруудан сактоочу касиети бар деп ишенишкен. Тува санжырачылары малга күйгүзүп эн салуу салты соґку учурларда эле пайда болгондугун эскеришет [9:69]. Бул маалыматтан энтамганын магиялык сактоочу функцияны аткарганын байкоого болот. Бул маселени тувалардын ичинде болгонубузда да байкадык.

Кийинки категориядагы белгилерге кызматтык же "касталык белгилер" кирген. Бул энтамгалар көп кырдуу формаларда кездешип, эң байыркысы "жрец белгиси" - шаман тамгасы болгон жана ал бүгүнкү Чыгыш Сибирдин элдеринде кенен таралганын байкоого болот [6:6]. Маселен, байыркы скифтерге таандык таштарга чегерилген айрым фрагменталдуу белгилер аскер куралдарын же кол өнөрчүлүк буюмдардын элестерин гана туюнтпастан, символикалык (диний жана мистикалык) белгилерди да аныктайт. Ошондуктан, айрым энтамга белгилеринин сырын аңдап түшүнүү жөнөкөй эле сүрөттүк белгиден символго карай өткөөл доорду, туура баамдаганда символдон тамгага өнүүп чыкчу тепкичти чагылдырары калетсиз [2: 67].

Энтамга белгилеринин табылып жаткан ареалы абдан кенен. Кытай жыл баяндарында чагылдырылган, бүгүнкү Хакас-Минусин ойдуґунан, Тува, Тоолуу Алтай, Монголия, Кыргызстан, Крым жарым аралы, Венгриянын ж.б. жерлерден табылган аска, таш беттерине чегерилген белгилер, археологиялык казуулардан соң табылган маалыматтар далил боло алары анык. Кыргыз археологдорунун Кочкор өрөөнүнүн жана Алай жергесинен тапкан байыркы кыргыз жазуу эстеликтериндеги эн тамгалар да далил боло алат (караңыз: К.Ш. Табалдиев., .А. Солтобаев. Рунические надписи Кочкорской долины. Известия НАН КР.-№1-2.-С.68-73). Айрым изилдөөчүлөрдүн соңку учурдагы иликтөөлөрүндө алардын башатында геометриялык фигуралар (тегерек, төрт бурч, өү бурч ж.б.) же пиктограммалар (нерселердин элестери) жатары айтылат (Ольовский., Яценко 2000, 295). Ошондуктан, татаал эмес энтамга белгилердин көплчүлүгүнүн графемалары бир эле учурда пайда болуп, бир нече аймактык, маданий жана хронологиялык жактан байланышпаган социумдарда эмес, социалдык-экономикалык жана экологиялык окшош шарттарда тараган (аталган эмгек, 295-296 бб).

Кыргыз энтамгалары жазма маалыматтарда алгач ирет кытай жыл баяндарында VII к. тартып эскериле баштайт. Тан династиясынын (VII-X кк.) императордук расмий сарай

тарыхчысы Су Мяню, мамлекеттик маанилүү чиновник Ян Шао Фу, ошондой эле Ван Пу жетектеген атайын комиссиялар б.з. 618-804, 804-852 жана 853-907 жж. Кытайга (Тан династиясына) кошуна жашаган көчмөн элдер жана алардын жылкылары, жылкылардын таза кандуулугу, породасы (асылдуулугу) жөнүндөгү маалыматтарды топтошкон, кагаз беттерине түшүрүшкөн. “Танхуйяо” деп аталган бул атайын маалымат жыйнакта көчмөн элдер жөнүндө өтө баалуу маалыматтарды камтыган жана 961-жылы толук иштелип, редакцияланып чыккан (караңыз: Зуев Ю.А. “Тамги лошадей… -С. 93-135) Эскерте кетчү маселе, байыртадан (б.з.ч. III - б.з. III кк., Хан династиясынын доорунан бери) кытай династиялары жана алардын тарыхнаамачылары жашаган аймагы маалым болгон, ыраак жайгашкан урууларды, элдерди, мамлекеттерди (мисалы, Рим империясы, Сасанийлик Иран, кыргыздар, түрктөр, готтор ж.б.) өздөрүнө «салык төлөөчүлөр» катары эсептөөсү кадыресе салт болуп келген.

Энтамга белгилери боюнча Тан империясынын аскердик жана чарбалык керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн зарыл болгон жылкылардын кайсыл элге, урууга таандык экендигин, жылкы тукумунун сапатына ж.б. өзгөчөлүктөрүнө карата атайын адистер баа беришкен. Аталган тарыхый булакта “цзе-гулардын” (кыргыздар) жылкылары гу-ли-гандардын (курыкандар) жылкылары менен асылдыгы (породасы) окшош келери баяндалат, кыргыздардын эн тамгасы

формаларда экендиги баяндалат [10:134]. Курыкандар (кытайча - гу-ли-ган) азыркы Байкал көлүнө жамааташ аймактарды мекендешип, кыргыздарга көз каранды абалда болушкандыгын кытай жыл баяндары, чыгыш мусулман булактары да (“Худуд ал-алам”) чагылдырары маалым. Айрым иликтөөчүлөрдүн пикирлеринде тувалардын курамындагы “кыргыс” уруктарынын энтамгаларынын руникалык жана аска таш беттериндеги тамгалар менен генетикалык жалпылыгы бар экендиги байкалат [11:78-79]. Белгилей кетчү маселе, кытай жылбаяндары чагылдырган энтамгалар жана анын вариациялары бүгүнкү кыргыз урууларынын энтамгаларында сакталып келери илимий негиздүү чындык. Кытай жыл баяндарындагы чагылдырылган кыргыз энтамгалары менен хакастардын курамындагы “хыргыс” уруктарынын (сөөктөрүнүн), тувалардагы-“кыргыс”, башкырлардагы -“кыргыз” уруктарынын энтамгалары менен этногенетикалык жалпылыктары аныкталды (соґку бетти карап, салыштырыґыз:)



1. VII-X кк. Тан династиясынын жыл баяндарында эскерилген кыргыз энтамгасы (Танхуйяо, Т. Ш, Цзюань, стр. 1305-1308)

2. Кыргыздын азык (бай күчүк), кушчу урууларынын энтамга белгилери

3.Хакастардагы «хыргыс» уруусунун (сөөгүнүн) энтамга белгилери

4.Тувалардын курамындагы «кыргыз» уруусунун энтамга белгиси

5.Башкырлардын курамындагы «кыргыз» уруусунун энтамгасы

6.Жалпы кыргыз энтамга белгиси (Н.Г.Маллицкийдин маалыматы боюнча. Х1Х к.)

7.Минуса ойдуґунан (Хакасия) табылган кыргыздарга таандык идиштердеги энтамгалар

Кыргыз энтамгалары жөнүндө азыркы Тува аймагындагы кыргыздарга таандык рун сымал жазуу эстеликтеринде да маалымат берилет:“...Эр атым Йол Апа бен (мен)... Ашнук(ы) атларым эшинтим. Бага бен (мен) эр. Алты йүз (жүз) тамка ат...”Хемчик дарыясы, Чыргакы: Е.41, М-34 (Памятники древнетюркской письменности Тувы, -Вып. I-III, 14-15).

Энтамгалар жөнүндө араб графикалуу булактарда да маалыматтар кездешет. Махмуд Кашгари “Дивани лугатит түрктө” (XI к) огуз уруулары жөнүндө төмөндөгүдөй жазат:“...огуздар – түрктөрдүн бир уруусу (кабиласи). Алар түркмөндөр. Алар 22 уруудан куралышкан. Ар бир уруктун (уруу) кескин айырмаланган белгилери - энтамгалары бар. Бул белгилер боюнча төрт түлүк малды айрымалашып, ээсин ушул белгилерге карата таанып билишет [12:89]. Автор ушул эле эмгегинде огуз-түркмөн урууларынын энтамгаларынын элестери түшүрүлгөн баалуу маалыматты берет. Фарси тарыхчысы Рашид ад-Дин “Жами ат-Таварихте” (“Тарыхтар жыйнагы”) огуз-түркмөн уруулары жана алардын генеалогиясы, энтамга белгилери, сыйынуучу онгону, жалпы жыйында таратылуучу ритуалдык буканын жилик-мүчөлөрү жөнүндө өтө баалуу маалыматты берет [13:88-90]. Рашид ад-Дин (XIV к.) легендарлуу Огуз-каган жана анын мураскорлорунун тушундагы менчик жана энтамга белгилери жөнүндө төмөнкү маалыматты жазган: “Огуз-кагандын айткан осуяты менен такка олтурган Күн-хан Игит Иркыл Кожонун кеңеши менен мамлекеттик башкарууда (башкаруу системасында) реформалар жүргүздү. Иркыл Кожо “атаңар көз жумгандан соң, силерден (алты уулдан) төрттөн ай мончок наристелер төрөлдү; кийинчерээк алар бой жеткен чакта чоң атасы жыйнаган мал-мүлктү, эл-жерди талаш-тартыш кыла башташат; ошондуктан, ар биринин аты, теги, урааны өз алдынча жазылып, ар кимисине буйрукту, казына байлыгын, төрт түлүк малын ажырата таануу үчүн белги же энтамга ыйгарылсын; мамлекеттин бирдигин жана аны бекемдөө үчүн ушул иштер аткарылды” - деп айтты [14: 1935, 36-37]. Огуз энтамгалары Абул Гази Бахадур хандын (XVI к), Языджы оглы (XIX к), Г.И.Карпов (XX к) ж.б. эмгектеринде кездешери маалым.

ТIрк-монгол тилдүү элдердин уруулук энтамгалары боюнча Н.А.Аристов, В.В.Радлов, Д.Н. Соколов, В.В. Бартольд Р.Г. Кузеев, Р. Керейтов, Н.А. Баскаков, Г.Н. Лебедева, С.И. Вайнштейн, В.Я. Бутанаев, С. Аттокуров ж.б. эмгектерин белгилей кетүү зарыл. Н.А. Аристовдун эмгектеринде тамгаларды иликтеп үйрөнүү методикасы (усулу) боюнча үлкөн прогресс ишке ашырылган (Симченко 1965,11). Автор энтамга белгилерин өтө кунт коюу менен изилдеп, жеке менчик жана уруулук (урук) энтамгалардын айрымачылыктарын аныктаган. Ал эми көп адамдан турган уруктан (топтон) жеке менчик үй-бүлө бөлүнүп чыккандан соң, энтамгалардын формаларындагы айрым өзгөрүүлөр келип чыгарын белгилөө менен жазат (4: 1894, -Вып. III-IV.-С. 284-286).

Н.А. Аристов түрк урууларынын энтамгалары эң алгач уруулук кудайды же сактоочуну (покровитель рода, племени) түшүндүрөрүн белгилейт. Коомдук-социалдык мамилелердин алга карай жылышы менен тамга жөнөкөй менчикти аныктаган энтамгага айланган деген пикирин айткан (4:1894,-Вып. III-IV, 286). Түрколог Г.Рамстедт тарабынан кагаз бетине түшүрүлүп алынган байыркы кыргыздарга таандык Сужа жазуусунда (Монголиянын аймагы, VIII-IX кк.) бүркүт же жоруну туюнткан жырткыч куштун элеси бар.

Соґку маанилүү маселе, энтамга белгилеринин кайдан чыккандыгын тактоодо турат. Бул маселеде чыгыштаануучу Н.А.Аристов байыркы рун сымал алфавиттер түрк энтамгаларынын негизинде калыптанган деген эң алгачкы гипотезаны айткан. Ал байыркы рун сымал жазуулардагы отуз сегиз алфавиттин жыйырма тогузунун түрк урууларынын (элдеринин) энтамгалары менен окшош экендигин жазат [15:83-86]. Арийне, бул жүйөлүү илимий пикир басмадан жарык көргөн эмес. Чыгыш таануучу Н.Г.Маллицкий бул маселени кайрадан көтөрүп чыгып, илимий макала катары жарыялаганы белгилүү. Автор казак

энтамгаларын байыркы алфавитке салыштырып чыккан. Бирок, изилдөөчүнүн салыштыруусу колдогу маалыматтардын жетишсиздигинен улам ийгиликсиз болуп калган [15:85-86]. П. Мелиоранский Н.А. Аристовдун көз карашына макул болбогону менен, энтамага белгилеринин айрымдары Орхон-Энесай алфавитинин негизи болуп калган деген оюн айткан. Бул пикир соңку мезгилде С.В. Киселев тарабынан сынга алынганы менен жүйөлүү кызыгууну жаратат. Анткени, рун сымал алфавиттин жарымына жакынын чыгыш теги арамей жазуусунун алфавитине эмес, Борбордук Азиянын аймактарына таандык деген О. Доннер жана В. Томсендердин пикирин колдойт (Каратаев О.К. Уруулук энтамгалардын этникалык тарыхты иликтөөдөгү ролүүү Вестник КГНУ.Общественные науки.-Бишкек, 1999.-Ч.II, 87-94; 2004, 2005). Мындан сырткары, С.В. Киселев жазуунун келип чыгышында сырткы жана ички факторлор бирдей маниге ээ экендигине токтолот. “Жазууга чейинки” белгилердин (тамгалар) Орхон-Энесай алфавиттери менен өтө окшоштугу аларды генетикалык жактан бир катарга койот. Орхон жазуусунун келип чыгышында ички жана сырткы факторлор бирдей [16:285]. Евразиянын байыркы коомдору жашаган шартта сабаттуулук жана жазуу өнөрү социалдык теги жогорку катмарларга таандык болгон, ал эми энтамга белгилерин коомдун бардык мүчөлөрү пайдалануу акылуу болушкан; бул шарттар маалыматтарды сактоонун белгилик (жазууга чейинки белгилер) системасынын “сакталып” туруусун камсыз кылган; белгилик жана алфавиттик системанын бир мезгилде жашап туруусунун шарттарында энтамга жана алфавиттин өз ара бирин-бири толукташы чындыкка жакын (Ольховский., Яценко, 2000,296). Казак изилдөөчүсү А. Аманжолов энтамгаларды идеограмма жана логограмма катары карайт. Эгер бул пикирдин төгүн эместиги аныкталса, анда Орхон-Энесайдагы рун жазууларынын башатында арамей жазуусу жана анын кечки модификациясы эмес, өтө байыркы логографиялык-уңгу жазуусу жатат [15:86]. Демек, Орхон-Энесай чөлкөмдөрүндөгү энтамгалардын башаты Түштүк Сибирдин этностук-маданий чөйрөсүнө таандык деген тыянакка келсек болчудай. О. Доннер жана В. Томсендердин илимий тыянактарына сересеп салсак, Орхон-Энесай жазууларындагы алфавиттин басымдуу бөлүгү энтамгалардан келип чыккан деген Н.А. Аристовдун айткан пикири илимий негиздүү деген тыянакка келүүгө болот (4:1894, -Вып. III-IV, 284-286). Анткени, биздин салыштыруу изилдөөлөрүбүздө кыргыз энтамгаларынын басымдуу бөлүгү Орхон-Энесай жазууларындагы алфавиттерге өтө окшош, теги жалпы экендиги аныкталды.

Адабияттар:

1. Атаниязов С.Словарь туркменских этнонимов. -Ашхабад, «Гылым», 1988. -180 с.
2. Вайнберг Б.И.,Новгородова Э.А. Заметки о знаках и тамгах Монголии //История и культура народов Средней Азии (древность и средневековье). -М.: «Наука», 1976. - С.66-74.
3. Ольховский В.С., Яценко С.А. О знаках тамгах из святилища Байте III на Устюрте. Археология, палеоэкология и палеодемо-графия Евразии. -М.: «Геос», 2000, -С. 293-314.
4 Аристов Н.А. Опыт выяснения этнического состава киргиз- казаков Большой Орды и кара киргизов на основании родословных сказаний и сведений... «Живая старина». -Вып.III-IV. Спб.:1894. – 346 с.
5. Радлов В.В. Из Сибири. Страницы дневника. -М., 1989.-749 с.
6. Симченко Ю.Б. Тамги народов Сибири XVII века. -М., 1965. -230 с.
7. Г.В. Длужневская. Памятники енисейских кыргызов в Туве (IX-XII вв.)// Автореф. дисс. ... канд. ист. наук. 07.00.06 — археология. Л.: 1985. 17 с.
8. Малов С.Е Язык желтых уйгуров. -Алма-Ата, «Гылым», 1957.-196 с.
9. Симаков Г.Н. Киргизские народные игры//Новое в этнографии и археологии. -М.: «Наука», 1975. - С. 44-55.
10. Зуев Ю.А. Тамги лошадей у вассальных княжеств//Новые материалы по древней и средневековой истории Казахстана. Труды ИИАЭ АН Каз.ССР. - Алма-Ата, 1960. - С. 94-40.
11. Вайнштейн С.И. История народного искусства Тувы. -М.:«Наука», 1973. - 222 с.
13. Рашид ад-Дин. Сборник летописей. Т.I. Кн.I. -М., 1952. -145 с.
14. Бернштам А.Н. Историческая правда в легенде об Огуз-кагане// СЭ. 1956. -№6. -С.181-184.
15 Кузеев Р.Г. Происхождение башкирского народа. М.:«Наука», 1974.
16. С.В. Киселев. Древняя история Южной Сибири.// МИА № 9. М.-Л. 1949, 364 с.

УДК: 950:800:372

Т. Кененсариев, ББА

Мустафа Чокай уулу жана Кокон автономиясы

Кокон автономиясында Мустафа Чокайдын таасирдүү инсандардын бири болгон. Ал эми макалада анын ишмердүүлүгү каралган.

Мустафа Чокай был влиятельным человеком в кокандском автономии. В статье рассматриваеться деятельность Мустафа Чокай.

Азыркы учурда улутубуздун өткөн тарыхын изилдөөнүн, айрыкча Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн 20 жылдыгына карата азаттык идеяларынын жана күрөштөрүнүн тарыхый чындыгын иликтөөнүн актуалдуулугу жогорулоодо. Мындан 100 жыл мурдараак эле түркстандыктардын азат мамлекет курууга болгон алгачкы аракеттеринин көрүнүктүү окуяларынын бири Түркстан же Кокон автономиясын түзүү болгон. Россия падышачылыгынан жаңы гана кутулган түркстандыктардын бул алгачкы улуттук-мамлекеттүүлүгүн түптөө ошол мезгилдеги жергиликтүү интеллигенциянын алдыңкы демократиялык катмарынан чыккан чыгаан инсандардын бири казак элинин көрүнүктүү уулу Мустафа Чокаевдин ысмына байланышкан. Ошол себептүү бул баяндамада М.Чокаевдин Кокон автономиясын түзүүдөгү ишмердигине учкай да болсо токтолуп кетмекпис.

Мустафа Чокаев (1890-1941) 1890-жылдын 7-январында Ак-Мечит (Кызыл-Ордо) уездинин Олуя-Тарангыл (Сулуу төбө) деген айылында кыпчак уруусунун байгер чарбалуу үй-бүлөсүндө туулган. Анын чоң атасы Торгой Кокон хандыгынан “датка” наамына ээ болгон адам эле. Атасы Чокай (1836-1918) өз убагында болуш болуп, бий, сот катары элге таанылган. Мустафа жашынан тийешелүү билим алган, 8 жашында эле Анжыян-кыргыз көтөрүлүшү жөнүндө уккан. Бирок, Мустафанын мусулман фанаттык билим алуусунан чочулаган ата-энеси аны алгач үйдө сабатын жоюп, кийин Ташкенттеги орус гимназиясына киргизген. Гимназияда ал А.Ф.Керенский менен бирге окуган [22, 1-том, 512-б.].

Гимназиядан кийин Мустафа Санкт-Петербург университетинин юридикалык факультетине кирип, аны 1914-жылы ийгиликтүү аяктаган. Студенттик жылдарда эле саясий ишмердиги башталып, демократ жана агартуучу катары калыптана баштаган. Мустафа 1911-жылы чыга баштаган “Айкап” журналынын, 1913-жылдан баштап Оренбургда жарык көрө баштаган “Казак” гезитинин ишмердигине аралашып, ошол кездеги казак элинин чыгаан уулдары Э.Бөкөйханов, АБайтурсунов, М.Дулатов, М.Тынышбаев, бир туугандар Досмухамбетовдор менен кызматташтыкта болгон.

1917-жылкы Февраль революциясын М.Чокаев Петербургда тосуп алган. Ошол мезгилде ал эсер партиясына кирген. М.Чокаев Убактылуу Өкмөттүн ишине активдүү аралашып, Э.Бөкөйхановду Талаа крайына, М.Тынышбаевди Түркстан крайына комиссар кылып дайындоого көмөк көрсөткөн.

Февраль революциясы Түркстан элдерининин алдына эгемен мамлекет түзүү маселесин күн тартибине койгон. Аны чечүү максаты менен Ташкентте 14-мартта “Шуро-и Ислами” уюму [28], ал эми май-июнь айында “Уламалар жааматы” түзүлгөн [26]. “Шуро-и Ислами” уюму, европанын демократиялык жетишкендиктерине негизделген жадиддердин идеологиясын, жаңычыл руханий баалуулуктарды жактап, ошого ылайык мамлекеттүүлүктү орноткусу келсе, Уламалар жамааты ортодоксалдык исламдын улантуучулары катары шариаттын принциптеринен тайбай, европалык манерадагы билим берүү реформасына каршы турушкан жана Түркстанда диний мамлекет түзүүнү колдогон.

440 делегат катышкан “Шуро-и Ислами” уюмунун уюштуруусу менен чакырылган I Түркстан мусулмандарынын курултайы 1917-жылдын 16-23-апрелинде Ташкентте өткөн. Курултайда талаш маселелердин бири болочок мамлекетти башкаруунун формасы болгон. Делегаттардын басымдуу көпчүлүгү келечектеги Түркстан мамлекети демократиялык республика болуусу керек деген пикирде турганы менен, анын формасы унитардуубу, же федеративдүү болушу керекпи деген суроо талаш жараткан. Түркстан автономиялык мамлкеттик түзүлүшүнүн

башкаруу түрү да талашты жараткан. Ал жерге байланыштуу болуш керекпи, же маданий автономия болушу зарылбы деген пикирлер делегаттардын түрлүү көз караштарын пайда кылган [2, 17-б.].

Курултайга катышкан делегаттар 1917-жылдын 21-апрелинде Түркстан мусулмандарынын Борбордук кеңешин түзүп, аны "Түркстан улуттук борбору" (Түркрамус) деп аташкан. Бул Борбор "Шура-и Исламинин" аткаруу уюму болучу. Борбордун аткаруу комитетинин төрагалыгына, башкалардан жаш болгонуна карабастан, М.Чокай шайланган [7, 24-б.]. Бул топтун түпкү максаты жергиликтүү элдин турмушун европа маданиятынын негизинде реформалоо эле.

М.Чокаев Казакстандагы казак элинин саясий күрөштөрүнө да активдүү катышып турган. 1917-жылдын 21-28-июлунда Оренбург шаарында I жалпы казак курултайында катышып, Алаш партиясын уюштуруучулардын бири болгон [17, 302–303-бб.]. Ташкентте партиянын август айында өткөн регионалдык конференциясында казак автономиясынын түзүлүшүнүн салыштырмалуу радикалдуураак долбоору иштелип чыккан. Бүткүл казак улутунун басма сөз органы деп М.Чокай редакторлук кылган "Бирлик жуы" гезити аталган [27]. М.Чокай ошол кездеги саясий абал жөнүндө: "Биздин жолубузда эки тоскоолдук бар. Булардын бири биздин азаттыгыбыздын душмандары, ал эми экинчиси - өзүбүздүн артта калуубуз жана уюм түзүү ишинде тажрыйбабыздын жетишпегендиги. Бул эки тоскоолдуктун эң коркунучтуусу – экинчиси",- деп жазган [7, 24-25-бб.].

Казакстанда "Алаш" партиясы түзүлүп жаткан чакта Ташкент шаарында Убактылуу Өкмөттүн Түркстан өкүлчүлүгүнүн ичинде ажырым башталган. Анткени, Убактылуу Өкмөттүн чечими менен 1917-жылдын 31-августунда М. Чокаев А.Ф.Керенскийдин сунушу менен Түрккомитетинин мүчөсү болуп дайындалган болучу[16]. Ал Түркстандагы саясий маселелерди жергиликтүү калктын кызыкчылыгына жооп бере ала тургандай кылып чечүүгө аракеттенген. А.Ф.Керенский М.Чокаевдин сунушун кабыл алып, Убактылуу Өкмөттүн курамында Түркстан иштери боюнча атайын комиссарлык түзүү пикирин билдирген.

Бирок, М.Чокай баш болгон "Шура-и Ислами" идеясын жактаган түркстандык "федералисттер" орус социалисттери менен Түркстандын келечеги жөнүндөгү маселеде тил табыша алган жок. Аңгыча Октябрь төңкөрүшү жеңип, 15-ноябрда Эл комиссарлар Кеңешинин төрагасы В.И.Ленин менен Улуттар боюнча эл комиссары И.В.Сталиндин колу коюлган "Россия элдеринин укуктарынын Декларациясы" жарыяланган. Мындагы башкы идея мындан ары Россия элдери өз ыктыяры менен баш кошуусу жана улуттардын өз тагдырын өзү чечүү укугу болгон. И.В.Сталин "Россиянын эзүүсүндө болгон улуттар үчүн Россиянын курамында калуу же көз карандысыз болуу укугун берүүгө тийишпис. Муну өз тандоолоруна калтырабыз", - деп убада берген [3, 9–12-бб.].

1917-жылдын 3-декабрында В.И.Ленин, И.В.Сталиндин колдору коюлган "Россия жана Чыгыштын бүткүл мусулман эмгекчилерине" деген кайрылуу жарыяланып, анда мусулман элдеринин улуттук жана маданий кызыкчылыктары кысымга алынбастыгы, Россияда жашаган элдердин укуктары Кеңеш өкмөтү тарабынан коргоого алынары айтылып, Кеңеш өкмөтүнө жардам берүүлөрүн өтүнгөн. Бирок, иш жүзүндө андай болгон жок.

1917-жылдын 2-9-ноябрларында Ташкентте Түркстан жумушчу жана солдаттардын III крайлык съездин чакырылып, "Бийлик жөнүндө декларация" кабыл алынган. Декларацияда "Эл комиссарларынын Кеңеши (Совнарком)" деп аталган Түркстан крайлык жумушчулар, дыйкандар жана солдаттардын Кеңеши мындан ары Түркстандын жогорку бийлик органы болуп эсептелет деп жазылган. Аталган декларацияда Түркстан Эл комиссарлар Кеңешинин курамына жергиликтүү калктын өкүлдөрү катышууга мүмкүн эмес деп жарыяланган. Комиссариаттын ичинде жергиликтүү өкүлдүн жок болушу Түркстанда пролетариат табынын күчсүздүгү жана жогорку деңгээлдеги кадрлардын жетишпегендиги менен түшүндүрүлгөн [9, 359-б.].

Бул чечим 1917-жылдын 2-ноябрында Петербургда кабыл алынган "Россия элдеринин укуктарынын декларациясынын" "улуттурдын өз тагдырын өзү чечүү укугуна" тескери чечим эле [15, 15-б.]. Ошентип, Борбордук Азия жана Казакстандын түштүк областтарын камтыган мурунку 5 областтуу Түркстан генерал-губернаторлугунун аймагында болочок пролетардык диктатуранын идеологиясынын негизинде мамлекеттик түзүлүштүн пайдубалы коюлган.

Түркстанда 1917-жылдын ноябрында Кеңеш бийлигинин орношунан кийинки абалды М.Чокаев мындай сүрөттөйт. Борбордо жана Түркстанда Кеңеш бийлиги орногондон кийин бүткүл россиялык мусулмандар козголуп, алардын ичинде түрк элдеринин биримдиги күч алып, "манифестациялар" башталат деп күткөн элек. Бирок, андай болбоду. Түрк элдери жашаган

аймактар бириге алган жок, ар бири ыдырап, өз алдынча аракет жасап жатышты. 1917-жылдын 27-ноябрында Түркстан өзүнүн Элдик Кеңешин, Убактылуу Өкмөтүн жана Түркстан учредителдик жыйынын түзүү менен чыкты. Казактар Кичи жүзгө (Батыш Казакстандын чөлкөмү), Орто жүзгө (Борбордук Казакстандын чөлкөмү) жана Улуу жүзгө (Жети-Суу областы) деп аталган үч жүзгө бөлүнүп алып, бириге алган жок [16].

Большевиктер бийликти алгандан кийин бир катар улуттук коомдор жана уюмдар Ташкентти таштап кетүүгө мажбур болушкан. Анткени, Кеңеш бийлиги аскер жана милициянын күчү менен бүткүл шаарды көзөмөлдөп, улуттук интеллигенция өкүлдөрүнүн эркин аракеттенүүсүнө мүмкүндүк берген эмес. Ошондуктан Түркрамус жана Түркстан Убактылуу Элдик Кеңеши да шаардан чыгып кеткен. 1917-жылдын ноябрынын ортосунда эки жолдошу менен М.Чокаев алгач Самарканга барган. Андан кийин Фергана өрөөнүнүн шаарларын аралап, мусулман калкынын көпчүлүгү төңкөрүлгөн Убактылуу Өкмөттү каалабашын, ошол эле учурда бийликке келген большевиктерге да ишенбей тургандыгын байкаган [16]. Саясий иштерди мындан ары улантуу үчүн М.Чокаев жана анын пикирлештери Кокон шаарын тандап алышкан. Бул жерде аларга “Шуро-и Ислами” менен “Шура-и Улема” уюмдарынын мүчөлөрү да кошулган. Ошентип, Кокон шаарында 1917-жылдын аягында идеологиялык жана тактикалык эки багыттагы күчтөр топтолгон. Биринчи топ – Түркрамус (М.Чокаев) саясий автономия алууну көздөсө, экинчи топ - Уламалар жамааты (С.А.Лапин) жадидчилердин бийликке жетишинен чочулап, аларды мусулман калкына душман көргөзүүгө аракет кылышкан [7, 47-б.].

Ажырымдыкка карабастан аталган топтор Кокон шаарында Түркстан курултайын өткөүүгө чечим кабыл алышып, натыйжада 1917-жылдын 9–12-декабрларында Кокон шаарындагы эски хан сарайында 203 делегаттын катышуусу менен Түркстан мусулмандарынын IV курултайы чакырылган. Курултайда жалаң гана түркстандыктар эмес, большевиктерге каршы турган орус жана башка улуттардын өкүлдөрү да болгон. М. Чокай төрагалык кылган бул курултайдын күн тартибинде эки маселе талкууланган. Алардын биринчиси – Түркстандын “Түштүк-Чыгыш бирикмесине (союзуна) кириши жөнүндө” болсо, экинчиси – Туркестандын автономиясы жөнүндө эле [10, 133-б.]

Курултай 9-декабрь күнү эртең менен салтанаттуу түрдө ачылып, 10-декабрь күнү түштөн кийин башталган Түркстан автономиясы жөнүндөгү экинчи маселе кызуу талкууну пайда кылган. Талкуу эртеси 11-декабрь күнү да уланган. М.Чокаев автономияны жарыялаганга шашылбайлы, толук кандуу Түркстан мамлекеттүүлүгүнө ээ болууга тажрыйба, кадрлар, куралдуу күч жетишсиз, демек “автономия жарыя кылыш оңой, бирок аны сактап калуу өтө кыйын”, деген жүйөөлүү пикирин айткан [6, 27–28-бб.]. Бирок, баяндамачылар менен жарыш сөзгө чыккандардын көпчүлүгү Түркстан автономиясын жарыялоо зарылдыгын негиздешип, ошол эле учурда жер-жерлерден келген делегаттардын арасында Түркстанда өз алдынча падышачылык, атүгүл “халифат” куруу сунушу да киргизилип кеткен. Негизинен алар “Улама” өкүлдөрү, Шер Али Лапиндин жаатташтары болучу. Айрым бир адамдар Түркстанды башкаруу үчүн Түркиядагы Осмон ханзаадаларынын бирин чакыруу керек деп да айтып чыгышкан [8, 7–11-бб.].

Кантсе да, 11-декабрдан 12-декабрга караган түнү саат 12.00дө салтанаттуу түрдө Түркстандын автономиясы (Туркистон Мухторияти) жарыяланган. Бир добуштан кабыл алынган Курултайдын резолюциясында Түркстан Россия федеративдүү республикасынын курамында территориялык автономия болуп түзүлүп, анын аталышы ""Түркстан автономиясы" (Туркистон мухторияти" - өзбекчеси, "Туркестанская автономия" - орусчасы) деп эсептелген. Курултай ошону менен бирге эле бийликтин структурасын белгилеген: Учредителдик жыйын чакырылганга чейин бүткүл бийлик Түркстан Убактылуу Кеңешинде жана Түркстан элдик (улуттук) жыйынында (Миллий мажлис) топтолуп, кийин жаңы курамга өткөрүлүп берилиши тийиш болгон. Түркстан автономиясынын Өкмөтү 12 адамдан түзүлүп, алар бир эле учурда Түркстан Убактылуу Кеңешинин да мүчөлөрү болушкан [15, 16-б.].

Тарыхта “Кокон автономиясы” деп аталып калган бул Өкмөттүн премьер-министри болуп алгач жетисуулук казак Мухамеджан Тынышпаев дайындалган. Ал бир эле учурда ички иштер министри да болуп эсептелген. Өкмөттүн тышкы иштер министрлигине М.Чокаев дайындалган. Курултайда жалпы элге Түркстан автономиясы демократиялык эркиндиктерди, интернационалдуулукту коргойт, Түркстан крайын туруктаган көп улуттуу элдердин ынтымак-ырашкерлигин, кызматташтыгын жана руханий өнүгүүсүн даңазалайт деген мазмундагы атайын Кайрылуу жарыяланган [15, 16-б.]. Кокон автономиясынын жарыяланышы жөнүндө атайын кат

Ташкенттеги Кеңеш бийлигине жиберилген. Алар андан ары Петербургга бул жөнүндө телеграмма салышкан.

Түркстандын автономия болуп жарыяланышын калк кубаныч менен тосуп алган. Декабрь айында Түркстандын бир катар ири шаарларында "Туркистон мухторияти" Өкмөтүн крайдагы чыныгы, бирден-бир элдик бийлик катары тааныган митингдер, демонстрациялар өткөн. Жергиликтүү басма сөз каражаттарында түркстандык белгилүү агартуучулар, интеллигенттер жана улуттук-прогрессивдүү саясатчылар, коомдук ишмерлер жандуу пикирлери менен автономияны колдоп чыгышкан [15, 17-б.].

Кокон автономиясынын Өкмөтүнүн алдында бир катар кечиктирилгис иш-чаралар бар эле. Эң башкысы уламдан-улам бийлигин күчөтө баштаган большевиктердин таасирин азайтуу болучу. Бирок, бул үгүт иши ийгиликке жеткен жок. Анын үстүнө улам күч алып келе жаткан ачарчылык элдин абалын өтө оорлотуп жиберген. Тарыхый булактардын маалыматтарына караганда ачарчылык айрыкча Фергана өрөөнүндө катуу болуп, 1917-жылдан 1923-жылга чейин Фергана өрөөнүндө эле өлгөн 1 миллиондон ашык адамдын көбү ачарчылыктан каза болгон делет [28].

Кокон автономиясынын кыйынчылыктарынын бири финансы маселеси болгон. Алгачкы мезгилде Кокон Убактылуу Өкмөтүндө бир нече жүз миң гана рубль каражат бар эле. Анын үстүнө 1918-жылдын башында Коконго келген Түркстан Элдик комиссариатынын мүчөсү, эмгек эл комиссары П.Г.Полтарацкий Кокон шаарынын жумушчу жана солдаттар Кеңешинин төрагасы, большевик Е.А. Бабушкин менен бирге Кокон автономиясына каршы активдүү үгүт иштерин жүргүзүп [18], атүгүл Кокон гарнизонунун куралдуу күчтөрүнүн жардамы аркасында Мамлекеттик банктын Кокон бөлүмүн улутташтырып салган эле.

Кокон банкынын улутташтырылышынын натыйжасында келип чыккан кризистен улам Кокон автономиясынын Премьер-министри М.Тынышпаевдин ордуна, активдүүрөөк жана эрктүүрөөк деп саналган М.Чокаев дайындалган [12, 13]. М.Чокаевдин алгачкы иши финансылык маселени чечүүгө болгон аракеттен башталган. Натыйжада Премьер-министрдин орун басары Шахислам Шагиахметов (Ислом Султан Шоахмедов) 30 миллион рубль көлөмүндө ички карыз (кредит, заем) кагаздарын чыгарууга “Калк кеңешине” сунуш кылган [12, 13]. Аны ишке ашыруу чынында административдик басым менен жүргөн болучу. Бул чечим кол өнөрчүлөрдү, дыйкандарды, соодагерлерди нааразылыкка алып келген.

Кокон автономиясынын алдындагы дагы бир маанилүү маселе, жаңы гана туулган мамлекетти коргой ала турган Куралдуу күч түзүү болучу. Аскер ишине мобилдүүрөөк деп эсептелген элет калкына Кокон автономиясынын таасири али жете элек, анын үстүнө кадрдык да, каржаттык да булактар жокко эсе эле. Натыйжада, бир ай ичинде болгону 60тай гана киши ыктыярдуу аскерге жазылышкан. Согуш министрине дайындалып, мамлекеттеги башкы командачы деп эсептелген полковник М.Чанышевдин аракеттери натыйжа бербегендиктен, Кокон автономиясынын жетекчилери Фергана өрөөнүндө жоокерлиги менен таанылып калган корбашы Эргешти жигиттери менен кызматка чакырууну чечишкен. Ошол мезгилде Эргеш Кокон шаарынын эски шаар бөлүгүндө милициянын башчысы болуп иштечү. Эргеш кезегинде падыша каторгасында болуп, бир топ каторжниктер менен бирге Сибирден качып келген адам болгон. Ошентип, Эргеш Кокон автномиясына расмий түрдө милициянын начальниги болуп дайындалып, анын жигиттери милиционерлер деп катталышкан [12, 13]. Эргештин куралдуу кошуну тез эле көбөйүп, кай бир маалыматтарга караганда февраль айында 4000 кишиге жеткен.

Кокон автономиясы тышкы байланыштарды түзүүгө да аракеттенген. М.Чокай алгач Кокон автономиясынын тышкы иштер министри катары декабрда казак, башкорт курултайларына катышуу үчүн Оренбургка барган болучу. Ал Оренбургда 5-13-декабрларда II казак курултайына катышып, Алаш Ордо автономиясынын түзүлүшүнө күбө болгон. Курултайда Түркстан автономиясы тууралуу маалымат берип, атүгүл Алаш Ордо автономиясынын Өкмөтүнө мүчө да болууга үлгүргөн М.Чокайга декабрдын акырында тезинен Коконго кайтып келүүгө туура келген [8, 11-б.].

Кокон автономиясы 1918-жылдын январынын баш ченинде Түркстан Эл комиссариатынан бардык бийликти Кокон Убактылуу Өкмөтүнө өткөрүп берүүсүн талап кылып, Түркстандагы Кеңеш бийлигине каршы чечкиндүү күрөш баштоого бел байлаган. Бирок, күч тең эмес эле. Ал эми Кеңеш бийлиги Кокон автономиясынын жарыяланган биринчи күнүнөн баштап эле аны “мыйзамсыз” деп атап, ага каршы активдүү күрөш жүргүзө баштаган болучу. 1918-жылдын 18-декабрдагы чечим менен Кокон шаарынын жумушчулары куралдандырылып, Кокон гарнизону күчтөндүрүлгөн. 23-январда Кокон автономиясын талкалоо, өкмөтүн таратуу жана мүчөлөрүн

камоо, куралдуу күчтөрүнүн командалыгын алмаштыруу сыяктуу иш-чаралардын мерчемдери кабыл алынган [5, 250-б.].

1918-жылдын февралында Түркстандагы антибольшевиктик казак-орустардын жана ак гвардиячылардын негизги күчтөрү талкалангандан кийин кызыл гвардиячыларды Кокон автономиясына каршы жиберүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн. 1918-ж. башында Оренбург шаары большевиктердин колуна өткөндөн кийин Ташкент-Москва темир жолу да ачылып, Түркстандагы Кеңеш бийлиги борбордон жетишерлик курал-жарак жана кошумча аскер ала алган. Февраль айынын башында Кокон шаарына 11 эшалон артиллериялык куралдары бар кавалерия жана пехота күчтөрү келген. Ошентип, шаар үч тарабынан курчоого алынган.

Кокон автономиясын талкалоого бир катар даярдыктар көрүлүп, кызыл гвардия австро-венгер согуш туткундарынан турган жалданма аскерлер, армян дашнактары сыяктуу куралдуу топтор менен күчөтүлгөн. Түркстанда ошол кезде 1300 чамасында армян аскери бар эле [30]. Улам татаалданып бара жаткан бул кырдаалда Скобелев (Маргалаң) шаарынын шаардык думасынын кеңеши Кокон автономиясы менен Ташкенттеги Кеңеш бийлигинин ортосунда келишим түзүүгө ортомчулук кылуу максатында Кокон шаарына тынчтык делегациясын жиберген Буга Кокон автономиясынын жетекчилери да макул болушкан. Натыйжада 17-февраль күнү Кокон шаарында тычтык конференция уюштурулуп, пикир алмашуулар менен кошо эле расмий сүйлөшүүлөр жүргүзүлө баштаган. Тынчтык конференциясында Кокон ревкому тарабынан 27, Кокон автономиясы тарабынан 24 киши катышкан [12, 13].

Тынчтык конференциянын иши эми гана жүрө баштаганда Кокон автономиясынын согуш министри полковник М.Чанышев Кокон шаарынын ревкомуна Кокон гарнизону жайгашкан сепилди 17-февраль күнү саат 16.00 чейин анын колуна өткөрүп берүү жөнүндө ультиматум койгон. Мындай ультиматум “Шура-и Улема” уюмунун, алардын пикирин колдогон Эргештин кысымы астында болгон. Анткени, уламалар Кокон автономиясынын большевиктик ревком менен тынчтык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүсүнө каршы болучу.

18-февраль күнү “Шура-и Улема” уюумунун реакциялык канаты мечиттерде, эл арасында “капырларга каршы ыйык согуш – газаватка” үндөгөн шыкактоосу абалды курчутуп жиберген. Уламалардын колдоосунун натыйжасында Эргештин бир нече миң жигиттери кырдаалды өз колуна алып, 18-февраль күнү Кокон автономиясынын аскер министри Махдий Чанышевди баш кылып бир нече министрди, орус офицерлерин камакка алган. Мустафа Чокаев жана бир нече башка жетекчилер качып кетүүгө үлгүрүшкөн.

Ошентип, тарыхта “Уламалардын төңкөрүшү” [12, 13] деп аталып калган 1918-жылдын 18-февралындагы окуя факты жүзүндө Кокон автономиясынын тарашына алып келген. Демократияны, прогрессивдүү жана конструктивдүү жол менен Түркстанды эгемендүүлүккө карай багыттаган автономисттердин бийлиги, реакциялуу уламалардын (молдолордун) колуна өткөн. Алар Эргешти “Кокон ханы” деп жарыялоого аракеттенишип, большевиктерге гана эмес, аларга жан тарткан саясий күчтөргө “газават” жарыялашып, Февраль, Октябрь революциялары алып келген зор өзгөрүүлөрдүн алдыга өнүгүшүн теңирден тескери нукка бура алышкан. Реакциячыл “Шура-и Улема” иш жүзүндө башчы, ал эми Эргеш алардын колундагы марионет болуп калган.

Буга жооп кылып, 19-февраль күнү Кокон ревкому Кокон автономиясына Кеңеш бийлигин таануу, Түркстан калкын Кеңеш өкмөтүнө баш ийүүгө чакырган үндөө жарыялоо, элдеги куралды жыйнап, большевиктерге өткөрүп берүү, автономиянын милиция аскерин тез арада таратуу сыяктуу талаптардан турган ультиматум койгон. Бул ультиматумга М. Чокай күчтүн большевиктер жакта экендигин моюнга алуу менен бирок, “биз өзүбүздүн улуттук укугубузду таануудан башка жолубуз жок. Бул согушта сиздердин бизди жеңишиңиздерге күмөн санабайм, бирок, Түркстандагы Кеңеш өкмөтүн моюнга алуудан баш тартабыз.....” деген жооп берген. Бул сүйлөшүүдөн жыйырма минут өткөндөн кийин большевиктердин куралдуу күчтөрү Кокон автономиясынын жетекчилери отурган үйдү өрттөп жиберишкен. Бирок, эл массасынын негизги бөлүгү Эргешти да, большевиктик ревкомду да колдоп чыккан жок. Атүгүл, Кокон автономиясынын бир катар жетекчилерине, алардын ичинде М.Чокаевге Кокондон чыгып кетүүгө жардам берген [7, 45-б.].

19-февралдан баштап Кокондо кырдаал укмуштуудай тез өнүгүп жатты. Түркстан Эл комиссариатынын төрагасы Ф.И. Колесов 19-февралда Эргешти “токтоосуз каптитуляциянууну” талап кылган ультиматум койгон. Бул ультиматум четке кагылгандан кийин К.Моисеевдин (Шкарупанын) башчылыгында 140 адам, 4 замбирек, 4 пулемет менен коштолгон кызыл аскер Коконго кирген. Алгач артиллерия эски шаарды бир нече саат аткылагандан кийин ар бир квартал

үчүн кандуу кармаштар башталган. Натыйжада 1918-жылдын 19-22-февралдарындагы салгылашууларда Эргештин күчтөрү кызыл гвардиячылар, аларды колдогон кызыл мусулман партизандарынын, Кызыл-Кыя шаарынан келген шахтерлордун жана Кокон шаарындагы большевиктер тарабындагы солдаттардын, армян дашнактарынын жардамы менен толук талкаланган [18]. 20-февраль күнү Эргеш белгисиз тарапка качып кеткен.

Баймырза Хаиттин изилдөөсүндө кандуу кармаштын аягында "согуш өтө катуу арбыды. Көчөлөр бир нече ирет колдон-колго өттү. Аягында шаар өрткө оролду. Үч күн канга боелду" деп жазылат [5, 250–251-бб.]. Большевиктер менен армяндар шаарда 10 миңден ашык адамдарды жок кылышкан делет башка изилдөөлөрдө. Мусулмандардан канча адамдын өлгөнү жөнүндө маалымат жок. Баймырза Хаит болсо армян бандиттери 1918-жылдан 1919-жылдын башына чейин Маргалаң, Андижан, Кокон шаарларынын тегерегиндеги айылдарда 20 миң түркстандыктарды өлтүрүшкөн деген маалымат берген [4, 145–146-бб.].

М. Чокай 1918-ж. 2-мартында "Улуг Түркистан" газетине жарыялаган макаласында ошол кездеги абалды мындайча баяндайт: "Эргеш каракчы баш болуп, Кокондо сарттар большевиктер менен согуш баштаганда, аларда жеңилебиз деген ой болгон жок. Ошол үчүн алар: "Эми сарт заманы болуп калды. Эргешти хан көтөрөбүз. Ферганада сарттардан башка жан калтырбайбыз. Кыргыз менен большевиктин эч бир баркы жок. Ногой болсо, ал мусулман эмес, – деп кыштак сарттары шыбырашып, сарттан башка жандын баарын кырып жиберүүгө бел байлап, колдоруна бычак, балта, кетмен, орок, аркан, жип, чынжырларын алып, көчөгө батпай, күпүлдөшүп кетти. Түркстан калкынын негизги душманы большевиктер эмес, наадандар болушту", - деп жазган [24, 234–235-бб.].

Ошентип, 1918-жылдын 19-22-февралдарында эки айдан ашык жашаган Кокон автономиясы талкаланган. Окуяга күбө болгон адамдардын маалыматтары боюнча Өкмөт үйү, басмакана, амбулатория кармаштарда күйүп кеткен. Шаардагы 11 миң короо-жай, 37 мечит, 11 медресе, банктар, дүкөндөр, коммерциялык кеңселер, базарлар, мектептер жана имараттар күлгө айланган. "Улуг Туркистан" гезитинин 1918-жылдын 2-апрелиндеги санында Кокон шаарынын үчтөн бир бөлүгү өрттөнгөн жана талкаланган, миңдеген кокондуктар үй-жайсыз, кийим-кечексиз жана тамак-ашсыз калышкан, мындай апаат согуштан кийин да болгон эмес, өлгөндөрдүн так саны белгисиз деген маалыматтар берилген [11, 201-б.].

Кокон автономиясы жоюлгандан кийин М.Чокаев зор кыйынчылыктар менен Ферганадан Казакстандын батыш чөлкөмүндөгү шаарларга өтүп, Алаш ордонун саясий иштерине аралашкан. 1918-жылдын акырында оренбург казак-орустарынын атаманы А.И.Дутов өзүн "монархист" катары көрсөтө баштагандыктан башкорт элинин чыгаан уулу А.З.Валиди менен бирге эсерлердин лидерлери Виктор Чернов жана Вадим Чайкин уюштурган атаман А.И.Дутовду жок кылуу максатындагы козголоңго да катышкан. Бирок, козголоң ачылып калгандыктан А.З.Валиди менен М.Чокай качып кетүүгө үлгүрүшкөн. Андан кийин Мустафа эмиграцияга кетип, Батуми, Стамбул аркылуу Парижге жетет да, ал жерде жашап калат [25].

Парижде жашаган жылдары, М.Чокаев ал жактарда жүргөн мусулман өкүлдөрүн чогултуп, "Кавказ, Түркстан жана Украина элдеринин достугу" коомунда активдүү иштерди баштаган. Мустафа Лондондо, Парижде, Варшавада бир катар баяндамаларды жасап, большевиктик Россиянын улут саясатын ашкерелеген. Ошол эле учурда өзүнүн түрк элдерин бириктирүү жана цивилизациялуу жашоого жетүү боюнча саясий концепциясынын үстүндө тынымсыз иштеп турган. 1924-жылы ал Парижде «Жаш Түркстан" аттуу журнал түзүп, анын басылмаларын Лондондо жана Германияда англис тилинде, Францияда жана Польшада француз, поляк тилдеринде тараткан [25].

1927-жылы М. Чокай досу А.З.Валиди менен бирге Стамбулда чыгара баштаган «Жаңы Туркстан» аттуу журналдын сандарында анын көптөгөн пикирлери жарык көргөн. «Жаңы Туркстан» журналы 1927—1931-жылдары Түркстан элдеринин Улуттук коргонуу саясий органы деп эсептелген. А.Шульгин аттуу изилдөөчү бул журнал "Кенеш Өкмөтүнүн саясатын сындап, окуяларды фактылар менен далилдеп турган", – деп баалаган [1, 314-б.]. Журналда Түркстандын жана Казакстандын XX кылымдын башындагы саясий абалы, түркстандык элдердин жана казак элинин алдыңкы интеллигент-демократ өкүлдөрүнүн ойлору жана пикирлери бул журналдын беттеринен үзүлгөн эмес. М.Чокаев болсо совет тарыхнаамасында кездешпеген көптөгөн материалдарды так ушул журналдын сандарына жарыялап турган.

Мустафа саясатчы гана эмес, чыгаан жазуучу, журналист жана тарыхчы катары өзүн көрсөтө алган. "Түркстан Кеңеш бийлигинин алдында" деген ат менен 1935-жылы Парижде "Жаш

Түркстан” басмасынан жарык көргөн китеби, француз тилинен орус тилине которулуп, 1993-жылы Алматыда “Айкап” басмасынан жарык көргөн [20]. Бул китепте пролетардык диктатуранын түпкү маңызы ачылып берилип, падышалык орус империализминен большевиктик Кеңеш бийлигинин империализмине алып келген саясат ашкереленген. Китептеги кириш сөзүндө М.Чокаев: “улуттардын өз тагдырын өзү чечүү укугу бөлүнүп кетүүгө чейин...” дегени менен иш жүзүндө ал куру сөзгө, ал эми бөлүнүп кетүү укугу болсо контрреволюциялык эсхатологияга айланды”, деп жазган [20, XX-б.]. М.Чокаев 1918-жылы башталган басмачылык кыймылына “элдик мүнөз” берген биринчи изилдөөчү [29, 11-б.].

М.Чокаевдин журналисттик тариздеги бай материалдары Парижде көп. Париждеги Чыгыш тилдер жана цивилизациялар институтундагы М.Чокаевдин материалдарын 1980-жылы америкалык окумуштуу Э. Лаззерини жыйнап, анын тизмесин жарыялаган. Анда орус, француз жана түрк тилдериндеги 1919-40-жылдардагы жазылган макалалары, каттары жана мемуары берилген [19]. Андан тышкары М.Чокаевдин 20-жылдардын экинчи жарымынан 30-жылдардын башына чейинки аналитикалык серептери, рефераттары, макалалардын кол жазмалары, котормолору алгач Германияга түшүп, бирок поляк чалгынчыларынын жардамы менен СССРдин Министрлер Кеңешинин Өзгөчө архивине түшкөн [16].

М.Чокаевге байланышкан материалдарды Анкара университетинин профессорлору Тахир Чагатай менен Абдулахап Октай Мустафанын 60 жылдыгына арнап чогултушуп, 1950-жылы Стамбулда “Түркстан улуттук козголушу жана Мустафа Чокай” деген китеп даярдашкан [22, 8-б.]. 1998-жылы Алматыда жарык көргөн Мустафа Чокайдын 1929-39-жылдарда “Жаш Түркстан” журналында Париж жана Берлин шаарларында француз жана немец тилинде жарык көргөн макалаларынын жыйнагынын томдугу Мустафанын негизги идеяларын чагылдырган [14].

“Жаш Түркстан” журналында жайгашкан макалаларынын “1917-жылдын эстеликтери” аттуу тизмесинин басымдуу бөлүгүн Мустафа Чокайдын жубайы Мария айтып берип, “Жубайынын айтуусу менен Мустафа Шокайулы” аттуу жыйнак жарык көргөн [21]. Ошондой эле Стамбулда 2006-жылы “Эдиль-Урал фонду” тарабынан басылган М.Чокайдын “Жаш Түркстандан тандалган макалалар” аттуу жыйнагы чыккан [10].

Совет бийлигинин тушунда КГБ тарабынан таратылган “Мустафа Чокай уулу Түркстан легионун” уюштургандардын бири деген жалган жалаа-версия көп жылдарга чейин советтик тарыхнаамада колдонулуп келген. А чынында немецтер Парижди оккупациялап алгандан кийин Мустафа Чокай да камакка алынып, аны Берлинге жиберишкен. Бул жерде ал бир жыл чамасында жүрүп, Өзбекстандын Бухара республикасынан 1922-жылы эле Германияга окууга жиберилип, ал жакта жашап калган Вели Каюм-хан аттуу адамга жолугат. Мустафа туткунга түшкөн мусулман солдаттардын абалын жакшыртуу, аларды жеңил иштерге орноштуруу боюнча бир катар иштерди жүргүзүп, Вермахтын жетекчилигине чейин кирип турган. М.Чокайдын “Түркстан легионун” түзүүгө эч кандай тиешеси болгон эмес, себеби “Чыгыш легиондорун” түзүү буйругу герман башкы командачылыгы тарабынан Мустафа өлгөндөн кийин 3 күн өткөн соң, башкача айтканда 1941-жылы 30-декабрда чыгып, 1942-жылдын апрелинде гана алгачкы отряддар түзүлө баштаган. Айрым бир маалыматтарда Мустафа Чокай “Вели Каюм-хан тарабынан уу берилип өлтүрүлгөн” деген версия бар. Вели Каюм-хан чынында эле кийин “Түркстан легионунун” “ханы” болуп немецтерге көп кызмат көрсөткөн адам. Бирок, Мустафанын “Түркстан легиону” менен байланышы таптакыр болбогондугун тарыхый материалдар ырастап турат [23].

1941-жылы күзүндө ал Польшадагы жана Украинадагы советтик туткундардан абалы менен таанышып келүүгө уруксат алат да, ал жакта жүргөндө Мустафа келте оорусун жуктуруп алган. Келгенден кийин ооруканада 1941-жылы 27-декабрь күнү каза болгон [25].

Адабияттар

1. Abdulvahap Kara. Türkistan Ateşi Mustafa Çokay’ın Hatyatı ve Mücadelesi, da yay., İstanbul, Kasım 2002.-383 s.
2. Baymirza Hayit. ‘’Basmacılar’’ Türkistan Milli Mücadele Tarihi (1917-1934), Türkiye Diyanet Vakfı Yayınları. Ankara, 1997.-367 s.
3. Baymirza Hayit. Milli Türkistan Hürriyet Davası. 2004, Ankara.-641 s.
4. Baymirza Hayit. Sovyetler Birliğinde Türklüğün ve İslamın Bazı Meseleleri. Türk Dünyası Araştırmaları Vakfı, İstanbul, 1987.-260 s.

5. Baymirza Hayit. Türkistan Devletlerinin Milli Mücadele Tarihi, Türk Tarih Kurumu Basımevi, Ankara -1995.-447 s.
6. Çokayoğlu, M.Y. Eşinin Ağzından Mustafa Çokayoğlu, Yaş Türkistan Yayını, İstanbul, 1972.-166 s.
7. Mustafa Çokay. 1917 Yılı Hatıra Parçaları, Yaş Türkistan Neşriyatı, Ankara 1988.-70 s.
8. Mustafa Çokay. Yeni Türkistan Dergisi. Sayı 1. Haziran 1927. Yıl 1.
9. Sergey A. Zenkovsky. Çev. İzzet Kantemir, Rusyada Pan – Türkizm ve Müslümanlık, Üçdal Neşriyat, 1971.-435 s.
10. Yaş Türkistan'dan Seçilmiş Makaleler, Ayaz Tahir Türkistan İdil-Ural Vakfı Yay.İstanbul 2006.-487 s.
11. Абдуллаев Р. Хроника противостояния // Звезда Востока. 1995. №11-12. С.201.
12. Алексеенков П. Кокандская автономия // Революция в Средней Азии. Сб. 1. Ташкент, 1928. С. 23—40.
13. Алексеенков П. Кокандская автономия // Революция в Средней Азии. Сб. 2. - Ташкент, 1929. -С. 43—81.
14. Беннигсен А., Лемерсье-Келькежей Ш. Пресса и национальные движения среди мусульман России до 1920 года // Алем. Литературно-художественный и общественно-политический альманах. – Вып. 1. –Алма-Ата: Жазушы, 1991.–446 с.
15. История Узбекистана. Учебно-методическое пособие (часть 2). –Ташкент, 2001.-15-б.
16. Исхаков С. М. Русская революция 1917 года и тюрки Центральной Азии. http://www.transcaspian.ru
17. Қойгелдиев М.Қ. Алаш қозғалысы (Көмекші оқу құралы) – Алматы: Санат, 1995. – 368-б.
18. "Кокандская автономия" Советская историческая энциклопедия. — М.: Советская энциклопедия . Под ред. Е. М. Жукова. 1973—1982.
19. Мендикулова Г.М. Исторические судьбы казахской диаспоры. Происхождение и развитие.-Алматы, 1997. -С.91-92.
20. Мустафа Чокай-оглы. Туркестан по властью советов (к характеристике диктатуры пролетариата) Алма-Ата. Айкап, 1993.
21. Мустафа Шокай. Мария Шокай. Естеликтер.-Истанбул, 1997.-512 б.-1
22. Мустафа Шокай. Тандамалы.1-2-томдор.-Алматы."Кайнар", 1998.99.-512.б.-432-б.
23. Мусульмане на службе Вермахта.//ttp://reibert.info/forum/showthread.php?t=7119
24. Нұрпейісов К. Алаш һәм Алашорда. – Алматы: Ататек баспасы, 1995. – 256 б.
25. Садыкова Б. Мустафа Чокай в эмиграции. –Алматы.-Изд-во "Мектеп",2009.
26. Сибирская речь. Газета.//1918. 5 август.
27. Февральская буржуазно – демократическая революция в России и Казахстан. http://www.testent.ru/index/0-21
28. Хронологическая таблица по История Узбекистана.//http://istorik.uz/index.html
29. Чокаев М. Революция в Туркестане. Февральская эпоха// Вопросы истории, 2001, № 2.-С.3-19.
30. Эхо": Неизвестная трагедия. Дашнаки сыграли решающую роль в уничтожении Туркестанской автономии// http://turan.info/forumdisplay. php?f=134.11:06 25.02.2009

УДК: 950:300.372

Мадалиев Н.А., КГНУ

В.В. Бартольд и ТКЛА

Орто Азиянын орус империясынын курамына кошулушу бул чөлкөмдөгү археологиялык илимдин алгачкы кадамдарынын баштапкысына түрткү берген. В.В.Бартольддун бул уюмдун иш-аракеттерине илимий багыт берип турушу Орто Азияда археология илиминин өсүшүнө чоң шарт түзгөн.

В историко-археологическом изучении Киргизии поездка В.В.Бартольда составила важный этап. Работы В.В.Бартольда по истории народов Средней Азии, давали в руки исследователей огромный научно-обоснованный фактический материал.

В изучении древностей Средней Азии в досоветский период выдающийся играл Туркестанский Кружок любителей археологии – ТКЛА. Устав Кружка, утвержден в Петербурге 19-октября 1895 года. Начало деятельности приурочено к 11-декабрю 1895 года(1). Это была специализированная в области гуманитарных наук научно-краеведческая общественная организация, на протяжении более чем 20 лет (1895-1917 гг.) осуществлявшая работу по изучению археологии и истории материальной культуры Средней Азии. До сих пор не опубликовано даже небольшого сводного очерка, посвященного деятельности ТКЛА. Фамилия В.В.Бартольда тесно связано с историей Туркестанского Кружка любителей археологии (ТКЛА), потому что его научный авторитет высоко ценился деятелями Кружка, и они всегда были готовы следовать указаниям и выводам его работы.

В историко-археологическом изучении Киргизии поездка В.В.Бартольда составила важный этап. Работы В.В.Бартольда по истории народов Средней Азии, давали в руки исследователей огромный научно-обоснованный фактический материал. «По целеустремленности, широте охвата, глубине знаний, - пишет В.А.Крачковская, - никто из … исследователей Средней Азии в конце XIX и в начале XX века не мог соперничать с историком Востока Василием Владимировичем В.В.Бартольдом.», который «горячо поддерживал словом и делом Туркестанский кружок любителей археологии до самого конца его существования»(2).

В.В.Бартольд впервые был командирован с научной целью в Среднюю Азию в мае 1893 г. академией наук и факультетом восточных языков Петербургского университета для исследования памятников древности (развалин, надписей и т.п.). Причем он должен был обратить особенное внимание на долины Чуйскую и Илийскую(3).

Целью поездки было «в дополнение к письменным известиям о прошлом страны собрать на месте сведения о следах, оставленных прежними обитателями ее», по возможности дать краткое описание развалин городов, укреплений и т.п.

В.В. Бартольд выехал в экспедицию из Ташкента. Несчастный случай (перелом ноги) заставил его остаться в Аулие – Ата и потом вернуться в Ташкент. Спутник В.В. Бартольда художник С.М. Дудин один совершил поездку в Чуйскую долину и вокруг озера Иссык-Куль.

Продление командировки позволило В.В.Бартольду в следующем 1894 г. осмотреть развалины по Таласу ниже Аулие –Ата, на пути от Таласа к Чу в Чуйской долине, в бассейне р. Нарына, по северному берегу Иссык-Куля и на р. Или.

«Профессор .В. Бартольд в своей статье «Несколько слов об Арийской культуре в Средней Азии» и в капитальном труде – «Туркестан в эпоху монгольского нашествия», - читаем мы в одном из протоколов ТКЛА, - дал подробные основанные на первоисточниках исторические указания на интересные в археологическом отношении местности Туркестанского края. Подробные описания всех этих древних урочищ, в связи с изложением исторических событий происходивших в районе страны, известной ныне под именем Туркестанского края, послужило для членов кружка своего рода научным путеводителем и справочной книгой, что особенно важно потому, что в Ташкенте крайне трудно найти необходимые справки по местным научным вопросам».

«В последние годы В.В.Бартольд оказал кружку содействие и в материальном отношении ходатайствовав ассигнование средств на раскопки из сумм «Русского комитета для изучения Средней Азии, что дало возможность произвести раскопки в развалинах древнего Отрара».

В отчете о работе Кружка за 1899-1902 гг. отмечалось, что до выхода в свет работы В.В. Бартольда «Туркестан в эпоху монгольского нашествия», местные деятели археологии постоянно встречали затруднения в отсутствии авторитетного исторического исследования, касающегося Туркестана; с наступающим годом указанное затруднение устраняется: местные деятели могут находить в сочинении В.В. Бартольда необходимые для них исторические справки и разъяснения. Кружок направил на имя В.В. Бартольда приветственное письмо, в котором читаем: «Члены Туркестанского археологического кружка…, вспоминая просвещенное участие Ваше в 1895 г. в открытии кружка, считают приятным долгом приветствовать Вас с удостоением ученой степени доктора истории Востока и благодарить за Ваш ученый труд, в котором находит первый источник

для своих будущих изысканий». Кружок отметил, что в работе В.В.Бартольда «Туркестан в эпоху монгольского нашествия» сделано десять ссылок на Протоколы ТКЛА.

В рецензии на книгу В.В. Бартольда («Туркестан в эпоху монгольского нашествия») член ТКЛА Н.Г.Маллицкий, отмечая значение «нового капитального труда молодого профессора С.-Петербургского университета» со своей стороны вносил некоторые отдельные уточнения и дополнения в транскрипцию названий населенных пунктов и говорил о желательности составления карты Средней Азии IX-X вв.

11 декабря 1900 г. В.В. Бартольд «с полным единодушием» был избран в почетные члены ТКЛА.. Летом 1902 г. В.В.Бартольд был командирован в Туркестанский край по ходатайству факультета Восточных языков «для возобновления и расширения научных связей с местными деятелями, для осмотра имеющейся в крае собраний рукописей как общественных, так и частных, также хранящихся при областных управлениях собраний вакуфных документов» и использовал эту поездку для еще большего укрепления своих связей с ТКЛА.

16 августа 1902 г. на заседании Кружка в качестве его почетного члена – учредителя присутствовал В.В. Бартольд, упомянувший о заслугах кружка в деле собирания научных материалов по археологии и истории Туркестана и пожелавший кружку возможности не только продолжать, но развивать свою полезную деятельность.

Во время поездок в Туркестан В.В. Бартольд всегда встречался «с любезностью и предусмотрительностью, с которой исполнялись просьбы его» членами ТКЛА и выражал последним за это свою глубокую признательность.

Кружок стремился пополнять практическими наблюдениями сведения о различных памятниках древности, содержащиеся в работах В.В.Бартольда.

В заметке «Желанный гость» (1914 г.) читаем: «Академик и профессор Петербургского университета .В.В.Бартольд в текущем году снова прибудет в Туркестанский край с научными целями. Начиная с 1894 г. он уже три раза приезжал в нашу окраину для изучения некоторых местностей. Попутно проф. В.В. Бартольдом производились археологические изыскания. По инициативе и при ближайшем участии В.В. Бартольда учрежден был Туркестанский археологический Кружок».

Руководил В.В. Бартольд и Туркестанским студенческим журналом, выпускавшимся в Петербурге, и предоставил для этого журнала свою статью. В летнем семестре Туркестанского университета в 1917 году мне довелось слышать цикл лекции В.В. Бартольда по истории Туркестана.

Для небольшой публикации члена ТКЛА и Т.Пославского о древностях Термеза В.В. Бартольд специально извлекает известия о Термезе из старинных письменных источников, опубликование которых в примечании к очерку Т. Пославского значительно возвысило научное значение очерка.

В.В. Бартольд не упускал случая поправить казавшиеся ему сомнительными утверждения, содержащиеся в работах членов ТКЛА.

«Небез интереса, - пишет В.В. Бартольд 10 февраля 1908 г.; - я прочитал отчет о заседании кружка… В нем было не понятно для меня выражение о монгольской монете «Челекского» периода, по видимому, это выражение признается настолько известным, что не нуждается в пояснениях, но для меня оно, хотя я несколько занимался нумизматикой, совершенно не понятно... Нуждается ли Кружок по-прежнему в пособии от Комитета (Русского комитета для изучения средней и Восточной Азии) и на что эти деньги, в случае их ассигновании, были бы употреблены».Обращались к В.В.Бартольду за помощью и содействием и другие научные организации Туркестанского края.

Вот образец одного из писем В.В. Бартольда, свидетельствующий о том, как внимательно повседневно следил он за работой Кружка, научной деятельностью в Туркестане вообще и как близко к сердцу принимал связанное с этим: «Жду теперь, - пишет В.В.Бартольд 25 октября 1913 г.; - известии о том, что было на последних собраниях кружка, особенно подробности о результатах работ в Ташкенте и Шахрохии… Более всего меня удручает судьба раскопанной Вяткиным обсерватории Улугбека. Раскопаное здание интересно не для одних только археологов и ориенталистов (правда последнее там составляют там ничтожное меньшество и на них падает ответственность за печальный результат) для решения вопроса о постановке Улугбека достойного памятника. Между тем, не сделано даже самое простое – не принято мер, чтобы сохранить для науки то, что удалось выкопать; квадрант, как говорят, уже разрушается, так как построенное

Вяткиным временная земляная крыша провалилась, а новой не возведено. Я собираю теперь материал для исторической статьи об Улугбеке…, сохранить обсерваторию было бы желательно»(4).

В трудные годы первой мировой войны В.В. Бартольд не переставал не только интересоваться деятельностью кружка, но и заботился об изыскании средств на полевые (археологические) исследования: здесь особенных новостей нет – пишет В.В.Бартольд, - все же , не смотря на тяжелое время, наука по немного двигается. Моя работа для главного управления, земледелия принесла ту пользу, что для этого ведомства теперь понятно связь между археологией и оросительными работами. Как Вы уже знаете из официального сообщения Комитет объявил, согласие на предложение Кружка о назначении средств на исследование»(5).

Когда в результате бурных событий революционного времени деятельность ТКЛА замерло, В.В. Бартольд не переставал заботиться о возможности возобновления этой деятельности. В письме В.В. Бартольда от 17 октября 1918 г. читаем: «В Ташкенте, по моему мнению, первым делом надо выяснит: 1) На сколько возможно возобновление деятельности археологического кружка или иной организации, 2) какие меры надо принять для спасения местных коллекций и памятников древности в Среднеазиатский комитет, по моему предложения, назначил 3000 рубл. Распоряжение кружка или иной организации, которая бы его заменила»(6).

В.В. Бартольд вел переговоры по данному вопросу с академиком В.В.Латышевым и другими и сообщил в Ташкент, что археологическая комиссия предполагает иметь в Туркестане двух представителей, одного в Ташкенте для северной части края, другого в Самарканде (Вяткина) для Южного. Само собой разумеется, что Ташкент, как главный город будет и местом пребывания «общетуркестанских учреждений, вроде археологического кружка, если прежние учреждения получат возможность продолжить свою деятельность или если образуется новые».

«Вполне сочувствую вашему намерению, - читаем мы в письме В.В. Бартольда от 20 декабря 1919 г., - сделать из турккружка нечто вроде общества археологии, истории и этнографии, фактически это не связано ни с какими изменениями, кружок и без этого занимался всеми тремя науками».

Надо будет выяснить, - пишет он в письме от 3 ноября 1919 г., - какие научные силы остались в Ташкенте, насколько возможно продолжение деятельности кружка любителей археологии собиравшего и этнографический материал (напр., изучение пещер), и турк.отд. географического общества, за последнее время также ставившего этногеографические задачи, или необходимо создавать новые организации на новых началах, на иных началах».

Символом не прекращавшихся до самой кончины В.В. Бартольда его научных связей с местными работниками может служить его письмо на имя М.Е. Массона, содержавшее поздравление с открытием новых рунических надписей и написанное за два дня до смерти Василия Владимировича(7).

Так изо дня в день, на протяжении более чем двадцатилетнего существования кружка, крупнейший ученый востоковед проявлял свою заботу о научной общественной краеведческой организации, оказывал ей научную помощь, моральную поддержку в ее скромных, но полезных научных начинаниях.

Примечание

1. Лунин Б.В. Из истории русского востоковедение и археологии в Туркестане. ТКЛА (1895-1917) Ташкент 1958 с. 31-33
2.Там же:
3. Крачковская В.А. Эпиграфика Средней Азии, эпиграфика востока М-Л. 1953 с. 69
4. Лунин Б.В. Из истории русского востоковедение и археологии в Туркестане. ТКЛА (1895-1917) Ташкент 1958 с. 21
5. Лунин В.Б. Средняя Азия в научном наследии отечественного востоковедения. Ташкент 1979 с. 29
6. Лунин Б.В. Ученый, педагог, общественный деятель // История и археология Средней Азии // Ашхабад 1978
7. Масон М.Е., Горячева В.Д. Бурана. История городища и его архитектурных памятников Фрунзе 1985 с. 34-35

УДК:950

Н.К. Маразыков, Ош МУ
М.Т. Садыкова, ОшТУ

Кыргызстандын түштүгүндөгү турак-жайлар: үйлөрдөгү (тамдардагы) жарык берүүчү тешик, дарча, айнек, терезелер

Бул макалада Кыргызстандын түштүгүндөгү турак-жайлардын субрегиондорго бөлүнүшү жана андагы үйлөрдөгү (тамдардагы) жарык берүүчү «тешик, дарча айнек жана терезелери» изилденген.

В этой статье дается анализ жилища, автор делит жилищ на субрегионы и исследуется освещение, а именно «тешик, дарча айнек и «терезе» жилищ южного Кыргызстана.

XX кылымдын акырында болуп өткөн өзгөрүүлөр, анын ичинде эң ири державалардын бири болгон СССРдин кулашы, дүйнөнүн бардык бурчтарындагы улуттар аралык мамилелердин иш жүзүндө активдешүүсү, ошондой эле, маданий глобализация процесстери, азыркы элдердин жана мамлекеттердин өз улуттук этникалык жана маданий салттарынын сакталышына көңүл буруу белгилүү өлчөмдө күчөгөн. Бул процесстердин көрүнүшү өзгөчө постсоветтик республикаларда өрчүгөн. Анткени, мамлекеттик суверинитетти кабыл алгандан кийин, улуттук маданий мурастарын кайра жаратуу маселеси мамлекеттик саясаттын маанилүү маселесине айланган.

Биздин элдин руханий, тарыхый мурастарын жана маданий салттарын изилдөө жана кайра жаратуу маселеси Кыргызстанда көз карандысыздыктын алгачкы жылдарынан баштап эле орчундуу мааниге ээ болгон. Элдин руханий байлыктарына, анын түп-тамырына кайрылуусун, улуттук аң-сезимдин өсүүсүнүн табыгый процесси катары карап, кайрылса болот. Мында булактардын бүт комплекстеринин негизинде заманбап ыкмаларды колдонуу менен Кыргызстандагы элдердин этнологиялык салттык өзгөчөлүктөрүн, алардын үрп-адаттарын, материалдык жана руханий маданиятын изилдөө азыркы учурдун негизги тапшырмасы болуп, кыргыз тарыхчыларынын этнологиялык илиминдеги иш-чараларынын негизги маселеринин бири болуп саналат.

Маданий жана рухий маданияттын негизи болгон салттык турак-жай элдин көп кылымдык тарыхын, чарбалык-маданий типтин өзгөчөлүктөрүн, коомдук мамилелерди чагылдырган. Алардын баары салттык турак-жайлардагы жергиликтүү калктын этникалык өзгөчөлүктөрү, табыгый-географиялык шарттары, жашаган аймагы, чарбалык-тиричилик түзүлүшү, диний көз караштары, үрп-адаттары ж.б.у.с. факторлор менен тыгыз байланышта болгондугу менен түшүндүрүлөт.

Ошондуктан, азыркы мезгилдеги салттык турак-жайларды изилдөөнү жергиликтүү калктын этномаданий өзгөчөлүктөрүн изилдөөнүн булагы болгон этнологиялык илимдин эң негизги обьектиси катары кароо керек.

Түштүк Кыргызстандагы турак-жайларды курууда үйдүн ичине жарык берүү процессинин тарыхы бир топ этаптардан турат жана өзгөчө шартта өнүккөн.

Биринчи этабында бийик курулган *памир тибиндеги* үйлөрдүн дубалында жарык беричү (дарча же терезенин) орду жок болуп, үйдүн ичине очокко жасалган түндүк жана эшик аркылуу жарык кирген. Үйдүн төбөсүнүн (потолок) так ортосунда тешиктин орду орнотулуп, төрт бурчтук түрүндө коло жыгачтан эки жагы жылмаланып курулган. Колунда барлардын үйлөрүнүн тешигинин ордуна коюлган коло жыгачтар ар түрдүү орнаменттер менен кооздолгон. Төрт бурчтук болгондугунун себеби, адам турмушуна керектүү аба, суу, от, жер деп түшүндүрүлгөн, же болбосо фарси тилинде «онасир» деп аташат. Бул маалыматты Камчыбеков Көкөнбек (1947-жылы туулган, Мургаб району, Мургаб айылы) берген. Ушул типтеги үй Дароот-Коргон айылынын жашоочусу Каримова Турсундун турак-жайы далил боло алат.

Мындай курулушту анча чоң эмес коло жыгачтан 120х120 же болбосо 150х150 өлчөмүндө кесип, квадрат формасында асты-үстүн жылмалап, тыгыз жана жылчыксыз орнотушкан. Жаан-

чачын өтпөөсү үчүн квадрат формасында тактайдан капкак жасалган. Ал капкакты керектүү өлчөмдө жылдырып туруу үчүн эшиктин чыга беришине узун таяк коюлган. Үйдүн үстүн же болбосо жарык кирүүчү квадрат жылчыктын үстү жагы ылай менен шыбалган («Жилища народов Средней Азии и Казахстана». Москва, «Наука», 1982.).

Андан сырткары памир тибиндеги үйлөрдүн (тамдардын) дубалынын жогору жагында 20х20 см. болгон тешик да болгон. Кыштын суук мезгилинде ал тешик ылай менен толтурулуп шыбалган. Антипинанын маалыматы боюнча 20х20 см. болгон тешикти (дырка) кыргыздар Х1Х-кылымда кышкысын чүпүрок тыгып бүтогон .

Алай өрөөнүнүн батыш бөлүгүнүн,Фрунзе жана Баткен райондорунун (Сох дарыясын бойлой) кээ бир кыштактарында, ошондой эле Тажик ССРинин Жерге-Тал районунун кыргыздарында турак жайдын башкача тиби таралган. Анда турак-жай жана чарбалык курулуштар бир чатырдын алдында, анын үстүнө төбөсүндө жарык кылуу жана түтүн чыгыш үчүн кудук түрүндөгү тешик бар,ал тешик бир-бирине жыйлган оор чарчы жыгачтардан көтөрүлгон төбө түрүндө курулган.(Абрамзон С.М.)

Жогорудагыдай көрүнүш *фергана тибиндеги* бир же эки бөлмөлүү үйлөрдө да колдонулган. П.Кушнер (Кнышев) «Горная Киргизия» эмгегинде түндүктө кыргыздардын көпчүлүгү боз үйлөрдө кышташат, кээ бирлери терезеси жок өзбектер жашаган үйлөргө окшогон турак-жайларда жашаган деп жазып, ал эми түштүктө жалпы кыргыздардын байы да, кедейи да жогоруда белгиленгендей турак-жайларда жашагандыгын айткан. Кулмаматов Тейишбайдын (1939-жылы туулган, Жаңы-Талап айылы, Кара-Кулжа району) берген маалыматы боюнча бир же эки бөлмөлүү үйлөрдүн тешиги 20х20 см. болуп, дубалдын жогорураак жагында орнотулуп, жайында атайын койдун табарсыгын керип, туздап, кургатып, аны кышында ал тешикти тосушкан. Мындай ыкманы колдонуу бир кыйла ыңгайлуу болгон. Себеби, биринчиден, үйгө жарык кирип турган, экинчиден, суукту киргизген эмес.

Экинчи этабында фергана тибиндеги үйлөрдө жарык кылуу үчүн дарича колдонулган. «Дарича» фарси тилинен которгондо «эшик» («дверца», «калитка», «слуховое окно») дегенди түшүндүрөт жана ал 30х40, 40х50, 50х60 см. өлчөмүндө болуп, асты-үстү ашык-машыксыз турумга бекитилип, бир канаттуу болгон, ичкери же сырткары бир тараптуу ачылган.(сүрөт №1,2)

Түштүк Кыргызстандын райондорунда оогандык типтеги үйлор көбүнчө эки бөлмөлүү болуп курулуп,көпчүлүк учурда терезелеринин айнектүү,жабык же ачма каалгалуу кашектери бар, эски үйлөрдө бир каалгалуу тешиктер (дарча) жолугат, алар илмек менен бекитилип,үйдү жарык кылуу жана желдетүү үчүн пайдаланылат.Терезелери адетте бир жак бетинде болуп, айбан жака карап турат (Абрамзон С.М.).

Дарчанын бири-бири менен тактайлардын тыгыз, жылчыксыз орнотулбагандыгына байланыштуу, кыш мезгилинде бул үйлөрдү жылытуу кыйынга турган. Мына ошондуктан, колунда бар адамдар дарча орнотулган жыгачты (раманы) кагаз менен жабыштырып тосушкан. Аны *«дарпарда»* деп аташкан. Ф.Ефремовдун маалыматы боюнча XVIII кылымда Бухарада кышында дарчаны ылай менен бүтөп, ички жыгачка (рамага) кагаз жабыштырышкан деп жазган («Жилища народов Средней Азии и Казахстана». Москва, «Наука», 1982.).

Дарча үйдө пайдубалдан 30 см. бийиктикте 30х40, 40х50, 50х60 см. өлчөмүндө болгон. Бөлмөдө бир же эки дарча орнотулган. Фергана тибиндеги үйлөрдө дарча бешайвандын ичинде дубалда жайгашып, күн чыгыш тарапка багытталып курулган. Мындай типтеги үй Кадамжай районуна караштуу Охна айылынын жашоочусу Курбан уулу Казактын турак-жайы далил боло алат.

Ал эми «айнак» деген сөз фарси тилинде «көздүн кареги» дегенди түшүндүргөн (Краткий таджико-русский словарь, Душанбе, «МАОРИФ», 1988.).Кыргыз турак жайларында 20х20см.тешиктин ордуна айнектин озүн рамасыз ылай менен шыбап орноткотушкан (Антипинанын маалыматы боюнча).

(Сүрөт№3)

Үчүнчү этапта фергана тибиндеги үйлөрдүн аралаш формасында жарык берүү үчүн «*терезе»* колдонулган. «Терезе» фарси тилинен которулуп, ал «айнектин рамасы» дегенди түшүндүрөт. Терезе туурасы 30х40 см., бийиктиги 60х80 см. өлчөмүндө бөлмөгө бир же экиден коюлган. Пайдубалдан 30 см бийиктикте орнотулган. Мындай маалыматты Кадыров Жылчы (1938-жылы туулган, Маданият айылы, Кара-Суу району) берди. Айнектүү терезе үйлөрдү айнек менен дарчага салыштырмалуу бөлмөнү жарык кылган жана сууктан сактаган. Ф. Ефремовдун маалыматы боюнча орустардын Кыргызстандын аймагына келгенге чейин кыргыздар айнектүү

терезелерди турак-жайларды курууда колдонушкан эмес жана таптакыр ал жөнүндө билген эместиги айтылат. Бирок, Н.Н. Негматов «История таджикского народа» аттуу эмгегинде IX-X кылымдарда Фергана өрөөнүндө же Түштүк Кыргызстандын аймагында Исфанадан 10 км. алыстыкта жайгашкан Кара-Булак шаарчасында жергиликтүү айнек иштетүүчү устакананын орду табылгандыгы тууралуу маалымат берет (Н.Н. Негматов «История таджикского народа», Душанбе, 1999.).

Ушул маалыматка таянып, фергана тибиндеги үйлөрдө айнектүү терезелерди кыргыздар орустар келгенге чейин колдонулгандыгын айгинелейт. Мындай типтеги үй Кара-Суу районуна караштуу Зарбалик айылынын жашоочусу Омошов Жаныштын атасынын турак-жайы далил боло алат. (Сүрөт№4)

Акыркы убакта түштүктүн кыргыз кыштактарында аралаш типтеги үйлөрдү кура баштады, анда азыркы убактагы шаардык үйдүн белгилери ферганалык архитектуранын салттары менен айкалыштырылган.Аларды пайдубалга,чийки кирпичтен терезелерин көчөгө каратып курушат. (Абрамзон С.М.)

Жыйынтыктап айтканда, XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында үйлөрдөгү (тамдардагы) жарык берүүчү айнек Кыргызстандын түштүгүндөгү тоолуу, тоо этектеринде жана түздүктөгү райондорунда кездешет. Үйлөрдөгү (тамдардагы) жарык берүүчү дарча тоонун этектериндеги жана түздүктөгү райондордо жолугат. Ал эми үйлөрдөгү (тамдардагы) жарык берүүчү айнектүү терезе тоо этектеринде жана түздүктө, кийинчерээк дээрлик тоолуу райондордо да кездештирүүгө болот.



Сүрөт №3



Сүрөт №1,2

Сүрөт №4



Карасуу р-ну Зарбалик участогу а)пеш айван; б) турак жайы: 1мээрап; 2текче; 3очок; 4 терезе; 5эшик; 6туркук; Омошов Насырдын турак жайы.

-



Карта 4. Распространение оседлых жилищ и усадеб. 1 — ферганский тип дома; 2 — смешанный тип дома; 3 — усадьба припамирского типа; 4 — усадьба типа «курганчэ».

Адабияттар

1. Антипина К.И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных кыргызов « Фрунзе» 1962.
2. Жилища народов Средней Азии и Казахстана. М., «Наука», 1982.
3. Краткий таджико-русский словарь, Душанбе, «МАОРИФ», 1988.
4. Кушнер П. (Кнышев) «Горная Киргизия». М., 1929.
5. Негматов Н.Н. «История таджикского народа», Душанбе, 1999.
6. Абрамзон С.М.Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер.Бишкек 1999.

Маалымат берүүчүлөр:

1. Камчыбеков Көкөнбек (1947-жылы туулган, Мургаб району, Мургаб айылы).
2. Кулмаматов Тейишбайдын (1939-жылы туулган, Жаңы-Талап айылы, Кара-Кулжа району).
3. Кадыров Жылчы (1938-жылы туулган, Маданият айылы, Кара-Суу району).

Б.А. Нурунбетов, проф.
Г. К. Бекмурзаева доц. Ош ТУ

А. Орозбеков мамлекеттик жетекчинин үлгүсү катары

Ар бир элдин, мамлекеттин тарыхында өзгөчө ролду ойногон ал элдин, өлкөнүн тарыхында олуттуу орунду ээлеп келген жетекчилер ондоп саналат. Алар өз мезгилинин, доорунун, элинин тарыхында өздөрүнүн чоң саясаттагы орду, анда жүргүзгөн олуттуу иш аракеттери, ошол коомдук-саясый турмушта өз ойлорун, көздөгөн максаттарын иштиктүү түрдө турмушка ашыруу жөндөмү менен эсте калышкан. Көп убакта алардын мындай аракеттери коомдук-саясый турмушта көптөгөн кескин өзгөрүштөрдү алып келген. Кыргызстан мамлекеттүүлүгүнүн тарыхында бир нече этаптарды басып өткөн. Мына ошол этаптар биздин жетекчилерибиздин, анын ичинен А.Орозбековдун бараандуу салымынын негизинде ишке ашырылгандыгы тарыхтан белгилүү.

Кыргызстандын мамлекттүүлүгүнүн калыптанышы бир катар урунтуктуу, орчундуу тарыхый-саясий окуялар, кыргыз эли үчүн бурулуш кырдаалдар менен мүнөздөлөт.

Алар:

- Кыргызстан курамында болгон мурдагы Орус империясындагы ири саясий окуялар – Февраль, Октябрь революциясы (орустар үчүн – төңкөрүшү), анын натыйжасында кыргыз элинин - Түркстан АССРинин курамында өтө чектелүү, номиналдуу автономиялуу мамлекеттүүлүккө жетиши;
- Кыргыз элинин чыгаан инсандарынын, интелигенциянын алдыңкы өкүлдөрүнүн Түркстан АССРинин курамында Тоолуу Кыргыз Автономиялуу Областын түзүүгө болгон далалаты, анын натыйжасы;
- 1924-ж. улуттук, мамлекеттик-аймактык жиктешүүнүн ишке ашырылышы, андагы кемчилдиктер, бир катар кыйынчылыктар, саясий-экономикалык маселелердин чечилишы. Ошол тарыхый-саясий актыдан кийинки кыргыз элинин чыныгы абалы;
- РСФСРдин курамында жаңы Кара-Кыргыз – Кыргыз автономиялуу областынын түзүлүшү;
- Кара-Кыргыз автономиялуу областынын мамлекеттик пайдубалынын түптөлүшү жана чыөдалышы, мамлекеттүүлүктү бекемдөө үчүн күрөш, алардын натыйжалары;
- кыргыз элинин автономиялуу мамлектүүлүгүн бекемдөө шартында, кыргыз чыгаан инсандарынын бийлик, келечек үчүн өз ара ички саясий күрөштөрү;
- Кара-Кыргыз автономиялуу областынын Кыргыз АССРи болуп түзүлүшү, мамлекеттик бийлик органдарынын бекемделиши;
- Кыргыз АССРинин мамлекеттик аппаратынын бекемделиши, негизги башкаруу системасынын калыптанышы;
- Кыргыз АССРинин Конституциясынын кабыл алынышы;
- 20-30-жж. саясий аренада активдүү рол ойногон чыгаан кыргыз инсандарынын ишмердүүлүгү, алардын тагдыры;
- А. Сыдыков, Ж. Абдрахманов, А. Орозбеков, Б. Исакеев, М. Салихов ж.б. сыяктуу кыргыз мамлекет башчылары менен борбордук жетекчилердин, Москванын карым-катнаштары;
- РСФСР курамындагы Кыргыз АССРинин СССР курамына кирген Кыргыз ССРи болуп кайра түзүлүшү;
- Кыргыз ССРинин Конституциясынын кабыл алынышы;

Албетте биз 20-30-жж. Кыргызстандагы коомдук-саясий абалды Россияда 1917-ж. болгон Февраль буржуазиялык демократиялык революциясына жана Октябрь социалисттик революциясына (азыркы орус тарыхнамэсинде – Октябрь төңкөрүшү) түздөн-түз байланышы бар деген пикирди жактайбыз. Анткени Октябрь революциясынан кийин мурдагы эбегейсиз зор империянын аймагында кыска мөөнөттө, 1917-ж. ноябрынан 1918-ж. июнь айларына чейинки мезгилде Кеңеш өкмөтү орногону баарыбызга маалым.

Кеңеш доорундагы кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүнүн баскан жолу абдан татаал болуп, жаңы заман, жаңы өкмөт орногондон 7 жылдан кийин гана улуттук мамлекеттүүлүккө, 1924-ж .

14-октябрда РСФСРдин курамында Кыргыз АО, 1927-ж. Кыргыз АССРи, ал эми 1936-ж. союздук республика –Кыргыз ССРи болууга жетишти.[1]

1924-ж. 14-октябрда кыргыз эли областтык автономиялык түрдө Кеңеш доорунун алагчкы жылдарында өз улуттук мамлекеттүүлүгүнө жетишкен.

Ошол чоң саясий-тарыхый окуя кыргыз тарыхынын бурулуш мезгилинде, анын саясий аренасына бир катар чыгаан кыргыз инсандарын, партиялык, мамлекеттик ишмерлерин алып чыгып, алардын өз эллине кызмат кылуусуна бир катар өбөлгөлөрдү түзгөн. Дал ошолор Кеңеш доорундагы кыргыз улуттук мамлекеттүүлүктүн пайдубалын коюшуп, аны андан ары бекемдөөгө, мамлекеттүүлүктүн улам жаңы формаларына умтулууга шарт түзгөн. 20-30-жж. кыргыз элинин чыгаандары келечек үчүн өз эмгектерин, керек болсо өмүрүн аяшкан эмес. Алар ошол учурдагы өз элини каймактары болу менен улуттук мамлекеттүүлүк үчүн күрөшүшкөн. Мындай чыгаан инсандардын катарына төмөнкүлөрдү кошууга болот. Алар: А. Сыдыков, А. Орозбеков, И. Арабаев, Ж. Абдрахманов, Т. Токбаев, Б. Исакеев, К. Тыныстанов, И. Айдарбеков, Э. Эсенаманов, Х. Джээнбаев, А. Аильчинов Т. Айтматов, Х. Шоруков, О. Алиев, Т. Жолдошев ж.б. Дал ушулар алгачкы мамлекеттик аппараттын кызматкерлери болушуп, кыргыз мамлектинин пайдубалын курушкан.

Архив материалдары көрсөткөндөй ККАО түзүлгөндөн көп өтпөй 1924-ж 21-октябрында Кеңештердин ББАК атайын токтомуна ылайык кара Кыргыз автономиялуу областынын Революциялык комитети түзүлүп, анын Президиуму шайланган.[2] Анын натыйжасында ККАО бүткүл мамлекттик бийлик жана аны башкаруу вазыйпасы толугу менен Революциялык комитеттин колуна топтолгон. Областтык Революциялык комитеттин төрагасы болуп И. Айдарбеков шайланган.[3]

Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн дагы бир орчундуу кадамы катары ошол Кыргыз автономиялуу областынын кыргыз АССРи болуп кайра түзүлүн кароого болот. Тарыхый маалыматтарга таянсак КАО областтык аткаруу комитетинин Президиумунун, төрагасы А. Орозбеков, ББАКнин Президиумуна 1925-ж. 6-декабрында атайын кайрылуу жасаган. Анда Кыргыз АО Кыргыз АССРи деп кайра түзүү өтүнүчү камтылган эле. Бир аз убакыттан кийин 1926-ж. 1-февралында ББАК Президиумунун чечимине ылайык, өкүм чыккан:

«Кыргыз автономиялуу областынын азыркы чегинин алкагында РСФСР курамындагы федеративдүү бөлүк катары Кыргыз автономиялык советтик социалисттик республикасы түзүлсүн».[4] Ошол эле чечимге ылайык Кыргыз АССРинин Конституциясын иштеп чыгуу үчүн атайын Комиссия юштурулган. Ал эми Кыргыз АССРинин бийлик органдары, башкаруу системасы Конституция кабыл алынганга чейин ББАК Президиуму жана РСФСР ЭКК 21-мартта бектикен «Кыргыз автономиялык советтик социалисттик республикасынын мамлекттик түзүлүшү жөнүндөгү жобого» ылайык жүргүзүлгөн.[5]

Бул мамлекттик түзүлүштүн кыргыз эли үчүн зор мааниси болгону талашсыз. Анткени автономиялык республика менен катар эле ошол учурдагы мамлекеттин жетекчиси А.Орозбековдун аракеттеринде кыргыз элинин андан ары мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүүсүнө мыкты шарт түзгөн.

Бүткүл кыргыз Уюштуруу курултайы жаңы кыргыз мамлекетинин БАК 123 мүчөсүн жана 27 мүчөлүккө кандидаттарын шайлаган. Ал эми БАК өзүнүн 17 мүчөсө жана 6 мүчөлүккө кандидаттары бар Президиум курамын шайлаган. Президиумдун төрагасы болуп Абдыкадыр Орозбеков шайланган.

20-30-жылдардагы кыргыз коомчулугунун дагы бир чоң саясий, тарыхый окуясы кыргыз элини тарыхында биринчи жолу Конституциянын кабыл алынышы болгон. Мурда, 1927-ж. кабыл алынбай калган Конституциянын долбоору кайрадан 1929-ж. 25-30-апрелинде өткөн Кыргыз АССРинин Кеңештеринин II курултайында маанилүү маселе катары кайрадан каралып, талкуудан

---

[1] Джунушалиев Дж., Какеев А.Ч., Плоских В.М. Исторические этапы кыргызской государственности. –Бишкек, 2003.
[2] Малабаев Ж.М. Становление государственности... – б.20.
[3] У истоков кыргызской государственности. –Бишкек, 1996. –б.189.
[4] Образования Киргизской Автономной ССР: материалы и документы. –Фрунзе, 1927. –С. 263.
[5] Там же; Систематическое собрание законов РСФСР, указов Президиума Верховного Совета РСФСР и решений правительства РСФСР. –М., 1967. –Т.1.

кийин кабыл алынган. Ошентип 1929-ж. 30-апрелинде биздин элдин биринчи Конституциясы расмий түрдө кабыл алынган.

Жаңы Конституциянын негизинде Кыргыз АССРинин мамлекеттик бийлиги жана башкаруу системасы Бүткүл кыргыз Кеңештеринин курултайына, БАК, анын Президиумуна, Кыргыз АССРинин Эл комиссарлар кеңешине таандык экендигин тастыктаган.

30-жылдардын дагы бир чоң сасий-тарыхый окуясы Кыргыз АССРинин Кыргыз ССРи болуп кайра түзүлүшү болуп калды. 1936-ж. 5-декабрында өтүп жаткан СССР Кеңештеринин кезексиз VIII курултайы ССРдин жаңы конституциясын кабыл алган. Ошол Конституцияга жана кыргызстандын ички, тышкы абалы, географиялык, администртивдик-аймактык чек арасы ж.б. эске алуу менен аталган СССР Кеңештеринин курултайы Кыргыз АССРинин Кыргыз ССРине кайра түзүү жөнүндө атайын чечим кабыл алган. Аталган максатты мыйзамдуу түрдө бекемдөө иретинде атайын 5 подкомиссиядан туруп 21 мүчөнү камтыган Коституциялык комиссия түзүлгөн. Жаңы конституциянын долбоору 1937-ж 12-мартында БСК жарыяланып, талкууга алынып, 20-мартта өткөн кезексиз V Бүткүл кыргыз Кеңештеринин курултайында Кыргыз ССРинин конституциясын кабыл алган.

Ошол эле мезгилде 30-жылдардын экинчи жарымында элибиздин чыгаан уулдарынын дээрлик баардыгы жалган жалаа жабылып, эл душмандары аталып, ошол кездеги кызыл террордун, массалык репсресиялардын курмандыгы болуп кетишкен. Алардын катарында кыргыз мамлекетинин алгачкы жетекчиси Абдыкадыр Орозбеков да болгон. А.Орозбековдун замандаштарынын эскерүүсүндө эртеби кечпи репрессияга тушугаарын билип кичүү уулунун атын ким эл деп койгон деп эскерип кетишкен. Анткени А.Орозбеков өз элинин кызыкчылыгы үчүн бардык нерсеге даяр экендигин дайыма баса белгилей жүргөн.

Колдонулган адабияттар:

1. Джунушалиев Дж., Какеев А.Ч., Плоских В.М. Исторические этапы кыргызской государственности. –Бишкек, 2003.
2. Образования Киргизской Автономной ССР: материалы и документы. –Фрунзе, 1927.
3. Систематическое собрание законов РСФСР, указов Президиума Верховного Совета РСФСР и решений правительства РСФСР. –М., 1967. –Т.1.
4. У истоков кыргызской государственности. –Бишкек, 1996.

УДК: 94/99:338

Б. Нурунбетов, А.А. Жолдошева, ОГПИ

1985-90-жылдардагы Ош шаарынын экономикалык абалы

Бул илимий макалада өлкөбүздүн Түштүгүнүн борбору болгон Ош шаарынын 1985-90–жылдардагы өнөр жай тармагынын өнүгүшүнүн абалы чагылдырылат.

Вданной статье рассматриваются проблемы развития промышленности города Ош 1985-90 годов.

Кылым карытып жашап жаткан Ош шаарыбыздын тарыхын иликтей келсек, өткөн кылымдын экинчи жарымындагы Ош шаарынын өнөр жайы жалпы мамлекеттин эл чарба комплексинин бөлүгү катары өнүгүп – өскөн учуру десек болот. 1980-90-жылдары жалпы эле Республикада өнөр жай тармагына жакшы көнүл бөлүнүп, түштүктүн борбору болгон Ош шаары ири экономикалык борборго айланган. Натыйжада шаардын өнөр жай продукциясы КМШнын бардык өлкөлөрүнө жана 15 чет мамлекетке бериле баштаган.

1959-жылы куюу-механикалык жана мотор ремонттоо заводу бириктирилип, Ош насос заводду түзүлгөн. 1963-жылы биринчи жолу панелдүү үй куруу комбинаты, 1963-1968-жылдары эки темир - бетон буюмдар заводу, 1966-жылы жылуулук электр борбору иштеген. 1979-жылы эки

кирпич, керамзит, акиташ, майда таш сорттоочу заводдордун базасында курулуш материалдар комбинаты курулган.

Биз иликтеп жаткан мезгилде Ош шаарынын өнүгүшү бир кыйла ийгиликтерге жетишип, өнөр жай дүң продукциясынын көлөмү 370млн сомду түзгөн. 1985-жылы өнөр жай продукциясынын 31% башка республикаларга чыгарылып, шаар калкы жумуш менен камсыз болгон.

1990- жылдары Ошто 2500 ишкана, мекеме жана коопаративдер, анын ичинде акыркы жылдарда чакан бизнестин 1835 менчик ишканасы ачылган. Алардын ичинен 350 ишкана товар чыгарып, 51 ишкана шаардын тургундарына ар түрдүү кызмат көрсөтүп турган [1].

Чыгарылган продукциянын сапатын көтөрүү боюнча зор милдеттер алдыга коюлган. Оштогу насос заводунун коллективи да терең түшүнүү менен чыгарып жаткан продукциясынын жогорку сапатын камсыз кылуу боюнча алгылыктуу иштерди жүргүзүшкөн. Заводдо продукциянын сапатын башкаруу боюнча комплекстүү системанын колдонулушу, өндүрүшкө оң таасирин берип турган. 1985-1990- жылдары эмгек өндүрүмдүүлүгү орточо эсеп менен алганда 5,2%га өскөн. Ал эми өндүрүштүн көлөмү 2,7млн сомго көбөйгөн. Мамлекеттик сапат белгиси менен чыгарылган продукциянын салыштырма салмагы 1985-жылы 1980-жылдын 70,8%нын 82,5%га чейин өскөн. Илимий-техниканын жетишкендиктерин өндүрүшкө кеңири колдонуунун натыйждасында аталган жылдыктын төрт жылында 534миң сом экономикалык натыйжа алынган.

Заводдо техникалык жабдууну улантуу боюнча иш чаралар белгиленип, бул иш - чараларды турмушка ашыруунун натыйжасында заводдун өнүрүштүк кубаттуулугунун өсүшү 3535миң сомду түзгөн. Ал эми кирешенин өсүшү 84миң сомго жеткен [2]. Жогорудагы жылдары кол эмгеги менен иштеген жумушчулардын саны 35,8%га кыскарган. Ошондой эле жумушчулардын кваливикациялары жогорулашы, алдыңкы тажрыйбаны өндүрүшкө активдүү колдонуу бир топ иш чараларды алдыга жылдырган.

Бул шаарыбыздын, өлкөбүздүн экономикасынын өнүгүшүнүн эң маанилүү милдеттери болгон продукциясынын сапатын дүйнөлүк эталонго жеткирүүгө негиз болгон.

Ошол кездеги пландуу системанын талабы боюнча шаардын өнөр жай ишканалары продукцияны иштеп чыгуунун пландарын 102%ке жана өнөр жай продукцияларын реализациялоонун 101,5%ке аткарышкан. Ош шаарынын сүт комбинатынын коллективи да чоң ийгиликтерди жаратышкан. Алдыга коюлган милдеттерди турмушка ашырууда илим жана техниканын жетишкендиктерин топтолгон иш тажрыйбаларды өндүрүшкө кеңири пайдаланышып, өндүрүштөгү эски жабдуулардын ордуна жаңы жогорку сапаттагы өндүрүмдүү техникаларды, жабдууларды орнотуп колдонушкан. Бул эң жакшы натыйжаларды бере алган. Бул коллектив товардык продукция өндүрүү жана реализациялоо боюнча 5 жылдык тапшырманы мөөнөтүнөн мурда аткарышкан. Андан сырткары пландан ашыкча 5 млн сомдук сүт азыктарынын жаңы түрлөрүн чыгаруу ишине көп көңүл бурушкан. 1985-жылдары сүт азыктарынын 6 түрү өндүрүшкө кийирилип, чыгарыла баштаган.

Ош шаарынын эмгекечилери мелдештин женүүчүлөрү болуу менен башкаларга үлгү боло алышкан жана социалисттик мелдешти кеңири жайылтышып, белгиленген тапшырманы ийгиликтүү аткарышкан.

Шаарыбыздагы дагы бир ири ишканалардын бири Оштогу машина куруу заводу акционердик коому болуп саналган. Анын негизги продукциясы тереңдикте иштетилүүчү электр насостору. Аларды чыгаруу 1990-жылы 48525 даананы түзгөн. Завод электр кыймылдаткычтуу насосторду чыгарууга адистештирилген. Жылына 42миң насос чыгарылып турган. Насос температурасы 25 С ге чейинки соода иштөөгө эсептелген ошондой эле шаар, кыштак жана айыл чарбасын суу менен камсыз кылууда жана кыртыш сууларын сордурууда колдонулган. Заводдо мындан тышкары «Ак-Буура» үй тиричилик насосу, насостордун тетиктери, сыйымдуулугу 2л ден 100л ге чейинки алюмин казандары, пласмассадан жасалган тиричилик буюмдар чыгарылган. Бул насостор он алты жыл бою Египетке, Сирияга, Иранга, Иракка, Болгарияга,Чехословакияга, Польшага, Кубага ал эми 1994-жылдан тартып Өзбекстанга, Казакстанга жөнөтүлүп турган [3].

Бул завод продукцияны чыгаруу боюнча КМШнын өнөр жай ишканаларынын арасында алдыңкы орунду ээлеп келген.

Азыркы «Таатан» соода борбору жайгашкан атагы чет өлкөгө маалым болгон «Ак Жибек» акционердик коому да Ош шаарынын өнүгүшүнө өз салымын кошкон ишканалардын бири болгон. «Ак Жибек» акционердик коому чыйратылган буюмдарды, кам кездемелерди, чыныгы жана жасалма жибектен кездемелерди өндүргөн.

1990-жылдардын башында ишканада продукция чыгаруу ll миллиондон ашык погон метрге жетип, ал КМШ өлкөлөрүнүн арасында жана чет өлкөлөрдө зор суроо-талапка ээ болуп турган.

1990-жылдарда дүйнөлүк соода мейкинине чыгууга аракеттер жүргүзүлүп, иш- чаралар жүргүзүлгөн. Кытайда Үрүмчү шаарында өткөрүлгөн эл аралык жарманкеге катышып Италиянын, Туркиянын, Голландиянын, Болгариянын, Индиянын, Японияны жана АКШнын бизнесинин өкүлдөрү жибек кездемелеринин үлгүлөрүн көрүп бизнес пландар түзүлгөн. Казакстандагы «Макпал» аттуу республикалык мода борбору менен чыгармачылык байланыш түзүлүп тигилген буюмдар жыл сайын Францияда көрсөтүлүп жана сатылып турган.

1985-90-жылдары өнөр жай өнүгүшүнүн көлөмү 16%га көбөйүп, мындан тышкары 32млн сомдук продукциялар реализацияланган. Бул мезгилдин ичинде эмгек өндүрүмдүүлүгү 13%га көбөйгөн. Ал эми элге керектелүүчү товарды иштеп чыгаруу 1981-жылдагыга салыштырганда 1,5 эсеге өскөн. 1985- жылдын биринчи кварталында өнөр жай товарларын реализациялоо планы 107%га аткарылып, шаар боюнча пландан ашыкча 2млн сомдон ашык өнөр жай товарлары реализацияланган. Ошондой эле шаардын курулуш уюмдары 128 миллион сомдук капиталдык салымдарды өздөштүрүп, жүздөн ашык өнөр жай социалдык, маданий-турмуштук обьекттерди пайдаланууга беришкен [4].

Ошол мезгилдин талабына ылайык «27 эпкиндүү он күндүк» деген алдыңкы өнөр жай ишкананын коллективинин демилгесин Оштогу ВЛКСМ атындагы жибектен кездеме токуу коллективинин жалпы коллективи кызуу колдоого алып, он биринчи беш жылдыктын аяктоочу жылынын өткөн беш айында ири экономикалык техникалык көрсөткүчтөр боюнча планды ашыгы менен орундатышкан. Мында товардык продукция өндүрүшүнүн беш айлык тапшырмасы 104,5%га орундалып, пландан ашыкча 1595 миң сомдук жибек жиби иштелип чыгарылган. Ал эми продукцияны реализациялаган көрсөткүчү 102%га аткарылган. «Н» индекси менен жибек кездемелерин чыгаруу боюнча тапшырма 142%га аткарылган [5].

Мындай көрсөткүчтөр ошол кездеги көптөгөн ишканалардын жамааттарына таандык болуп, өздөрүнүн эпкиндүү эмгектери менен эл –журтка таанылып, өрнөк болуп турушкан.

Тилекке каршы, шаарыбыздын индустриясы кайра куруу мезгилинде калайык калкты, өзгөчө миндеген жаштарды жумуш менен камсыз кылып турган аталган завод, фабрика, ишкана, мекемелер толук бүгүнкү күндө жоголуп, соода –сатык, базарларга айланып олтурат.

Убагында продукцияларды КМШ өлкөлөрүнө жана дүйнөлүк аренага чыгарган завод, фабрика, мекеме –ишканаларыбыз өз ишин токтотуп , ошол эле мезгилде бүгүнкү күндөгү жаштарыбыз ар кайсы чет жакада иштеп күн көрүп жүргөнү өкүнүчтүү. Бүгүнкү күндө жумушсуздук проблемасы күч алып, жакырчылык жакадан алып турган мезгилде, убагында шаарыбыздын ажарын ачып, көркүнө чыгарган элибиздин жашоо-турмушуна аябагандай зор салымын кошуп, Республикабыздын экономикасын, социалдык турмушун өнүктүргөн жылдар тарыхта өз ордун татыктуу алып жүрүүгө акылуу.

Адабияттар

1. Ош шаары. Ош -1994-жыл.
2. «Ленин –Жолу» // 1985-жыл 29-декабрь.№249
3. «Ленин-Жолу» // 1985-жыл 20-апрель № 77.
4. «Ленин-Жолу» // 1985-жыл 14-июнь № 113.

УДК: 950:39

Б. Осмонова, Ош МУ

Нооруз - бабалардын ыйык салты

Этнографиялык багытта Нооруздун-жаңылануунун жана өнүгүүнүн майрамынын ыйык каада-салттары, үрп-адаттары каралган.

В этнографическом аспекте рассмотрены обряды и традиции праздника Весны-праздника обновления и развития всего живого на земле.

Дүйнөлүк глобалдаштыруу шартында, ошондой эле демократиялык, укуктук мамлекетти калыптандыруу процессинде коомдун интеллектуалдык, руханий потенциалын, моралдык аң-сезимин өстүрүүдө элдик руханий баалуулуктарга кайрылуу жөнүндөгү маселелер алдыңкы планга чыгууда. Анткени бүгүнкү бир коомдук түзүлүштөн экинчисине өтүү, геосаясий, жаңылануу ж.б. процесстердин жүрүшүндө тигил же бул элдин, улуттун өзүн-өзү сактап калуусу буга чейинки кылымдар бою калыптанып келген каада-салттарды учурдун талабына ыңгайлаштырып колдонуудан көз каранды. Кыргыздардын салттык маданият системасында календардык майрам катары Нооруз дайыма өзгөчө орунга ээ болгон.

Майрам-адамдын жана коомдун жашоо ишмердүүлүгүн чагылдырган коомдук өндүрүштүк эмес көп кырдуу иш-чара. Майрам-адамдын калыптанышына жана руханий өнүгүшүнө көмөктөшкөн негизги социалдык-маданий баалуулук. Майрам адамзат коомунун тарыхый өнүгүү процессинде, өнүгүүнүн ар түрдүү баскычында маданий тармакта коом жетишкен баалуулуктарды камтыйт.

Майрамдын негизги функциясы-адамдарды маданий жетишкендиктерге тартуу, коомдун руханий дүйнөсүнө таасир берүү. Элдик майрамдардын формасы жана түзүлүшү дайыма коомдук формацияны, адамдардын саясий-экономикалык турмушун, алардын кызыкчылыктарын, тилектерин чагылдырат.

Майрам «күнүмдүк өндүрүштүк эмес жашоону, турмуш-тиричиликти жана башка каада-салттарды, коомдук жана индивидуалдык аң-сезимдин өнүгүү баскычын, адамдардын акыл-маанайын, дүйнөтаанымын, алардын адеп-ахлак белгилерин, тарбиясын, эстетикалык көз карашын күзгүдөй чагылдырат”[1]. Анда адамдардын коп кырдуу байланыштары, кызыкчылыктары, умтулуулары ачык көрүнөт. Майрамды “көнүл көтөрүүчү акт”катары гана кароо туура эмес. Майрам-адамдын социалдык жашоосунун эң керектүү элементи, анын коомдук маңызынын бир көрүнүшү, кубанычтуу сезимдерди коллективдүү билдирүү. Майрам негизинен массалык, элдик искусствонун формасы. Бул-мыйзам ченемдүү, коомдук тарыхый көрүнүш.

Бардык эле майрамдар адамдар жана коом үчүн пайдалуу болуп, массалык, салттык мүнөзгө ээ болуп, кылымдан-кылымга жашай бербейт. Адамдын калыптануусуна катышкан, анын эмгектенишине, эс алышына шарт түзгөн, элдердин социалдык-экономикалык, саясий-укуктук, нравалык-эстетикалык эң жакшы үмүттөрү менен кошо жүргөн майрамдар гана сакталып кала берет. Жогорудагы айтылган оң сапаттардын бардыгын камтыган, дүйнөнүн көп элдери илгертен майрамдаган жана майрамдап жатышкан элдик майрамдардын бири-Нооруз.

Байыркы тарыхка сапар чегебиз. Омар Хайям «Ноорузнаама», Абылкасым Фирдоуси «Шахнаама», Али Кожо Термези «Ноорузнаама», Махмуд Кашкары «Диван лугатит турк», Абу Райхан Бируни «Эзелки убактан калган эстеликтер» деген чыгармаларында Нооруз тууралуу сөздөрүн айтат. Нооруз алар үчүн чоң тарыхый окуя катары каралган. Алардын баары бул күндү майрам катары белгилеген жана эн байыркы салт деп эсептешкен. 14-кылымда Рабгузи мынтип жазган: “Күн Камал айынан (23-марттан 21-апрелге чейинки мезгил) оогондо Нооруз келип, суук качат, чилде, кыш чыгып, жер бетинде муз калбайт». Ал эми түркмөн акыны Шебенде: “Нооруз келди, бүткүл аалам жанданды. Күн жаркырап, жандууларга жан кирди”, - дейт.

Бул майрамдын кыргыз элинин тарыхы менен маданиятындагы өзгөчө ээлеген ордун чыгаан окумуштуу, кыргыз этнография илиминин негиздөөчүлөрүнүн бири С.М. Абрамзон өзүнүн эмгектеринде даана белгилеп кеткен[2]. Нооруз майрамынын кыргыз элинин дүйнө таанымында, каада-салттарында жана адеп-ахлак мамилелериндеги ордуна белгилүү кыргыз табият таануучусу А. Байбосунов терең талдоо берет[3].

Жер жарылып, кок чыгып, желин айрылып сүт чыгып, тил каткан куштар сайрап, чырпык сайсан чынар болоор кез келип, жер астынан тап чыгып, дарак бүчүр байлап, кышта жаткан кар калбай бул ааламга жаздын кезеги келди. Жазга кошо жаңы жыл келди. «Нооруз күн кандай болсо, жыл ошондой болот» дешкен.

Кыргызда эски жыл аяктап, эртең Жаңы жыл кирет деген күнү өткөрүлүүчү ырым-жырым салты «жыл ажыраш» деп аталган. Ал «эски жыл ажырады, жаңы жыл жалгады» деген мааниде

---

[1] Белоусов Я.Праздники старые и новые(некоторые философские аспекты проблемы празднования).-Алма-Ата:Казакстан,1974,с.4.

[2] Абрамзон С.М. Кыргызы и их этногенетические и историко-культурные связи.-Фрунзе, 1990.

[3] Байбосунов А. Донаучные представления кыргызов о природе.-Фрунзе, 1990.

айтылган. Бул маалда кыргыздар арча, чекенде, адырашман күйгүзүп, үй-бүлөнү, малды жана үйлөрдүн ичин аласташкан, ошондой эле жаңырган жылда мал-жандын, эл-журттун аман-эсен, тынч, кырсыктан тышкары жана эгиндин берекелүү болушун тилеп, кудайга, жер-суу, тоо-ташка жалынган, арпадан, буудайдан көжө жасап, сүмөлөк кайнатып, аны үй-бүлөсү, айыл-апасы менен чогуу ичкен.

Сүмөлөк ырлары:

Бапестеп көжө кайнаттык,
Байчечек терип жайнаттык.
Сүмөлөк бүгүн кайнаттык,
Бакыттын гүлүн жайнаттык.
Бешене терим сүртөмүн,
Ыйманды бүгүн күтөмүн.
Ыйманым болсун жолдошум,
«Умай энем колдосун.
Үр пери кыздар жолдошум,
Кыдыр ата колдосун.[4]

Суу куюп казанга,
Шылдыр – шылдыр сүрмөлөп,
Жасап алдык сүмөлөк.
Өрүк салып казанга,
Өйдө – ылдый сүрмөлөп.
Жасап алдык сүмөлөк.
Унду салып уучтап,
Утур –утур сүрмөлөп,
Утуп алдык сүмөлөк.
Сүмөлөк ай сүмөлөк.[5]

Көгала майса дөңдө экен,
Көксүрөсөң сөздө экен.
Жаны күндүн мээрими,
Күлмүндөгөн көздө экен.
Аштык бычак бөлүнөт,
Коштун ашы сүмөлөк.
Жаз көйнөгү жаңы экен.
Аккан суунун шаңы экен.
Кемеге боюн гүлдөткөн,
Кары жаштын таңы экен.
Ак дасторкон түрлөнөт,
Жаздын даамы сүмөлөк.

Баашайы жоолук башта экен,
Сүмөлөгү жашта экен.
Ынтымакка чакырган,
Ырыскысы ашта экен.
Казан тынбай көөлөнөт,
Ыман күтүп сүмөлөк.

Ата-бабадан калган салт катары «Сүмөлөк кайнатуу» расмиси Орто Азия элдеринин бардыгына бирдей тиешелүү. Сүмөлөк перс тилинен алганда «саману» деген сөздөн келип чыгып, «өндүрүлгөн буудай»дегенди түшүндүрөт.

Ошол каада-салтты калыбына келтирип, 1991-жылдан баштап Нооруз майрамы мыйзамдуу негизде белгиленип келе жатат.

---

[4] «Ала-Тоо» айымы. №2. 1992.
[5] «Улукман» №2. 1992.

Нооруз майрамынын сүйкүмдүү ырым-жырымдарынын бүгүнкү күнгө чейин сакталып калуусунун дагы бир орчундуу себеби бар. Мисалы нооруздун келип чыгышынын кайсы гана жагын албаңыз, илимий жактан талдап, ой жүгүртүп көрбөңүз, мында байкалып турган бир нерсе анын ырым-жырымдарынын гумандуулугу.

Бул майрамдын өзгөчөлүгү, биринчиден, анын мөлтүр тазалыгында, себеби Нооруз майрамына алгачкы камылга, ар бир адам өз турак-жайын, короосун иреттеп, айлана-чөйрөсүндөгү ыпыр-сыпырдан арылуудан башталып, ал иштер көңүлдөгү кирди агартууга багытталуучу. Аталарыбыз илгери-кийин кандайдыр бир себептер менен көңүлүн ооруткан адамдарга барып, ак тилегин, жакшы каалоолорун айтып, сезимдерди да байытуучу.

Майрамдын экинчи өзгөчөлүгү ал адамкерчилик сапаттын туу чокусу болгон боорукердик, кайрымдуулук, соопкерчилик, ыймандуулук деген түшүнүктөрдү ар бир жарандын дилине, сезимине жеткирүүгө багытталуучу.

Нооруз-накта элдик майрам. Анын өзөгүн элдин байыртадан бери келаткан салт-санаасы, үрп-адаты, оюн-тамашасы түзөт.Мааракенин ээси да- эл, анын мейманы да эл.

Нооруз-жаңырган жылдын биринчи күнү. Күн менен түн теңелген жаздын алгачкы майрамы.

Нооруз-ынтымакчылыктын майрамы. Бул күндөрү пейилдер оңолуп, дил тазарып, таарынычтар унутулат.

Нооруз-адамдын рухий дүйнөсүн жаңылаган, көңүлдү жашарткан майрам. Бул майрамга эл ынтызарлык менен даярданышат. Керексизин өрттөп, үй ичин, короо-жайын, бала-чакасын аластап чыгат. Кирлер жуулуп, жаңы кийимдер кийилет.

Нооруз-мейманчерчиликтин майрамы. Дасторкон кенен жайылып тапкан тамак-аштар коюлат, үйдүн эшиги эртеден кечке ачык болот.

Нооруз-соопкерчиликтин майрамы. Жакыр жашагандарга оокат-аш, эски-куску кийим-кечеден бөлүштүрүлөт. Оорулардын ал-акыбалы суралат. Көзү өткөндөрдүн арбагын сыйлап, аларга атап жыт чыгарышат, шам жагышат, куран окушат.

Нооруз-теңчиликтин майрамы. Улуу кичүүгө баш иет, кичүү улууга жүгүнөт.(39-б.)

Коп кылымдар мурун Нооруз майрамынын жалпы элдик денгээлде белгилениши, анын ритуалдарынын коп кырдуулугу жана кооздугу, ата-бабаларыбыздын эң мыкты сапаттарын чагылдырган Нооруздун үрп-адаттары жана салттары бул Улуу майрамдын түбөлүктүүлүгүн айгинелейт.

Кыргыздардын Жаңы жылы адамзат маданиятына кошулган чоң салым болгонун биз сыймык менен айтуубуз керек.

Адабияттар:

1. Абрамзон С.М. Кыргызы и их этногенетические и историко-культурные связи.-Фрунзе, 1990.
2. Белоусов Я.Праздники старые и новые(некоторые философские аспекты проблемы празднования).-Алма-Ата:Казакстан,1974.
3. Байбосунов А. Донаучные представления кыргызов о природе.-Фрунзе, 1990.
4. «Ала-Тоо» айымы. №2. 1992.
5. «Улукман» №2. 1992.
6. Кыргызстан-2006 Кундор. Адамдар. Окуялар. Окуялардын жылнаамасы. Бишкек-2006.

УДК: 950:39

Осмонова С.К., ОшГУ

Традиционные обряды и обычаи, свадьбы кыргызов живших на Юго-Западе Кыргызстана. (XIX - XXвв)

В конце XIX—начале XX века у кыргызов живших на Юго –Западе Ферганы были распространены следующие формы бракосочетания: брак путем сватовства, добровольный уход невесты к жениху, колыбельный сговор и т.д. Он состоял из обычаев и обрядов отражающих социально – правовые и религиозные нормы данного общества, сохраняющие пережитки предшествующих стадии развития человеческого общества и его религиозного мышления В свадебных традициях, обычаях и обрядов у

кыргызов живших на юго западе Ферганы в традиционных моментов, были большие различия, чем в других регионах Кыргызстана, особенно они отмечались традиционных свадебных обрядах и обычаях.

Свадьба - большое театрализованное действо, сложный обряд, в котором чередуются торжественные, веселые, шуточные, состязательные, трагические эпизоды. Суть данного обряда составляет совокупность разнохарактерных ритуалов.

Свадьба, и связанные с ней обычаи и обряды, являются самой красочной и содержательной частью всего обрядового комплекса. В день приезда родителей, родственников жениха в аил отца невесты устраивали грандиозный свадебный той – «кыз узатуу». Сами свадебные торжества сопровождались зрелищами и увеселениями, содержащими много игровых, песенно – музыкальных и состязательных элементов. Проводы молодухи и переезд ее в аил жениха сопровождались разными обрядовыми действиями. В доме отца невесты происходили главные обрядовые действия: специальная женщина открывала привезенные родственниками жениха куржуны – через некоторое время раздавали привезенные дорогие одежды родителям, ближайшим родственникам невесты - «кийит». В это же время происходила ритуальная передача всего выкупа за невесту – «калын». Как выше было указана калын входил, в основном, скот, при этом количество голов различных видов скота должен был быть по девять – «тогуздан». Это число имела сакральное значение. На девяти деревянных чашках – «тогуз табак» - подносили ритуальные блюда, предметы одежды и мелкие предметы.

По выплате всего калыма, закончив все приготовления родители жениха и невесты договаривались о дне свадьбы. В назначенное время жених в сопровождении друзей и родных являлись в аил невесты на свадьбу. Они привозили с собой скот для угощения и различные подарки. Все время пребывания жениха и его родителей отец невесты устраивал празднество (той), которой продолжалось два-три дня. Богатая свадьба включала в себя целую программу национальных игр и увеселений. В программу свадебных увеселений у богатых входили скачки (байге), и такие национальные игры, как борьба (курош), преследование девушки на конях (кыз куумай) и другие. В бедных семьях прием молодого с его родителями ограничивался скромным угощеньем.

Однако Кыргызстан обладает благоприятными факторами производства: богатейшими природными ресурсами, низкооплачиваемой рабочей силой и наличием квалификационных специалистов (по некоторым профессиям).

Причины того, что эти благоприятыне факторы до сих пор не оказывают положительного влияния на экономику республики и международные экономические отношения, состоит в следующем:

1) разрушив командно-плановую экономику, Кыргызстан не смог создать на ее месте частнокапиталистисческую систему хозяйства;

2) распад внутрисоюзных интеграционных связей тяжело заменяется новой системой международного разеделения труда;
3) «утечка мозгов» - эмиграция персональных носителей научно-технического прогресса из-за низкооплачивемостью труда или даже отсутствия работы;
4) слаборазвитой законодательно-правовой основой для разивтия частного сектора.

Кыргызстану необходимы кардинальные реформы, т.е. создание современной экономики на основе внедрения передовых технологий во все отрасли хозяйства и сферы жизни общества. Развитие более здоровых международных экономических отношений может сопуствовать экономическому возрождению Кыргызстана.

Поворот к рыночной экономике, ликвидация государственной монополии на внешнеэкономическую деятельность позволили открыть внутренний рынок для конкуренции иностранных товаров и капиталов и в принципе создали возможности для осуществления прогрессивных сдвигов в экономике.

Стартовые условия проведения экономических реформ в республике были крайне неблагоприятны. Эффективному началу экономических реформ мешали отсутствие условий для ведения самостоятельной финансово-кредитной политики, кроме этого мешали последствия чрезмерной интеграции экономики Кыргызстана в союзный народнохозяйственный комплекс.

В этих условиях Правительством Кыргызской Республики были приняты конкретные меры. В 1991-1992 гг. были приняты Законы: «О земельной реформе», «О предпринимательской деятельности», «О налогах с предприятий, организаций и граждан», «Об общих началах внешнеэкономической деятельности» и др. Принятие основополагающих рыночных законов позволили впоследствии разработать экономическую долгосрочную программу.

Однако, действительность показывает, что в современных условиях для позитивного изменения экономической ситуации этого явно недостаточно. Для поднятия экономического потенциала Кыргызстана является активное развитие сотрудничества с другими государствами и привлечение инвестиций в республику.

Следует отметить, что реальная межгосударственная интеграция возможна лишь при существовании механизмов рынка. Она начинается с первичных экономических субъектов и сращивания на базисном уровне. И лишь затем к новой ситуации приспосабливаются государственные структуры, системы, органы, вплоть до возникновения наднационального управления. Как показывает практика, только политических решений и даже согласованных документов недостаточно для того, чтобы интеграционная группировка играла какую бы то ни было значительную роль в мировых экономических процессах [1].

Региональная экономическая интеграция открывает новые возможности для инвестирования средств, разработки совместных проектов, проведения исследований и расширения производственной деятельности.

В последние годы оживилась работа по привлечению иностранных инвестиций в экономику страны и внешнеэкономическая деятельность регионов. В связи с этим в Ошской облгосадминистрации был создан комитет по внешнеэкономическим связам (1990). Усилиями работников комитета установлены устойчивые прямые связи с некоторыми регионами отдельных государств. Такими можно назвать связи установленные с провинцией Хорасан Исламской Республики Иран (1994). В рамках двустороннего сотрудничества создано совместное предприятие по разведению крупного рогатого скота на базе АО «Ноокатсоодасатык» с иранской фирмой «Говдарани Хорасан». В г.Мешхед открыто представительство Ошской области.

В связи с открытием дороги в Китайскую Народную Республику (КНР) через контрольно-пропускной пункт «Иркештам» усилились прямые связи Ошской области с Кызыл-Суу кыргызской автономной областью КНР, компаниями СУАР и Кашгарской вилояти. В результате подписания ряд соглашений были созданы: совместное предприятие по розливу минеральной воды на базе Ошской межрайбазы; предприятия по изготовлению жженого кирпича – «Саламбий», «Артур», «Алтынбаш», «Асыл-Сай», которые и сегодня обеспечивают строительным материалом население Ошской области; были открыты лечебно-медицинские центры традиционной китайской медицины.

В Постановлении Правительства Кыргызской Республики № 674 п.15 от 07.09.1994 года предусматривалось организация в г.Ош поястоянно действующей международной выставки-ярмарки. По географическому расположению г.Ош подходит для проведения такой

ярмарки. Поэтому вопросу в свое время были проведены предварительные переговоры через посла КР в КНР с Правительством провинции Гаунси [5].

Однако только после визита Президента КР А. Акаева в марте 1998-года в Китайскую Народную Республику возможность проведения выставки становится реальностью. Подписаны соглашения между областным комитетом по внешнеэкономическим связям и Управлением по приграничной торговле СУАР КНР об организации выставки-ярмарки китайских товаров в г.Ош [6].

В результате этих соглашений ежегодно проводились выставки-ярмарки, где были выставлены товары народного потребления, техника и оборудования. Только в 2006 г. на выставке-ярмарке из КНР участвовали 273 представителей из 221 компаний, фирм и предпринимателей. Было выставлено на ярмарку 780 тонн товаров на общую сумму 3,5 млн.долларов США и 80% товара было реализовано [8].

С СУАР КНР и Кызыл-Суу кыргызской автономной областью развивается не только экономическое, но и культурное сотрудничество.

По результатам переговоров с Правительством Нидерландов был реализован проект под названием «Проект развития сельского хозяйства в Ноокатском районе», который длился 3 года. По этому проекту нидерландская сторона вложила 2,1млн. долларов США, который направлялся на обеспечение семенами картофеля, ремонт ирригационных сетей и обучение крестьян [10]. В настоящее время крестьянские хозяйства продолжают выращивать картофель по нидерландским элитным семенам применяя инновационные технологии в сельском хозяйстве.

Неуклонно улучшаются прямые связи с Индией. В этом вопросе большие усилия предпринимает посольство Индии в Кыргызской Республике. Индийская компания «Жегсон Интернейшнл Лтд» подготовила проект на строительство 15 автозаправочных станций мирового стандарта, из них 5 в г.Оше, а остальные в других регионах области. Эта компания обеспечивает часть потребности области нефтепродуктами, причем поставка ГСМ осуществляется на свои средства. В настоящее время в рамках двустороннего взаимовыгодного сотрудничества в г.Ош построены и действуют три АЗС, один в с. Гульча и один в с. Араван [4].

Взаимоотношения с Индией развиваются не только в экономическом плане, но и в культурном. Летом 1998-года в Ошском Государственном университете проводилась фотовыставка, где были выставлены фото-материалы демонстрирующие национальную культуру, архитектуру, великолепную красоту природы и фрагменты из повседневной бытовой жизни простого индийского народа. Кроме этого в Ошскую телестудию были переданы киноленты индийских новых фильмов, которые демонстририровались по областным каналам телевидения. Все это укрепляет и сближает многовековую связь и дружбу двух народов.

Особое место имеет отношения Ошской области с Россией. Россия и Кыргызстан давние партнеры в политических, культурных и экономических отношениях.

В целях создания наиболее благоприятных экономических условий деятельности всех видов хозяйственных структур, подписаны соглашения о сотрудничестве Ошской области с Омской, Свердловской, Саратовской, Оренбургской, Новосибирской, Липецкой, Нижегородской, Кемеровской и Орловской областями также Алтайским краем Российской Федерации.

Между АО «Аска» Ошской области с Саратовской областью заключен контракт по поставке из Саратовской области нерафинированного подсолнечного масла на бартерной основе взамен на хлопок-волокно, плодоовощных консерв на зерно. Также рассмотрен вопрос о поставке троллейбусов и запасных частей к ним [2]. С Орловской областью с компанией «Русто-Рости» в г.Ош создан Торговый дом по реализации российских промышленных товаров, завод по производству материалов из макулатуры и хлопковых отходов. А с Ошской стороны экспортировались - сурьма, ртуть, хлопчатобумажные и шелковые ткани, глубинные насосы, хлопок, табак, шерсть и др.

С Нижегородской областью Российской Федерации двустороннее сотрудничество предусматривалось в социально-экономическом, научно-техническом и культурном направлениях. Ошская область была намерена на базе АО «ГАЗ» осуществить сборку узлов и деталей автомобилей. Однако из-за некоторых нерешенных проблем российская сторона приостановила свои действия. С остальными выше перчисленными областями России экономическое сотрудничество осуществляется на взаимовыгодных условиях. Однако, дальность расстояния и высокие тарифы на железнодорожные перевозки препятсвуют широкому развитию взаимомыгодных торгово-экономических связей.

В Херсонской области Украины согласно подписанного соглашения учреждена торгово-экономическое представительство Ошской области. Соглашения о торгово-экономическом и культурном сотрудничестве были составлены с Южно-Казахстанской и Алматинской областями Казахстана, Ленинабадской областью и Горно-Бадахшанской автономной областью Таджикистана, соседними областями Узбекистана.

Необходимо отметить, что сотрудничество с Турцией является более заметным по сравнению с другими странами. На территории Ошской области зарегистрированы и работают 30 совместных кыргызско-турецких предприятий. В г.Ош дважды проведены выставки-ярмарки турецких товаров [7].

Наиболее успешно работают турецкие фирмы «Этем Озсой» и «Сунель». В 1997 году фирма «Этем Озсой» вложила инвестиции 8 млн.сомов в хлопковую отрасль, а фирма «Сунель» - 12,5 млн.сомов в табачную отрасль. Турецкие фирмы создали совместные предприятия по производству хлебобулочных, макаронных и кондитерских изделий, мороженного, а также действует ресторанный бизнес.

Были подписаны договра с фирмами «Промота» о строительстве завода по производству томатной пасты и сигаретной фабрики мощностью 1 млрд курительных единиц, «Озгон LTD» о переработке кожсырья, «Атлас» о поставке нефтепродуктов и создании совместного предприятия. С компанией «Интер-Арт-Сет» подписан протокол-намерение о сотрудничестве, с компанией «Бармек-Холдинг» была достигнута договоренность о сотрудничестве в области строительства и поставке оборудования, с компанией «Яшар Холдинг» подписан протокол-намерение о совместной разведке месторождений полезных ископаемых, с компанией «Турксел» - внедрение сотовой связи в Ошской области, «Алярка» - реконструкция Ошского аэропорта.

Однако, многочисленные подписанные протоколы не были доведены до конца. Основными направлениями развития сотрудничества Ошской области с Турцией можно назвать следующими:
- производство сельскохозяйственной продукции (фьючерские контракты по табаку и хлопку);
- переработка сельхозпродукции;
- добыча и переработка полезных ископаемых;
- строительство объектов к юбилею 3000 летия г.Ош;
- развитие телекоммуникаций и транспорта;
- туризм;
- торговля[7].

Для увеличения экспорта существенный вклад вносят кредиты и гранты международных проектов и фондов. Действует проект США ACDI/VOKA (поддержка продовольствия), которая организовала реализацию муки из завезенной американской пщеницы, вырученные средства накапливались в Ошской кредитной Ассоциации, которая предоставила кредиты для частных крестьянских и фермерских хозяйств. Проектом финансировано 44 хозяйства на сумму 3,7 млн. сомов для посева озимых культур [3]. Проводилось финансирование хозяйств для весенне-полевых работ. Международная неправительственная организация ФИНКА продолжает работу по финансированию малоимущих женщин области, создаются группы, которые совместно осуществляют малый бизнес.

Германский проект «Поддержки частных фермерских хозяйств Ошской области» работает с 1992 года. Во втором этапе своей деятельности в 1997 году они финансировали крестьянское хозяйство в сельской управе «Жоош» по возделыванию хлопчатника под пленкой на площади 5 га. В результате получен хороший урожай и этот опыт в последующие годы был расширен, под пленкой посажено около 2000 гектаров хлопчатника. По этому проекту проводятся семинары с участием немецких специалистов по развитию сельского хозяйства, даются консультации.

Германскому банку Развития KFW (Большая линия), Ассоциация кооперативов Кадамжайского района подготовила бизнес-проект на закупку оборудования по розливу напитков. Проект был одобрен банком, в результате выполнения некоторых процедур в Кадамжайском районе был открыт мини-завод по розливу напитков из свежих фруктов.

Экспертами германского общества технического сотрудничества (ГТЦ) принимаются бизнес-проекты по развитию малого и среднего бизнеса. Специальная комиссия рассматривает бизнес-проекты и выделяет инвестиции для их развития.

По статистике к 1 январю 1997 г. в Ошской области работали 106 иностранных фирм (по сравнению 1995 г. их количество увеличилось на 55,9%). Процентный показатель совместных и

иностранных предприятий составил: Россия-16,3%; Турция-14,2%; Китай-12,3%; Узбекистан-8,3%; Германия-7,5%; США-6,6%; Казахстан и Иран-5,7%.

Нужно отметить, что из регистрированных совместных предприятий активно работали 26,4% из них в торговле – 32,1%; в промышленности – 7,1%; в транспорте – 7,1%. Объем от продажи товаров и услуг этих предприятий составило – 94,6% [9].

Значительный вклад в развитие внешнеэкономических связей вносят волонтеры Корпуса Мира, они свои знания передают местному населению и количество их растет из года в год. Если в 1997 году по области работали 11 волонтеров, а 1998 году их число увеличилось до 14 человек. Они работали в отдаленном Чон-Алайском районе. В последующие годы обсуждались пути эффективного их использования. Дело в том, что они только преподают английский язык. Поэтому, предлагалось их использовать в развитии внешнеэкономических связей малого бизнеса, в качестве советников глав сельхозуправ. По этим вопросам с руководством Корпуса Мира достигнута договоренность о том, что, из своего времени 50% будут работать советниками сельхозупррав, 50% - преподавателями английского языка.

Сегодня Ошская область привлекает иностранных инвесторов. Здесь есть все условия для развития совместного бизнеса по многим направлениям экономической деятельности. Ошская областная администрация, мэрия г.Ош, комитет по внешнеэкономическим связям работают по привлечению иностранных инвеситиций, выявляют приоритетные направления экономики области. Ими разработаны научно-обоснованные проекты по следующим направлениям: по розливу природной минеральной воды «Кара-Шоро», по производству мрамора АО «Ак-Таш», по освоению малых золоторудных месторождений (на территории Ошской области имеются более 10 мелких месторождений золота), по производству консервной продукции, по созданию миницементного завода на угольном разрезе «Алмалык-Комур», «Ак-Сайский» цементный завод (Кызыл-Кыя), по производству овощных консерв-пюре для детского питания, по строительству канатаной дороги на Сулайман-Тоо и др.

Вместе с тем, проводимая работа по привлечению иностранных инвестиций не всегда оправдывает ожидаемые результаты. Не все сотрудники комитета отвечают профессиональным требованиям, например, владение иностртанными языками (осн.английский язык). Следующей причиной является то, что отсутствует необходимая инфраструктура, сервис обслуживания и низкая квалификация местного персонала.

Самым узким местом в работе инвестиционных проектов является отсутствие информации о необходимых мини-оборудованиях, опыт работы начинающих бизнесменов. Созданные совместные предприятия занимаются в основном куплей-продажей. Их иностранные партнеры не спешат вкладывать свои капиталы в произвдство. Слабо осуществляется связь с местными районными государственными администрациями, руководителями предприятий и организаций по подготовке бизнес-проектов для привлечения иностранных инвестиций. Во многих районах и городах вопросы привлечения капитала не проработаны, не определены конкретные отрасли и объекты, куда их необходимо направлять, нет технико-экономических обоснований. Слабо оказывается помощь частным предпринимателям.

Но несмотря на это, в условиях перехода к рыночным отношениям, могут развиваться разнообразные формы хозяйствования. Многие вопросы, связанные с развитием внешнеэкономических связей нужно решать полагаясь на опыт предыдущих лет.

Литература

1.Носова Н.С., Роньшина Н.И. Международные экономические отношения. М., 2008.С.13
2.Информационное письмо Председателя Ошского областного комитета по внешнеэкономическим связям № 103 от 20.08.1997
3.Информационное письмо № 113 от 05.09.1997
4.Информационное письмо № 69 от 07.07.1998
5.Информационное письмо в МИД КР № 37 от 25.03.1998
6.Информационное письмо Премьер-министру КР 1998-г.
7.Материалы по сотрудничеству Ошской области с Турецкой Республикой. № 115. 27.10.1998
8.Отчет о проведении выставки-ярмарки 2006г.

9.Ош жанырыгы № 34. 3-мая 1997
10.Эхо Оша № 18. 16-мая 1995

УДК:400:300.372

Ж.А. Токошева, ККГЭИ

Махмуд Кашгари – түрк элдеринин орто кылымдагы чыгаан окумуштуусу

Бул макалада түрк элдеринин орто кылымдагы чыгаан аалымы Махмуд Кашгари жөнүндө баяндалат.Ал жашаган доор, анын өмүр таржымалы жөнүндө сөз болот жана түрк тилдеринин диалектикасы типологиялык – семантикалык жактан изилденет.

В статье раскрывается жизненный путь великого тюрколога Махмуда Кашгари, целью статьи является изучение диалектов тюркских языков в семантическом плане.

The article denotes, to the biographical notes of outstanding Turkish scientist Mahmud Kashgarys.The aim of the article is to analize the differences of Turkish dialects semantically.

Акыркы жылдардагы биздин коомдогу болуп жаткан экономикалык, саясий жана маданий реформалардын негизинде социалдык жашоодо бир топ өзгөрүүлөр болуп жаткандыгы айкын. Ал улуттук республикаларда өзгөчө мүнөзгө ээ болууда. Коомдук жашоону демократиялаштыруу – нун шарапаты менен өткөн замандын көптөгөн ойчулдары, тарыхчылары, акындары кайра жаралуу менен эске алынып, алардын калтырып кеткен эмгектери, кол жазмалары бардык илимдер – дин өкүлдөру тарабынан изилденүүдө.

Мына ушундай тарыхка, адабиятка, философияга зор салымын кошкон кыргыздын көрүнүктүү инсандарынын бири – Махмуд Кашкари. Махмуд Кашкари XI кылымдын биринчи жарымында Барскан шаарында Кара кагандардын сулалелик тегинен чыккан феодал төбөлдүн үй-бүлө сүндо жарык дүйнөгө келген. Өз атасы Хусейин Мухаммед уулу Барскан дубанын бийлеп турган. Айрым окумуштуулар Махмуддун ныспасы «ал – Кашкари» болуп чектелбестен, «ал-Барскани» деп да толукталышы керектигин эскеришүүдө.Чоң атасы улук каган болуп ошол эле жылы опат тапкан Мухаммед ибн Жусуп Кадыр – хандын өзү Махмуд Кашкари да эмирлер өзүнүн бабалары болгондугун китебине эскерген.

Махмуд Кашкаринин бабалары (Эмир Бухар тегин) тууралуу да «Диван лугат ат-түрк» эмгегинде мындай жазылган: «Огуздар «емир» деп айталбай «а (алиф)» арибин «х» арибине алмаштырып «хемир» дешет. Биздин бабабыз Эмир Бухра Тегин түрк элине караштуу жерлерди Саманийлерден кайра тартып алган, анын аты да Эмир болгон. Украин чыгыш таануучусу Омелян Прицактын далили боюнча башкача айтканда, Хусейин уулу Мухаммед небереси Махмуд ал-Кашкари хижранын IV кылымынын 20-жылдарынын ичинде, азыркы жыл эсеби башкача айтканда 1029-1038-жылдардын ичинде туулган. Ал өзү жөнүндө белгилүү «Сөздүгүндө» орто кылымдын дөөлөт коштогон сөз чеберинин стилине салып, төмөнкүдөй жазган: «Мен өзүм алардын (түрктөрдүн) тили өткүр чеченинен, айтаары ачык жетигинен, көөдөнү эң тетигинен, эң ак сөөк тектүүсүнөн, найзасы таамай эптүүсүнөн болуум менен бирге, түрк, түркмөн-огуз, чигил, ягма, кыргыздардын калааларын жана талааларын изилдедим, алардын тилдерин жана накыл сөздөрүн зээнге туттум. Акыры алардын ар бир уруусунун тилин өтө кылдат жат кылдым, (жыйнагымды) тартибин татынакай өтө сымбат кат кылдым».

Махмуд Кашкари- орто кылымдардагы өз доорунун чыгааны, энциклопедист – аалымы. Ал Ысык-Көлдүн тескейиндеги Барскоон шаарынан чыккан караханиддер доорунун даанышман өкүлү. Барскандык улуу мекендешибиз так ушул Ысык-Көлдүн жээгинде чоноюп, кылымдарга калтырган, өлбөс-өчпөс эмгегин жараткан. Аны кылымдар кыйырынан азыркы заманга аттаткан артына калтырып кеткен мурасы болду. Түрк дүйнөсүнө караңгыда жарык шоола чачкандай азыркыга чейин эң кымбат баалаган «Диван лугат ат-түрк» аттуу жыйнагы болду [1].

Махмуд Кашкаринин жалпы түркологияда белгилүү эмгеги 1072-1078-жылдарынын аралыгында жазылып бүткөн. Окумуштуулардын болжолуна караганда окумуштуу 1029-1038-жылдардын аралыгында туулуп, «Диванды» 1072- жылы баштаган да, 1078- жылы бүткөн деген корутундуга келген изилдөөлөр бар. Бул мезгилде мусулман маданиятынын борбору катары таанып-

ган Богдад, Бухара, Самарканд, Кашкар шаарында окуп, филологиялык жогорку билим алган залкар окумуштуу Махмуд Кашкари бул эмгекти жаратууда эки максатты койгон өндөнөт. Жогорку Чинден (Түндүк Кытай) тартып бүткүл Мавреннахр, Хорезм, Фергана менен Бухарага чейин кең мейкиндикти мекендеген түрк урууларынын тилдик өзгөчөлүктөрү сакталып кала берген. Окумуштуу түрк тилиндеги сөздөрдү мүмкүн болушунча кеңири топтоп, ал тилдердин ортосундагы өзгөчөлүктөрдү, окшоштуктарды бир системага келтирип, орфографиялык нормага баш ийдирүүнү максат кылып койгон көрүнөт.

Экинчиден, эмгекти жазууда автор түрк тилинин лексикалык байлыгын, грамматикалык, тыбыштык жана маанилик ажырымдарды иликтеп, түрк окумуштууларынын арасында кенири таралган араб тили сыяктуу эле түрк тилдери да бай, ийкемдүү тилдерге жатарлыгын аныктоону максат кылып алган көрүнөт. Өз эне тилине болгон мындай урмат Махмуд Кашкаринин көп жылдар бою ар кандай лексикографиялык эмгектер менен таанышууга муктаж кылган [2].

Эмгек келечекте сапат жагынан жогорку деңгээлде болсун үчүн, өз доорундагы араб филологиясынын тажрыйбасынан кеңири пайдаланып, түрк тилдеринин материалдарын мүмкүн болушунча толук камтууга аракет жасайт. Ошондон улам Махмуд Кашкари, далай жылдар бою түрк урууларды шаар-кыштактарын аралап, алардын тилдерин илимий негизде үйрөнүп, ар бир сөздүн кайсы уруунун тилине тиешелүү экендигин тактоого бел байлайт. Ал тууралуу автор мындай деп жазат: «Мен түрктөр, огуздар, чигилдер, ягмалар, кыргыздардын шаар-кыштактарын бир далай жылдар бою аралап чыктым, сөздөрүн топтодум, алардын маанилерин үйрөнүп такта-дым.Мен бул иштерди тил билбегеним үчүн эмес, мүмкүн болушунча бул тилдердеги ар кандай өзгөчөлүктөрдү аныктоого аракеттендим». Махмуд Кашкари турк тилдеринин диалектилерин изилдөө менен көп саякаттаган.Ал түрктөрдүн элдик каада-салттарын, куранды жана Караханийлер ордосунун этикасын эң жакшы билген. Өзүнүн чыгармасын ал аскердик-саясий системада түрк урууларынан чыккандар ошол мезгилдерде негизги позицияны ээлеген Араб халифатынын башкаруучусуна арнаган.

«Диван лугат ат-түрк» бай лексикалык материалдан башка этнография, социалдык уюштуруу, Борбордук Азиянын түрк урууларынын этносаясий структурасы боюнча көптөгөн баалуу маалыматтарды камтыйт: «Мен эң таза тилде сүлөгөн түрктөрдөн чыксам да,-деп жазат автор… мен бардык элдерди, айылдарды, түрктөрдүн талааларын беш колумдай билип чыктым. Мен түрк төрдүн (караханийлердин), түркмөндөрдүн, огуздардын, чигилдердин, ягмалардын, кыргыздардын тилдерин толук элестете алам»… [3].

Махмуд Кашкари өскөн жерин калтырууга аргасыз болот да, өзүнүн өмүрлүк максаты ире тинде ал түркий элдердин негизги тилдерин жана диалектилерин изилдөө жаатын тандап алат. Жер которгон доору анын илим-билими кеңейген доору менен да бап келип, ири илим чордонунан аалымдардан таалим алат. Чыгыш аалымдары өмүр бою башка калааларга барып, атагы алыс ка кеткен замандашынан сабак алууга умтулгандыгы жазма эстеликтерде чагылдырылган.

И.Абдувалиев белгилегендай, кыргыз лексикографиясынын башаты 1072-жылды белгилөө гө болот. Себеби, ал атайын сөздүк жаратуу үчүн кыргыз сөздөрүн чогултуп, кагазга түшүрүү ишинин башаты Махмуд Кашкаринин «Турк тилдеринин сөз жыйнагында» жатат. Орто кылымдардын улуу лингисти өзүнүн ушул китебинин баш сөзүндө: «Мен түрк элдеринин сөз билги чечендери, өздөрүнө мүнөздүү болгон уруш иштеринин чеберлери, найзакерлери, усталары, уздары менен баарлаштым. Алардын шаарларын, кыштактарын кыдырдым. Түрк, түркмөн, огуз, чигил, йагма, кыргыздардын сөздөрүн макал-лакаптарын чогултуп жазып алдым, иреттедим, тартипке салып чыктым»- деп жазат.

Ушундан улам И. Абдувалиев белгилегендей кыргыз лексикографиясынын башаты, көрөңгөсү 1072-жылдан башталат десек болот. Себеби, создүк жаратуу үчүн кыргыз сөздөрүн чогул-туп, кагазга түшүрүү ишинин башаты Махмуд Кашкаринин «Түрк тилдеринин сөз жыйнагында» жатат. Көптөгөн араб лексикографтарынын эмгектери менен таанышып чыккандан кийин, акыры бул эмгегин Халил ибн Ахматтын «Китабур айн» сөздүгүнүн үлгүсүндө түзөт [6].

Махмуд Кашкарини эң алгачкы илимпоз-түрколог деп да, XI кылымдагы түркология илиминин «Радлову» деп да баалап жүрүшөт.Бул деңгээлге жетүү үчүн ага ойдон тоого, талаадан чөлгө өтүп жер кезген диалектологдук мээнет гана жеткирген жок. Эң негизгиси – ал жөн гана саякатчы эмес, түркий тилдерди жана диалектилерди топтолгон маалыматтын негизинде илимий негизде таасын сыпаттап берүүгө баш койгон аалым. Бул үчүн анын жогорку илимпоздук даярдыгы сөзсүз болууга тийиш эле» деп белгилейт Т.Чороев.

Окумуштуулардын белгилегенине караганда, VIII кылымда эле араб лингвистикалык системасы калыптанган. Араб тил илими чыгышында – Индия, батышында Жер ортолук деңиз жээктериндеги маданий очокторду бири-бирине байланыштырган халифаттын доорунда грек, сириялык, латын, индиялык тил илимдеринин араб дүйнөсүнүн өзүнүн жергиликтүү илимий кыртышында пайдалануусунун натыйжасында өз заманы үчүн эң алдыңкы орундагы илимге айланган. Арабдардын лингвистикалык илимий салты иран, түрк тил илимдерине гана эмес европалык чыгыш таанууга да чоң таасир тийгизген.

Махмуд Кашкари дүйнөнүн түстүү картасын да чийген. Т. Чороевдин маалыматы боюнча мусулман географтары чийген дүйнөнүн карталарынын бир далайы бизге жеткен. Алардан Махмуд Кашкариге таандык дүйнөнүн түстүү картасы өзүнүн бир катар өзгөчөлүктөрү менен айырмаланып турат. Бул тууралуу чет элдик жана советтик илимпоздор (М.Конрад., А. Германн, К. Цегледи., А.З. Велиди (Тоган), В.Ф. Минорский., И.И. Умняков., С.О.Омурзаков., Х.Х. Хасанов ж.б.) тийиштүү изилдөөлөрүндө токтолушат.

Академик В.М. Плоских карта тууралуу мындай деп белгилейт: «Өзүнүн чыгармасында Махмуд Кашкари дүйнөнүн оригиналдуу, тегерек картасын тиркеген. Ал сейрек жолугуучу бөлүктөрүн жана географиялык обьектилердин адаттан тыш жайгашуусу менен айырмаланат». «Дивандагы» картада жердин чордону катары ыйык мечит орун алган Мекке шаары эмес, Махмуд Кашкари туулуп өскөн Ысык-Көл, Борбордук Теңир-Тоо аймагы жайгаштырылат. Барскан шаарынын аты «Дивандын» текстинде каткалаң «гайн» аркылуу «Барсган» деп берилген болсо, ал эми картада каткалаң «каф» аркылуу «Барскан» деп (азыркыБарскоон топонимине үн алыштырып жазылган (Т.К. Чороев). Бул айырмачылык диалектилик өзгөчөлүктөр менен байла-ныштуу болсо керек. Түркстан аймагы көңүл борборунда тургандыгынан улам бул картаны кандайдыр даражада Кара кагандар сулалесинин саясий картасы иретинде түшүнүүгө болот.

Мында мусулман карталарынын ичинде эң биринчи ирет чыгышта – Япония (Жабарка), Катун сыны шаары Ганьчжоудагы Уйгур мамлекетинин Борбору деп аны Е.И.Кычанов белгилейт), Кыргыз каганатынын X кылымдагы бир бучкагы болуп, кийинчерээк татарларга өткөн Отукен аймагы, Ысык-Көлдүн түштүк-батышында Кочңар-Башы (Кочкор-Башы) жери, а батыш-та – Венгрия (ал-Мажар) кагзга тушурулуп, ал эми Теңир-Тоодогу кырка тоолор тизмеги өтө реалдуу чагылдырылган [1].

Түрк урууларынын XI кылымдын экинчи жарымында территориялык жактан таралышына карата дүйнө жүзүнүн тегерек картасын сөздүккө тиркеме катарында берген; Түрктөрдүн 20 уруу га бөлүнө тургандыгын, кандай түрк урууларынын бар экендигин, түрк тилдеринин фонетикалык, морфологиялык жактан чыгыш (чигил, тухси, йагма ж.б.) жана батыш (кыпчак, огуз, печенег, булгар сувар ж.б.) топ болуп эки топко бөлүнөрү сөздүктө көрсөтүлгөн»-деп жазат К. Сартбаев. Ошентип Махмуд Кашкари орто кылымдардагы теңир-тоолук түркий калктардын ка ртографиялык илиминин туу чокусуна көтөрүлгөн аалым болуп эсептелет [4].

Жыйынтыктаганда, Махмуд Кашкаринин бул эмгеги, академик А.Н.Кононов мындай белгилейт, «…бир катар түркий тилдердин фонетикасы, грамматикасы менен лексикасын өтө дилгир жана өтө кылдат байкоолорунун сөздүн толук маанисиндеги алтын бүртүкчөлөрүнөн болуп, ошондой эле хакандык (кара кагандык) түрктөр, түркмөндөр, огуз, йагма, чигил, кыргыздар тууралуу баа жеткис лингвистикалык, этнографиялык, фольклордук, географиялык, тарыхый маалыматтарды биздин заманга жеткирип берген бирден-бир турпатка ээ чыгарма болуп эсептелет».

А д а б и я т т а р

1. Т.К. Чороев., Махмуд Кашкари жана анын «Түркий тилдер сөз жыйнагы». Бишкек 1995-жыл
2. Толубаев М. Булактын көзүн ачканда. ж. Мурас.№3. 1991.
3. Биздин Кыргызстан. Кыргызстан-Сорос фонду. Бишкек 2004 –жыл. (Автору акад.В.М. Плоских.)
4. Жолдошев А., Байыркы кылымдагы Алтай, Энесай, теңиртоо кыргыздарынын тарыхы. Ош 2006.
5. Абдувалиев И. , Этимология жана лексикография., Бишкек 2007.

УДК:300.72

Т.М. Усманов, М.Ш. Султанова,
Ч.Т. Сатыбалдиева, Г.Э. Чыныкеева, ОшГУ

**Султан Ибраимов - таланттуу жетекчи,
мамлекеттик көрүнүктүү ишмер жана залкар инсан**

В данной статье рассматривается жизнь и деятельность видного государственного деятеля, талантливого руководителя Султана Ибраимова, который внес свой огромный вклад в развитие экономики и культуры нашей республики

Бул макалада мамлекеттик башкаруунун кайталангыс ишмери, Ата Мекенине ак ниет кызмат кылып, республикабыздын экономикалык жана маданий жактан гүлдөп өнүгүүсү үчүн активдүү күрөшүп, өз салымын кошкон, элдин чыныгы сыймыгы Султан Ибраимовдун өмүр жолу, ишмердиги баяндалат.

Байыркы элибиздин чыныгы тарыхы эгемендүү мамлекет болгонубуздан кийин гана жазыла баштады. Келечекке ишенимдүү баруу, өз мезгилинди сүйүп жашоо үчүн өткөн тарыхынды билишиң керек. Тарых таалим берет, патриоттук сезимди күчөтөт, уруучулук тар түшүнүктөн арылтып, улуттук биримдикке ширетет. Ынтымак-биримдиги кеткен мамлекет бөлүнүп-жарылат, кыйрайт. Элдин руху болгон жерде биримдик, ынтымак, патриотизм болот. Айтылуу бабабыз Манастан тарта, андан берки Адигине, Тагай, Орозбакты, кечээки эле Курманжан датка, Шабдан, Байтик, Байзак сыяктуу эл башы, журт башы, иш билгилер кыргыз журтчулугунун уюткусун дагы бекемдеп, чыңдап келишкендиги ырас. Ата-бабабыздан бери келе жаткан көчмөндүүлүк көрүнүштөн отурукташып, биргелешип жер иштетип, өнөр-жайын куруп, жапырт сабаттуулукка аттанган учурда да кыргыздын улуу инсандары: Жусуп Абдракманов, Баялы Исакеев, Абдыкадыр Орозбеков, Касым Тыныстанов, Төрөкул Айтматовдор бүгүнкү күндүн пайдубалынын алгачкы таштарын коюшса, Исхак Раззаков, Төрөбай Кулатов, Болот Мамбетов, Турдакун Усубалиев, Абсамат Масалиев, Акматбек Сүйүнбаев өңдүү ондогон инсандарыбыз ошол пайдубалды дагы бийиктетип коюшкандыгы талашсыз. Биз сөз кыла турган инсандын өмүр жолу ары мазмундуу, ары сыймыктуу.

Кыргыз Республикасынын өсүп-өнүгүүсү үчүн эмгек сиңирген, өзүнөн кийинки демократиялык замандын келишин эңсеп, максатын түшүнгөн, акылы, билими жана адамдык сапаты боюнча эли-журту үчүн ак жолтой болгон инсандардын катарына Султан Ибраимов да кирет.

Султан Ибраимов 1927-жылдын 20-сентябрында Чүй облусунун Алчалуу кыштагында колхозчунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келди. Ал ата-энесинин кудайдан зарлап жүрүп, тилеп алган перзенти болгон. Анын балалыгы отузунчу жылдардагы колхоздоштуруу, элди сабаттуулукка үйрөтүү сыяктуу зор өзгөрүүлөргө туура келген. Ким билет, анын табият тартуулаган сергектигиби, баамчылдыгыбы, айтор, жаңы замандын таразасын туура түшүнүп, бала болсо да ошол жаңы замандын шарданына аралаша чоңойду, эс тартты.[1]

Ошентип, элге аралашып, өкмөт башчысы болгон мезгилдеринде да өзүнүн балалыгы жөнүндө, Улуу Ата Мекендик согушту да эстен чыгарбай жүргөнү күнү бүгүнкүдөй эсинде сакталган. Белгилүү акын Аалы Токомбаев «Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин» дегендей, аны көрүп-билген, чогуу өскөн айрым жердештеринин жана досторунун айтуусуна караганда, Султан Ибраимов бала кезинде эле зээндүү, сергек, боорукер болгон. Мектепте алдыңкы окуучу гана эмес, активист катары бир кыйла коомдук иштерди да уюштуруп, керек учурунда көркөм чыгармачылык ийримдерине да катышып жүргөн.

1941-жыл. Батыштан гитлердик баскынчылар тынч жаткан элге кол салып, жаш-кары дебей жоого аттанат. Айылда кары-картаң жана Султанга окшогон балдар гана калат. Ошондогу жалпы

[1] Апаз Жумагулов «Султан Ибраимов» Бишкек, 1997.

элге түшкөн кыйынчылык, ач-жылаңач болгон наристелердин ыйы, жетип-жетпеген көр оокат, бири-бирин бучкактаган бөбөктөр, алардын кара курсагын тойгуза албаган эненин абалы жаш Султандын көкүрөгүнө кыт куйгандай уюп, анын эрте жетилишине, эрте бой тартышына өбөлгө болгон. Ал эми 1943-жылы Султан Ибраимов 8-классты бүтөрү менен окууну таштап, жоо бетинде жүргөн ата-агаларынын ордуна талаага чыгып, эгин эгип, чөп чаап, элдин жеңилин жерден, оорун колдон алып, эл камын ойлой баштаган. Бирде күндүзү суу сугарып же чөп жыйнаса, түнкүсүн эс алуунун ордуна кызыл кырманда болуп дегендей, ал турмак каз таман тракторду да үйрөнүп, жазында жер айдап, жайкысын тоют топтоп, күзгүсүн комбайн сүйрөп, кышкысын ошол эле каз таман «тулпары» менен малчыларга чөп жеткирип жүргөндүгүн Дөң-Арык менен Алчалуу аймагында жашашкан кары-картаңдар күнү бүгүнкүгө дейре жомоктотуп айтышат. Кантсе да, 1941-1945-жылдардагы кыйын кезең, элдин жашоосу, экономиканын абалы Султан Ибраимовдун жаш жүрөгүнө тынчтык бербей, андан чыгуунун, элдин турмушун жакшыртуунун жолун изилдөөгө түрткү болуп, ошол ой-кыял кийинчерээк анын эл жүгүн аркалаган инсан болушуна себеп болгон чыгар. Анын жөнөкөйлүгү, боорукердиги, адамдарга мамиле жасоонун кээ бир татаал сырлары, баамчылдыгы, көрөгөчтүгү, кыраакылыгы мына ошол жылдарда калыптана баштаган. Ал 1946-49-жылдары Фрунзедеги гидромелиоративдик техникумда окуйт. Аны ийгиликтүү бүткөндөн кийин Чүй сугат тармагы башкармасында участкалык гидротехник болуп иштейт, 1952-55-жылдары Ташкенттеги ирригация инженерлери жана айыл чарбасын механизациялаштыруу институтунда окуйт, 1955-57-жылдары Кыргыз ССР ИАсынын суу чарбасы жана энергетика институтунун кенже илимий кызматкери, 1957-59-жылдары Кыргызстан компартиясынын Борбордук Комитетинин илим, жогорку окуу жайлар жана мектеп бөлүмүнүн инструктору, 1959-61-жылдары Кыргызстан Компартиясы-нын Аламүдүн райкомунун экинчи катчысы, 1961-66-жылдары Кыргыз ССР мелиорация жана суу чарба министри, 1966-68-жылдары Кыргызстан компартиясынын Борбордук Комитетинин катчысы, 1968-78-жылдары Кыргызстан компартиясынын Ош обкомунун биринчи катчысы сыяктуу милдеттерди аркалаган.[2]

1978-жылдын август айынан ноябрь айына чейин Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы, 1978-жылдын декабрь айынан 1980-жылдын декабрь айына чейин Кыргыз ССР Министрлер Советинин Председатели кызматтарында эмгектенет.

Султан Ибраимов Ош обкомунун биринчи катчысы болуп иштеген мезгилинде областтын экономикасы өрлөп, турмуш жакшырган сайын жол маселесине өзгөчө көңүл бурган. Ташты шагыл кылып майдалай турган жана гудроң, асфальт чыгаруучу завод, цехтер курула баштаган. Тоолуу райондорго жолдор курулуп, жүздөгөн, миңдеген көпүрөлөр салынган. Автотранспорт маселеси да жолго коюлган.

Ош областында иштеген он жылдын ичинде кылымдар бою тарых бетинде кала турган иштерди жасагандыгы маалым. Анын артыкчылыктарынын дагы бир жагы ошол мезгилдеги СССРдин Госпланына да кайрылып, айрым маселелер боюнча толуктоо, өзгөртүү киргизгендигинде. Айдоо аянтынын суу сакта-гычтардын алдында калып, жайыт кыскарып, анын үстүнө кыйла жылдардын ичинде калыбына келтирилбеген жерлер түшүмдүүлүгүн азайткандыгын СССР Госпланынын адистери эсепке албай, план-тапшырманы жалпы жердин көлөмүнө жараша берип келгендиги маалым. Мына ушул маселени өз убагында СССР Министрлер Советине, Госпланга кат жүзүндө далилдүү келтирип, планды реалдуу коюу жагын бир нече жолу өтүнгөнү өз жемишин берген.

Улуу инсандын басып өткөн өмүр жолу, элге кылган кызматы күнү бүгүнкүгө дейре көз алдыбызда даана турса да, аны тизмектештирип, дал ошол залкар инсандын деңгээлинде кеп кылуу алда канча оор да, нары жооптуу да иш окшобойбу. Жашырганда не, жакшы адам жөнүндө жакшы сөз айтуу башынан эле татаал нерсе. Эр ортону элүүгө келип, билими да, күч-кубаты да толуп, элге керек не бир жакшы нерселерди биринен сала бирин жаратып жаткан С. Ибраимов 53 жаш курагында кайдагы бир канкордун колунан каза тапты.[3]

---

[2] Бейшембиев .Э.Д., Жунушалиев.Д.Д. «Введение в историю Кыргыской Государственности» Бишкек Илим 1996.

[3] Токторбай Урманбетов «Султан Ибраимовду өлтүргөн ким?» Бишкек 1992.

Андан бери туура 32 жыл өттү. Мына ошол мезгилдин ичинде, айрыкча 1980-жылдан 1990-жылдардын аралыгында маркум Султан Ибраимов тууралуу өкмөттүк деңгээлде, жада калса басма сөз беттеринде да кеп кылынган жок.

Кыргыз эли эгемендүүлүккө жетип, өз тагдырын өзү чече турган мезгилге келгенде гана бул маселеге кайрылып, улуу инсандын ысмы, эмгеги эл арасына кайрадан тарай баштады. Ошондо гана биз Султан Ибраимовго окшогон улуу инсандарыбыздын басып өткөн жолун изилдеп, экономикалык, социалдык, агрардык, тарыхый багыттагы илимий да, көркөм да эмгектерди жаратууга мүмкүнчүлүк алдык. Ал инсан республиканын түрдүү тармактарындагы башкаруу бийликтеринде иштеп, өнөр-жайдын, айыл-чарбасынын жана билим берүүнүн өнүгүшүнө түздөн-түз салымын кошкон. Айрыкча шаардык, райондук деңгээлдеги коомдук инфраструктуранын белгилүү деңгээлде өнүгүшүнө жана калктын турмуш шартынын жогорулашына көбүрөөк көңүл бурган. Султан Ибраимов өтө жөнөкөй адам болгон, мейли бюро учурундабы, же чогулуштабы, чарбаларды кыдырып жүргөнүндөбү, же иш кабинетиндеби, жогорку кызматтын сүрүнө сала адамдарды коркутуп-үркүтүп көргөн инсан болбоптур. Айрым адамдар сүрдөп, сүйлөй албай турса, күлүп-жайнап, кээде тамаша кылып, айтор аны дароо өзүнө тартып, анын оюндагысын билип алганын айтышат. Бирок бул айтылгандардан «Султан Ибраимов жумшак, ак көңүл адам болгон экен» деп бир жактуу жыйынтык чыгаруу туура эмес болор эле. Ал адамдарга жумшак мамиле кылуу менен бирге эле иштин шартына жараша талапты да кое билген, берилген тапшырмалардын аткарылышын катуу көзөмөлгө алган жетекчи болгон.[4]

Ал, кыргыз элине мүнөздүү болгон чечкиндүүлүгү, чечендиги, боорукердиги, меймандостугу, мээримдүүлүгү, кичи пейилдиги менен башкалардан айырмаланып турчу. Өзгөчө чет элдик коноктор Султан Ибраимовичти көрүп эле: «Аа, бардык кыргыз ушундай экен го» деп таң калышчу экен. Орус, кыргыз, өзбек, дунган, карачай, корей, кабардин-балкар, тажик, казак, татар болобу, бардык улуттарга тең карап, жылуу мамиле жасаганын азыр да анын кесиптештери, достору кеп кылып жүрүшөт. «Ал элдин мүдөөсү үчүн жаралган инсан» деген баага арзып отурганы ошондон болсо керек.

С. Ибраимовдун «Кыргыздарды бир уруу, бир эл деп эсептеп, түндүк-түштүк дебей элдердин биримдүүлүгүн көздүн карегиндей сактайлы, трайбализмге жол бербейли» деп таамай айткан сөзү бүгүнкү күндө жергиликтүү бийлик жетекчилерине зарыл болууда. Кайсы тармактын проблемасын албайлы, экономика болобу, саясий, мамлекеттик иштерби, адабият жана искусство болобу, тартиптүүлүктү, принципиалдуулукту, адамгерчиликти сактай билүү-дөбү, элди башкаруудабы, жаштарды тарбиялоодобу, кадрларга, жалпы эле адамдарга күйүмдүүлүгү, кең пейилдиги, сабаттуулугу же маданияттуулугу жагынанбы, акылынын тунуктугубу же сөзгө чечендигиби, айтор, С.Ибраимов адам баласынын турмушунда кездешүүчү маанилүү маселелерди жакшы түшүнгөн, компетенттүүлүгү бийик киши болгону бүгүнкү күндө коомчулукка жана жаштарга үлгү болууда.

Султан Ибраимов чыныгы демократияны колдогон, көпчүлүк элдин талабына баш ийип, дайыма бирге иштеген жолдоштору менен чогуу, акылдашып маселе чечкен. Кетирген каталарын мойнуна ала билген, өзүн сындагандарды куугунтуктап, кекчилдик кылбаган, өз ой-пикирин так, бетке айткан, ушакчы, кошоматчылардан алыс турган сапаттарга ээ болгон. Ал тубаса талант, кайталангыс ишмер жетекчи болгондугу үчүн бүгүнкү күндө, арадан нечен жылдар өткөндөн кийин да республиканын эмгекчилеринин эсинен кетпейт. Ал кишинин ишинин артыкчылыгы - эмгекчилерди, партиялык, кеңештик жана чарбалык органдардын жетекчилерин өкмөттүк сыйлыкка көрсөтүүдө алардын көп жылдык жемиштүү эмгектерин жана өндүрүштүк көрсөткүчтөрүн, болгондо да 5-10 жылдыгын алдыруучу. Биринчи киши менен экинчи кишинин ишин аябай салыштырып, ушул максаттуу аракеттин алкагында иш жүргүзгөн.

Бул улуу интернационалист, патриот адамдын ысымы Чүй районундагы «Алчалуу» совхозуна, айыл өкмөтүнө, Ош шаарындагы кыргыз драмтеатрына, мурдагы пионерлер үйүнө, айрым мектептерге, көчөлөргө берилип, айкелдери тургузулган. Мындан тышкары республикабыздын жогорку окуу жайларында «Тарыхый инсандар» аттуу атайын курстар окутулуп, анда Султан Ибраимовдун өмүр баяны жана мамлекеттик ишмердүүлүгү жөнүндө

[4] Салима Шарипова «Белые лебеди в черный день» Бишкек 1996.

кеңири маалыматтар берилүүдө. Облустун экономикасын көтөрүүнү ал айыл чарбасынан, анын механизацияланышынан баштаган. Бул максатта Ноокат районунда Бүткүл союздук кеңешмени уюштуруп, айыл чарбасындагы техникаларды пайдалануу, сактоо жана ремонттоо боюнча жаңы технологияларды көрсөтүп, анан анын аткарылышын талап кыла баштаган.

Талаачылыктын тагдырын ошол жылдарда жүгөрү өсүмдүгү чече тургандыгын эске алып, жүгөрү өстүрүү боюнча семинарды Токтогул районунда, пахта өстүрүү боюнча Ленин (азыркы Ноокен) районунда, сүт саап алуу жана уйларды уруктандырып, алардын асылдуулугун арттыруу максатында Өзгөн районунда, эт жана аны өндүрүүнү көбөйтүү боюнча Алай районунда, баалуу, сапаттуу силосторду даярдоо жана аларды малга берүүнүн жаңы ыкмалары боюнча Лейлек районунда, кургак, дың, катыраң жерлерди пайдалануу жана өздөштүрүү боюнча Баткен, Фрунзе (азыркы Кадамжай) райондорунда, маданий курулуштарды тартипке келтирүү боюнча Жаңы-Жол (азыркы Аксы) районунда, ал эми дубалдарды бузуп, штакетниктерди орнотуу боюнча Фрунзе (азыркы Кадамжай) районунун Үч-Коргон кыштагында, багылган малдарга аталаны ачытып, түтүк (труба) аркылуу берүүнү Ала-Бука районунда, чочко фермаларына атала берүү боюнча «Живпромдорду» механизациялоо тууралуу Сузак районунда, микро тоют цехтерди (кормоцех) уюштуруу боюнча жана тамекини механикалык жол менен иштетүүнү жүргүзүүнүн эрежелери, аларды чарбалардын өзүндө ферментациялоонун жаңы усулдары боюнча Өзгөн жана Ноокат райондорунда көрсөтмө семинарлар өткөрүлүп, айыл чарбасынын эффективдүүлүгүн, рентабелдүүлүгүн жогорулатуу боюнча тынымсыз иш алып барып, жаңылыктарды көрсөткөн. Чарбалык эсепке (хозрасчет) өтүүнүн жолдору жана бригадалык усулдардын ыкмалары тууралуу Кара-Суу районунда, ал эми «Шербет сууларды» уюштуруунун жана пайдалануунун ыкмалары боюнча семинарлар Араван районунда өткөрүлгөн.

Султан Ибраимович кесиби боюнча суу чарба адиси болгондуктанбы, сугат системасына байланышкан каналдар, көлчүк-тосмолор, майда арыктардан тартып миллиондогон кубометр суу сыя турган кампа суу сактагычтарды куруу багытындагы демилгелерди өзгөчө колдоп, иш жүзүнө ашырууга дайыма тике турган. Баткен районундагы Төрткүл, Кара-Суу районундагы Папан суу сактагычтары, Кадамжай районундагы Сох дарыясынан чыгарылган Бүргөндү каналы, Шаймерден дарыясынан чыгарылган Жаркутан каналы, Айдаркендеги Карату, Көк-Талаа арыктары элдин кызматында болуп, миңдеген гектар жаңы жерлер өздөштүрүлгөн, кайрак жерлер сугарыла баштаган. Ал кишинин тушунда Баткен районунда жаңы жерди өздөштүргөн үч совхоз, Кадамжайда Бүргөндү массивин өздөштүрүү боюнча үч совхоз жаңыдан уюштурулган.

Ага чейин бул райондордун эли жакырчылыкта жашап келгени жашырын эмес. Азыр бул райондордогу дыйкан-чарбалар, фермерлер дыйканчылыктан жакшы түшүм алышууда, айрыкча өрүк, жүзүм кирешелүү тармактан болуп калды. Төрткүл суу сактагычын куруудагы демилгечи Болот Мамбетов болсо, С.Ибраимов анын курулушун аягына чыгарган.

Кийинчерээк суу чыккан жерлерден өнөр жай мекемелери жер алып өздөштүрүп, жүгөрү эгишип, эки жылдан кийин совхозго өткөрүп берип турушкан. Мисалы, Айдаркен, Кадамжай комбинаттарынын чоң жамааттары жыл сайын жүз гектардан жер алышып, ишке киргизип, кайтарып беришчү, ошондогу комбинаттардын жетекчилери А.Кайзер, Э.Турдубаев, М.Айбалаев, Е.Седойлор жерди өздөштүрүп, ишке киргизүү жалпы элдин кызыкчылыгы экенин түшүнүшкөн.

1978-жылы Кадамжай районунда бүткөрүлгөн үч имараттын ачылышына С.Ибраимов катышып, куруучуларды кызуу куттуктап, жаңы иштерге багыт берген. Алар XXI партсьезд колхозундагы үч жүз орундуу маданият үйү, Жаркутан каналы, Кара-Казык дабанынан алынган Көк-Талаа каналы сыяктуу иштер болуп саналат.

Кара-Суу жана Араван райондорунун айыл-чарбасын суу менен камсыз кылуу максатында Папан суу сактагычынын курулушун баштаган. Бул суу сактагычтын долбоору союзда экинчи обьект катары эсептелип, ал жардыруу жолу менен гана курула турган суу сактагыч болгон. Курулуш иши башталып, суу сактагычтын күн чыгыш бортунан жардыруу үчүн шурф казуу жүргүзүлгөн. Жардыруу мөөнөтү 4-5 жыл болчу. Бирок аталган эки районго суу таңкыс болгондугун эске алып, курулуш иштерин тездетүү маселесин чечүүдө Султан Ибраимович өзү гидромелиорация боюнча адис катары Ташкенттеги Орто Азия гидромелиорация долбоорлоо институтунун адиси И.С. Куракина менен жолугушуп, башка варианттагы тез бүтө турган долбоорду жактырып, тандап алган. Ошентип, Папан суу сактагычы долбоордогу мөөнөттөн 3 жыл мурда курулуп, пайдалануунга берилген.

Суу сактагыч маркум Султан Ибраимовдун демелгеси менен курулуп, 1985-жылы ишке түшүрүлгөн. Азыркы мезгилде суу сактагыч Өзбек Республикасынын 9429 гектар, Ош облусунун

Карасуу, Араван райондорунун 30071 гектар эгин талааларын жана Ош шаарын суу менен камсыз кылууда. Ушул суу сактагыч аркылуу 39500 гектар жер сугарылууда. Бүгүнкү күндө бул суу сактагычта 260 млн. метр куб суу топтогонго мүмкүнчүлүк бар. Бул суу сактагыч эки коңшу элдин ортосундагы данакер суу сактагыч болуп кызмат кылууда.

Ошол кезде Ош, Жалал-Абад, Баткен облустары биригип, бирдиктүү Ош облусун түзүп, Ош аймагы бир топ кеңейип, облустун жетекчиси үчүн чоң жоопкерчилик жүктөлгөн. Ошондо Султан Ибраимовдун уюштуруучулук жөндөмүнүн өзгөчөлүгүнөн жана кадрларды кылдат жана көрөгөчтүк менен тандоосунун натыйжасында облустун бардык аймактарында иштердин ийгиликтүү аткарылып жатканы байкалган. Облустун ар бир адамын таанып- билүүгө, ар бир алакандай жерине чейин көзөмөлдөөгө канчалык зээндүүлүк, тынымсыз иш-аракет керектигин ал жетекчи катары түшүнүп, чоң жоопкерчиликти сезүү менен иштеген.[5]

Баарынан мурун элдин мүдөөсүнө ылайык кайсы иштердин зарыл экендигин алдын ала түшүнүп алып, анан ишти баштачу. Анын биринчи кезекте адистерге таянып иш алып барганы жакшы натыйжа берген. Мисалы, Аравандагы Төө-Моюн, Кадамжайдагы Бүргөндү, Лейлектеги Арка, Баткендеги Төрткүл, Кара-Суудагы Савай, Жалал-Абаддагы Чаткал, Көгарт, Акман өрөөндөрү жана массивдери ийгиликтүү өздөштүрүлгөнүн алсак болот.

Облустун жетекчиси катары өзү мурда барып көрүп, анан жер-жерлердеги жетекчилер, адистер менен акылдашып, чечип алып ишти баштаган. Токтогул - Толук, Кара-Кулжа - Алайкуу, Ош – Папан - Кожо-Келен, Кызыл-Кыя - Дароот-Коргон, Ала-Бука - Чаткал, Жалал-Абад – Казарман жолдору тездетилген темпте бүткөрүлгөн. Облустун борбору болгон Ош шаарынын генпланын түздүрүп, көптөгөн жапыс, көрксүз курулуштардын ордуна учурга ылайык жаңы, көркөм курулуштарды бүткөрүү менен шаар маданиятын, азыркы күндөгү экинчи борбор болуп эсептелген Ош шаарынын инфраструктурасын жакшыртууга өзгөчө көңүл бурган. Султан Ибраимовичтин түздөн-түз демилгеси жана жетекчилиги менен ал кездеги обкомдун имараты (азыркы областтык администрациянын имараты) кыска убакытта бүтүп, пайдаланууга берилген. Облустук көп тармактуу оорукана жана балдар ооруканасы, кыргыз жана өзбек драма театрлары, тейлөө комбинаты, текстиль комбинаты, Сулайман тоосундагы музей, Ак-Буура дарыясындагы жаңы көпүрө бүтүп, булардан башка да ондогон курулуштар, жолдор, сквердер шаардын көркүнө көрк кошту.

Саламаттыкты сактоодогу көрүнүктүү жетишкендиктер, областтагы дарылоо-профилактикалык мекемелердин материалдык-техникалык базасынын чыңдалышы, медициналык кадрларды даярдоого өзгөчө көңүл буруу да Султан Ибраимович Ош областында иштеп турган жылдарга туш келген. Анын тикеден-тике катышуусу менен облустук көп тармактуу оорукананын долбоору СССР Министрлер Совети тарабынан бекитилген. Андан ары анын курулушун жүргүзүү жана бүткөрүү, сапаттуу тапшыруу иштери жеке көзөмөлүндө болгон.

Партиянын областтык комитети жана областтык аткаруу комитети тарабынан медициналык мекемелердин материалдык-техникалык базасын көтөрүүгө бекеринен камкордуктар көрүлгөн эмес, анын тыянагы айрыкча айыл жерлериндеги медициналык мекемелерде, адамдардын саламаттыгын сактоодо иштин алга жыла башташынан көрүнүп калган. 1981-жылы областта калкка врачтык амбулаториялык-поликлиникалык жана туруктуу көмөк көрсөтүүчү 102 мекеме болуп, 1970-жылдагы миң адамга эсептегенде 101,1 койка-орундуктун ордуна 1981-жылы миң адамга 112,5 койка-орундукка жеткен. Элди дарыгерлер менен камсыздоо дароо эле көзгө көрүнүп, 1970-жылдагы миң адамга 12,0 дарыгер адистин ордуна 1981-жылы миң адамга 19,8 дарыгер адис туура келип калган.[6]

Ош облустук көп тармактуу ооруканандын КПСС Борбордук Комитетинин, СССР Министрлер Советинин Өтмө Кызыл Туусун бир нече жолу жеңип алуусуна, ал эми СССРдин саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан бекитилген «СССРдеги алдыңкы тажрыйбалуу оорукана» деген наамдын ыйгарылышына Султан Ибраимовичтин кошкон салымы зор болгон. Мына ушул алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу боюнча ошол кезде областта республикалык жана

---

[5] Таш Мияшев «Султан Ибраимов Ошто» Ош 2001.

[6] Болотбек Бөкөлөев «Султан Ибраимов – Мен Кыргызстандын өсүп өнүгүшү үчүн иштейм» Бишкек 1988.

Бүткүл союздук кеңешме өткөрүлгөн. Элдин турмуш шартын жакшыртуу, саламаттыгын чыңдоо Султан Ибраимовичтин эң биринчи көздөгөн максаттарынан болгон. Ушул иштерге ал ар дайым убакыт таба билген жана партиялык жетекчилердин көңүлүн бурган.

Областта алдыңкы планда өзгөчө камкордуктардын биринин мисалы катары энеликти жана балалыкты коргоо маселеси турган. Ош областында төрөттүн көптүгүн жана миң балага эсептегенде өлүмдүн да арбындыгын эске алып, энелердин жана балдардын ден-соолугун коргоо боюнча медициналык мекемелердин тейлөөсүнө өзгөчө көңүл бөлүп, областтагы колхоз, совхоздордо сүт азыктарын жана сүттөн жасалган продукцияларды даярдоочу ашканаларды ачууга көп көңүл бурган.

С.Ибраимовдун демилгеси менен 1979-жылы ден-соолукту сактоону жакшыртуу жана балдарды тарбиялоо максатында көп тармактуу иш чаралар иштелип чыгып, ал ушул жылдагы Эл аралык балдар жылына арналган. Бул иш чараларды аткарууга областтын бардык райондорундагы, шаарларындагы кызыккан жана көңүл бурган жетекчилер, өнөр жай ишканаларынын, профсоюздук уюмдардын жана мекеме-уюмдардын башчылары тартылган. Балдардын ден соолугун коргоо жана тарбиялоо багытындагы иш чаралардын бирдиктүү пландары иштелип чыккан.

Эл аралык балдар жылын сапаттуу жана натыйжалуу өткөрүү үчүн облустун аялдары өнөр-жайдын, мекеме-уюмдардын, колхоз-совхоздордун жетекчилерине, жалпы эле элге ачык кат менен кайрылышкан. Мына ошол 1979-жылы гана колхоз, совхоздордун эсебинен 2 балдар ооруканасы курулуп, 12 имарат балдар мекемелерине, бөлүмдөрүнө берилип, 7 имарат сүт ашканаларына өткөзүлгөн. Ошентип, 1965-жылдагы сүт жана сүттөн даярдалган азыктарды жасоочу 32 ишкананын ордуна 1979-жылы 78 ишкана иштеп калган.

1971-жылдын август айында Кыргызстан КП БК жана Кыргыз ССР Министрлер Совети «Чаткал өрөөнүндөгү дың жана көптөн бери айдалбай калган жерлерди өздөштүрүү боюнча» токтом кабыл алган. Бул токтомду ишке ашыруу максатында жана С. Ибраимовичтин колдоосу менен Ала-Бука, Чаткалдын борбору Жаңы-Базар, Башкы-Терек аралыгындагы 190 чакырым жол курууга, эски канал, арыктарды калыбына келтирүүгө, 35 миң киловаттык электр энергия линиясын Шакафтардан Сумсар тоо кени аркылуу өткөрүүгө, Чаткалга радио түйүндүк (радиорелейный) байланыш бөлүмдөрүн түзүүгө, дың жерлерди өздөштүрүүнү баштоого, дагы ушундай толуп жаткан маселелерди чечүүгө байланышкан иштер жүргүзүлө баштаган. Районго ондогон эң күчтүү жер сүрүүчү, жер чукуучу, жер тегиздөөчү, жер айдоочу техникалар жөнөтүлгөн.

1974-жылдын аягына чейин жогорудагы кабыл алынган токтомдун негизинде Чаткал өрөөнүндө Акташ, Чаткал, Каныш-Кыя совхоздору жана МЖС, ДЭУ, токой чарбасы пайда болуп, жогорку вольттуу электр линиясы, радиотүйүн станциялары курулуп, жаңы мектептердин, ооруканалардын курулушу, турмуш-тиричилик комбинатынын комплекси, балдар бакчалары, соода дүкөндөрү курулуп, жаңы көпүрөлөр салынган.

Султан Ибраимович Оштогу азыр анын атын алып жүргөн Кыргыз драма театрынын түптөлүшүнө өтө чоң салым кошкон. Анын кадрлар менен камсыз болуусуна камкордук көрүп, ошол кездерде Москвада театрдык окууну бүтүп жаткан артисттерди Ош облусуна чакырып, Оштогу имарат бүткөнчө алар театрдык ишти Жалал-Абад шаарында башташкан. Он жыл токтоп калган Кыргыз драма театрынын курулушун тездетип, ишке бердирген. Анан беш-алты жылдан кийин Москвада Кичи театрда оштук артисттердин декадасын өткөргөн.[7]

Султан Ибраимов СССР Жогорку Советинин VIII-X чакырылыштарынын, Кыргыз ССР Жогорку Советинин IX чакырылышынын депутаты, КПССтин XXIV сьездинин делегаты, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин бюро мүчөсү болуп шайланган.

Эки Ленин, Октябрь революциясы, эки Эмгек Кызыл Туу ордендери жана СССРдин медалдары менен сыйланган.

Ош областына келери менен жөндөмдүү жаштарды партиянын жогорку мектебине Ташкент, Алма-Ата, Ленинград, Москва шаарларына жиберип, билимдерин өркүндөтүп, аларды эң жооптуу кызматтарга көтөргөн. Жеке эле өнөр-жайы, айыл-чарбасы, суу тармагы гана эмес, социалдык маселелерди оңдоого да убакыт, мүмкүнчүлүк таба алган. Ошондон уламбы,

[7] Таш Мияшев «Султан Ибраимов Ошто» Ош 2001.

оштуктар: «Султан биздин бактыбызга бир жаралып калган адам эле. Ошту Ош кылган Султан» деп калышат. Ушунун өзү ага берилген чыныгы баанын далили эмеспи. Буга кошумча катары дагы бир мисалды келтирели. Кыргызстан Коммунистик партиясынын Борбордук Комитетинин Султан Ибраимовго берген мүнөздөмөлөрүнүн биринде минтип жазылып турат:… «Партиянын XXIII, XXIV жана XXV сьездеринин, КПСС БКнын Пленумдарынын чечимдерин турмушка ашырып, Ош областтык партиялык уюму областтын экономикасынын жана маданиятын кыйла көтөрүүгө жетишти. Тогузунчу беш жылдыкта өнөр-жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмү 1,2 эсе, айыл-чарбасы 1,2 эсеге өстү. Айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жана мал чарбасынын азык-түлүгү артты. Төл арбыды. Область мамлекетке эт, сүт, жүн, пахта, тамеки, жашылча-жемиш, жүзүм сатуу боюнча эл чарба пландарын ийгиликтүү орундатты. Онунчу беш жылдыктын эки жылынын ичинде областтын айылдык эмгекчилери мамлекетке айыл-чарба продукциясынын бардык түрүн өндүрүү жана сатуу боюнча жакшы ийгиликтерди камсыз кылган. Тогузунчу беш жылдыктын жана онунчу беш жылдыктын өткөн жылдарынын аралыгында Ош областына КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин жана ВЛКСМ БКнин Өтмө Кызыл Туусу сегиз жолу ыйгарылган». Борбордук Комитеттин мына ушул берген мүнөздөмөсү эле жогору жактагы карапайым элдин берген баасына үндөшүп турат. Демек, Султан Ибраимов эл үчүн бекер иштебептир. Областты жетектеген он жылдын ичинде Союздун Туусуна сегиз жолу татыктуу болуунун өзү эле анын бараандуу эмгегин даңазалап тургансыйт. Андан кала берсе, бүгүнкү күндө да дал ошол Султан Ибраимов эңсеген бийик чекке жетүү максатында алгылыктуу жумуштар ийгиликтүү аткарылып жатат эмеспи.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин келечеги үчүн курман болгон залкар инсандарыбыздын ысымдарын элибиз эч качан унутпайт, ал эми тубаса жетекчи, мамлекеттик көрүнүктүү ишмер, Улуу инсан Султан Ибраимовдун өмүр жолу келечек муундар үчүн өрнөк экендиги талашсыз.

Адабияттар

1. Токторбай Урманбетов «Султан Ибраимовду өлтүргөн ким?» Бишкек 1992.
2. Салима Шарипова «Белые лебеди в черный день» Бишкек 1996.
3. Таш Мияшев «Султан Ибраимов Ошто» Ош 2001.
4. Болотбек Бөкөлөев «Султан Ибраимов – Мен Кыргызстандын өсүп өнүгүшү үчүн иштейм» Бишкек 1988.
5. Бейшембиев .Э.Д., Жунушалиев.Д.Д. «Введение в историю Кыргыской Государственности» Бишкек Илим 1996.
6. Апаз Жумагулов «Султан Ибраимов» Бишкек 1997.
7. Миякиников.В. «Эхо Оша» 18-январь 2003. «Краткий курс прагматики»
8. Вячеслав Мурашкин «Ошские годы Султана Ибраимова» Эхо Оша 21-сентябрь 2002.

УДК:950:325.1/3

Чыныкеева Г.Э., Асанканов А.А., Сулайманов Э.Ж., ОшГУ

Жалал-Абадская область на пороге XXI века: миграционные процессы в 1989-1999 гг

В этой статье рассмариваются миграционные процессы в 1989-1999 гг., повлияющие на экономику, социальную жизнь, демографические и этнические процессы Жалал-Абадской области Кыргызской Республики. Опираясь на статистические данные проанализирована миграция разных национальностей, таких как, кыргызы, узбеки, русские, татары, таджики и т.п.

Бул макалада Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад областындагы экономикага, социалдык турмушка, демографиялык жана этникалык процесстерге өз таасирин тийгизген 1989-1999-жж. миграциялык процесстер каралган. Статистикалык маалыматтарга таянып

кыргыздар, өзбектер, орустар, татарлар, тажиктер сыяктуу ар түрдүү улуттардын миграциясы анализденди.

Миграция – (в переводе с латинского – «переселение») – это переселение людей через границы тех или иных территорий с переменой места жительства навсегда или на более или менее длительное время. Одним из основных признаков миграции населения является пересечение административной границы территории государства, области и населенного пункта. На этой основе выделяют прежде всего внешнюю миграцию – эмиграцию и иммиграцию, и внутреннюю миграцию. По способу реализации миграция населения делится на организованную миграцию, осуществляемую при участии государства, общественных органов или с их помощью неорганизованную – которая производится силами и средствами самих мигрантов.[1]

Эмиграция – это переселение добровольное или вынужденное в другую страну на постоянное или временное проживание. Иммиграция – это въезд в страну на постоянное или временное проживание граждан других стран.

Миграция населения – это динамичный и сложный процесс, особенности развития которого находится в прямой зависимости от социально-экономических и политических условий, в силу чего она четко реагирует на происходящие в обществе перемены. Поэтому анализ миграции позволяет своевременно устанавливать важные повороты в жизни города, страны или отдельно взятый регион страны.

Еще накануне распада СССР в результате политических и экономических кризисов, обострения межнациональных отношений, как в Кыргызстане так и в соседних республиках произошли коренные изменения в направлениях, объеме, структуре миграционных потоков. Если до этого происходило свертывание нормальных миграций, а теперь резко увеличилось стрессовые, вынужденные миграции. Причиной таких миграций в частности стали: кыргызско-узбекский конфликт в Ошской и Жалал-Абадской области летом 1990 года. Погром турков месхетинцев в узбекском городе Фергана 1989 году, агрессивный разогрев националистических отношений в том числе и антирусских в 1991 году в связи с объявлением 25 июня днем поминовения жертв восстания 1916 года и отмечание 75 летия восстания, появлений общественно-политических организаций, настроенных по национальному признаку и наконец распад СССР в декабре 1991 года, в результате которого происходила грубая ломка ценностных ориентаций людей, моделей мышления и поведения. Искаженно трактоваться многие исторические факты, вспоминались прошлые национальные обиды. И так, возникла межнациональная напряженность и отчуждение, грозившее перейти в открытый затяжной конфликт. Россию обвиняли в имперских замашках, некоренное население стало называться «колонистами», «мигрантами», «русскоязычными». Результатом этого стало мощная волна миграции русскоязычного населения. Миграционные процессы, протекающие в области и по республике с конца 80-х годов до настоящего времени, оказывают глубокое, во многом отрицательные воздействие на многие стороны жизни этносов в городах, областях и по республике. Происходящие структурные сдвиги в размещении населения области самым непосредственным образом затрагивают экономику, социальную сферу, культуру, экологию общества. Мононациональный поток иммигрантов расширяет базу усиления национализма, экономической и политической обособленности.

Происходит ослабление производственных, научно-технических, культурных, межэтнических связей. Современные миграционные процессы значительно влияют и на демографическую ситуацию в области. В результате эмиграции русскоязычных нарушается и ухудшается интеллектуальный потенциал населения, поскольку выезжающие из региона эмигранты имеют как правило, более высокий образовательный уровень. Замещение выезжавших русскоязычных кадров не является равноценными по качественному составу из-за сравнительно более низкого уровня образования у коренного этноса. По этой причине ухудшаются и сами условия для подготовки национальных кадров.

В настоящее время руководители местных государственных администраций все больше осознают пагубность миграционного оттока русскоязычного населения и предпринимают практические шаги к изменению ситуации. В целях реализации Указа Президента Кыргызской Республики «О мерах по регулированию миграционного процесса в Кыргызской Республике» от

[1] Демографический энциклопедический словарь. М., 1985.с.200.

14 июня 1994 года правительство республики приняло постановление по данному вопросу и установило:

- Изучить внутренние и внешние миграционные процессы за 1991-1994 гг., а также направления миграционных потоков.

- Составить прогноз внутренних и внешних миграционных потоков на 1995-1996 гг., а также последствий и влияния миграционных процессов на социально-экономическую обстановку регионов и республики.[2]

Происходящие структурные изменения в размещении населения самым непосредственным образом затрагивает экономику, социальную сферу и культуру общества. Мы выяснили, что миграционные процессы обязаны не только с одной группой причин. Наиболее сильное влияние оказывает сочетание и взаимосвязь несколько групп факторов. Для внешней миграции доминирующими являются сочетание социально-экономических и политических факторов. А для внутренней миграции доминирующим остается социально-экономические и экологические факторы.

А 1999 году численность населения составило 869259 человек[3]. Этнический состав был следующим:

Национальности	1979	1989	1999
Жалал-Абадская область	586602	743279	869259
Кыргызы	334673	452868	607036
Узбеки	151945	175705	212090
Русские	52524	54024	17930
Татары	15780	15936	6951
Таджики	4040	4525	5236
Уйгуры	3052	3360	3776
Турки	1572	4413	4842
Украинцы	7818	9503	2463
Азербайджанцы	2699	586	259
Армяне	716	730	109
Белорусы	680	624	115
Грузины	147	200	116
Дунгане	219	60	24
Евреи	208	172	34
Казахи	921	1564	1130
Корейцы	680	672	377
Латыши	62	10	10
Литовцы	33	28	17
Молдоване	92	175	33
Немцы	2280	4425	672
Туркмены	147	137	33
Другие национальности	449	337	5943

Надо особо отметить этнический состав мигрантов. В целом можно их разделить на три группы:

1. Национальности с высшим миграционным движением: русские, татары, украинцы;
2. Национальности со средним миграционным движением: кыргызы, уйгуры, турки;

---

[2] Сулайманов Э., Белеков Ж. Миграционные процессы в Ошской области в первой половине 90-х годов. Ренессанс и Регресс. Б., 1996.с.164.

[3] Регионы Кыргызстана. Джалал-Абадская область. Итоги первой национальной переписи населения Кыргызской Республики 1999 года. Книга III (серия Р). Б., 2001.с.9.

3. Национальности со сниженным миграционным движением: таджики, узбеки, туркмены, армяне, белорусы, азербайджанцы, корейцы.

Численность славяноязычных народов составило главный поток оттока населения из области и вообще из республики.

Русские сократились за 3 года с 96 по 99 год с 5527 человек до 4827 человек на 700 человек. Украинцы сократились до 281 т.е. на 352 человека. Белорусы сократились на 45 человек со 103 до 58. Славянское население сократилось в 2-3 раза. Численность узбеков за 96-99 года сократилось с 3786 до 3296 человек на 490 человек.

Количество татар в рассматриваемый период, изменяется по линии возрастания, то по линии убывание. 89-96 гг. сократились с 3486 до 2256 человек т.е. на 1230 человек, а последние 3 года их количество увеличивается на 648 человек с 2256 до 2902 человек. А за 10 лет с 89-99 года сокращается на 584 татар.

Казахи за 10 лет сократились на 46 человек с 149 до 103 человек т.е. казахи сократились на 30,8%. Таджики сократились с 112 до 29 человек, на 83 человека т.е. на 74%. Если обратить внимание на миграцию населения по национальностям, то увидим следующее:

1996 году в город прибыло 214 кыргызов, 22 русских, 16 татар, 15 узбеков, 6 украинцев, 2 турка, 2 таджика, 2 немца, 1 азербайджанца, 1 башкира, итого прибыло 218 человек.

В целом отрицательное сальдо миграции за 1996 год составило 408 человек.

Пик высшей миграции по области и по республике приходится на 1993 год. В нашей республике с самого начала предпринимались серьезные меры по стабилизации миграционной ситуации в стране. Была создана – стабилизирующая законодательная база. В Кыргызстане законы принимались сообразно международным нормам. Законы работают на все этнические группы, никого не выделяют, никому не отдавая предпочтения. Какой бы национальности не был – законы исключают привилегии и дискриминацию.

Один из причин привядших к миграции является и то, что до получения Кыргызстаном независимости, так называемые национальное меньшинство были в большинстве у руля власти и пользовались привилегии, особенно русскоязычные. Как только пришлось освободить обсиженные места, это им показалось катастрофой. Многие в панике поспешили собирать чемоданы. Так, как здешние русские попривыкли в общем-то к скрытым привилегиям.

Как мы уже выяснили к миграции в настоящий момент побуждают экономические, материальные факторы. Но мигранты как правило свой объезд связывают с политическими факторами. Они твердят что идет притеснение по национальному признаку. Цель у них одна – получить статус беженца и благодаря этому и всевозможные льготы в России.[4]

Города области как, например Таш-Кумыр входит в число регионов отдающих населения. Только в результате миграции между городами и селом Таш-Кумыр сохраняет миграционный баланс, так как Таш-Кумыр как и все городские поселения сохраняет в настоящее время для сельских жителей свою привлекательность.

В области и по республике миграция проходила на фоне общего социально-экономического кризиса. Естественные потери демографического потенциала в определенной мере комплексировались внешним миграционным приростом.

В условиях переходного периода развития социально-экономической и политической ситуации миграционные процессы противоречивы и не устойчивы. Они во все большей мере определяются динамикой рыночных преобразований ситуацией в сфере занятости, возможностями трудоустройства мигрантов, территориальными различиями в уровне жизни населения. В структуре причин миграции происходят ярко выраженные прогрессивные изменения. Сокращается влияние шоковых факторов связанных с распадом бывшего Союза, увеличивается воздействие экономических факторов.

Одна из наиболее острых проблем – проблема беженцев и вынужденных переселенцев из Таджикистана. Проблемы, связанные с вынужденной миграцией, особенно остры. Большинство вынужденных мигрантов испытывает значительные моральные и материальные трудности из-за неопределенности дальнейших перспектив своего пребывания в нашей стране. В условиях экономического кризиса на обустройство мигрантов хронически не хватает денег.

В силу обстоятельство, судьба прибывающих в Кыргызстан из Таджикистана мигрантов

---

[4] Иванов А. Река между двех берегов. // Слово Кыргызстана. 1998., 3 июля.

складывается противоречиво. Если взять внутреннюю миграцию, то из городов области выезжают в основном интеллигенция и потомственные рабочие. А их места пополняются приезжими из близлежащих районов. В общем, межрегиональный миграционный баланс по городам области остается положительным.

В современных условиях важным показателем, определяющим развитие внутренней миграции в Кыргызстане, является отток населения из малых и средних городов и районов в направлении крупных городов страны Ош, Бишкек и Жалал-Абад и в районы Чуйской области.

Если посмотреть на итоги межреспубликанской и внешней миграции населения по национальностям населения Жалал-Абадской области 1993 года (именно в 1993 году намечается пик миграции), то увидим следующую картину.

Национальности	Число прибывших	Число выбывших	Миграционный прирост, отток (-)
Всего	2113	17577	**-15464**
кыргызы	590	533	**57**
русские	453	7555	**-7102**
украинцы	88	1446	**-1358**
белорусы	4	104	**-100**
узбеки	636	2747	**-2111**
казахи	29	130	**-101**
грузины	1	1	**-**
азербайджанцы	4	28	**-24**
литовцы	1	3	**-2**
молдаване	1	8	**-7**
латыши	-	3	**-3**
таджики	24	62	**-38**
армяне	3	27	**-24**
туркмены	-	7	**-7**
эстонцы	1	8	**-7**
татары	157	2895	**-2738**
евреи	1	13	**-12**
немцы	17	628	**-611**
уйгуры	13	92	**-79**
дунгане	1	-	**1**
корейцы	3	42	**-39**
турки	12	7	**5**
другие национальности	74	1238	**-1164**

С приобретением независимости в Кыргызской Республике было провозглашено ориентация государственной политики на демократизацию жизни. Процессы суверенизации положительно повлияли на рост политического сознания, чувства собственного достоинства и личной ответственности за свою судьбу. Быстрое и значительное имущественное расслоение повышает социальную напряженность, ведет к дезинтеграции общества, растет преступность.

Эмиграция в стране носит избирательный характер. 70% выезжающих за пределы страны – это люди в трудоспособном возрасте. Их объезд увеличивает показатель иждивенчества остающего населения. По области высокий показатель иждивенчества, так как, население в возрасте до 18 лет входят в категорию иждивенцев. А трудоспособное население составляет менее 30% населения. Страну в основном покидают руководители среднего звена, средние и мелкие коммерсанты и предприниматели, техническая и творческая интеллигенция, врачи, педагоги. Миграция по данным миграционной службы в Кыргызстане сегодня значительно помолодела. Если в первой половине 90-х годов в Россию уезжали преимущественно люди старшего возраста – к родственникам, детям, для воссоединения семей, то в настоящее время с насиженных мест снимаются или готовы сняться немало граждан.

Представители миграционной службы постоянно проводят у себя и на местах широкую разъяснительную работу. Всем своим собеседникам они стремятся дать объективную картину

происходящего в России, подчеркивая – что многие там отнюдь не ждут. Особенно тех, кто предварительно не позаботился о решении проблемы житья и трудоустройства. Необходимо учитывать серьезные экономические трудности испытывает немало самих россиян и не всем их кыргызстанским соотечественникам из-за разницы менталитетов удается адаптироваться на своей этнической родине, обрести желаемый уют и моральный комфорт.

За 9 лет независимости нашей республики правительство Кыргызстана проводит реформы в области промышленности. Все предприятия были приватизированы в целях создания благоприятных условий для развития и конкуренции. Этому последовало и поныне продолжается процессы появления новых АО, ЧП, фирм и т.д. постепенное и их обанкрочивание и закрытие. Если учесть что 70% инженерно-технических рабочих, квалифицированных кадров составляли русскоязычные, то нам сразу станет ясно, кого непосредственно затрагивает закрытие промышленных объектов. А выжившие промышленные предприятия несут тяжелое время налогов. Несмотря на то, что производство является залогом развития и прочности государства наше правительство не предпринимает соответствующие меры. Что непосредственным образом влияет на этническую и умственную миграцию населения. Главной причиной, толкающей людей на отъезд в Россию является экономическое положение Кыргызстана. Массовая безработица, невостребованность, неопределенность. Сложности в получении достойного образования. Русскоязычное население – не берет в то, что Кыргызстан в ближайшем будущем может преодолеть хаос в экономике, встать на ноги и создать нормальные условия для своего народа. Они стремятся в Россию т.к. считают что Россия – большая, там найдется место для них и возможность учиться, жить и работать их детям.

Ко всем этим причинам миграции еще прибавилось и Баткенские события 1999 года. Люди перепуганы. Предвидят, что сегодняшнее затишье долго не продлится, что на юге снова может обостриться ситуация. Из Кыргызстана и городов уезжают в первую очередь строители, инженерно-технические работники. Специалисты высокой квалификации уже почти не выехали в первой волне эмиграции.

Внутренняя (межобластная) миграция населения Жалал-Абадской области за 1991-1997гг.

Годы	Число прибывших	Число выбывших	Миграционный прирост, отток (-)
1991	4032	4998	-966
1992	3268	4012	-744
1993	2223	3457	-1234
1994	1893	4382	-2489
1995	1398	3742	-2344
1996	1270	3028	-1758
1997	1069	2918	-1849

Современное демографическое положение и ближайшие планы социально-экономического развития Кыргызской Республики определяют ее демографическое состояние в будущем. Суть современного демографического кризиса заключается в резком ухудшении развития народонаселения республики. При рассмотрении в целом большинства факторов, влияющих на этнодемографические процессы в области, мы выяснили, что главными факторами, непосредственно влияющими на эти процессы являются – социально-экономический и политический факторы. Немаловажное влияние оказывают экономический и физиологический факторы. В сравнительно короткий отрезок исторического времени в последние 10 лет с 1989 по 1999 года в этническом составе произошли очень большие изменения. Изменилось количественное и процентное соотношение между различными национальностями в городе в течении 10 лет. И мы выяснили, что политическими причинами резкого изменения национального состава явились: распад СССР и образование СНГ, кыргызско-узбекский конфликт в Ошской и Жалал-Абадской области летом 1990 года, усиление национализма, языковая политика – с принятием закона о государственном языке.

Изменение численности населения области является результатом совместного действия социально-экономических, культурных и демографических факторов. Численному росту способствуют сохранение традиционного образа жизни, традиции многодетности, ценности семьи и брака, благоприятные демографические структуры. К социально-экономическим причинам непосредственно повлияющих на этнодемографические процессам относятся: тяжелый

экономический кризис, высокий уровень доли иждивенчества, рост инфляции и безработица. В результате чего уменьшается число славянских народов, увеличивается число славянских народов, увеличивается численность «титульной нации». Массово стали выезжать турки и немцы. Так как для них появилась возможность воссоединения с исторической родиной.

Отсюда мы видим, что изменение социально-экономической и политической системы непосредственно влияют на экономику и демографические процессы. Миграционные потери по городам области частично восполняются естественным приростом и переселением из сел и деревень районов области, так как города еще сохраняют свою притягательность. С надеждой на лучшую долю сельские жители приезжают в города. Но нынешние положения городов как и многие города Кыргызстана критическое. Все промышленные предприятия полностью прекратили свою работу или же еле как сводят с концами. Так как Кыргызстан до распада СССР оставался сырьевой республикой и не одно предприятие не производило цельного продукта. Выпусками только детали. Шахтоуправление в городе Таш-Кумыр в первые годы независимости работает со сбоями, потом и вовсе прекратили свою деятельность. Рабочие городов оставшиеся без работы пополнили армию безработных.

В 1990-е годы качественно новую роль стала играть миграция - роль компенсирующего фактора в процессе ежегодного сокращения численности населения. Современные этнодемографические процессы усиливаются неблагоприятной социально-экономической ситуацией в стране и в свою очередь воздействуют на нее. Из области стали выезжать не только русскоязычное населения, но и дальновидные представители кыргызской нации в более благополучные регионы нашей страны и в другие страны. А они в основном были интеллигенция, работники культуры и здравоохранительные, инженерно-технические кадры. Поэтому, мы думаем как необходимый шаг выхода из экономического кризиса страны подготовка соответствующих кадров в короткие сроки. В результате миграционных потерь стал усиливаться процесс экономической, социальной и демографической дезинтеграции общества. Активная, наиболее способная, работоспособная интеллигентная часть населения сократилась. В результате чего удельный вес лиц не трудоспособного возраста до 18 лет и старше 60 лет весьма велик. Ко времени достижения этими группами трудоспособного возраста экономическая ситуация вряд ли улучшится. Из-за дефицита ресурсов и рабочих мест можно предположить опасность возникновения борьбы за ресурсы и власть, за рабочие места, за более высокие статусные позиции.

Литература

1. Демографический энциклопедический словарь. М., 1985.с.200.
2. Иванов А. Река между двех берегов. // Слово Кыргызстана. 1998., 3 июля.
3. Регионы Кыргызстана. Джалал-Абадская область. Итоги первой национальной переписи населения Кыргызской Республики 1999 года. Книга III (серия Р). Б., 2001.с.9.
4. Сулайманов Э., Белеков Ж. Миграционные процессы в Ошской области в первой половине 90-х годов. Ренессанс и Регресс. Б., 1996.с.164.

УДК: 495

Ш. Халибекова

Кыргыз тилиндеги лексикалашкан татаал этиштердин семантикалык өзгөчөлүктөрү

Лексикалашкан татаал этиштер - түрк тектеш тилдеринде көп колдонулган тилдин бирдиги. Бул макалада лексикалашкан татаал этиштин мааниси, колдонулган чакчылдарга жана жасалуу өзгөчөлүктөрүнө токтолгон.

Кыргыз тилинде лексикалашкан татаал этиштер - бул татаал түзүлүш, туйкмдаш этиш болгон, биринчи бөлүгү чакчыл негизги этиш, экинчи бөлүгү жардамчы этиштен уюшулган татаал түзүлүш болуп эсептелет.

Лексикалашкан татаал этиштер тил илиминде кеңири изилденген. Грамматика боюнча илимий эмгектеринде тилчилердин кайсыл терминди тандагандыгына караганда, бир канча атоолор кездешет. С.Кудайбергенов ”Этиштик уңгулуу татаал этиштер” [7.142]
И.Абдувалиев “Оошмо татаал этиш”, “Этиш түгөйлүү татаал этиш”, “Чакчыл түгөйлүү татаал этиш” деген темаларда изилдөө жүргүзөт[2].

Лексикалашкан татаал этиштердин колдонулуусунда чакчылдардын ролу чоң. Ушул себептен тилчилердин көбү татаал этиштер терминин колдонууну туура деп табышкан. С.Кудайбергенов лексикалашкан татаал этиштерге байланыштуу маалыматтарды ”Этиштик уңгулуу татаал этиштер “ деген темада жазат. Бул этиштер -а Y-о,-й, -п түзүлүшүндөгү чакчылдарга” чак” мүчөлөрү уланып, этиштердин биригүүсүнөн уюшулат. Ушул сыяктуу татаал этиштердин кыймыл- аракетиндеги негизги түшүндүрмө чакчыл түзүлүшүндөгү бөлүгүндө. Экинчи бөлүк ага салыштырма маанилерди берет, же болбосо экөө биргелешип бир кыймыл-аракетти билдирет. Ушул жол менен өзүнүн маанисин жоготуп, грамматикалык элемент катары колдонулат. Бул түрдөгү лексикалашкан татаал этиштер кыймыл-аракеттин ишке ашуусундагы өзгөчөлүгүн (кыймыл-аракеттин узарышын, кайталанышын, тарабын, тездигин жана жападан-жалгыздыгын) билдирет [7.325]. А.Ахматова лексикалашкан татаал этиштер тууралуу мындай маалыматтарды берет: “Айрым этиштер кээде сөздөгү колдонулушуна байланыштуу жарым же болбосо бүтүндөй негизги маанисин жоготуп, грамматикалык абстрактуу түшүнүктү берет. Буларды жардамчы этиштер деп атайбыз. Бул этиштер негизги жардамчы этиштер жана түзүлүшү тарабынан жардамчы этиштер болуп экиге бөлүнөт. Негизги жардамчы этиштер деген темада **жазда-** жана **ый-** этишине, түзүлүшү тарабынан жардамчы этиштер ичинде болсо, жарадамчы этиш катары колдонулган убакта да негизги маанисинде да жардамчы этиш катары колдонулган этиштерди алат[3.186].

ЛЕКСИКАЛАШКАН ТАТААЛ ЭТИШТЕРДИН КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

1. **Жетишкендик маанисин билдирген татаал этиштер.**

Кыргыз тилинде жетишкендик мааниси –а/-о,-й ал- жана –а/-о,-й бил- түзүлүшүндө камсыз кылынат, бир кыймыл-аракеттин ишке ашуусун же ашпоосун көрсөтөт[7.341]. Ушу менен бирге –а/-о, бер;-й,- ып кал;-й кет- лексикалашкан татаал этиштер менен жетишкендикти көрсөтөт.

М: Авдий Калистратов эмне кылып жатканына түшүнө албай аңкайып **карап калышты** [2.138].
” –Ачкычы бар,- деди лейтенант Авдий эмне айтканы турганын **түшүнө бербей**”[2.192]
Мен күнөө **кыла билген** баш эсине келсе, күнөөсүн...[6.79]
Сен бир кишинин жанын **сактап калар элең**[2.158].
Бөлтүрүктөрүмө кайтсам дегенде эки көзү төрт болуп турган Акбара **чыдабай кетти**[2.231].

2.**Тездик маанисин билдирген лексикалашкан татаал этиштер**.

Кыргыз тилинде тездик мааниси –ып жибер-;-а/-о,-й,-ып кал-;-ып ир-; -п ий-;-а/-о, -й кой;-а/-о,-й сал-;-ып ташта-; -ып түш- түзүлүшүндөгү этиштер аркылуу жасалат[1.177]. Ошондой эле бул этиштердин жанында –ып сал-; -а/ -о, -й түш- этиши жана түзүлүштөрү да маанисинде колдонулууда.

М:Үйүлүп турган бедеге от **коюп жиберди**[7.303].
Кыял анын башына **келе калды**.
Жан соога, бөрү эне! –деп **сүйлөп ийди** Авдий[2.212].
Сапардын сөзүнө ызалана түшкөнүн Салтанант байкап, күлкүсүн **токтото койду**[7.340].
Сага окшогон дагы бир келесоону крес жыгачка керип салышканына таң каламбы[15].
Бостондун аялы б**озоро түштү** [16].
Акмат биз менен сүйлөшүп отуруп **ачуулана кетти**. Узун жигит дардайып жаткан калыбында колун **силкип таштады**[17].

3. Үзгүлтүксүз маанисин билдирген татаал этиштер.

Кыргыз тилинде үзгүлтүксүз (бар-жана кел- этиштери менен –а/-о), -й жана –ып жат-; -ып жүр-;-ып олтур/отур-; -п тур- түзүлүшүндөгү этиштер менен жасалат[18]. Мунун жанында –аY-о,

-й жана бар-; -ып бер-; -ып кал-; -а/-о, -й жана –ып кел-; -а/-о, -й түш этиштери менен дагы үзгүлтүксүз мааниси билдирилет.
М: Бейбаштыктын акыры жамандыкка **алпаратты**[19].
Хажы бий көбүнчө Чаткалда тагаларын **жамынып жүргөн**[20].
Мен сага насаат **айтып отурбайм**[21].
Кырк жигит чакырып, Манастын келаткан жолуна улак **тарттырып турду**[22]. Дагы бир аз **жата түшөйүнчү**.
Кыштан бери ар түрдүү ушактар таралып, эл оозунда **айтылып келди** [23].
Топ сарайдын алдында күтүп **туруп калды**[24].

4. Жакындашуу маанисин билдирген татаал этиштер

Кыргыз тилинде жакындашуу мааниси –а/-о, -й ташта- түзүлүшүндөгү этиштер аркылуу жүзөгө ашат[25].
М: Жүрөгү **чыга жаздады**.
Базарбайдын колунан тизгинди жулуп **кете жаздады**[26].
Кыяматтын кыстоосун **көрүп кала жаздадык**[27].
Өтүң чыгып оозуңдан,өлүп **кала жаздадың**[28].

5. **Өзү үчүн жасоо маанисин билдирген татаал этиштер**.

Кыргыз тилинде өзү үчүн жасоо мааниси –ып ал- түзүлүшү аркылуу жасалат.

М: Сатып алдым. (өзөм үчүн) Болуп алуу. (башка бирөөлөр тарабынан)
Кылып алдым. (өзүм үчүн) Тондорубузду **алып алганыбыз** жакшы болгон экен[29].

6. Башкасы үчүн жасоо маанисин билдирген татаал зтиштер.

Кыргыз тилинде башкасы үчүн жасоо мааниси -ып ал-; -ып бер- түзүлүшүндөгү этиштер аркылуу жасалат.
М: Ал түндө бир түш көрүпмүн. Анан **айтып берем**[30].
Куржунга сала келген сулудан атка биртке **жедирип алса** болмок, аны жасаган жок[31].
Гришандын таасиринен тигилерди **сууруп алуу** үчүн[32].

7. **Баштоо маанисин билдирген татаал этиштер**.

Кыргыз тилинде баштоо мааниси –а/-о,-й жана –ып башта-; -ып кир- түзүлүшүндөгү этиштер аркылуу жасалат.
М: Короодо кайрадан дүрбөлөң түшүп, иттер **үрүп башташты**[33].
Бостон унчукпай туруп, караңгыда **кийине баштады.**

8. **Жак маанисин билдирген татаал этиштер**.

Кыргыз тиллинде жак мааниси –ып ал-; -ып бар-; -ып бер-; -ып жет-; -ып жөнө-; -ып кел-; -ып кет- түзүлүшүндөгү этиштер аркылуу жасалат. Айтылган бул жак, кыймыл-аракетти аткарган кишиге жараша ойлонулган болсо же өзүнө туура же болбосо, өзүнөн башка жакка, башка бир айтуу боюнча, ээге же болбосо башка бир киши же жерге туура болот.
М: Авдийди колдон алып, тордун түбүнө **жетелеп бардык**[34].
Карышкырларды көрүп, топоздор көңкөлөңдөшүп, коркулдап, **качып беришти**[35].
Бадалды кандай аралай чапканын сезген да жок, үңкүргө **учуп жетип**, ичине **кирип барды**[36].
Атчан кемпай **айдап жөнөгөндө**, үстүнөн каалгып кошо учту[37].
Мансур элүү башы өзүнүн эки жигити менен короого атчан **кирип келди** [38].Аны кармап, байлап **айдап кетишкен**[39].
Ошон үчүн эң оболу ушуну **бүтүрүп алганым** оң[40].

9. **Бүтүндөй аткаруу маанисин билдирген татаал этиштер**.

Кыргыз тилинде бүтүндөй аткаруу мааниси –ып жибер-; -ып чык -; -ып кет -; -ып кал -; -ып кой -; -ып сал -; -ып ташта- түзүлүштөрү менен жасалат[41]. Ардайым –а/ -о, -й бер-; -ып бол-; -ып бүт/бүтүр-; -а/-о, -й кал -;-а/-о, -й жана –ып кел-; өт- түзүлүшүндөгү этиштер дагы ушул жасалышта колдонулууда.
М: Иш башы деп, ме муну **ичип жибер**[42].
Мен сен айткан романды **окуп чыктым**[43].
Дагы тиштөөгө умтулду эле, бирок түлкү былк этпей **жатып калды[**44].
Үстүнөн оромол менен **таңып койду**[45].
Ташчайнар өзү атырылмак болду эле, Акбара аны түртүп салды[46].
Мурунку калыбындай кондуруп, ордуна байлап таштады[47].

10. **Чечкиндүүлүк жана милдеттүүлүк маанисин билдирген татаал этиштер.**

Кыргыз тилинде чечкиндүүлүк жана милдеттүүлүк мааниси-ып бер-; -ып жибер -; -ып ир -; -ып ий -; -а/-о, -й кал -; -ып кет, -а/-о, -й кой -; -а/-о, -й көр -; -ып сал -; -ып ташта- түзүлүшүндөгү этиштер менен жасалат[48].
М: Тиги китепти мага **алып бер**.
Сууну муздун сыныктары менен кошо **ичип жиберди**[49].
Ыргыта **коюп ирди.**
Бул эмне дегендик,бул эмне деген жоопкерчиликсиз сөздөр! –деп **кыйкырып ийди.**
-Сатпайм!- Базарбай ордунан **тура калды**[50].
Авдий кесе айтып, Петруханын сунушун **жактырбай койду**[51].
Акылыңа **түшө көр**.

11. Чындык маанисин билдирген татаал этиштер.

Кыргыз тилинде бул маани –а/-о,-й бер-; -й жүр -; -а/-о, -й кой түзүлүштөрү менен жасалат. Кандай бир абалда болсо дагы кыймыл-аракеттин чындыгын же чын боло тургандыгын билдирет.

М: -Эч кандай кыйынчылыкка карабастан ылдам **кете беребиз**.
Ал күлбөй жүрбөйт[52].
Өндүрүштө күн сайын кыйынчылыктарга **жолукпай койбойсуң**[53].

Корутунду

Кыргыз тили лексикалашкан татаал этиштерди басымдуу колдонгон түрк тектеш биригишүүсүнөн же болбосо, атоочтук этиш же чакчыл мүчөлөрү менен эки башка тилдеринин бири болуп саналат. Атооч сөздөр менен жардамчы этиштердин биригишүүсүнөн түзүлгөн лексикалашкан татаал этиштер кыргыз жазуу жана оозеки тилинде колдонулат.

Адабияттар

1) Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили морфология.Фрунзе-1980.142-б;
2) Абдувалиев И. Азыркы кыргыз тили, Бишкек-1997;
3) Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили. Фрунзе-1980.325-бет;
4) Акматова А. Киргизкий язык. Фрунзе-1975.186-б;
5) Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили. Фрунзе-1980.341-б;
6) Айтматов Ч. “Кыямат”.Фрунзе-1988. 138-б;
7) Ошондо..., 192-б;
8) Касымбеков Т. “Сынган кылыч”.79-б;
9) Айтматов Ч. ”Кыямат”. Фрунзе-1988. 158-б;
10) Абдувалиев И. Азыркы кыргыз тили. Фрунзе – 1986. 177-178.

УДК 370:371.036

С.Б. Эргешова

Паремиялардагы ата-эне концептосферасы

Макалада паремиялардагы «ата-эне» концептинин менталдык мазмуну, пропозиция түшүнүгү жөнүндө сөз болот.

В статье речь идет о понятии пропозиции, ментальном содержании концепта «родители» в паремиях.

This article is about the proposition, mental content of "parents" concept in paremiyas.

Ата концепти менен *эне* концепти биригип бир сфераны түзө алат. Көп накыл сөздөрдө бул концепттер бири-бирине байланышсыз берилет. М.Ибраимов түзгөн «Кыргыз макал-ылакап, учкул сөздөрү. 10551» аттуу жыйнакта бул сөздөр катышкан 167 паремия бар. Булардын 37 синде *эне* концепти өзүнчө, 125 инде *ата* концепти, 56 сында *ата-эне* жана *ата* менен *эне* контрасттык концепттери учурайт [5. 70-73, 478-479 бб.].

Ата жана *эне* сөздөрү макалдарда негизинен денотативдик же баштапкы маанилерде кездешет. Алар жалпы «Үй-бүлө» семантикалык алкагына кирет да, муну, *балдар, эне, чоң ата, чоң эне, таята, тайэне, небере, чебере, кыбыра, байке, таяке, аке, ага, тага, жеңе, тайэже, жезде, кайын ата, кайын эне, кайни, кайнага, кайнеже, кайын сиңди, балдыз, жээн, бөлө, келин, күйөө бала, өгөй эне, өгөй ата, өгөй бала, өгөй кыз, өгөй келин, жетим, тууган, туушкан, жубан, үй-бүлө, үйлөнүү, кудалашуу, куда-сөөк эр, күйөө, аял, катын, зайып, ата, эне, уул, кыз, ага, ини, эже, сиңди, карындаш* ж.б. сыяктуу компоненттер түзөт.

Биз талдоону чечкен концептосфера - үчилтик. Ал теңдешсиз үч концепттен турат. Бул үчилтикти төмөндөгүдөй схема менен туюнтууга болот:



Түрк тилдеринин көбүндө бул үч бурчтук ушундай катышта келет. Ал эми индиевропа тилдеринин дээрлик баарында түрк тилдериндей уңгулаштык байкалбайт. Орус тилин ала турган болсок, буга үч сөз өзүнчө катышат:



Кыргыз тилиндеги *ата, эне, ата-эне* деген үч сөздүн маани-маңызы пайда кылган концептосфера көптөгөн накыл сөздөрдүн темасын да, мазмунун да түзөт.

Макал-ылакаптардын курамында *ата, эне* үй-бүлөнүн туруму, уюткусу катары бааланып, өз тукумун улантуучу субъект - концепттердин аталышы сыяктуу колдонулат.

Кайсы бир макалдарда ата, эне сөздөрү адамдын сапатын билгизет. Алар бул дүйнөгө бала алып келген, өз тукумун улантып жатат: *Ата болуш – ардак, эне болуш – сыймык*. Мында жалпылоочу «балалуу» концепти кошо туюнтулат.

Бул паремияда баалоо бар. Адамдын тукум улантуу касиетинин ардактуулугу, сыймыктуулугу басым менен аталат. Кайсы бир макалдарда ата, эненин кадыр-баркынын балдарына тийгизген таасири, алардын келечегине, турмуштагы ордуна өбөк-жөлөк болушу катталат. *Ата даңкы, эне баркы – балага дем.* Баланын чыйрак, намыскөй, активдүү болушуна

атанын аброю, эненин наркы чоң маниге ээ. Ушул когнитема макалдын ички м азмунун жаратып турат.

Ал эми *Ата жакшы – уул жакшы, эне жакшы – кыз жакшы* учкул сөзүндө уул атанын үлгүсү менен, кыз эне үлгүсү менен өсөрү, калыптанышы белгиленет. Бул когнитеманын экинчи бөлүгүн башка формадагы элдик тажрыйба да ырастайт: *Энесин көрүп кызын ал.* Бул макалдагы императив концепти мурунку макалдагы экинчи пикирдин негиздүүлүгүн тастыктап турат.

Кээ бир паремияларда атаны уул, энени кыз жолдоору айтылат. Атанын кесиби уулга, эненин иши кызга өтөрү белгиленет: *Ата көргөн ок бычат, эне көргөн тон бычат; Ата көргөн ок жонор, эне көргөн тон бычар.* Булар бир макалдын эле эки трансформасы. Синонимдик маани предикаттардын мүчөлөрүндө берилген. Караңыз: *- ат = - ар (бычат = бычар; бычат = жонор).*

Бул жерде *ата, эне* концепттеринин мазмуну алардын контексттиндеги концепттер менен дааналанат. Көргөн сөзүнүн мааниси – биринчи сүйлөмдө «уул», экинчи сүйлөмдө «кыз» маанисин туюнтат. Уул ата өнөрүн улантат когнитемасын *«уучулук кылат, мергенчиликти тандайт, устачылык кылат ...»* концепттер кызмат кылат. Ошондой эле булл жерде «эне өнөрүн кыз улантат» деген когнитеманын варианттары катары *«бычмачылык кылат, тигүүчүлүктү тандайт, жууркан тигет, төшөк кабыйт...»* концепттер кызмат кылат.

Мындай адистешүү көргөн-билгенден, кызыгуудан, ыклас коюдан, үйрөнгөндөн пайда болот. Ата кесиби уулга, аял иши кызга өтөт. Бул үй-бүлөлүк традиция, кызматтын мурас катары атадан уулга, энеден кызга өтүшү.

Эл бул салтты мыйзам же социалдык мыйзам катары эсептебейт. Кээде салт бузулат, кесип мурасы үзүлүп деле калат. Ошондуктанбы эл айтат: *Атага окшоп уул туулбас, энеге окшоп кыз туулбас.* Мында мазмун тескерисинче. Окшоп концепти кебете-кешпирдик, дене түзүлүшүндөгү гана эмес, кулк-мүнөздөгү, акыл-эстеги, жүрүм-турумдагы, кесиптеги ж.б. жалпылыктарды, окшоштуктарды белгилейт. Демек булл мисалда уул атаны, кыз энени тартпагандыгы, бул көрүнүштүн дайым эле учурагандыгы берилген.

Макалдарда сүйлөм деңгээлиндеги антонимдер же контрасттык-предикативдик когнитемалар учурайт. Анткени акыркы макалдын мазмуну мурункулардагы пикирди тетирисинче интерпретациялап жатат.

Ата, эне кызматына байланыштуу дагы накыл сөз бар: *Атаң карыса кул кылба, энең карыса күң кылба.* Бул императив. Паремияда кескин буйруу когнитемасы берилген. Кызматты атоочу *кул* жана *күң* концепттери бул азыркы мезгилде актуалдуу эмес, учурда *«кул урунуу», «күң жумшоо»* концепттери этностук ойтуюмда жок. Анча-мынча фактылар жалпылоого негиз боло албайт. Өткөн мезгилдерде кул кызматы эркектерге, күң кызматы аялдарга мүнөздүү болуп, жыныстык дифференциация жүргөн. Бүгүнкү жашоодо бул чектөө даана байкалбайт. Ошондуктан макалдын инварианттык мааниси катары *«улгайган ата-энени кызматкер кылып алба»* деген тыюуну атоого болот. Муну когнитема деп атоого мүмкүн. Бул маани эки вариантка ажыратылат: биринчиси – *«улгайган атаңды кызматкер (кул) кылып алба», экинчиси – «улгайган энеңди кызматкер (күң) кылып алба».* Накыл сөздөгү экинчи жактын таандык
–ң мүчөсү *(атаң, энең)* жана экинчи жактагы этиштин *–ба* терс, тануу мүчөсү адресаты жалпылап, өздөрүнчө коошуп, бирин-бири маанилик жактан колдоп өзүнчө бүтүндүктү түзүп, паремиянын бардык бөлүктөрүн туташтырып адресатка багындырып турат. Бул жалпы жактык маани да когнитема. Макал үчүн адресат ар кайсы эле адам. Ал бул императивди кыйшаюусуз, кетенчиктөөсүз аткарууга мажбур. *Ата* менен *эне* ыйык, бардык адамдарды (имплициттик «сен» туюнткан) алар бул дүйнөгө алып келген. Аларды аео, бапестөө, ызаттоо, сыйлоо, кадырлоо керек. Алар «сени» жараткан, телчиткен, баккан, кийинткен, тарбиялаган, тикелеген, бутуңа тургузган, бүт жүгүндү көтөргөн. Эми «сен» буларды кайтарышың керек. Алар жашоонун ырахатын көрүүсү керек, алардын жашоосуна мүмкүн болгон ыңгайлуу шарттын түзүлүшү зарыл. Антпесең «сени» да кандай тагдыр күтүп жатат – белгисиз. Эл буга жооп айтат: *Ата-энеңе эмне кылсаң, балаңан ошону көрөсүң; Ата-энеңди сыйласаң, өз баландан опаа (жакшылык) көрөсүң; Эмнени эксең, ошону оросуң ж.б.* Демек, макалда кереметтүү тыюу-кеңеш берилген. Аны көңүлгө албай коюуга болбойт..

Ата-эне баланы тарбиялайт, чектен чыгарбайт, элдик эрежелерди сактоого, эл менен болууга мажбурлайт. Баланын аракети ата-эненин сөзү, айбаты, кадыры менен багытталат. Ата-эненин көзү өтүп кеткен болсо, баланын жүрүш-турушу, тагдыры өзгөрүлүп кетиши ыктымал. Ошондуктан макалдарда *«ата-эне өлсө, бала көбөт»* деген когнитема учурайт. Бул жалпы маани конкреттүү концепттерге ажыратылып, макал *атасы өлгөн уул көбөт, энеси өлгөн кыз көбөт*

болуп жүрөт. Бул макалдын артында көптөгөн имплициттик концепттер жатат*: «уулду ата көзөмөлдөөчү», «уулга ата баш-көз болчу», «кызды эне тескөөчү», «кызды энеси тарбиялоочу» ж.б.* Мында айрыкча көбөт этишинин мааниси макалдагы мазмунду уюштуруучу касиетке ээ. Муну *«бой көтөрүп кетти», «дердейип калды», «чалкалап калды», «дымактуу болуп кетти» ж.б.* маанилеш концепттер кырдаалга ылайык берилди. Айтып кетүү керек: *атасы өлгөн* жана *энеси өлгөн* сөз айкаштары аныктоочтук милдет аткарганы менен – өзүнчө микросүйлөмдөр. Алардын курамы субекттен жана анын сапатын билгизүүчү өткөн чак формасындагы этиштен же, башка термин менен айтканда, чакчылдан турат. *–Сы, -си* аффикси бул предикаттык катыштагы сүйлөм-сөз айкашын, уул, кыз сөздөрү менен, макалдагы башкы субекттин аттары менен туташтырып турат. Демек, таандык *–сы, -си* мүчөсү эки субектти (ээни) өз ара байланыштыруу кызматын аткарып жатат. *Атасы өлгөн* жана *энеси өлгөн* макалдын түзүмүндө *«ата-энеси өлгөн (көз жумган)»* когнитеманы билгизет. Макалда *ата-эне* сөзү *ата, эне* эки сөзүн бириктирип, жалпы мазмунду кабыл алды. Ошондуктан бул жалпы маанини когнитема деп айтсак болот. *Атасы өлгөн, энеси өлгөн* сөз айкаштары предикаттык катышта. Булар жөндөлө да алат. Караңыз: *атасы өлгөндөн тартып, атасы өлгөндүн арманы, атасы өлгөнгө чейин ж.б.* Бул жерде келтирилген эки мисалды жарым предикаттык сүйлөм деп атоого болот.

Макалдагы башкы предикат башкы субекттердин *(уул, кыз)* өзгөчөлүгүн чагылдырып турат. Бул башкы предикат – көбөт этиши. Ал эки жолу кайталанып, параллелдүүлүктү жаратып, макалдын билимдүүлүгүн күчөтүп турат. Макалдагы башкы маани да кайталанган предикаттардын ички мазмунунда. Анын мазмунун түз жана өтмө маанилердин тутуму шарттоодо. Көбүү процессии нерселердеги физикалык өзгөрүүнү билгизет. Нерселердин табигый түзүлүшү бузулуп, тыгыздыгы сейректеп, баштапкы сапаттары бошоңдоп, демейдеги көлөм чоңоюп кетишин көбүү процесси менен байланыштырууга болот. Жаш адамдын *(уулдун, кыздын)* өмүрүндөгү күчтүү трагедия *(ата-эненин өлүмү)* анын кыял-жоругуна, адамдарга болгон мамилесине кескин таасир тийиши мүмкүн. Бул учурда жаш кызга же уулга мүнөздүү оң сапаттарды кайсы бир терс сапаттар аралап, асыл касиеттерди «сейректетип», бошоңдодуп коюшу ыктымалдуу. Трагедия жаш адамды убактылуу текебер, кыйкымчыл, орой кылып коюшу кеп эмес. Ошентип, көбөт предикатындагы мазмун социалдык-психикалык жактан жүйөлүү эле кубулуш катары каралууга акылуу.

Ата-эне менен балдардын мамилеси ар түрдүү болот. Алардын ортосунда өз ара урмат-сый, өз ара түшүнүүчүлүк, бирин-бири колдоочулук болушу да, болбосу да мүмкүн. Буга бир мисал келтирели: *Атам, энем бар болсун, оозу-мурду жок болсун* [5. 71 б.]. Бул жерде *таандык –м мүчөсү* сүйлөмдү сүйлөөчүгө ыйгарбайт. Мүчө өтө жалпылоочу мааниде. Ал ар бир эле адресантка да, адресатка да тиешелүү боло алат. Анын прагматикалык диапазону ийги жана кенен. Макалдын менталдык семантикасындагы *ата-эне, бар-жок, ооз-мурун* концептосфералары өз ара жалгашып, *атам бар болсун, энем бар болсун, оозу жок болсун, мурду жок болсун* сыяктуу конкреттүү пропозицияларды жаратып турат. Бул пропозицияларды реконструкциялап гана тикелентүүгө болот. Реалдуу фразада алар жалпыланып, «кошоктолуп» берилген. Макалдык мазмундун орчундуу жүгү ооз-мурду татаал сөзүнө түшүп турат. Бул сөз эки бөлүктөн турат да, ар бир бөлүк өзүнчө денотаттарга ээ. Экөө тең баштын бет бөлүгүндөгү эки органдын аты: *ооз – «азык кабыл алчу, сүйлөөнү уюштуруучу көңдөй», мурун – «дем алууну жана чыгарууну аткарчу кош тешиктүү орган»*. Макалда бул көңдөй рогандардын болуш-болбостугу тууралуу айтылбайт. Алардын кызматы, функциясына байланыштуу сөз кетип жатат, бул функциялардын адресат-адресантка пайда-зыяны жөнүндө кеп болуп жатат. Муну далилдеш үчүн макал-императивди колдонууга мүмкүн типтүү кырдаалдарга көңүл бөлөлү:

1.Энеси кызын тынымсыз көзөмөлдөйт. Кыз бойго жеткен. Бойдок балдар чакырып, кечкурун ышкырып белги берет. Энеси наалыйт, бала-чаканы да кубалайт. Кызына кайта-кайта кеп-насаат айта берет. Көп учурда ачуу сөздөр чыгып кетет. Кейиген кошуну кемпир ушул макалды келтирет.

2. Кемпирдин жалгыз уулу бар. Ал жерде иштебейт. Бойго жеткен, үйлөнүүгө шарты жок. Тели-теңтуштары менен тапканын ичип алат. Анысы аз келгенсип апасынын пенсиясынан алып чылым чегет. Үйдө күндө жаңжал. Ал гана эмес, кемпир баласын каргап-шиледи, ак сүтүнө да койду, бирок бала оңолбоду. Аксакалдарга да кайрылды. Тыянак жок. Бир досунун көзүнчө баласына айланып-үйрүлүп да көрдү, каргап-шилеп да көрдү. Натыйжа жок. Баласы ошол досу менен жалгыз калганда ушул макалды атады. Досу далысын куушуруп койду.

3. Ата-энеси пенсия алат, оокатка тың, мал-жаны дурус эле. Бирок алар балдарына учуру-

учуру менен салык салып турушат. Азык-оокат, кийим-кече алып беришин талап кылат. Үй ишине, тиричилигине алардан жардам күтүшөт. Кээде балдары ачык эле андан баш тартышат. Шылтоолору көп. Абышка бир күнү ачуусу келип макалды атайт.

Мындай кырдаалдардын тизмесин дагы көбөйтсө болот. Ушул эле жерде көрүнүп турат. Макалдын концептуалдык мааниге эң бай бөлүгү катары *оозу-мурду* сөзүн алууга болот. Анын мазмунун *«кеп-кеңеш, талап, мажбурлоо, зекүү, каргыш, сөгүш; тамак-аш, азык-оокат, кийим-кече, акча ...»* сыяктуу концепттер түзөт. Ооз, мурун сөздөрү кошулуп бир сөздү түзүп, макалда колдонуп, көп «түстүү» коннотацияны жарата алат. Макалдын жалпы маанисин *«Ата-эне болсун, талап-суранычы болбосун»* түрүндө белгилөөгө болот. Бул макалдын когнитемасы.

Кайсы бир макалдарда *ата* менен *энени* сыйлоо өтө зор адамдык милдет катары бааланат. *Атаны сыйлаган абийир табат, энени сыйлаган элге жагат.* Мында абийир табат жана элге жагат сөз айкашьары семантикалык жактан эквивалентүү, алар бирин-бири алмаштыра алат. Мындагы когнитема *«Абийирдүү бала ата-энесин сыйлайт»* боло алат. Жогоруда келтирилген паремияларда *ата, эне* паритеттик, барабар, бирдей мүнөздөгү субьект-обьект болсо, алар айрым учурларда, кайсы бир позицияда алганда бирдей болбой калат.

Жетим баланын позициясы менен караганда эне баалуураак: *Аталуу жетим – арсыз жетим, энелүү жетим – эрке жетим; Аталаштан алтоо болгуча, энелештен экөө болсочу; Аталашым аттан түш, энелешим ээрге мин.* Бул макалдарда *ата-эне* концептосферасынын компоненттериндеги контрасттык мазмун *ата* менен *эненин* үй-тиричиликтеги ордуна, балага болгон мамилесине, балдарынын өз ара алакасына карап күчөтүлүп берилген.

(1) макалда *эне* сөзүнүн концептин *эрке жетим* сөз айкашындагы мазмун толуктап турат. Мында эне өз милдетине ылайык, үй-бүлөдөгү ордуна жараша атасыз өсүп жаткан баласына кам көрүп, аздырбай-тоздурбай, ачка койбой, кирдетпей, айланып-үйрүлүп тарбиялоосу белгиленет. Ата бул мидетти аткаруудан оолак, кир-кок, тамак-аш өгөй эненин колунда, ал сырткы иштерге жооп берет. Ошондуктан энесиз жетим жүдөө, ары жок болот.

(2) макалда да *эненин* данакерлөөчү, бириктирүүчү күчү белгиленет. Ал өз балдарын (кимден туулганына карабай) ынтымактуулукка, өз ара көмөктөшүп жүрүүгө, бирин-бири колдоого тарбиялайт. Мындагы *алтоо, экөө* сөздөрү негизги сөздөргө тыбыштык гармония түзүү үчүн эле *(ата – алтоо, эне - экөө)* келтирилген. Өз ара ызатташуу, бирин-бири сыйлоо мамилеси энелештерге мүнөздүү экендиги (3) макалда да даана берилген. Макалдын идеясы боюнча, аталаштарга эрегишүү, биринин мүлкүн же унаасын бири тартып алууга аракет, энелештерге өз ара көмөктөшүү, бири-биринен эч нерсе албоо (үйдү, малды ж.б.) сезими мүнөздүү экендиги чагылдырылган.

Ошентип, *ата-эне* концептосферасында контрасттык «төрөткөн тарап-төрөгөн тарап» мааниси жана анын вариациялары эле камтылбастан, алар атаган жактардын (денотаттардын) үйдөгү орду, ролуна багынычтуу балдарынын ортосундагы мамиледе да контраст-айырма болорлугун белгилөөгө болот.

Эми *ата-эне* кош сөзүнө кайрылалы. Бул, албетте, туунду сөз. Ал *ата* жана *эне* сөздөрүнүн туташып ширелишинен пайда болгон. Бирок бул сөздө баштапкы эки уңгу даана көрүнүп, жиктелип, алардын маанилери толук бойдон бир жумуру семантикага өтүп кетпеген. Кош сөздүн лексикалык маанисинде мотив-жүйөө ачык эле байкалып турат. Бирок *ата, эне* лексемаларына караганда кош сөздө туташ мазмун берилет.

Кайсы бир макалдарда мындай когнитема берилет: *Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан жакшылык көрөсүң; Ата-энеңди сыйласаң өз балаңдан опаа көрөсүң Ата-энесине акаарат кылганды эл таш бараң кылат; Ата-энесине акаарат кылганды шарият көтөрбөйт ж.б.* мааниде учурайт.

Ата-эне ыйык. Ата-энеси жок бала жерде калбайт. Жетимди эл асырап алат. Эли жок жетимдин адам болушу кыйын: Ата-энеси жоктун эли бар, эли жоктун өлүмү бар. Адамгерчилик ата-энеге болгон мамиледен башталат. Аларды ызаттаган адам элди да, жерди да ызаттай алат. *Ата-эненин кадырын билген уул эл багаар.* Мында имплициттик концепт бар – *«Ата-эненин кадырын билбеген өзүн да бага албайт».* Макалдагы эксплициттик жана имплициттик маани бирин-бири шарттап турат. Алар тексттик жана маанилик антонимияны жаратып турат. Имплициттик маани сүйлөөчүнүн оюнда, эксплициттик маани паремиянын текстинде берилген.

Адабияттар

1. Аббасова Б.А. Общий пласт в системе пословиц // Актуальные проблемы паремиологии. -М.; Бишкек; Ош, 1992.
2. Абдулатов А.А. Паремияларды когнитивдик-педагогикалык максатта сыпаттоонун айрым проблемалары. – Ош, 2006.
3. Абдыкеримова А.Э. Лингвопоэтика: статусу жана проблемалары: Филол. илим. д-ру… дис. автореф. –Бишкек, 2008.
4. Кытайдагы кыргыз эл макал-лакаптары / Ред. С.Ибрагимов. – Бишкек, 2004.
5. Кыргыз макал-лакап жана учкул сөздөрү / Түзгөн М.Ибрагимов. – Карабалта, 2005.
6. Лазутин С.Г. Метафора в загадках // Поэтика русского фольклора. – М., 1981
7.Левин Ю.И. Провербальное пространство // Паремиологические исследования. – М., 1984.
8. Леонтович О.А. Введение в межкультурную коммуникацию. – М.: Гнозис, 2007.
9. Львов М.Р. Словарь антонимов русского языка / Под ред. Л.А.Новикова. - М.: Рус. яз., 1978.

УДК:371.212.3

С.Ж. Абдрасулова, Ж.Ж. Абдрасулова, Ош МУ,
А.Ж. Жолдубаева, Ош ТУ У. Салиева мектеби

Зээндүү жана жөндөмдүү жаштарга билим берүү жана тарбия көрсөтүү үч өзгөрмөлүү функция катары

Азыркы учурда өлкөбүз кыйын кырдаалды башынан өткөрүүдө, миллионго чамалуу жумушка жарамдуу жарандарыбыз чет өлкөлөрдө жумуш издеп жан багууда. Алардын балдары кароосуз абалда калышууда.

В настоящее время наша страна переживает и живёт в очень нестабильное время. Около миллиона наших граждан ищут работы для проживания в других странах мира, а их дети остались на родине, во многих случаях они живут без присмотра.

In our days our country experienced and lived in very unstable time. About million of our citizens look for the work to live in other countries of the world, but their children are stayed in the native land, in many cases they live without attention.

Ар кандай коомдун жана түзүлүштүн, өлкөнүн жана улуттун өзүнө гана тиешелүү болгон (өзүнө гана мүнөздүү) жаштарына билим берүү жана тарбия көрсөтүү жол-жоболору, үрп-адаттары менен каада-салттарына жараша мыйзамдары жана негиздүү усулдары, улуттук өзгөчөлүү жолдору бар. Биздин кыргыз улутунда деле булардын өз чыйырлары бар, ага карата тарых өзү күбө. Белгилүү болгондой совет доорунда бардык жаштар бирдей программа менен билим алуусу жана тарбияланышы керек деген түшүнүктүн негизинде, билим жана тарбия берүүдө өзгөчө айрым өзгөчөлөнгөн ыргактагы жөндөмдүү, шыгы жана таланты бар «Ак-карга» жаштарыбызды өздөрүнүн табигый мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык талаптагыдай интеллектуалдык деңгээлде окутуп тарбиялай албай келдик. Биздин жекече педагогикалык ой-жүгүртүүбүздө ар-бир инсан, анын ичинде жаш адам – бул өзүнчө дүйнө. Ар бир адам психофизиологиялык жактан өзгөчөлүккө, шыкка, жөндөмгө же талантка ээ болот. Зээнди, жөндөмдү, шыкты же талантты жаш инсандан өз убагында көрө билип, өстүрүп, өнүктүрүү биринчи кезекте педагогдордун жана ата-энелердин милдети. Адам туулганда эле кудай таала ага эмгектене билүү деген жөндөмдү ыроологон. Эмне үчүн ушул убакка чейин өз жумуриятыбызда өзүнчө индивидуалдык шыкка, жөндөмгө, талантка ээ болгон зээндүү жаштарды байкап, билип, издеп таап, аларды өзгөчө түрдө өзүнчө окутуп тарбиялай элекпиз? Бул суроого кесиптик жактан кененирээк ой жүгүртүп көрсөк, анда жаш адамдын шыгынын, жөндөмүнүн жана талантынын өсүшү үчүн өзгөчө чөйрө керек экен. Ал эми убакытты биз чоң адамдар деле баалай билүүнү эч таназар албайбыз. Убакыт болсо мейкиндик менен тыгыз байланышта эмеспи, ал бир багытта гана сызат. Биздин агартуу системабызда зээндүү жаштардын шыгын жана талантын өстүрүүгө ылайыкташкан шарттар, педагогикалык талаптар, билим берүү жана тарбия көргөзүүнүн ыргактуу үзгүлтүксүздүгү түзүлгөн эмес. Билим алуу менен тарбия көрүүнүн башаты алгач үй-бүлөдө жана башталгыч класстарда башталат. Дегинкиси өзү көп катачылык ошондон кетет. Себеби, биздин кыргыз үй-

бүлөлөрүбүздүн 80% (пайызынан) көбүрөөгү жакыр жашайт. Материалдык жетишпестик акыл-эсти, билимди жана тарбияны өстүрүүгө жана өнүктүрүүгө тоскоол болот. Курсагың ач, кийимиң жыртык болуп турса, тиешелүү жашоого шарт жок болсо кайсыл жөндөмдүн, шыктын, таланттын өсүп өнүгүшү, сапаттуу билим жана жагымдуу тарбия жөнүндө сөз болушу мүмкүн? Балдар жашаган үй-бүлөлөрүбүздө болсо, материалдык артыкчылыкка умтулуу интеллектуалдык өсүп-өнүгүүнү басынтып, дүйнө мүлккө кул болуу жекече акыл-эсти жана туура тарбияны жана сапаттуу илим-билимди өнүктүрүүнү сыртка сууруп салат. Үй-бүлөдө жаш адам эмнеге үйрөнсө, билим алса жана кандай тарбияланса аны мектепке, өз коллективине жана коомго алып чыгат. Ал жерде өзүнчө терс өзөктүү микро чөйрөлөр түзүлүп, башка прогрессивдүү билимди да, көрөнгөлүү тарбияны да андай калыптанган микро чөйрө жээрийт. Ар бир ата-эне өз баласын «Карга баласын аппагым» - дегендей эле коргоп, ага эч жаман нерсе ыроолобойт. Башталгыч класстарыбызда жаш инсандын жан дүйнөсүнө өзгөртүү киргизип, табигый зээнин жана жөндөмү менен шыгын өстүрүүгө негиз салууга болот. Бирок азыркы мектептерибиздеги башталгыч класстарда иштеген мугалимдерибиздин жана тарбиячыларыбыздын инсандык сапаты, өздөрүнүн билим деңгээли жана оң таризде калыптанган тарбиясы өтө төмөн бойдон калууда. Алардын өздөрү кабылдаган билимин жана өз жекече ой жүгүртүүсүн үзгүлтүксүз өнүктүрүп турушпаса, ынанымдуу жана топуктуу тарбияны өздөрүндө калыптандырбаса, анда үч-төрт жылдан кийин алар өз окуучуларынан акыл-эс жана ой жүгүртүү жагынан бир аз эле жогору бойдон калышат да, берген билимдери жана көргөзгөн тарбиясы профессионалдык жогорку тепкичке көтөрүлө албайт. Билим берүү жана тарбия берүүдөгү үзгүлтүксүздүктүн дагы бир өксүгү кайсы рангадагы мектепте болбосун, өзүбүздүн улуттук регионалдык-географиялык абалына элдин тарыхына, үрп-адатына, каада, салт-санаасына жана жашоо шартына ылайыкташып жазылган окуу китептерибиздин, окуу куралдарыбыздын дээрлик жоктугу жана барларынын дагы сапаттык деңгээлинин төмөндүгү. Ошол үчүн биздин өзүбүздүн табиятка ылайык келүүчү оргиналдуу окуу куралдарын, журналдарды окумуштуулар ыбыз, мугалимдерибиз, педагогдорубуз жана илимпоздорубуз жакшылап түзүп, калкыбызга тартууласа жакшы болот эле.

Себеби азыркы учурдагы биздин өзүбүздүн жалпы улуттук же жумурияттык калкыбыздын болжолдуу акыл-эси, интеллектуалдык жактан өсүп-өнүгүүсү башка кээ бир, өнүккөн айрым улуттагыларга караганда сапат жана деңгээли боюнча салыштырмалуу төмөн болуп жатканы жашыруун эмес. Эгерде азыртадан өзүбүздүн жөндөмдүү жана шыктуу жаштарыбыздын келечеги үчүн алардын өмүр сүрүүсүнө жана жашашына, сапаттуу билим алуусуна жана жакшы тарбия көрүүсүнө толук кандуу интеллектуалдык өсүп өнүгүүсүнө, акыл-ой аракеттеринин оң потенциалдык мааниде жетилүүсүнө багыт берип билим берүүнүн жана тарбия киргизүүнүн үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылбасак анда жекече алардын жөндөмү, шыгы же таланты ачылбай калат. Бул үчүн эмне кылуу керек жана эмнеден баштаса болот? –деген суроо туулат.

Ал үчүн биринчи кезекте мындай зээндүү жана жөндөмдүү жаштарыбыз, айрыкча элеттик жаштар өз эне-тилинде өздөрүнүн каалоосу менен окуй турган китептерге, окуу куралдарына, алар үчүн атайын арналып чыгарылуучу журналдарга дагы ээ болуулары керек экендигин учур талап кылып, өзү ырастоодо. Мындай мүмкүнчүлүк жок болгон ченде, зээндүү жаштарыбыздын акыл-эси жана аракеттери толук өсүп жетилбей же жок эле дегенде алардын шыгы жана жөндөмү байкалбаган деңгээлде кала берет. Ошондуктан азыр биздин айрым бир өзгөчөлүктөгү жаштарыбызга алардын жекече жөндөмдүүлүктөрүнө жана кызыгуусуна ылайык келүүчү чыныгы илим-билим керек болууда. Буларды калыптандырууда орчундуу негизде аткарылуучу педагогикалык иш-аракеттерге төмөндөгүлөрдү кошууга болоор эле. Айрым же көпчүлүк учурларда өзгөчө шаар жерлеринде жаштарыбыздын аң - сезимдик түзүлүшү, анын чоо жайын, жаратылышы боюнча бөтөн тилдин маани-маңызында калыптанган билим деңгээлдери менен өздөрүн калыптандырып, өз учурунда алган илим-билими, көргөн таалим тарбиясы башка элдин тилинин жана дилинин кыртышында, ой-жүгүртүүлөрүндө болсо өзгөчөлөнгөн бөтөн улуттун уңгусунда калыптанган мугалимдерден же тарбиячылардан, ата-энелерден жана чоң адамдардан сабак алып, үйрөнүп таалим-тарбия көрүп калышууда. Ошол үчүн биздин баамыбызда кыргызча, нукура эне тилинде жаштарыбыздын ойлонуу деңгээлдери өсүп жетилгенче же өз эне тилинде калыптанганга чейин алардын ар биринин ой-жүгүртүүсү бир орунда катып калуу деңгээлинде болуп калууда. Шаарда өсүп калган жаштарыбыз көбүнчө мына ушундан жабыр тартууда. Ал эми элеттик жаштарыбыз өз билимдерин жогорулатуу үчүн шаарларга келип, бир же эки жылдын ичинде эле шаардык жашоо жана окуу, ой жүгүртүү, калыптануу жана каадалануу, кийим-кече кийүү жана жүрүш-туруштары менен көз караштарынын шарданына кирип кетишүүдө. Мисалы,

азыркы жогорку окуу жайларында окуган көпчүлүк жаштарыбыз татаал ой жүгүртүүнү талап кылуучу эмгектерди, китептерди терең ой жүгүртпөстөн эле же шашкалаң убакыт ченеми ичинде чоң-чоң мааниси терең жана маңызы боюнча өтө көп акыл ой аракеттерди талап кылган эмгектерди окуп иликтебей же толук жана жеткилең ой жүгүртүүгө, ойлонуп же түшүнө билүүгө үлгүрбөй жатышат. Көпчүлүк жаштарыбыз компьютерди ашкере колдонуп алышууда. Айылдан келген жаштарыбыз орус тилиндеги китептердин ички маанисинин тереңдигине талапка ылайык сүнгүп кире албай эле өздөштүргөнгө окшоп жатышат. Мына ушунун кесепетинен жаштарыбыздын билим деңгээлдери, ой сезимдери, көргөн тарбиялары, алардын жекече ой жөндөмдүүлүктөрүнө, шыктарына жана таланттарына жараша өспөй жатат. Ошондуктан зээндүү жана жөндөмдүү жаштарыбыздын алган илим-билимдери кандайдыр бир байланышсыз болуп, турмушта же практикада колдонулбай эле калууда. Демек, эгерде биздин коомубузда, жекече алганда жумуриятыбызда инсандык ар тараптуу өсүп өнүгүүнү ушул жагдайда карсак жана талдасак, анда жаштарыбызга биз чоң адамдар, ата-энелер, айрыкча педагогдор келечекте алардын билим деңгээлдеринин, жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсүнө шарт түзүүнү жана өнүктүрүүнү балдарыбыздын жаштайынан баштообуз керек [4].

Анткени, келечек жаштардыкы, аны алардын өздөрү деле билишет. Ал үчүн жаштарыбызга биринчи кезекте камкордук керек, ансыз аларда акыл-ой аракет жагынан өнүгүү жок болот. Айрыкча зээндүү жана жөндөмдүү, шыктуу жана таланттуу жаштарыбызды таап, аныктап (айталы, табигый илим-билими жөндөмдүү жаштарыбызды таап) эң алгач алардын эске тутуусун, ойлонуусун жана элестете билүүсүн өстүрүүбүз зарыл. Демек, аларга учурдун талабына жооп бере ала тургандай өздөрүнүн жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен терең жана жарытаарлык билим берүүбүз жана тарбия көрсөтүүбүз абзел. Аларга ушундай маанидеги илим-билимди жана тарбияны бербей эле туруп, же үйрөтпөй эле ар түрдүү олимпиадаларды, сыноолорду жана текшерүүлөрдү жүргүзгөнүбүз натыйжасыз болот. Жаштарыбыздын жаратылыш тартуулаган ар биринин өзүнө гана тиешелүү болгон жөндөмдөрү жана шыктары өспөй калбасын десек, анда жаштарыбызга биринчи кезекте орто мектептин 6-7- класстарынан баштап ар биринин жөндөмдүүлүгүнө жана шыктуулугуна, зээндүүлүгүнө жана кызыгуусуна жараша билим жана тарбия берүү жакшы. Ошондо гана ар бир жаш адам турмуш, жашоо, тиричилик кылуунун коомдогу чындыгын өз учурунда айрып таанууга, өзүнүн эмнеге жөндөмдүү экендигинин өз учурунда байкай жана өнүктүрө билүүгө көнүгөт. Ал эми биздин берип жаткан билимибиз жана көрсөтүп жаткан тарбиябыз кургак болбойт. Эгерде жаштарга берилип жаткан илим-билимдин сыйкырдуу учкундарын жана таасирдүү оң тарбиянын касиеттерин алардын жаш кезинен жашоо жана турмуш шарттарга байланыштырып бере алсак, анда аларда өз убагында туруктуу оң инсандык көз караш пайда болот жана алар коомдо жаңы керектүү ачылыштарды жасай алышат. Ошон үчүн жаштарга илим-билим берүүнү жана тарбия көрсөтүүнү алардын жаш өзгөчөлүгүнө, зээнине жана жөндөмүнө, шыгына жана талантына жараша уюштуруу педагогикалык максатка төп келет. Мунун негизи өз улутубуздун уңгусуна жана көрөңгөсүнө да көз каранды болот.

Биздин элибиз түпкүлүктүү, ырыс-кешиктүү жана момун эл. Демек, бизде зээндүү жөндөмдүү жана таланттуу жаштар көп болууга тийиш, анткени жерибиздин жаркын таңы, щаңкайган тоосу, сүйкүмдүү кечи жана табиятыбыздын укмуштуудай сулуулугу жаштарыбызга акыл ой жагынан так ошондой кайтарым берет, бирок алардын арасынан мектептен алган билими менен тарбиясын кеңкелестикке жана кызыл кулактыкка жумшаган жаштар азыркы шартта көбөйүп кетти. Өзүбүздүн жаштардын арасында акылсыз караөзгөй, сүткор, эки жүздүү жана башка терс мүнөздөгү айрым өкүлдөрдүн өсүп жетилүүсүнө коомубуз жана биринчи кезекте ата-энелер, мугалим-педагогдор, тарбиячылар, биздин өлкөдөгү билим жана тарбия берүүнүн туура эмес системасы жана азыркы жапайы рынок мыйзам ченеми күнөөлүү. Анын бир себеби болуп азыркы демократия менен айкындыктын телчигүү же бутуна туруу учурунда, элге билим берүү системасында учурдун талабына ыңгайлашып алган кур чечендер көбөйүп кетти алар мыйзамга баш ийген рынок мамилелерин жана бүткүл системаны иритип жатат. Арийне, ар бир зээндүү, жөндөмдүү жана шыктуу ар бир жаш адам өзүнүн курбулаштарына караганда, билим алууда алдыда айтылуучу ойду же чечимди мурдараак көрө жана сезе билгендиги менен айырмаланат. Үй-бүлөдө алгач мындай балдар жана жаштар өз алдынчалуулугу менен көрүнүп, адамдын ички дүйнөсүнө таасир этүүчү ар кандай нерселерге өз алдынча туура жооп таба билет. Ал эми мектепте болсо ушул түрдөгү окуучулар өзүнчө чыгармачыл демилгеге ээ болот, өзүнүн жекече мүмкүнчүлүгүнө ишенимдүү карай алышат. Мектептеги ар-түрдүү негизсиз, туура эмес көрсөтмөлөр, нормалар, кээ бир мугалимдердин орунсуз ашыкча педагогикалык талаптары

баланын оң маанидеги өз алдынчалуулугун кээде бузуп коет. Себеби, ар бир эле мугалим же педагог дайыма туура жана анык, так педагогикалык талапты кое билбейт. Биздин көп жылдык педагогикалык кесиптик тажрыйбалар көрсөткөндөй, орто мектепте жаштарга билим берүү жана тарбия көрсөтүүнү алардын жаш өзгөчөлүгүнө, кызыгууларына жана шыктарына жараша дифференциалдуу түрдө уюштурган жакшы болот. Ал эми окуу китептерибиз жана куралдарыбыз болсо ар бир сабак боюнча оргиналдуу жана сапаттуу болгону дурус. Ал эми азыркы кэзде кээ бир окуу китептерибиз (айрыкча математика жана химиядан жогорку класстардын окуу китептери) окуучуларга түшүнүксүз мааниде жазылып, айрым учурда алардын кабыл алуу сезимдерин кыйноо үчүн түзүлгөндөй сезилет. Ал эми коомубуз жана турмушубуз болсо айрым зээндүү жана жөндөмдүү окуучулар менен илимий негизде педагогикалык иш алып барууга мажбурлап жатат. Анткени бул мааниде биздин өлкөбүздө башка өнүккөн өлкөлөргө салыштырганда ишибиз өтө начар. Биздин оюбузча жөндөмдүү окуучулар үчүн атайын мектептердеги иш чараларды төмөндөгүдөй мааниде жана маңызда уюштурууга болот:

а) Ар бир окуучунун зээндүүлүгүнө, жөндөмдүүлүгүнө жана талантына карап окуу жылынын башынан эле тандап алуу;

б) мындай окуучуларды өзүнчө өзгөчө окутуу жана тарбия берүү үчүн жөндөмдүү жана билим дэңгээлдери жетиштүү педагогдорду тандоо;

в) окуучулардын акыл эмгектерин жана ой аракеттерин арттыруу үчүн окутуунун дүйнөдөгү алдынкы илимий- педагогикалык ыкмаларын жана усулдарын чыгармачылык менен педагогикалык жамаатта колдонуу [2, 3].

Мындай педагогикалык асыл максаттарды турмушка ашыруу үчүн, биздин оюбузча зээндүү жана жөндөмдүү окуучулардын дүйнөнү, турмушту жана айлана - чөйрөнү аңдап, элестетүүсүн жана таанып билүүсүн чыгармачылык менен күн санап арттыруу керек. Ошондой эле ар бир зээндүү же жөндөмдүү окуучунун өзгөчө кызыгууларын активдештирүү менен жекече индивидуалдык оргиналдуу умтулуусун өстүрүү керек. Эгерде мектепте ар бир педагог окуучуну өзүнчө инсан катары кабыл алып, анын ар түркүн кетирген катачылыктарын аны менен бирдикте ар түрдүү деңгээлде педагог катары чече билсе, анда зээндүү окуучунун чыгармачыл потенциалы өсөт. Окуу процессинде таланттуу тубаса педагог гана зээндүү жана жөндөмдүү окуучу менен бирдикте кандайдыр бир проблеманы чечип жатып, ал педагогикалык же психологиялык башка бир проблеманы ичип алуусу дагы мүмкүн. Жөндөмдүү жаштардын мектептен кийинки тагдырлары туура жолго коюулушу үчүн, жогорку окуу жайынын окутуучулары менен мектеп педагогдору бир максаттагы чыгармачылык байланышты чыңдоолору зарыл. Сөзүбүз кургак болбошу үчүн, өзүбүздүн иш тажрыйбабыздан мисал карап көрөлү. Көп жылдардан бери Ош шаарындагы У. Салиева атындагы талаттуу балдар лицей–мектеп интернатына Ош технологиялык университетинин эмгек жамааты жакшы жардам берүүдө. Бул мектепте акыркы жылдары эркек балдар дагы билим жана тарбия алышууда. Ошондуктан зээндүү жана жөндөмдүү, шыктуу жана таланттуу жаштарды табигый илимдер боюнча окутуп тарбиялоо үчүн ушул мектеп физика – математикалык жана химия – биологиялык багыттагы лицей болуп кайрадан түзүлгөн. Эми болсо өзгөчө иш ыкма, педагогикалык усулдар жөнүндө дагы азын оолак сөз кылалы.

Мектеп жашындагы зээндүү жана жөндөмдүү, өзгөчө талантка ээ болгон жаштарды тандап алууда педагогикалык жана психологиялык жактан биз жаштарды төмөндөгүдөй топторго бөлүү мүмкүн экендигин баамдай алдык:

1. Ата-энелердин зордуктоосу менен окуган жаштар. Буларда өздөрүнүн жекече илим – билим жана максаттуу туура тарбия көрүү үчүн каалоолору болбойт. Ошондуктан алар келечекте интеллектуалдык өсүүдө жакшы натыйжага жетишери кыйын же арсар;
2. Окуп билим алуунун келечекте керек экендигин түшүнүшкөн окуучулардын тобу. Алар илим-билимдин баркын анча деле баалай билишпейт. Мындай окуучулардын таасирин билимге ээ болуп жана туура таалим алуу үчүн жекече умтулуулары болушу мүмкүн, бирок келечегинде алгылыктуу натыйжа чыкпайт. Себеби мындай окуучуларда окутуунун тарбиялык мааниси алардын өздөрү үчүн кабылданбайт.
3. Билим берүүнүн жана тарбия алуунун өздөрүнүн жекече кызыкчылыктары үчүн алдыга максат кылган топ. Мындай окуучулар эгерде өздөрү алган билимин жана көргөзгөн тарбиясын турмушта жана практикада колдоно билишсе анда алар аңдап билүү жана эмгектене алуучу касиеттери келечекте максаттуу өрчүтүлүшү мүмкүн;
4. Алып жаткан билимдери жана көргөн таалим тарбиясы менен жекече ой аракеттеринин индивидуалдык өзгөчө айырмасы бар жаштар.

Алардын алдыга койгон илим-билим алуу жана тарбия көрүү боюнча максаттары жана жекече инсандык каалоо мотивдери дал келет. Ошону үчүн алар өз алдынча билим алууга жана өзүн-өзү тарбиялоого дайым даяр болушат. Бизге ушул төртүнчү топтогу жаштарды көбүрөөк табуу жана аныктоо зарыл. Себеби алар инсандын турмушта, жашоодо жана келечекте интеллектуал инсан катары толук негизде калыптанышы үчүн, илим-билимдин жана тарбиянын керек экендигин толук түшүнүшөт жана аны жашоодо колдоно билишет. Канткен ченде да билим жана тарбия алуунун түпкү натыйжасы ар бир окуучунун жана жаштын өз алдынчалуулугуна, зээндүүлүгүнө жана жөндөмүнө ар бир педагогдун чыгармачыл аракеттерине байланыштуу болооруна биздин көзүбүз толук жетти. Эми жогоруда биз көргөзгөн кээ бир педагогикалык жана кесиптик ойлорубузду жана иш аракеттерибизди турмушка ашыруу боюнча бизде жүргүзүлүп жаткан айрым иштер жөнүндө айтып өтөлү. Эң оболу, окуучулардын ар биринин жекече зээнин өстүрүү жана жөндөмдүүлүгүн арттыруу максатында кошумча окуу куралдары, китептерди жана адабияттарды кеңири пайдалануу өз пайдасын тийгизди. Бул максатта өзүбүз атайын багыт боюнча ар бир сабак үчүн (айталы математика сабагы үчүн), өзүнчө программа түзүп чыктык. 8-11-класстардын окуучулары үчүн кошумча ар түрдүү адабияттарды пайдаланып, сапаты жана дэңгээли боюнча ар түркүн мисал, маселелерди камтыган кол жазма тибиндеги оң усулдук китеп колдонмо түзүп чыктык. Сабакта болсо бул класстарда ар бир главаны өтүп бүткөндөн кийин, окуучуларга рефераттарды жаздыруу, топтор аралык жарыштардын өткөрүлүшү окуучулардын чыгармачылык менен билимге умтулуусун өстүрүп, практикалык жактан ык-машыгууларын арттырып, сабактан сырткары убактарда алардын мисал, маселелерди өз алдынча чыгарып келүүсүнө шарт түздү. Окуучулардын өз эне тилинде сүйлөө жөндөмдүүлүгүн арттыруу үчүн ар түрдүү теоремаларды далилдөө боюнча ар кыл татаалдыктагы өз алдынча иштерди алуу жана жарыштарды уюштуруу окуучулар үчүн пайдалуу болду. Окуучулар менен жекече иштөөнүн натыйжасында жана алардын жетишээрлик деңгээлдеги мисал маселелерди иштей билүүсүн калыптандыруунун негизинде, айрым зээндүү жана жөндөмдүү окуучулар математика, физика жана химия сабактары боюнча болгон областык жана республикалык жарыштарда, олимпиадаларда өздөрүнүн жогорку билимдерин көрсөтө алышты.

Азыркы учурда зээндүү жана жөндөмдүү жаштарды(айрыкча кыргыз жаштарын) табуу жана аларга өз жөндөмдүүлүктөрүнө жараша билим жана тарбия берүүдө ар бир педагогдун ээлеген орду, анын профессионалдык иш аракеттеринин өндүрүмдүүлүгү боюнча жекече педагогикалык – психологиялык жана психофизиологиялык билим деңгээли өтө чоң роль ойной тургандыгы айкын көрүнүүдө. Анткени ар бир педагог – мугалим же тарбиячы эгерде чыныгы өз ишине берилген, алдыңкы новатордук идеялык көз караштагы профессионал кесипкөй инсан болбосо, бул багытта кесиптик иш-аракеттер эч качан алгылыктуу өз өнүмүн бере албайт.

Ал эми орто мектептердин же жогорку окуу жайларынын аттарын өзгөртүп, педагогдор жана мугалимдер, окутуучулар менен тарбиячылар алган эмгек акыларына кошумча пайыз акы кошуу менен эле, бул негизде элге билим берүү жаатында педагогикалык иш-аракеттерибизде алга жылдыра албайбыз. Ар бир педагогдун жана мугалимдин, тарбиячынын жекече инсандык, ошондой эле профессионалдык өз алдынча касиеттери жана ыйман ниети, иш аракети, ой-тилеги, жана ыйманы таза болмоюнча, ошондой эле бул касиеттер ар бир педагогдун аң сезиминде жетээрлик деңгээлде жана сапатта калыптанмайынча зээндүү жана жөндөмдүү жаштарга билим жана тарбия берүүнүн түпкү натыйжасы эч оңолбойт жана оңой эле түрдө жакшы натыйжа бере албайт. Себеби биз келечектин ээлерин окутуп тарбиялап жатабыз. Алдыдагы жаңы доор XXII кылым өз саатын ыкчам кагып жатат. Бул алдыдагы кылым информациялык, компьютердик жана жаңы технологиялык өсүп өнүгүүнүн жана калыптануунун кылымы болот. Биздин зээндүү жана жөндөмдүү жаштар ушул кылымда бул багыттагы алган билим деңгээлдери жана көргөн таалим тарбияларынын сапаты боюнча тешелүү оң өңүттө болушу үчүн бардык педагогдор, ата-энелер жана чоң адамдар кам көрүүбүз зарыл. Ал эми жаштарыбызга мындай негизги ой пикирлерди жана мүдөөлөрдү камтыган илим – билимдин жана таалим – тарбия берүүбүз үчүн, алгач биз өзүбүз – ата-энелер, жана педагогдор, чоң адамдар ошого даяр болушубуз талапка ылайыктуу. Андай болбосо «Куш уяда эмнени көрсө, учканда ошону алат» - дегендей болот эмеспи. Зээндүү жана жөндөмдүү жаштарыбыздын келечектеги интеллект коргоосун биз педагогдор түзгөндүктөн, азыркы учурда жогорудагы негизги талаптарды туура аткарууга өзүбүз чоң адамдар жоопкер болуп калабыз [6].

Ошентип, билим берүү жана тарбия көрсөтүү зээндүү жана жөндөмдүү жаштарыбыз үчүн дифференциалдуу негизде алардын жаш өзгөчөлүктөрүнө, шык жөндөмүнө, зээндүүлүктөрүнө жана талантына жараша өзгөчөлөнгөн бейнелерде берилүүсү шарт экен.
Анткени ар бир жаш инсан өзүнчө бир дүйнө. Алардын жаратылышы жана каалоосу, мүдөөсү жана ойлонушу, ой жүгүртүшү жана кабылдоосу же четке кага билүүчү инсандык сапаттары ар башка эмеспи. Муну илим – билим жана таалим – тарбия берүүдө ата – энелер, педагогдор жана чоң адамдар сөзсүз эске ала жүргөнүбүз коомдун да, жаратылыштын да, системанын да талабы боюнча кала берет. Демек билим берүү жана тарбия көрсөтүү бир куштун эки канаты же үч өзгөрмөлүү функция десек толук негиз бар. Ал үч өзгөрүлмөлүү функциянын биринчи аргументи ар бир жекече жаш адамдар кудай таала (теңирим) берген тубаса зээн, шык жана жөндөм. Экинчи аргумент бул туура терең келечекке керектүү алгылыктуу учур талабына жооп бере алуучу билимди берүү; Ал эми үчүнчү аргументи болсо жугумдуу, улуттук көрөңгөлөрдү эске алуу менен көрөгөчтүүлүктү негиз кыла алган көрөңгөлүү тарбия берүү болуп саналат. Бул үч өзгөрмөлүү фунциянын аныкталуу аймагын ата-энелер, педагогдор жана жалпы эле коомубуздун чоң адамдары аныктай алышат жана алар жогорудагыларга жоопкер …

Адабияттар

1. Рубинштейн С.Л. Проблемы общей психологии.-М., Педагогика, 1973.
2. Возрастные возможности усовения знаний. Под ред. Д.В. Эльконина, В.В. Давыдова.-М.: Просвещение, 1965
3. Л.В. Занков. Память и мышление учебной деятельности школьников Сов. Педагогика, 1976. №10.
4. Развитие психофизиологических функций взрослых людей: средняя взрослость. Под. Ред. В.Г. Ананьева, Е.И. Степановой. -М.: Педагогика, 1987.
5. Выготский Л.С. Мышление и реч. Изб. Исследов. Изд. АПН РСФСР, 1966.
6. Педагогика и психология Новое в жизни, науке и технике.
№112, 1984-1990 г.г.

УДК:371.1

Э. К. Арынбаев, Г.И. Көлбаева, ОГПИ

Бүгүнкү күндүн мугалими кандай болуш керек?

В статье рассмотрены проблемы учителей настоящего времени и получен ответ на вопрос «Каким должен быт современный учитель?».

The paper considers the problem of teachers present, and received an answer to the question "What should a modern way of life a teacher?".

Коомдо эң керектүү, эң маанилүү негизги кесиптердин бири - мугалимдик кесип. Мугалимдер эң жооптуу, эң сыймыктуу милдетинде - жаш муундарды тарбиялап өстүрүү менен талыкпай эмгектенип келет. Шакиртин устатынан өткөрө тарбиялаган устат, окуучусунун ийгилигине кубанып, кемчилигине кейиген, баалуу руханий байлыктарды муундан-муунга өткөрүп келген мугалимдин эмгегине тең келер ишти табуу кыйын.

Биздин коомдун эртеңки тагдыры балдарыбыздын кандай таалим-тарбия алып жатканы мугалимдин эмгегине байланыштуу экени белгилүү. Демек, бул жагынан мугалимдин изденүүлөрү, чыгармачыл ишмердиги чечүүчү маниге ээ. «Эмнени эксең ошону аласың» - дегендей, мугалим жаштарга кандай тарбия берсе, келечектеги муунубуз ошондой болуп тарбияланат.

Бүгүнкү күндө келечек муундарды окутуп, тарбиялоону мектептер аркылуу ишке ашырабыз. Мектептерде көнүмүш салт болуп калган системада окутпастан билим берүүнүн сапатын жогорулатуу - мектептин негизги милдети. Андыктан биздин мектептер мезгил менен агымдаш гана болбостон, доордон, мезгилден бир топ алдыга озуп жүрүүгө тийиш деп ойлойбуз. Ошондо гана мектеп баланы азыркы мезгилдин талаптарына жооп берген, ар тараптуу өнүккөн, келечекке ишенимдүү караган, ар бир ишке кылдат ой-жүгүртүү менен мамиле кылган инсан кылып тарбиялай алат. Мындай зор милдетти жаңыча ойлонуп, жаңыча иштей билген мугалим

гана аткара алат. Ошондуктан кесиптик билим берүү мекемелеринде мугалимди даярдоодо ага өзгөчө көңүл буруу керек.

Жогорку окуу жайларында педагогикалык кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатуу азыркы учурдун курч коюлган талабы экендигин мамлекеттик деңгээлде да, окумуштуулар жана коомчулук тарабынан да белгиленип келүүдө. Алар мындай жагдайды орто мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн билим сапаты төмөн болуп жаткандыгы, мектептерде окутуунун сапатынын төмөндүгү менен байланыштуу карашат. И.Б.Бекбоев мындай абалдын чечилүүгө тийиш болгон негизги маселелеринин бири деп табигый-математикалык предметтер боюнча келечектеги мугалимдерди даярдоодо аларды кесипчиликке багыттоого жакшы көңүл бурулбастан негизинен конкреттүү предметтер боюнча эле адистик билимдерди окутууга гана күч жумшалып жаткандыгын белгилейт [2].

Мугалимдик кесип ар кимдин эле колунан келе берүүчү оңой иш эмес. Анын ысык-суугуна чыдаган адам гана мугалим боло алат. Анын өмүрү тынымсыз тынчсыздануулар жана толкундоолор, кубаныч менен кайгы, умтулуу жана изденүүлөр менен коштолот.

Окутуу, тарбиялоо процесси көптөгөн кылымдар бою келе жаткандыгына карабастан, азыр ал мугалим үчүн да, үй-бүлө үчүн да оор. Учурдагы коомдун жашоосу өзгөргөн, оордогон сайын окутуу, тарбиялоо дагы оорлоодо. Анткени баланы мугалим гана эмес, айлана-чөйрө дагы тарбиялайт. Азыркы мезгил маалыматтын кылымы экендигин тана албайбыз. Бүгүнкү окуучу үчүн маалыматтын түрдүү булактары ачык: интернет, спутник антенналарына байланышкан теле каналдар, көзөмөлсүз сатыктагы аудио-видео кассеталар, ачыктан-ачык чыгып жаткан порнографиялык маалыматтарга орун берген газета, журналдар ж.б. Мына ушулардын натыйжасында алар керектүү маалыматтардан тышкары, пайдалуу маалыматтар менен катар эле, керексиз, зыяндуу маалыматтарды да алышууда. Ушундай чөйрөдөгү керексиз, зыяндуу, терс көрүнүштөрдөн балдарды алаксытуу, коргоп калуу жалгыз мугалимдин көзөмөлү менен мүмкүн болбой калды. Бул жерде мектептен башка социалдык институттардын, үй-бүлөнүн таасирин күчөтүү, тарбия ишине аларды мурдагыдан да жакыныраак тартуу иши тургандыгын жашырууга болбойт [4].

Мугалимдик кесип - эң оор жана татаал кесиптердин бири. Ошол себептүү бул кесип инсандын жан дүйнөсүнө сүңгүп кирип, андан улам жаңы ачылыштарды ачуу менен, ал инсандын андан ары өнүгүүсүнө түрткү берүүчү кыймылдаткыч күч болуп саналат. Мугалим абдан оор процессти башкарат, ал - инсандын негизделүүсү. «Тарбиялоо - бул улуу иш, анткени аны менен адамдын тагдыры чечилет», - деп В. Белинский айткандай, мугалимде эң чоң жоопкерчилик жатат.

Коом тынымсыз өнүгүп турат. Демек келечектеги жаш муундарды тарбиялап окутууда мугалимдин чыгармачыл ишмердүүлүктөрүн, изденүүлөрүн, чеберчилигин өнүктүрүп, калыптандыруу бирден бир актуалдуу, негизги жана перспективдүү маселе бойдон кала берет [4].

Педагогикалык программалык каражаттар сабакта компьютерди пайдалануну камсыз кылуу менен катар эле окуучуларга жаңы түшүнүктү берүүгө, калыптандырууга жана билгичтиктерди, көндүмдөрдү бекемдөөгө өбөлгө түзөт.

Дүйнөлүк стандарттын деңгээлине жетүү үчүн улуттук регионалдык өзгөчөлүктөрдү эсепке алып жана предметтик билим берүүнүн жаңы концепцияларына таянып, окуу процессии интенцификациялоо зарыл.

Интенцификациялоо окуу процессин уюштурууда өнүккөн методдорду жана каражаттарды тандап алуу менен гана чектелбестен, окутуунун жаңы формаларын, методдорун, каражаттарын иштеп чыгууну талап кылат. Окуу информациясынын агымын интенцификациялоо эки баскычтуу модель менен иш жүзүнө ашышы мүмкүн: а) окутуу информацияларынын биринчи баскычында окуу жылынын ар бир күнүндө окутуу процессин уюштуруу формаларын, окуу предметтеринин рационалдуу түрдө бөлүштүрүлүшүн, окутуу методдорун өркүндөтүү; б) Интенцификациянын экинчи баскычында ар бир окуучунун жөндөмдүүлүгү жана мүмкүнчүлүгү эсепке алынып, компьютердин жардамы менен түзүлгөн ийкемдүү программалар окуу программасынын чегинде түзүлөт [5].

Мезгил талабына ылайыктуу мыкты кадрларды даярдоодо жогорку окуу жайларынын ролу чоң. Ошондуктан ЖОЖдордун окуу пландарына бир нече тилде сүйлөөнү, интерактивдүү усулдарды, аналитикалык ой-жүгүртүүнү өнүктүрүү багытындагы предметтерди кошуу бир топ кадрлардын сапатын жогорулатат деп ойлойбуз. Квалификацияны жогорулатуу институту бардык региондордогу квалификацияны жогорулатуу курстарында педагогдордун керектөөлөрүн жыл

сайын талдайт, муну менен бирге бардык курстар жогоруда аталган критерийлердин негизинде экспертизадан өтүүлөрү керек. Билим берүү, илим жана жаштар саясаты министрлиги квалификацияны жогорулатуу институттарын материалдык-техникалык жана башка бардык багыттар боюнча тынымсыз текшерүүдөн өткөрүп туруусу зарыл. Билим берүү министрлиги жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ар бир багыттын кадр менен жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуулары керек [6].

Бүгүнкү студент – эртеңки мугалим. Мугалимдик кесип – адамдарды таанып билүүнүн илими. Башкача айтканда, мугалим – ойчул адамдардын көз караштарын түзүүчү, адамдарга таалим-тарбия жана турмуштук туура багыт берүүчү коомдук ишмер, педагогикалык өтө тар мааниде айтсак, окутуу–тарбиялоо иштерин жүргүзүүчү ишкер адис. Ал эми окутуучулар болсо бүгүнкү студенттерден эртеңки коомдук жаңы идеяларды табуучуларды, бардык жагынан гармониялуу өнүккөн, билимдүү, турмушка даяр жаңы адамдарды даярдап чыгаруучулар болуп саналат. Азыркы мезгилдеги билим берүүнүн негизги максаты - жаңыча изденүү, окуучуларга, студенттерге сапаттуу билим берүүнүн жаңы формаларын жана жаңы ыкмаларын издеп табуу болуп саналат. Бүгүнкү окуучу – эртеңки студент, келечектеги автоматташтырылган ишкананын ээси. Албетте, алардын кээ- бирлери эртең жаш муундарга таалим-тарбия беришсе, дагы бирлери айыл чарба комплекстеринде, ошондой эле коомубуздун ар кандай тармактарында ишке тартылууга тийиш. Демек, ар бир мугалимдин, окутуучунун педагогикалык устаттыгы жаштарды максималдуу, турмуш жолуна даярдоого жана ар кандай терс көрүнүштөргө келишпестик менен мамиле жасоого багытталышы маанилүү [7].

Демек, азыркы учурдун талабына жооп берген мезгилдин мугалимин даярдоо маселесине токтолобуз. Ал эми мындан «Бүгүнкү күндүн мугалими кандай болуш керек?» - деген сыяктуу суроолор келип чыгат. Ошондуктан бул суроолордун жообун издеп көрөлү.

Азыркы маалыматтык коомдо билим берүүнүн баалуулугу бир гана адамдын билимдеринин системасын гана көрсөтпөстөн, билимдерди кабыл алып өздөштүрүүнүн жолдорун, жаңы билимдердин зарылдыгын түшүнүү менен моюнга алуу, аларды күнүмдүк турмушта кабыл алууга үйрөнүү. Анткени биздин күнүмдүк турмушубузда тынымсыз жаңы технологиялар пайда болуу менен ишмердүүлүктүн ар кандай чөйрөлөрүндө адам эмгегин жеңилдетүүдө. Айрым учурларда адам эмгегин толук алмаштырууда. Мисалы медицинада томографиялык текшерүүлөр, химияда заттардын химиялык курамын аныктоо, техникада транспорт каражаттарын башкаруу ж.б. Ошондуктан учурдагы маалыматташтыруу процесси жүрүп жаткан коомдо тынымсыз окууга милдеттүү экендигибизди моюнга алуу менен кесиптик ишмердүүлүгүбүз боюнча компьютердик сабаттуулуктарга жетишүүбүз керек. Билим алуудагы мындай мамиледе билим берүүнүн сапаты менен билимдин сапатын салыштырууга болбойт.

Учурда Кыргызстанда 2220 жалпы билим берүүчү мектеп (2010-2011-окуу жылындагы маалыматтар боюнча) бар. Бул мектептерде 1023,4 миң окуучуга 69,1 миң мугалим билим берет. Демек жакынкы 5-10 жылдын тегерегинде бүгүнкү мектеп курагындагы өспүрүмдөрдүн билими, тарбиясы кандайдыр бир деңгээлде ошол бүгүнкү күндө мектепте иштеген 69,1 миң мугалимден көз каранды болот. Мугалим канчалык билимдүү, ар тараптан өнүккөн, кесибин сүйгөн, кесибине, келечегине ишенимдүү караган инсан болсо, окуучуларга ошончолук мыкты билим, тарбия берет. Мектеп окуучуларынын мыкты билим берген алдыңкы мугалимдерди идеал тутуп, ага окшоп келечекте «мугалим» болсом дешет. Ошондуктан мугалим бир гана мыкты окутуучу, тарбиячы болбостон окуучунун идеалы болгондуктан азыркы мезгилде коомчулук педагогикалык адистерди даярдоого өзгөчө көңүл буруу менен келечек муундарга тарбия берүүнүн сапатын жогорулатмат [8].

К.Д. Ушинский мугалимдерден балдардын сабак учурунда билгичтик жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнү талап кылып, «Мугалимдин милдети окуучуга тигил же бул билим-билгичтерди үйрөтүү гана эмес, мугалимсиз жалпы билимди кабыл алуусун, өз алдынча иштөөгө каалоосун өнүктүрүү. Мындай акыл-эске ээ болгон адам жашоосунун аягына чейин билим алат» - деген [9]. Демек, компьютердик технологиялар өнүккөн, компьютердик-коммуникациялык технологиялар, интернет, спутник телевидениелери ж.б. маалымат булактары окуучулар үчүн ачык колдонууга мүмкүн болгон доордо мугалим мурдагыдай салттык билим берүү технологиялары о.э. мурдагыдай педагогикалык даярдык менен мезгилдин мугалими боло албайт. Мугалим канчалык аракет кылбасын, баары бир жаңы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуудан четтеп кете албайт. Анткени окуучулардын көпчүлүк бөлүгү жаңы технологиялар

менен тааныш. Ошондуктан мугалим эртеби-кечпи сабакта жаңы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонууга мажбур болот.

Азыркы мугалим тынымсыз изденүүчү, өзүн-өзү таанып-билүүгө, өзүн-өзү аныктоого, өзүн-өзү реализациялоого, билимин тереңдетүүгө, акыркы технологиялардан артта калбоого умтулган, инсанды калыптандырууга өбөлгө түзгөн окутуунун жаңы технологияларын колдоно билүүсү зарыл.

Биз азыркы мезгилдин мугалимин төмөндөгүдөй болсо деп эсептейбиз:

- жаңы маалыматтык коммуникациялык технологияларды өзүнүн предмети менен айкалыштыра билүү;
- жаңы маалыматтык коммуникациялык технологияларды колдонуу менен сабакка даярдануу;
- технологияны колдонууда башкаларга үлгү болуу;
- окутуунун көрсөтмөлүүлүгүн пайдалануда жаңы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды өз орду менен колдоно билүү;
- окутуп жаткан өзүнүн предмети тууралуу терең билимге ээ болуусу, анын тигил же бул окутуу технологиясында камтылган принциптерин, концептуалдык идеясын билиши;
- мектепте окутуу-тарбиялоо иштерин уюштуруу боюнча жана окутууда түрдүү усулдарды, үйрөтүү жолдорун билип, долбоорлордо колдоно билүү;
- окутуу усулдарын сабактын темасына карап тандоодо, логикалык ырааттуулуктун сакталышын билүү, ар бир окуучунун жеке мүнөзүнө, айырмачылыгына карап педагогикалык технологияларды тандай алышы;
- тигил же бул педтехнологияны колдонууда ага тиешелүү өзгөртүүлөрдү киригизе алышы;
- мугалимдик кесипке тиешелүү буйрук, жарлык жана көрсөтмөлөрдөгү өзгөрүүлөрдөн кабардар болуп туруу;
- сын-пикир, түзөтүү жана сунуштарга көңүл буруп, өзүн кесиптик жактан өнүктүрүүдө пайдалануу;
- тынымсыз өзүн-өзү өнүктүрүү аракетинде болуу;
- мектептин чогулуштарына, коомдук иштерине, ж.б. иш-аракеттерине жигердүү катышуу;
- өз ишин, милдеттерин жана укугун жакшы билүү;
- кесибиндеги кээ бир көйгөйлүү маселелерди чече билүү;
- кесиптештери менен жакын мамиледе болуу, урмат-сый менен мамиле кылуу;
- өз кесиби боюнча чеберчилигин, билимин жогорулатуу үчүн курстарга катышуу;
- иштеринде, кесиптештери, башка кызматкерлер жана окуучуларга ар дайым үлгү болуу;
- жакшы байкоочу болуу, ишинде колдонуу;
- мугалимдик кесиби менен сыймыктануу, окуучуларды билим алууга үйрөнүүгө, салым кошууга багыт берүү;
- билим берүү жана тарбиялоо үчүн ыңгайлуу шарттар түзөт, материалды колдонууда коопсуздук шарттарын эске алуу менен иштөө;
- класстын тазалыгы, жарыктыгы, жылуулугу ж.б. өзгөчөлүгүнө көңүл буруу.

Демек, азыркы мезгилдин мугалими жаңы маалыматтык коммуникациялык технологияларды өзүнүн предмети менен айкалыштыра билген, аларды колдонуу менен сабакка даярданган, колдонууда башкаларга үлгү болгон, окутуунун көрсөтмөлүүлүгүндө жаңы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды өз орду менен колдоно билген, окутуп жаткан өзүнүн предмети тууралуу терең билимге ээ болгон, анын тигил же бул окутуу технологиясында камтылган принциптерин, концептуалдык идеясын билген, тигил же бул педтехнологияны колдонууда ага тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизе алган, окутуу усулдарын сабактын темасына карап тандоодо, логикалык ырааттуулуктун сакталышын билип, ар бир окуучунун жеке мүнөзүнө, айырмачылыгына карап педагогикалык технологияларды тандап, дайыма мугалимдик кесипке тиешелүү буйрук, жарлык жана көрсөтмөлөрдөгү өзгөрүүлөрдөн кабардар болгон, өз ишин, милдеттерин жана укугун жакшы билген, ар тараптан өнүккөн адам болуш керек.

Адабияттар

1. Кутбилим гезити №36, 28.09.07.
Бекбоев И. Педагогикалык процесс: Эски көнүмүштөр жана жаңычыл көз караштар. – Бишкек, 2005.

2. Аванова Ж.А., Багышев К. Математиканы окутуунун методикасы боюнча лекциялык

сабактардын түзүлүшүн оптималдаштыруунун айрым жолдору. Вестник ЖаГУ 2009 №2
3. Боталиева У.А. Учурдагы педагог жана айрым актуалдуу талаптар. К.Тыныстанов ат. ЫМУ, 2011-29
4. Мунайтпасова Г.Ж. Геометрия курсунда айлануу телолорун компьютердик технологиянын жардамында окутуу. ЫМУ, 2011-30(2).
5. Арынбаев Э.К., Мадраимов С.М. Билим берүү системасында кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо проблемалары. ОшМУнун жарчысы 2006 ж. №7.
6. Алиева Д.Ш., Сагимбекова Д.С. Бүгүнкү билим берүү системасындагы орчундуу маселелер. ЫМУ. 2010-26(2).
7. http://212.42.101.124:1041/stat1.kg.
8. Ушинский К. Д. Воскресные школы.— Собр. соч., т. 2. — М.; Л., 1948.
9. Курманкулов Ш.Ж., Норзалиева Г.С. Барктуу адис болуунун бүгүнкү заманбап талаптары. Вестник ЫГУ. № 26(2)/2010.
10. Касымов А.А. Мугалимдин компетенттүүлүгү деген эмне? http://ky.wikipedia.org

УДК:370.179

А.Т. Бекиева, УИАнын ТБ ГИИ

Мектеп окуучуларынын толеранттуулук аң-сезимин калыптандыруу - учурдун талабы

Данная статья посвящена проблеме духовного воспитания в мултикультурном обществе и привитию толерантности учащимся в системе образования.

The given article is devoted to spiritual upbringing in multicultural society and gives tolerenct to the students in the system of education.

КРнын президенти Алмазбек Атамбаевдин 2012–жылдын январындагы №17-жарлыгы менен быйылкы жыл «Уй-бүлө, тынчтык, ынтымак жана өз ара кечиримдүүлүк жылы»-деп жарыяланды. Бул жарлык коомубуздун көп чөйрөлөрүндөгү манилүү милдеттерди чечүүгө багытталган. Аларды жүзөгө ашыруу боюнча өлкөбүздө иш-чаралар өткөрүлүүдө.

Этностор аралык карама-каршылык азыркы кезде өлкөбүз үчүн манилүү, токтоосуз чечүү жолдорун изилдөөгө муктаж көйгөйлөрдөн болуп калууда. Себеби мындай карама-каршылык суверендүү Кыргызстандын тарыхында эки жолу болуп өттү. Билим берүү системасына инновациялык жаны системаларды киргизүү боюнча сунуш, толеранттуулук жана диалог маселесин терең изилдөө, пропагандалоо, жайылтуу маселеси бар. «Өз ара сый-урмат дал ушул адамдардын ортосунда айырмачылыктарга болгон сый мамиледен башталат. Башка адамдар бизге дайыма эле жага бербеши мүмкүн. Бирок ушул айырмачылыктар негизинде жаңжал жаратпоо, убагында унчукпай калуу мүнөздү калыптандыруу зарыл болуп саналат»- дейт КРнын экс-президенти Роза Отунбаева [1].

Толеранттуулук деген эмне? Адам укуктарынын бекемделиши плюрализм, демократия, тартип. Догматизмден, чындыкты абсолютташтыруудан алыс болуу (Толеранттуулук принциптеринин декларациясы) [2]. Толеранттуулукту калыптандырбай туруп цивилизациялуу жашоого жол жок. Мектептеги тарбия берүү этностор аралык карама-каршылыкка бөгөт болуп бере алабы? Мектептин ушул нравалык аспектти тарбиялап берүү мүмкүнчүлүгү бар жана ага милдеттүү. «Мектепте окуучулардын адаттары татаал жана жөнөкөй болушу күтүлөт. Жөнөкөй адаттарга белгиленген тартип нормалары, мамиле маданияты ж.б. кирет.

Татаал нравалык адаттарга атуулдук, эмгек, үй-бүлө, моралдык мамилелер кирет» [3]. Толеранттуулукка тарбиялоону татааал нравалык адаттарга киргизебиз, анткени анын калыптануу процессине үй-бүлө, үрп – адат, чөйрө, социалдык экономикалык шарттар таасир этиши мүмкүн. «Нравалык адатка педагогикалык талап коюуда жүрүш-туруш жана аң-сезимдин өз ара карым-катнашынын ишке ашыруусуна жетишүү керек». «Жакшы адат-бул нравалык капитал, ал өсүп өнүгөт жана адам аны өмүр бою колдоно алат» - деп айткан К.Д. Ушинский.

Толеранттуулук адатын окуучуларда калыптандырсак, биздин коомубуз цивилизациялуу жол менен өсүп өнүгөт.

Биз 21 кылымда илим, техниканын, компьютерлештирүүнүн мезгилинде жашап жатабыз. Бирок тилекке каршы адамдардын руханий көрөңгөсү алсыздануунда. Терроризм, экстремизм, агрессивдүүлүк, этникалык, конфессиалар аралык конфликттер кулач жайды. Буга мисал катары ноябрда Ала-Букада, декабрда Кара-Сууда, Чүйдө, Маевкада, Баткендин Андарак айылында, 2-январда Сокулуктагы Жаңы-жер айылында этностор аралык карама-каршылыктар 2010-жылдагы окуядан кийин биз али да сабак ала албай жатканыбыздын далили [4].

2010-жылы 18-майда Кадыржан Батыровдун Би-Би-Синин журналисти Акчолпон Койчиевага берген интервьюсунда: «Конституцияда билим берүү кыргыз тилинде жүргүзүлсүн жана эки чет тили кошуп окутулсун деген сунуш киргизилүүдө. Менин өзүмдүн тилим турганда, чет тилдин эмне кереги бар?» - деп айтылат. Бул саясий идеологиялык багыттагы эң чоң жаңылыштык экендигин Ош шаарынын мэри Мелис Мырзакматов белгиледи [5].

«Тил билсен - дил билесин» - деп айтылат элибизде. Канчалык бир-бирибиздин тилибизге урмат - сый менен мамиле жасасак, ошол элдин дилин тарыхын, маданиятын сыйлоого үйрөнүп, натыйжада толеранттуу көз караштын калыптануусуна шарт түзөт. Ошондуктан ар бир элдин өздүгү менен гана чектелүүсү дүйнөнү, жашоо образын, менталитетинин чектелүүсүнө алып келет. Башка тилди, маданиятты, көз карашты үйрөнүү глобализация мезгили биздин каалообузга карабай талап кылууда. Башка өлкөнүн маданиятын, үрп-адатын деги эле башка адамды түшүнө билүү-сабаттуулукту, толеранттуулукту талап кылат. Бул татаал процесс.

«Өзүбүздүкү», «бирөөнүкү» бөлүнүүчүлүгү, вербалдык жана вербалдык эмес кыймыл аракеттер аң-сезимибизге таасир этет. Бирок ошого карабастан толеранттуулук аң-сезимди калыптандыруу–бул мезгилдин талабы. Ошентип толеранттулукту эмнеден баштоо керек? деген суроого мектептерде билингвикалык билим берүүдон баштоо керек деген жооп туура деп эсептеймин. Азыркы учурда Ош шаарында өзбек мектептерди кыргыз тилине толук өткөрүү маселеси каралууда деген түшүнбөөчүлүктөр пайда болууда. Дагы бир жолу билингвикалык мектептерди өнүктүрүү жолу менен жөнгө салууну сунуштаймын.

Билингвикалык мектеп деген эмне? Ал мектеп орус, кыргыз, өзбек мектеп деп аталбайт. Бир мезгилде эки тилдүү сабактар окутула берет. СССР мезгилинде Ош шаарында В.Н. Терешкова атындагы мектеп-интернат ушундай мектептердин катарына кирет. Ар бир окуучу эки тилде сүйлөө жөндөмдүүлүгүнө ээ болот. Себеби сабактар орус жана кыргыз тилдеринде аралаш окутулат. Натыйжада бул мектептен илимдин кандидаттары, докторлору, академиктер, министрлер, мэрлер, депутаттар, ЖК спикерлери окуп чыккан.

Биз мектеп тарбиячылары менен сүйлөшкөн учурда ушул мектептин балдарындагы толеранттуулук көз караштын жогорку деңгээлде экендигин дайыма белгилеп кетишет.

Ар бир улут өз тилин, маданиятын, үрп - адатын сактоо менен бирдикте көп тил билүү жана улут аралык толеранттуулук аң-сезими калыптанат. Билингвикалык таалим алган окуучуларда боорукерлик, ак ниетүүлүк, чыдамкайлык, сабырдуулук, бири-бирине болгон камкордук сапаттар калыптанат. Билингвикалык билим берүү мектепке чейинки бала бакчаларда да ишке ашырылышы шарт. Себеби биз толеранттуулуктун калыптанышына педагогикалык, философиялык гана эмес, психологиялык аспектте да караганыбыз негиздүү. Тарбия башаты-үй-бүлө. Ата-эне баланы толеранттуу болууга жаш кезинен үйрөтө баштоосу абзел.

Мектептерде гуманитардык предметтерди: тарыхты, дүйнө тарыхын, дүйнөлүк диндерди окутууда толерантуулукка тарбиялоо өзгөчө мааниге ээ. Этностор аралык толеранттуулукту тарбиялоодо тарых курсунун мазмунун, окуп-тарбиялоо процессин биримдикке. бүтүндүккө, ынтымакка чакыруу максатын коюуга болот. Деги эле адамзат тарыхында ар кандай маселени агрессиясыз, согушсуз чечүү жолдорун издеп тапса болобу? деген суроого Ооба, деген жооп табылат.

Мисалы Махатма Ганди баштаган Индия мамлекетинин эли колонизаторлорго каршы куралсыз нааразылык митингдерин өткөрүү жолу менен өз эркиндигине жетишкен. Бул куралдуу көтөрүлүшкө караганда тарыхта « кызматташпоонун цивилизациялуу жолу» эле. Мен өзүмө мындай суроо берем: «Орус-германиялык мамлекеттердин арасында тынчтык мезгилиби же согуш мезгили узакпы?» деген суроого, биринчи оюма келгени согуш мезгили. Бирок 1000 жылдык мамилелер арасында 30 жылдык гана согуш болгон. Ушул аркылуу улут арасында биримдикти, ынтымакты, интернационализмди жайылтууга болот.

Кокон хандыгынын тарыхын изилдөөдө биз кыргыз, өзбек элинин тарыхы ушунчалык ажырагыс экендигинин күбөсө болобуз. Бул эки элдин «мазары да бир, базары да бир» болуп аралашкан эл. Кокон ханзаадаларын да кыргыз, өзбекке ажыратуу кыйын. Бул биздин тарых курсун окутуудагы чындык.

Диндердин тарыхы жөнүндө сөз кылганда Кыргызстандын аймагында диндик эркиндик өкүм сүргөндүгүн тарыхый-археологиялык эстеликтер далилдейт. Мисалы: Кыргызстанда христиан, будда, манихей, теңирчилик, тотемизм, шаманчылык, ислам ж.б. диндер өкүм сүрүп жашаган аймак. 19- кылымдын аягында орустар көчүп келгенде Аксы районунда кыргыздар христиан чиркөөсүн курууга жардам бергендиги жөнүндө айтылат. Окуучуларда толеранттуулук идеясын калыптандырууда ислам педагогикасынын ролу чоң. Эмне учун биз ислам педагогикасына кайрылып жатабыз? Себеби толерантуулукка тарбиялоодо ислам педагогикасы үлгү болуп калууда.

«Ыйык куран-бул педагогика китеби. Ислам педагогикасы таалим тарбиянын өркүндөгөн усулдарын ушул булактан алат. Куран сүрөөлөрүндөгү негизги өзгөчөлүк аларда сырткы дүйнөнүн мыйзам ченемдуулуктөрүн жана кубулуштарын байкоо жүргүзүүдөгү паам – парасаттуулукка, байкап кабылдагандардын үстүнөн ой жүгүртүүгө, ой чабыттарын өстүрүүгө, үйрөнүп жаткан обөектин үстүнөн иликтөөнү күчөтүп, кайчы пикирлердин талаш-тартыштары аркылуу илимий тыянак чыгарууга чон маани берилет деген ойду белгилей кеткен Бекембай Апышев [6,35].

Ислам дини жер жүзүндө адамдардын ар түрдүү рассага, өң-түскө башка-башка улуттарга бөлүнүшү адамдарды бири-биринен ажыратууга оңой болсун үчүн жаратылган деп түшүндүрмө берет. Ислам дини жаратылган мезгилде толеранттуулук термини али жарала элек болгондугуна карабастан, сабыр термини аркылуу толеранттуу болууга тарбия берилген. Мисалы «Сабыр жана чыдамдуу болуу теңирден, шашкалактык шайтандын иши», «Сабырдуулук кыйынчылыктын алгачкы мезгилинде билинет», «Бактылуу адам кыйынчылыкта сабыр кылган, жамандыктан алыс жүргөн адам» ж.б. (Ахлок ва одобго оид хадис намуналари) [7].

Ислам дини Мухаммед пайгамбарды толеранттуулуктун үлгүсү катары кабыл алышкан. «Мухаммед бүткүл оң сапаттарды жана нарктарды толук өзүнө камтыган. Өзү тараткан ислам динин терең рух, өтө бийик улуулук, ошондой эле түгөнбөс баш тартуу, бүтпөгөн күрөш жана жөнөкөйлүк ичинде, адамдардын баарына нурун чачкан, жүрүм-туруму боюнча үлгүлүү көсөм болгон. Ошондуктан ал адамзат үчүн бардык инсандык касиеттери үлгү боло турган улуу педагог» (Бекембай Апыш.Мухаммед пайгамбардын таалим-тарбия жөнүндөгү даанышман ойлору. Бишкек-2003, 17-чи бет). Макка фатх кылынган күнү (кайрадан мусулмандардын колуна өткөн күнү) рассулуху саллоллоху алайхи вассалам Каабанын эшигинде туруп мындай деди: «Жеке Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок. Уккула, жахлият доорунун бардык (эскилик) калдыктары, өч алуулар, мал дооламай бүгүн менен бутумдун астында. Мурдагы салттардан Каабага кызмат кылуу жана ажыларды сугаруу салттары гана сакталат.

О, курейш эли! Мен силерди эмне кылат деп ойлоп турасынар? Курейштиктер: «Жакшылыкты гана дешти. Анда саллоллоху алайхи ва ссаламайтты: «бара бергиле, силер азатсыңар!» (Ибн Хашим: «Пайгамбар саллолоху алайхи ва салламдын өмүр баяны» китебинен) Өзүнө зулум кылган мушриктерди ал ушундайча кечирген.

Бухарий жана Муслим ибн Маликтин риваят кылышат: «Анас айтты: «мен пайгамбар саллоллоху алайхи вассалам менен бара жаткан элем. Аллахтын элчисинин үстүндө Нажранда даярдалган жээктери катуу чапан бар эле. Кайдан жайдан бир бедуин келип, пайгамбарыбыздын жакасынан муунтуп кармады. Жанагы чапандын катуу жээктери пайгамбардын мойнуна батып, канталаш из калтырды. Ошол абалда ал:» Эй, Мухаммад! Адамдарыңа айт, алдагы Аллахтын малынан мага да үлүш берсин!» - деди. Аллахтын элчиси ага карап күлдү жана ага Байтулмандан үлүш ажыратып берүүгө буюрду (Бухарий. Адеп китеби, 6088-хадис. Муслим: «Зекет» китеби [8].

Ибн Хажар айтат: Бул хадисте пайгамбар саллоллоху алайхи ва саламдын жум шакпейилдигинин, сабырдуулугунун жана исламга кириш үмүт кылынган адамдардын обу жок оройлуктарын, душманчылыктарын кечирүүсүнүн баяны бар. Кийинки элбашылар анын кечиримдүүлүгүнөн, ачуусун жуткандыгынан жана жамандыкка жакшылык менен жооп берүүсүнөн үлгү алышса жакшы болмок» (Фатхул Баари:10-том, 506- бет (9). Аср сүрөсү мусулмандардын сын-сыпаты, анын кандай болушу, милдеттерин баян кылат. Адам эки дүнүйөдө бактысыз болуп калбастыгы үчүн төрт сыпатка ээ болуусу керек. 1. Аллахга ыйман келтирүү 2. Жакшы амалдарды кылуу 3. Ак жолго тушүү 4. Негизгиси сабырга чакыруу. Кыйынчылык оор

убактарда адам бардык нерсеге кадыр жараткан бар экенин эстеп сооп алуу жөнүндө ойлонот. Ошондуктан чыныгы момундар бардык нерсеге сабырдуу мамиле жасайт.Эң чоң сабыр бул күнөө иштерди жасабоо, бирөөгө жамандык кылбоо, керек болсо жамандыкка да жамандык менен жооп бербөө. Сабырдын эң жогоркусу оор абалда турганда жараткандын бар экендигин эстеп сабыр кыла билүү (Аср сурөөсү (10) Пайгамбардын сөзүнөн мисал келтирели; «Эгерде кишинин коңшусу андан азап чексе, же андан өзүн кооптуу деп сезсе, анда ал мусулман эмес же Жебирейил периште коңшулардын укуктары жөнүндө дайым сурагандыктан, алар менден мурас алышат го деп ойлодум». Бир шаарда жашаган баардык адамдар бири-бирине коңшу алар бири-бирине жакшылык гана кылууга милдеттүү.

Азыркы мезгилде ислам дини негизиндеги толеранттуулукка Ф. Гулен маани берет. Ал мындай дейт; « Дүйнө чоң кыштакка айланганда жана биздин коом чоң өзгөрүүлөрдөн чегинде турганда, сабырдуулук бүт коомго таралышы керек» (Ф. Гулен [11]. Ф. Гулен руханияттын жанданышын талап кылат, анткени биздин доор тирикчиликке жана талаш-тартышууга ашыкча багытталган. Ислам дини мындан 1400 жыл мурда толеранттуулук маселесине өзгөчө маани берген жана аны улантуучулар адамдардын жүрөгүнөн орун тапкан Ф. Гулен сыяктуу аалымдар.

Биз коом үчүн жоопкерчиликтүүбүз. Коом өзү көп түрдүү жана ар турдүү болуу менен бирдикте ар түрдүү элдин өкүлдөрү. Ошол эле мезгилде ал коомдун бир бөлүгү болуу менен ошол өлкөнү мекеним деп эсептешет. Кайсы улут күчтүү деген ой жүгүртүү эч кандай адепке туура келбейт. Коомдо жашап туруп коомдон четте калуу мүмкүн эмес. «Ар бир адам бири-бири менен мамиле түзүүгө муктаж. Жакшы мамиле аркылуу адамда достук, сүйүү пайда болот» (С.К. Бондырева, Д.В. Колесов. Толерантность. Введение в проблему) [12]. Ошондуктан кыргыз элинде «Сыйга сый, сыр аякка бал» деп бекеринен айтылбаса керек. 21-кылымдагы глобализация доорунда миграциянын күч алуусу менен бир мамлекеттин эли улуттардын бөлүнүүчүлүгү жөнүндө маселе көтөрбөй биримдикке, урмат-сыйга, тынчтыкка жана толерантуулукка умтулуп жашоосу азыркы учурдун талабы. Бул толеранттуулук маселесинин адеп-ахлакка байланышкан педагогикалык гана жагы.

Этностор аралык карама-каршылыкты келтирип чыгаруудагы негизги себептерге социалдык-саясий жана экономикалык көйгөйлөр да түрткү берет. Мына ошондой карама-каршылыктардын кээ бирин анализдеп көрөлү.

1. Баткен облусу Андарак айылындагы жаңжалга көпчүлүк учурда суу талашуу роль ойноп келет. Бул маселени чечпесе карама-каршылык сактала бермекчи. 2. Жамандык жакшылыктан тез таркайт. 2010-жылдагы Ош окуясы улуттардын арасындагы ажырымдын күчөшүнө алып келди.
3. Айыл өкмөт башчыларын шайлоодо нааразылыктар бар.
4. Жаш үй-бүлөлөргө жер берүүдөн келип чыккан көйгөйлөр.
5. Мектептерди куруу маселелеринин азыркы мезгилде оң жолго чечилбей жаткандыгы.
6. Жалпы жаштар арасындагы жумушсуздук, жакырчылык.

Ушул берилген көйгөйлөрдүн эң башкысы суу талаш болуп кала берет. Бул көйгөй СССР жашап турган, улуттар арасында интернационализм гүлдөп турганда болуп өткөндүгүнө күбөбүз. Бирок өкмөт ал мезгилде бул маселени өтө кылдат иликтеп жогорку деңгээлде чече билген.

Бирок эн маанилүүсү Кыргыз Республикасында улуттар аралык идеологиянын жакшы иштебегендинде экендигине көзүбүз жетти. Бул талаш-тартыштар И. Крыловдун «Чаян, ак куу, балык» тамсилиндеги окуяларды элестетет. Бир мамлекетте жашаган ар улуттун өз-өзүнчө кызыкчылыгы бар болуп жатат . Манастын осуятындагы «бир женден кол, бир жакадан баш чыгаруу» идеясы ишке ашырылбай келе жатат. Акыркы жылдардагы өлкөбүздө болуп жаткан саясий окуялар да улуттардын ортосундагы достукка доо кетирди. Изилдөөлөр көрсөткөндөй улутка бөлүнүү карапайым адамдардан көрө көбүрөөк сай-сайдагы саясат менен алектенген бийлик өкүлдөрү арасында көбүрөөк экендигин көрсөттү. Алар өз жеке кызыкчылыктары үчүн улут көйгөйлөрүн келтирип чыгарышат. Карапайым адамдар улутка бөлүнүү манилүү эмес деп эсептешет. Алар туура эмес жүргүзүлгөн улут саясатынан жапа чегишет.

Ошондуктан мамлекеттик денгээлде улуттар аралык маселеге кылдат мамиле жасалса, толеранттулук аң- сезимди калыптандырсак.

Толерантуулукту калыптандырууда төмөнкү жүрүм-турумду эске алсак;
1. Инсандык баалуулукту эске алуу
2. Адам укуктарын билүү
3. Ал адамды өз ордуна коюп көрүү
4. Ар бир улуттун кемчилдиги менен катар жакшы жактары көп экендигин эске алуу

5. Көйгөйдү тынч жол менен чечүү жолдорун издөө
6. Ситуацияга баа берүү
7. Өткөн тарыхка анализ берүү, «Бир жакадан баш, бир женден кол чыгаруу».

Адабияттар

1. КРнын экс-президенти Роза Отунбаеванын 16-ноябрь 2011-жылдагы кайрылуу.\\
2. Толеранттуулук принциптеринин декларациясы. ЮНЕСКОнун генералдык конференциясынын 5.61.16-ноябрь1995-жыл резолюциясы тарабынан бекитилген. \\ www.tolerance.ru
3. .Бабанский Ю.К. Педагогика. - Москва: Просвещение, 1983.
4. www.azattuk.kg.Ала-Тоо жанылыктары
5.Мырзакматов М. Мен издеген чындык-Бишкек, 2011.- 217-бет
6. Апыш Б. Козукулов Тимур.Мухамед пайгамбардын таалим-тарбия жонундогу даанышман ойлору.-Бишкек, 2003
7. Ахлок-одобга оид хадис намуналари.- Тошкент. «Фан» 1990-йил нашириети
8. Бухарий «Адеп китеби» 6088-хадис Зекет китеби
9. Фатхул Баари 10-том 506-бет
10. Куран Аср сураси. Мухамад Содик, Мухамад Юсуф. оятлари Тавсири хилол-30. Урта Осие ва Козогистон мусулмонлари диний бошкормоси «Мавроунахр» нашириети. Тошкент,1990.
11. Фетхуллах Гулен.Суйуунун жана сабырдуулуктун дуйнолук цивилизациясын утурлай.-2004.
12. Бондырева С.К. Колесов Д.В. Толерантность, Введение в проблему.-Москва-Воронеж, 2011.-211стр.

УДК 371.3

Г.А. Жутанова, ОшГУ

КВН как активная форма познавательного процесса

В данной статье рассматривается возможность использования КВН как активной формы учебной деятельности студента. Делается попытка определения педагогических и практических основ игрового процесса в вузе.

The article deals with the possibility of using KVN as the active form of student's activity. The attempt is making to define pedagogical and practical basis of the game process in Higher Educational institutions.

Достаточно сложно сказать что-либо принципиально новое о таком, казалось бы, хорошо известном феномене, как игра КВН. В данном случае ставится задача рассмотреть только некоторые особенности игры в контексте проблемы формирования профессиональных навыков. Тем более, что данный подход к исследованию социокультурных феноменов позволит получить интересные результаты.

Проблемы становления игровой деятельности глубоко и активно прорабатываются в педагогической и психологической науке. Естественно, ее использование тесно связано в с комплексом учебной и профессиональной деятельности. Глубокой проработки требует проблема КВН игры как общественного явления, чрезвычайно сложным и разносторонним, по своему содержанию и целевым установкам.

Всеобщее (универсальное) в КВНовской игре - это передача играющему студенту конституирующих человеческих качеств мышления, мотивация деятельности о нерациональной культуре. Всеобщее в традиционной КВН игре всегда передается студенту в своеобразной, подчас уникальной интеллектуально-юмористической «упаковке». Эти черты позднее интерпретируются в семейное, профессиональное качество [1,с. 37].

Традиционная игра в КВН – это нормальный образ мира, где благоприятно формируется общекультурная, образовательная ценность, которая воспроизводится и трансформируется в собственную игровую деятельность.

1. Теоретические основы игры.

В педагогической литературе все чаще упоминаются понятия «активные», «интерактивные» методы обучения. Иногда они выступают как синонимы и характеризуют обучение, погруженное в процесс интенсивного общения обучающихся.

Методы активного обучения характеризуются совокупностью способов организации и управления учебно-познавательной деятельностью, особенностью которой является ее вынужденный характер.

По мнению ряда авторов, активный метод обучения строится на сознательном создании напряженной, часто конфликтной ситуации, вынуждает учащихся принимать решение для достижения заданной цели в условиях неполноты предоставляемой им информации [4, с.30].

В таких условиях выработка решений сопровождается эмоциями, что в свою очередь обеспечивает мобилизацию интеллектуальных резервов, стимулирует познавательную активность учащихся и удерживает длительное время внимание обучающихся.

В играх имитационного характера, обучаемый находится в условиях, когда он не может не быть активным. Имеет место принудительная активизация мышления и поведения учащихся, т.е. это вынужденная активность [5].

На самом деле, в хорошо продуманных образовательных имитационных играх студент встречается с формой обучения, соответствующего его возможностям. Поэтому чаще всего имеет место искренняя активность и реакция адекватная стимулу.

Использование метода игровой имитации в учебном процессе требует предварительной подготовки обучающихся.

В работе исследователя Кавтарадзе Д.Н. рассматривается пять последовательных ступеней, в освоении интерактивных методов: восприятие окружающей среды, навыки общения, диалог - дискуссия, ролевая игра, имитационная игра [1,с.42].

В психологической науке принято положение о «двуплановом поведении игрока», которое восходит к представлениям и идеям К.С. Станиславского, Ю.М. Лотмана, М.М. Бахтина и др., которое распространенно на имитационные игры. Это означает, что в процессе игры участник одновременно вовлечен в два рода деятельности: по поводу игры и собственно игровую.

Имитационные игры, на мой взгляд, выполняют роль структурно организационной социальной среды, в которой индивид получает собственное изображение своих индивидных свойств.

Во время игры создается новая среда, которая требует освоения адекватно ей типов мышления и поведения. При этом принято считать, что человек сам учится думать, однако наиболее сложным способам мышления люди специально учат друг друга. Участие человека в играх – одна из форм освоения сложных форм одновременного мышления на разных уровнях решаемой проблемы.

Благодаря активной форме участия в играх достигается высокий уровень запоминания событий, имевших место в игре, так экспериментальные исследования показали, что после КВНовской игры в памяти студентов осталось более 85% основного учебного материала содержания игры.

Психологическое развитие и состояние студентов во время игры является стержневой проблемой. Поэтому новые качества в деятельности студентов при игровой ситуации проявляются тогда, когда в действиях мотив направлен на достижение определенной цели [2, с. 17].

При подготовке, организации и проведении со студентами таких занятий особым компонентом деятельности является наличие учебно-познавательных характеристик. При этом можно считать единицей деятельности определенное действие студента – игрока.

Эти действия исходят из определенных мотивов и направлены на решения конкретной цели, которая учитывает условия, где эта цель достигается.

Рассматривая категорию игровой деятельности как теоретическое основание по анализу и выбору наиболее оптимального решения, она позволяет:

- анализировать целостность поведенческих проявлений личности;
- выделить общее, частное и специфические задачи, вытекающие перед ним, как единство целей и условий его достижения;
- определить действия, посредством которых личность решает эти задачи.

КВНовские условия коллективной деятельности по-особому влияют на процессы целеполагания, на постановку и формирование задач, на выбор средств и построений стратегий действий.

2. Мотивация.

Познание невозможно без активности мысли, поэтому наиболее значительные для КВНовского интереса являются процессы мышления, но такие, которые дают эмоциональные переживания, мотивацию, побуждения, влечения и т.д. При этом следует отметить, что важным показателем является быстрота включения студента в учебную игру, степень устойчивости их интереса к ней и настойчивость в решении учебных и игровых заданий.

Особо следует выделить мотивационную сторону игроков. Эти мотивы могут быть следующими:

1. Познавательные (овладение знаниями, приобретение способов добывания знания, знать больше других и др.).
2. Социальные (долг, ответственность, стремление к лидерству, получение одобрения, сотрудничество с коллегами и др.).

Опыт работы по подготовке и проведению КВН занятий в вузе показал, что технология игровых форм обучения довольно легко воспринимается студенческой средой и ее может применять любой педагог и по любой дисциплине.

У каждой науки, учебной дисциплины есть своя занимательная сторона. Тем более, что КВНовская форма занятий в студенческой аудитории, не просто копия, сделанная из общепринятой игры КВН, они являются творческим проявлением педагога. Поэтому не случайно на повестку дня выдвигается изучение игровой деятельности современного студенчества. Эта проблема степени специализации игровой деятельности, а также его профессиональная направленность.

Основываясь на достижениях психологической теории деятельности, в рамках теоретических воззрений А.С. Выготского, А.Н. Леонтьева можно выделить три основных вида человеческой деятельности: трудовую, игровую и учебную. Все они тесно взаимосвязаны между собой. Поэтому во время КВНовских занятий мы стремимся связать между собой все перечисленные виды деятельности.

В тоже время анализ психолого-педагогической литературы по теории возникновения игры в целом позволяет представить спектр ее назначений для развития и самореализации студентов. Какими бы внешними или внутренними факторами КВНовская игра не мотивировалась, смысл их в том, чтобы стать для студентов школой жизни.

Для многих студентов участие в КВН играх и занятиях – это особая сфера их социального творчества, полигон его общественного и творческого самовыражения. Игровые КВНовские занятия, которые мы проводим на 1-3 курсах необычайно информативны и многое «рассказывают» самому студенту. КВН – занятия в вузе – это поиск студента себя в коллективе сотоварищей, в целом в обществе, человечестве, во вселенной, выход на социальный опыт людей, культуру прошлого, настоящего и будущего.

3. Вузовская практика игры.

Что дает игра на занятиях в вузах? Игра готовит студентов быть профессионально и социально готовым к различным изменениям, как в природной, так и в социальной среде. Игра – это реализация виртуального пространства. Игра в студенческой среде усиливает и гармонизирует эту естественную среду, снижает чувство страха, усиливает интеллектуальные, физические и другие способности студентов. Формирует креативные качества, способность к созданию нового.

Однако сознательная деятельность игроков во время игры осуществляется не беспристрастным исполнителем, а активным субъектом и личностью. А это значит, что подготовка специалистов посредством решения задач определенного содержания (например, задач, возникающих в процессе учебных игр) связана с созданием таких объективных условий, в которых изменяются и развиваются сами люди, участвующие в этих играх [4, с.29].

Возникшая еще в советское время теория воспитывающего обучения активизировала применение игр в дидактике как в школьной, так и в вузовской системе, но практически не вывела игру на студенческую молодежь. Это удалось сделать только в дидактике высшей школе и особенно активно через КВН занятия. В современной педагогике, особенно последних лет, понятие игры осмысливается по - новому, КВНовская игра распространяется как во

внеаудиторной, так и во время учебных занятий. Игра все более принимает общенаучную категорию в обучении и воспитании студенческой молодежи. Возможно, поэтому игры начинают входить в вузовскую дидактику более активно, чем прежде. Еще в свое время о дидактическом значении игры доказывал К.Д. Ушинский. Педагогический феномен игры обучающихся истолкован в трудах А.С. Макаренко и В.А. Сухомлинского. В Ошском государственном университете уже несколько лет на кафедре педагогики существует мастерская по КВНовским занятиям, куда входят ведущие ученые педагоги и психологи вузов города Ош.

Игровые формы обучения в вузе позволяют использовать все вузовские уровни усвоения знаний: от воспроизводящей деятельности до главной цели как творческо-поисковой деятельности. Творческо-поисковая деятельность студента является более эффективной, если ей предшествует воспроизводящая и преобразующая деятельность, в ходе которой студенты уже с первых курсов самостоятельно усваивают приемы учения [3, с. 57].

Развивающий потенциал этих игр очень высок. Для его более глубокого анализа требуется вычленить образовательные процессы игры, которые обеспечивают личное участие играющих, а именно личностный момент достижения успеха.

Так закономерности формирования умственных действий на материале вузовского обучения обнаруживаются в ходе подготовительного этапа. В ней своеобразными путями осуществляется формирование психических процессов: сенсорных, индуктивных, абстракция, обобщение, произвольное и целенаправленное запоминания и др. Конечно, игровое обучение в виде КВН не может быть единственным в образовательной работе со студентами. Оно не формирует способности учиться, но, безусловно, развивает познавательную активность студентов.

По своей сути КВНовские занятия это многофункциональная деятельность педагога. Мы остановились только на роли дидактических, познавательных, обучающих, развивающих функциях игры.

В ходе подготовки и проведения КВНовских занятий у студентов рождается и развивается теоретическая деятельность творческого воображения. Происходит сосуществование игровой, учебной и трудовой деятельности. Нами замечено, что результативность КВНовских занятий во многом зависит от систематического их использования и от целенаправленности программы занятия и их сочетания с дидактическими упражнениями. Например, в решении проблем развития познавательной активности необходимо считать основной задачей развития самостоятельного мышления студентов. Поэтому необходимо КВН занятия и задания к ним составлять по основным, характерным особенностям изучаемой темы. Учить студентов сравнивать, сопоставлять, обобщать наиболее характерные признаки игровой ситуации. Составлять такие программы – основная забота педагога.

Из опыта работы можно уже сейчас выделить ряд общих дидактических выводов:

1. КВНовские занятия в вузе выступают как самостоятельный вид развивающей деятельности студентов разных курсов.
2. КВН - занятия есть самая свободная форма учебной деятельности, в которой студентами самостоятельно осознается, изучается и анализируется окружающий мир, открывается широкий простор для индивидуального пространства, активность самопознания и самовыражения.
3. КВН во время занятий - это одна из ступеней социально-общественной деятельности студента, школа его коллективного поведения, нормативная и равноправная деятельность студентов, меняющих свои цели по мере взросления.
4. КВНовская форма проведения занятия позволяет студентам приобрести определенную практику социальной жизни. Студенты во время игры значительно быстрее развиваются как в учебной, так и в общественной жизни.
5. Во время КВН - занятий для участников игры – это свобода самораскрытия, саморазвития с опорой на самостоятельную работу, разум, творчество и юмор.
6. В ходе игры решается главная задача – общение студентов, при котором решаются проблемы межличностных отношений, приобретается значительный опыт взаимоотношений людей.

КВН - игра, таким образом, выступает как форма студенческой деятельности, благодаря которой происходит культурно-историческая преемственность поколений играющих. Интеллектуальные и познавательные качества присваиваются студентам через игру, и в этом смысле игра в студенческой аудитории является особым явлением вузового образования.

В традиционных КВНовских играх у студентов формируется способность к моделированию на знаковой (символической) основе реальных ситуаций. При этом следует заметить высокий

уровень абстрагирования действительности при моделировании в традиционной игре. Игровой знак обеспечивает планирование игры, устанавливая определенную последовательность (план) действий, учитывающий тематику игры. Так, в проводимых нами наблюдениях, игра учит студентов правилам социальной жизни, поведению в коллективе в команде и другим (в том числе и сценическим) действиям.

Итак, КВНовская игра воспроизводит стабильную и инновационную картину из жизненной практики, является деятельностью, в которой стабильно отражаются правила и условности игры. В КВН заложены устойчивые традиции и нормы, которые сохраняются и при игре. А повторяемость правил игры создает тренинговую основу развития студента. Новационное же идет от установки игры, которая способствует тому, чтобы студент – участник игры - верил или не верил во все, что происходит в сюжете игры. Так во многих КВНовских играх, «функция реального» присутствует в виде срезовых условий, или в виде предметов аксессуаров и даже в виде игровой интриги.

Литература

1. Ефимов В.М., Пельман Г.Л., Чахоян В.А. Игровое имитационное моделирование расширенного воспроизводства. – М., 1982.
2. Выготский Л.С. Воображение и творчество в детском возрасте. М.: Просвещение, 1991.
3. Подкасистый П.И. Технология игры в обучении. М.: Просвещение, 1992.
4. Элькони Д.Б. Психология игры. –М., 1978.

УДК 371.3

А.К. Кудайбердиева, Ж.М. Айдарова, ОшМУ

Билим берүү замандын талабына ылайык жаңылануу жолунда

Профессия учителя в обществе занимает почетное место, без них не возможно представить передачи знания и воспитания молодому поколению.

Without teachers we count teach and bring up young learners without giving and education.

Республикабыздагы билим берүүнүн сапатын жогорулатуу маселеси азыркы күндө педагогикалык жамаатчылыкка коюлган талаптардын бири болуп калды. Жаш муундарга сапаттуу билим берүүгө ылайыктуу шарт түзүү, окуу жайларын жаңы материалдык техникалык база менен чыңдоо жана мугалимдердин профессионалдык деңгээлдерин жогорулатуу маселеси дагы бүгүнкү күндүн актуалдуу проблемаларынан болуп эсептелет. Акыркы убактарда билим берүү тармагында сандан сапатка умтулуунун, жаңылануунун жана натыйжалуу аракеттердин жылдары болуп жатат. Стратегиялык өзгөчө мааниси зор тармак катары билим берүүгө мамлекеттик саясатта орчундуу көңүл бөлүндү. Дүйнөдө экономикалык жана интеллектуалдык атаандаштык күчөгөн шартта билим берүү улуттук коопсуздуктун, көз карандысыздыкты сактоонун маанилүү шарты катары каралган деңгээлге көтөрүлдү.

Мамлекет башчысы, билим берүү системасын реформалоо максатында «Билим берүүнү өнүктүрүүнүн Улуттук долбоорун» түзүүнү сунуш кылган. Бул тармакты көтөрүп өнүктүрүүнү министрликтин мойнундагы гана иш эмес, ал жалпы элдик иш жана ата-энелердин күч аракеттерин тартуу зарылдыгы экендигин билдирген. Президенттин бул алга сүрөөсүнөн кийин өлкөбүз, мектепке чейинки билим берүү системасын жаңылоо ошондой эле жалпы орто билим берүүнүн окуу пландарын жана мектептердин материалдык базасын чыңдоо, мугалимдердин кесиптик даярдыгын арттыруу, билим сапатын жакшыртуу багытында сапаттык жаңылануу күчөп жатат.

Эң негизгиси, 2009-жылы Кыргызстанда билим берүү системасынын алдына койгон келечек багыты, максаты, милдеттери ишке ашырылды. Жалпы билим берүүчү окуу жайлардын окуу пландарын оптималдаштыруу, бала-бакчалардын, мектептердин окуу-материалдык базасын чыңдоо, мугалимдердин кесиптик чеберчилигин күчөтүү багытында көп иштер аткарылып жатат.

Чех элинин улуу педагогу Я.А. Коменский: «Бакта канча сөңгөк, кабык, жалбырак, гүл, мөмө пайда болбосун, анын баары тамырдан жаралат», - деп айткандай билим берүү

системасынын тамыры да мектепке чейинки мекемелердеги билим, тарбия болуп саналат. [6; 110-б.]

Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» мыйзамы кабыл алынып, эгемен элибиздин тарыхында биринчи жолу мектепке чейинки билим жана тарбия берүүнүн маселелерин өнүктүрүүнүн зарылдыгы белгиленди. Бул мыйзамда мектепке чейинки билим берүү баланын ден соолугун чыңдоого жана сактоого, анын инсандык сапатын өнүктүрүүгө багытталып, баланы окутуу процессинде оюн ыкмаларын колдонуу талап кылынган.

Балдарды мектепке чейинки даярдоо мекемелеринде иштеген адистердин айтымында коомдук турмушта өтө ыкчамдыкта болуп жаткан өзгөрүүлөр билим берүү ыкмаларынын жаңыча өнүгүүсүнүн, жаңы педагогикалык технологияларын талап кылууда. Мындай жаңычылдык педагогдордун профессионалдык ишмердүүлүгүндө эле эмес, жаш бөбөктөрдүн жаңы башталган жашоосунда пайда болгон ар кандай кырдаалдарда универсалдуу ыкмаларды пайдалануу шарттап жатканы талашсыз. Эгерде бала окуганды, санаганды мектепке баргандан үйрөнө баштаса, азыр бала мектеп босогосун аттаганда окуганды жана жазганды билгенден сырткары коолективде иштөөгө, ден соолугун чыңдоочу ыкма-көнүгүүлөрдү үйрөнүүгө жана бардык тараптан өнүгүп-жетилүүсү керек. Ушундай көз караш балдарын мектепке чейинки мезгилинен тарта атайын борборлорго өткөрүшкөн ата-энелердин каалоосу да ушундай болуп жатат.

Азыркы убакта балдарды ар түрдүү багытта окутуп-үйрөтүүнү максат койгон жеке менчик мекемелердин саны көбөйүүдө. Айрыкча менчик түрү басымдуу болуп жатат. Бирок бүгүнкү күндө элет жеринде менчик мекемелер жок, ал эми өкмөттүк мекемелер тартыш экендиги белгилүү. Мындай мекемелерде баланын таанып-билүүгө ынтызар чакан дүйнөсүн кеңири ачып, дидактикалык шарттары аркылуу ага эстетикалык бай тарбия берүү керек. Бирок, биринчиден көпчүлүк региондордо методикалык каражаттар жетишпегендиктен жаңы методикаларды пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү баардыгында эле боло бербейт. Экинчиден, аларда материалдык база жок. Борбордон алыс жайгашкан окуу мекемелеринин дагы бир көйгөйү - атайын билими бар кадрлардын жетишсиздиги. Балдарга билим берүү жана тарбиялоо мекемелеринде иштеген адистердин көпчүлүгү педагогикалык адистикке ээ эмес болгондуктан, балдарды окутууда тажрыйбасыздыгы таасир этпей койбойт. Тажрыйбалуу педагогдорду жайылтууда кесиптештерге атайын семинарларды уюштуруп, педагогикалык методикаларды оозеки айтып гана бербестен, иш жүзүндө көрсөтүп, методикалык рекомендацияларды башкача айтканда ачык сабактарды өтүп, алардын сценарийлерин таратып, мындан сырткары дидактикалык материалдарды дискке көчүрүп, электрондук варианттарын таркатуу зарыл. Ушунун баарын балдарды окутууда көрсөтмө курал катары аларга жардамын тийгизсе, уюштурулган семинарлар максатына жетээр эле. Анткени, кийинки учурларда ата-энелер да балдарын эрте жашынан мектепке чейинки билим берүүчү мекемелерге эмес, ар кандай ийримдерге катыштырууга активдүү тартылып жатышат. Ар түрдүү ийримдерге катышкан балдар менен ийримдерге тартылбаган балдардын психологиясы ар башка болот. Ийримдерге катышкан балдар, ийримдерге тартылбаган балдардан айырмаланып өздөрүн ээн-эркин алып жүрүүсү, көп нерселерди билүүлөрү менен өзгөчөлөнүп турат. Айтылган пикирди улуу гуманист-педагог Ж.Ж. Руссонун: «Билим берүү деген балага тыштан таңууланган бир нерселер эмес, тескерисинче, билим берүү - бул баланын табияты, жаратылыш берген жөндөмдүүлүктөрү менен касиетттеринин табигый өсүшү жана өнүгүшү» деген сөздөрү менен же болбосо «Жерде жаткан жумуртка асмандап учкан куш болот», - деген элдик макал менен тастыктагыбыз келет [3;8-б.]

Ар тараптуу билим-шыкка үйрөнгөн балдар – эртеңки мыкты адистер, ал эми мыкты адистер – мамлекетти жогорку деңгээлге көтөрүүчү мыкты кесиптеги инсандардан болоору анык. Ал үчүн «Ааламга кеткен жол айылдан башталат», - деген сөздүн маңызындай ата-энелердин, айыл округунун, жалпы эле коомчулуктун колдоосу керек.

Адистердин айтымында балага таалим-тарбия берүүнү, аны туш тараптан өнүктүрүүнү мектепке чейинки курактан баштоо зарыл. Анткени ушул куракта келечекте ийгиликтерге жеткирүүчү баланын шык жөндөмүнүн пайдубалы түптөлөт. Адамдын турмушунда мектепке чейинки бал балалык доору эң маанилүү жана жооптуу учур болгондуктан, ага өзгөчө маани беришибиз шарт.

Ал эми билим берүү системасынын экинчи баскычы же башкача айтканда адам өмүрүндөгү экинчи доор бул - мектеп. Бүгүнкү күндө замандын талабына ылайык мектеп тармагында тесттик система менен окутуу кеңири инновациялык багытка ээ. Анын негизинде билим берүүнүн мазмунун жаңылоо процесси жүрүп жатат. Мектепте билим берүүнүн

натыйжалуу иштөө режиминде тест мааниси зор документ болуп саналат. Тест билим берүү системасында окуучулардын билимдерин текшерүү, окуу жайларынын абалын иликтөө, окутуу методдорунун эффективдүүлүгүн баалоо максатында пайдаланылат. Ошону менен бирге эле кеңири алкакты камтыган түшүнүк. Ушул кеңири алкакты камтыган тест түшүнүгүнүн ичинен билим берүү системасында уюштурулуучу тесттин дидактикалык жана методикалык маселелерин изилдөө айрыкча актуалдуу жана проблемалуу болуп эсептелет. Бүгүнкү күндө тестти билим берүү системасына жайылтуу маселесинин мамлекеттик деңгээлде колго алынышы мүнөздүү өзгөчөлүккө айланды.

Окуучулардын ички татаал өзгөчөлүктөрүн изилдөөчү каражат катары ал дифференциалдык психология, психотерапия, психодиагностика, психометрия жана башка ушул сыяктуу психологиянын тармактарында колдонулат. Сабак учурунда ар бир окуучунун билимин баалоого, кемчиликтерин өз учурунда жоюуга, окуучуга жекече жардам көрсөтүүгө мугалим жетише албайт. Ошол эле учурда, мугалимдин билим баалоосу субьективдүү экендиги дагы чындык. Окуу процессинен массалык сыноолорго карай багытында колдонулушу жалпы эле билим берүү системасы үчүн натыйжалуу болоору талашсыз. Мектептердин окуу процессинде ийгиликтүү пайдаланылып, анын негизинде окуучулардын окуу жетишкендиктерин жана кемчиликтерин аныктоо, билим деңгээлдерин обьективдүү баалоо – мектеп мугалимдеринин түздөн-түз иш аракеттери болуп эсептелмекчи. Андан топтолгон тажрыйбалар массалык сыноолордун негизинде айланышы абзел. Демек, мектеп турмушунда тезинен жайылтылып, колго алынуучу иш. «Окутууну адеттеги практикасында болсо, - деп белгилейт атактуу педагог И.Б.Бекбоев, - мугалим сабактын каалаган убагында ар бир окуучунун материалды өздөштүрүү процессин, анын акылынын өнүгүү жолун контролдукка ала албайт. Мына ушунун азыркы окутуунун кемчилдиги болуп эсептелет. Материалдар окуучулар канчалык даражада түшүнүп кабыл алып жаткандыгы жөнүндө мугалим жалпы гана болжолдуу маалыматтарды окуучулардын оозеки же жазуу түрүндөгү жоопторунан ала алат» [1; 304-б.].

Билим системасы тууралуу кеп кылганда кааласак да, каалабасак да, өткөн менен бүгүнкүнү салыштыруу өзүнөн-өзү түрүлүп чыга келет. Убагында көнүмүштөй көрүнгөн нерселердин көбү өзгөрүп,ушу азыр бидим берүү системасы кыйын абалга кептелип турганы элдин баарына дайын.

Ошондой эле мектеп окуутучуларына төлөнгөн айлык маянасын жогорулатуу туура деп эсептейм. Себеби бул учурда аларга болгон талап да күчөйт,берилип жаткан билимдин сапатын да жогорулатууга жетишебиз.

Жыйынтактап айтып келгенде сандан сапатка өтүү маселеси бүгүнкү күндө бир аз демилгелүү иш-чараларды көрүү мезгил талабына ылайык.

Адабияттар

1. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. Б.: Педагогика, 2003.
2. .Кутбилим №45 18.12.2009-ж.
3. .Кутбилим №2 22.01.2010-ж.
4. .Калдыбаев С.К. Тестти окуу процессинде колдонуунун теориялык жана практикалык маселелери. Бишкек, – 2003.
5. .Калдыбаев С.К. Тесттик тапшырмаларды түзүүнүн методикасы. Мугалимдер үчүн колдонмо. Бишкек, – 1996.
6. .Коменский А.Я. Избранные педагогические сочинения. М., 1955.

УДК 371: 37.01 (575.2) (04)

М.С. Мурзаев, КББА лабор. башчысы

Кыргыздардын элдик тарбия салтында инсанды социалдаштыруунун шарттары жана факторлору

Макалада кыргыз элинин инсанды социалдаштыруусунун шарттары жана факторлору жөнүндө сөз болуп, алардын этникалык өзгөчөлүктөрү кыргыз инсандарды социалдаштырууну шартап турары ачык көрсөтүлдү.

В статье рассматриваются специфические особенности, условия и факторы социализации личности у кыргызов и их роль в формировании этничности кыргызского народа.

The specific peculiarities of considitions and factors (elements) of a person socialization of kyrgyz people and their role of forning the ethnic kyrgyz people.

Акыркы 20 жыл аралыгында коомдук илимдердеги эң актуалдуу маселелердин бири болуп, социалдаштыруу маселеси эсептелинет. Р.И. Мокшанцев жана А. В. Мокшанцевдер социалдашууга төмөнкүдөй аныктама беришет: “ социалдашуу-социалдык болбогон субьекти социалдык инсанга айландыруу процесси б.а., адамды коомго мүнөздүү жүрүм-турум моделдерин тутунган, коомдун нормаларына жана ролдоруна ээ болгон инсанга айландыруу процесси. Социалдашуунун жардамында адам коомдо жашоону, бөлөк адамдар менен мамилелешүүнү жана биргелешкен ишмердиктерди аткарууну үйрөнөт Социалдашуу адамдын социалдык чөйрөгө *адаптациялануу-ыңгайлашуу* процесси менен байланышта болот [1.23].

Социалдашуу ар бир элде өз өзгөчөлүктөрүнө ээ.

Социалдашуунун өнүгүү табиятынын бүт өзгөчөлүктөрүн жана психологиялык механизмин түшүнүү үчүн баланын инсан катары калыптануу булактарына жана шарттарына токтолуу зарыл.

Инсандын калыптанышынын эң негизги шарты болуп **коомдук мамиле** саналат. Коомдук мамилеге жараша инсандын өзгөчөлүктөрү калыптанат. Диалектикалык материализмге негизденген окумуштуулар коом менен адамдын өз ара карым-катышын, таасир этүүлөрүн түшүндүрүүдө диалектикага негизденишет [2.35].

Инсандын коомдук мамилелерди (коомдун талабын, милдеттерин, эрежелерин, адептүү жүрүм-турум эрежелерин, принциптерин, коомдук чарба жүргүзүү эрежелерин ж.б.) аңдап билүүсүнүн, түшүнүүсүнүн калыптанышына обьективдүү жана субьективдүү факторлор оң жана терс таасирлерин тийгизет.

Обьективдүү факторлорду адамды курчаган коом, социалдык чөйрө, жакын мамиледеги адамдар, референттик топ же референт адам ж.б. түзөт.

Субьективдүү таасир этүүчү фактор катары адамдын керектиктери, жүйөсү(мотиви), умтулуу деңгээли, дөөлөттөрү ж.б. эсептелинет. Ушул обьективдүү жана субьективдүү факторлор инсандын социалдашуусунда эриш-аркак таасир этет.

Коом инсандын калыптануусуна эки түрдүү: **түздөн-түз** жана **кыйыр** түрдө таасирин тийгизет. Коомдун инсандын калыптанышына түздөн-түз таасирлери: массалык маалымат каражаттары; көркөм өнөрдүн чыгармалары: адабият, кино, театр; адамдардын жүрүм-турумунун үлгүсү ж.б. аркылуу жүрөт. Ушундай таасирлердин натыйжасында адам тарабынан коомдук мамилени (коомдогу милдеттер, адамдардын өз ара мамилесинин эрежелери, жашоодогу адептүүлүктүн, атуулдуктун, патриоттуулуктун ж.б. принциптери ж.б.) аңдап билүүсү жана өздөштүрүүсү аркылуу адам коомдук мамилеге ээ болот (коомдо жашоо тартибин, нормаларын, эрежелерин үйрөнөт, коомдук мамилени (өзүндө) алып жүрүүчүгө айланат). М: кыргыз коомунда бала элдик оозеки чыгармалардагы каармандарды өзүнө идеал туткандыгына жараша кыргыз элине мүнөздүү сапаттарга ээ болуп келет жана идеал каармандай сапаттарга ээ болууга өзүн-өзү тарбиялайт.

Коомдун инсанга **кыйыр түрдө** таасири аны курчап турган социалдык чөйрө аркылуу жүрөт жана ишке ашат. Алар: үй-бүлө, бала бакча, мектеп, атайын жана жогорку окуу жайлар, достор, бала үчүн кадыр-барктуу болгон адамдар: тууган-уругу, тааныш-билиштери, айылы, кошуналары, теңтуштары ж.б. аркылуу жүрөт. Айрыкча инсандын калыптануусунда референт (референттер –идеалдар (реалдуу турмуштагы, кинодогу ж.б.) болгон адамдардын, адамдар тобунун таасири чоң [2.35-36].

Азыркы кезде да кыргыз элинде социалдаштырууну ишке ашырууда баланы эрте жашынан эмгекке үйрөтүүгө, баланын өсүп жетилүүсүндө турмуш-тиричиликтик иштерге даярдоого өзгөчө маани барилгендиктен, ар бир баланын курак жашына, дене боюна жараша үй-бүлөнүн турмуш-тиричилигине байланыштуу иштерди аткартуу салты калыптанган. Анткени кыргыз элинде тарбия берүүдөгү максат баланы турмушка даярдоо болгон. Ошондон улам баланын эрте жашынан турмуш-тиричиликке аралаштыруу жүргүзүлгөн, бала өзүнүн колунан келген иштерди аткарып үй-тиричилигине жардам берүү аркылуу тарбияланган. М: Тестиер бала колго суу куюу,

дасторкондо чоңдор менен чогуу олтуруп, аларга чай куюу ж.б. иштерди аткаруу менен бирге баланын чоңдордун турмушуна аралашуусу ишке ашырылган.

Адамдын социалдашуусунда чөйрө таасиринин кеңдигине (масштабына), таасир этүүсүнүн активдүүлүгүнө жана түз же кыйыр таасир этүү жүрүп жаткандыгына карата факторлор: **мегафакторлор** (*космос, планета, цвилизация, тарыхый мезгил, жаратылыш*) **макрофакторлор** *(мамлекеттик түзүлүш, коомдук мамиле, этномаданий шарттар, өлкө),* **мезофакторлор** (*дин, жашаган жердин тиби, ММК, регионалдык шарттар, субмаданияттар)* жана **микрофакторлор** (*үй-бүлө, кошуналар, теңтуштар, билим берүү мекемелери, коомдук уюмдар*) болуп 4 түргө бөлүнөт [3.14]. Аталаган 4 фактор бири-биринен инсанга таасир этүү өзгөчөлүгү жана мүмкүнчүлүгү боюнча да айырмаланышат. Алсак, макрофакторлор инсанга кыйыр түрдө (микрофакторлор М: үй-бүлө ж.б. аркылуу), мезафакторлор кыйыр жана түздөн-түз түрдө, ал эми микрофакторлор инсанга түздөн-түз таасирин тийгизет [3]. Мына ошондуктан ал факторлор бири-бири менен өтө тыгыз байланышта болушат жана инсандын социалдашуусуна таасирин тийгизет. Факторлордун биринде өзгөрүүлөр жүрсө калгандарында да өзгөрүүлөр жаралат. М: микрофакторго кирген үй-бүлөдө өзгөрүүлөр жүрсө, макрофакторлордун бири коомдо да өзгөрүүлөрдүн жүрүшүнө алып келет. Мисалы, үй-бүлөдө өзгөрүүлөр жүрүп - ажырашуулардын көбөйүшү элдин санынын өсүүсүнө, адамдардын өз турмушуна канааттануусуна терс таасирин тийгизет да, бул өзгөрүүлөр коомдун моралына (адебинин), баалуулуктарына ж.б өзгөрүшүнө өз таасирин тийгизет.

Эми жогоруда аталган факторлордун ар биринин улуттук өзгөчөлүктөрдүн жаралышына тийгизген таасирине токтоло кетели.

Кыргыз эли азыркы кездеги маданияттардын карым-катышы күчөп жаткан тарыхый кырдаалда, жаратылышка болгон мамиле салтынын бузулуусу өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүн сактап калуу аракеттерин өтө күчөтүү зарылдыгы актуалдуу болуп саналат.

Республиканын эгемендүүлүккө ээ болуусу, базар мамилесине өтүү, улуттук маданияттын чет элдердин маданият таасиринде калуусу жаш муундардын социалдашуусунун өзгөчөлүктөргө ээ болушун шарттап жатат.

Базар мамилеси күчөп жаткан шартта көптөгөн кыргыз атуулдары жашаган өлкөсүн, атуулдугун ж.б. алмаштыруу тенденциясы күчөп жатат жана кыйыр түрдө болочок балдарынын социалдаштыруусун өзгөртүү максатын көздөйт. Мына ошондон көптөгөн атуулдар Оруссия жарандыгын алышууда. Бул жашоо шартын гана өзгөртүү эмес, өзүнүн келечек турмушун түп-тамырынан өзгөртүүгө багыт алуу болуп саналат.

Инсандын социалдык тажрыйбаларды өздөштүрүүсү коомдун эң кичинекей бөлүкчөсү болгон үй-бүлөдөн башталат. үй-бүлөнү социалдашуунун шарты жана өбөлгөсү катары карап, социалдаштыруучу кызматына кыскача мүнөздөмө бере кетели. Үй-бүлөдөн балдар адамдар менен карым-катыштын, өз ара таасир этүүлөрдүн алгачкы көндүмдөрүнө ээ болушат, эң алгачкы жолу эл тутунган жана кастарлаган социалдык ролдорду (жыныстарга тиешелүү ролдор ж.б. да) өздөштүрүшөт, алгачкы жолу социалдык нормалардын жана дөөлөттөрдүн айланасында ой жүгүртүшөт, аларды өз жүрүм-турумунда колдонууну үйрөнүшөт. Үй-бүлөдө бала өзү жашаган элдин, улуттун каада-салты, үрп-адаттарын, жашоо образын, баарлашуу, ишмердик өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү аркылуу инсан жана ошол элдин уулу катары жетилет.

Үй-бүлөдө социалдашуу бир жактуу процесс эмес, эки жактуу процесс, ата-эне балага гана тарбиялык таасир этпестен, балдар да ата-энесине тарбиялык таасир этип аларды өзгөртөт, социалдаштырат. Адамдын турмуштан өз ордун табышына, көз караштарынын калыптанышына үй-бүлө алгачкы өбөлгөлөрдү түзөт.

Үй-бүлөдө бала адамдар менен мамиле түзүү, бири-бирин сыйлоо-урматтоо, адамгерчиликке, күйүмдүүлүккө ээ болот, адеп эрежелерин жана улуттук каада-салт, үрп-адаттарды ж.б. үйрөнөт, жашоо жана аалам жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөрүнө ээ болот ж.б.у.с.

Социалдашуу - адамдын тышкы таасирлерди кабылдоосуна жараша жүрөт. Ал эми адамдын тышкы таасирлерди кабылдоосу Л.С.Рубинштейн, А.Н.Леонтьев, Г.М.Андреева ж.б. пикири боюнча адамдын ички дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүнө жана эмоционалдык абалынын өзгөчөлүктөрүнө жараша болот. М: байгер үй-бүлөдө өсүп жаткан балада жана турмушта көп азап тарткан кембагал үй-бүлөдө жашаган балада турмуштук таасирлерден жана мектептеги сабактарда үйрөтүлүүчү окуу материалдарынын мазмунунун таасиринен алардын социалдашуулары ар түрдүүчө болот. Бул өзгөчөлүктөр кыргыз элинин “Курсагы токтун, курсагы ач менен иши канча” фразеологизминде да таасын чагылдырылган.

Адамдын активдүүлүгү социалдашуунун негизги компоненти катары социалдашуу процессин стимулдаштырат (А.В.Мудрик). Социалдашуу процессинде социалдык таасирлерге караганда адамдын өзүнүн активдүүлүгү *чоң роль ойнойт*. Себеби адам коомдо жашоо үчүн коомдо жашоонун эрежелерин үйрөнүүсү зарылдык болуп саналат. (А.В.Мудрик мына ушул адамдын социо-маданий чөйрөгө адаптацияланышында адамдын аткарган, ээлеген ролуна негизденип (социалдашуу процессиндеги адамдын ролун түшүндүрүүгө карата) эки көз караш бар экендигин белгилейт [4]. Тактап айтканда, социалдык-маданий чөйрөгө аралашуусунда адам активдүү же пассивдүү позицияны тутунгандыгына карата, б.а., социалдашуу процессине адамдын катышуусун түшүндүрүүдө окумуштуулар **эки көз карашты** (субьект-обьект жана субьект-субьект) тутунушат:

1. **Субьект-обьект** подходдогулар коомду субьект катары карап, анын адамга таасир этүүсү аркылуу социалдашуу жүрөрүнө басым жасашат.
2. **Субьект-субьект** подходундагылар адам социалдашуу процессине активдүү түрдө аралашып (катышып), коомго адаптацияланууу менен гана чектелбестен, өзү дуушар болгон турмуштук кырдаалдарга жана өзүнө таасир этет.

Биринчи көз карашты тутунгандар социалдашуу процесси адамдын коомго адаптацияланууусу, адам коомдогу маданиятка ылайык калыптанат жана бул процессте адам пассивдүү, коомду активдүү болот деп эсептешет. Буга Э. Дюркгейм, Т. Парсонс, Д.ж.Х. Баллантайн, Э. Мак Нейл ж.б. кирет.

Экинчи көз караштагылар социалдашуу процессине адам активдүү аралашат, ал коомго адаптацияланууу менен гана чектелбестен, активдүүлүгү менен турмуш кырдаалдарына жана өзүнө таасир этип, өзүн өзгөртө алат деп эсептегендер: У.И. Томас, Ф. Знанецкий, Ч.Х. Кули, Дж. Мид ж.б.

Жогорудагы эки көз карашка ишмердик принцибинен (ар кандай процесске адамдын катышуусунун активдүүлүгүнө жана деңгээлине карата) баа берсек, анда биринчи көз караш субьект – обьекттүү мамиле болот да, экинчи көз караштагылар субьект-субьекттүү мамиледе деп атоого болот. Ошондой эле кыргыз тилинде *социалдаштыруу* терминин колдонууда биринчи көз караштагылардын пикирин колдогонубуз көрүнсө, *социалдашуу* терминин колдонуу экинчи көз карашка туура келет. Себеби бала наристе кезинде жана балалыктын айрым курак мезгилдеринде белгилүү өлчөмдө социалдык таасирлерге пассивдүү болсо, калган курактарда адам коом таасирлерине активдүү мамиле жасайт.

Социалдашуунун натыйжасында индивид инсанга айланат жана адамдын социалдашуусунан адамдын коомдук турмушунун натыйжасы көрүнөт. Ал эми социалдашуунун **натыйжасы** катары адамдын ошол өзү кирген чөйрөдө жашай алуусун камсыз кылуусу саналат. **Баалуулук** катары социалдашуу адамдын билимин, түшүнүгүн, установкасын өстүрүп, турмуштан өз ордун табууга негиз түзүүсү.

Социалдашуу процесси **жеке адам** үчүн турмушта өз ордун табууну, бактылуу жашоону камсыз кылуучу шарт болгондугу үчүн баалуу болуп саналат, **коом үчүн** чоң муундардын социалдык тажрыйбаларын өсүп келе жаткан жаш муундарга өткөрүп берүү аркылуу коомдук нормаларды, тажрыйбаларды ж.б. туруктуу (стабилдүү) сакталышын камсыз кылгандыгы үчүн баалуу.

Азыркы кезде **глоболизация процесси** жана **маалымат технологисынын өнүгүшү, миграциянын күчөшү** - ар түрдүү маданияттардын карым-катышынын күчөшүнө, аралашышына алып келүүдө. Коомдогу мындай процесстер кыргыз элинин алдына оор сыноолорду жаратып, бүгүнкү күндө кыргыз элинин тарбия маданияты өтө оор акыбалга кабылып олтурат. Анын бири дүйнөлүк коомчулуктун ар кандай шылтоолор менен элдин тарбия салтын бузуу максатында атайын иштерди жүргүзүп жаткандыгы болуп саналат. Алсак, гендер саясаты тең укуктуулук деген баалуулукка негизденет: эркектердин коомдогу ролун кыскартуу, аялдардын коомдогу активдүүлүгүн арттыруу аркылуу элибиздин каада-салтын кыргыздардын рухун, тарбия салтын бузууга багытталгандыктан, элдин санынын өсүшүнө, элдин мамлелешүү салтынын сакталышына терс таасирин тийгизет. Ошондуктан кыргыздар ата-бабалардан келе жаткан каада-салттарды туу тутуп жашоо аркылуу гана өзүн улут катары сактап кала алат.

Элибиздин тарбия маданиятынын бузулуусуна таасир этүүчү фактор катары **миграция**ны карап көрөлү. Күн санап миграциянын күчөшүнөн улам кыргыздар өз ата-мекенинин таштап бөлөк өлкөлөргө иш, жакшы турмуш издеп өлкөбүздөн чыгып кетүүдө, алардын арасынан бөтөн өлкө атуулдугун (Оруссия атуулдугун ж.б.) алгандар көбөйүүдө. Айрыкча жаштарыбыздын бөтөн

улут өкүлдөрү менен никеге туруусунун күчөшү (кыргыз кыздардын чет өлкөгө турмушка чыгуусу) элдин келечегине (санынын өсүшүнө) кедергисин тийгизет. Ал эми бөтөн өлкөлөрдүн атуулдары Кыргызстанга ар кандай себептерден (иш издеп, бизнес жасоо, миссионерадик, ж.б. ар кандай максаттарда) келип жатышы, кыргыз кыздарынын чет өлкөдөн келгендерге турмушка чыккандардын санынын көбөйүшү ж.б. кыргыз элинин маданиятына жалпы эле кыргыз элинин келечегине өзүнүн терс таасирин тийгизет.

Азыркы кезде *глоболизация процесси* жана *маалымат технологисы, миграция* ж.б. күчөгөн шартта элибизге таануланган баалуулуктарды кабыл алып жашоо, бөтөн маданияттын таасиринде калуу кыргыздардын улуттук өзгөчөлүктөрүнүн бара-бара жоголушуна алып келет. Мына ошондуктан кыргыз эли кылымдардан келе жаткан социалдашуу салтын колдонуу аркылуу гана өзүнүн улуттук өзгөчөлүктөрүн сактап кала алат.

Жыйынтык

Коомдук мамиленин, адамдардын аң сезиминин өзгөрүшүнүн натыйжасында социалдашууну ишке ашыруучу факторлордун таасири жана ал факторлорго болгон мамиле өзгөрүүгө учурап жатат;

Кыргыз элинин социалдашуу салтында эң негизги нерсе адамды тарбиялоо болуп, бул өз ичине адамдын турмушун жөндөп кетүү компетенттүүлүгүн калыптандыруу кошо каралган;

Кыргыз элинде баланы социалдаштырууга өтө көп факторлордун таасир этери жана тарбиялык таасирге баланын активдүү мамилеси гана анын натыйжалуу болушуна алып келерин;

Кыргыз элинин социалдашуу салтында эң негизги нерсе адамды тарбиялоо болуп, бул өз ичине турмушун жөндөп кетүү компетенттүүлүгүн калыптандыруу кошо каралган;

Азыркы глоболизация шартында элдин каада-салтты, үрп-адаты, ырым-жырымдары кыргызды сактап калчу факторлор болуп саналат.

Адабияттар

1. Мардахаев Л.В. «Социализация человека как социально-педагогический процесс»./ Педагогическое образование и наука. 2009, № 4. С.20-25.
2. Мурзаев М.С. «Тарбиялоонун психологиясы». – Ош. 2008. -80 б.
3. Тесленко А.Н. «Теоретико-методологические основы социализации молодежи». Автореф. д.п.н. Алматы, 2005.42 с.
4. Мудрик А.В. «Социальная педагогика». М. – 1999, 81 б.

УДК 371.302.2.378.14

Сыдыкова Т.М., ОшГУ
Самидинова П.Х., ЖАГУ

Процесс обучения в условиях дифференциации современной школы

Данная статья посвящена проблемам дифференцированного обучения в школах. Так как современные образовательные технологии обучения играют важную роль в интеллектуальной, эмоционально-ценностной, волевой сфере развития личности.

This article is devoted to the problem of the differential training at schools. As the modern educational technologies of training play the main role in intellectual and emotional value of strong – willed developing of personality.

На современном этапе развития нашего общества новые исторические социальные и экономические условия выдвинули новые проблемы., важность и острота которых стали очевидны в сфере образования. Демократизация общества детерминирует демократизацию и гуманизацию школы.

Одним из возможных путей модернизации образования в современном обществе являются педагогические инновации. Как правило, инновации возникают в попытках решить традиционную проблему новым способом, в результате длительного процесса накопления и осмысления фактов, когда рождается новое качество, несущее инноваторский смысл. В основе инновационных образовательных процессов лежат две важнейшие проблемы педагогики:

- проблема изучения педагогического опыта;
- проблема доведения до практики достижений психолого-педагогической науки.

Дифференциация сегодня прочно вошла в практику работу общеобразовательной школы. Практически нет такого общеобразовательного учреждения, в котором не присутствовали бы те или иные формы дифференциации. Однако часто реализация дифференцированного обучения в школе осуществляется без достаточного теоретического обоснования, интуитивно.

Современная концепция образования направляет школу к реализацию личностно - ориентированного обучения.

- Личностно ориентированное обучение предполагает;

Признание ребенка субъектом развития, обучения и воспитания, реализующим свои устремления и интересы. Ученик - активный участник педагогического процесса, в котором самореализуется и самоутверждается. [1].

- Признание способности ребенка к саморазвитию и его права на индивидуальную траекторию освоения образовательных областей.

Учитель обеспечивает мотивацию обучения, но доминирует внутренняя мотивация.

- Смену позиции педагога на сопровождающую по отношению к деятельности ученика. Доминирует демократический стиль в отношениях учитель - ученик, учитель направляет познавательный процесс, обеспечивая самостоятельность учащегося в рамках социального взаимодействия, ученик активно включается, в познавательный процесс.
- Приоритет внутриличностного содержания образования, формируемого в процессе прохождения индивидуальных образовательных траекторий. Ученик включен в ответственность за результаты учебного процесса, осознавая их значимость для своего развития.
- Приоритет продуктивного компонента содержания образования, выражающегося в созидающей функции ученика, над репродуктивным компонентом, которой важен для передачи ученику технологий его образовательной деятельности, но не готовой информации. Ученик выполняет исследовательскую работу. Применяя знания в аналогичных и модифицированных ситуациях, включается в самоанализ мыслительной деятельности.

При личностно-ориентированном обучении на одно из ведущих мест выходит индивидуализация и дифференциация обучения. Ее цель состоит в том, чтобы учебно – познавательная деятельность школьников обеспечила их личностное самоопределение, развитие эмоционально духовной сферы, формирование качеств, связанных с проектируемой деятельностью, качеств, направленных, на успешную социализацию учащихся.

Необходимость дифференциации вызвана имеющимися у людей различиями. Индивидуальные различия в учебной деятельности имеют много параметров и значительных диапазон. Прежде всего, к ним относятся различия между людьми, т. е. межиндивидуальные различия. Например, один ребенок все усваивает быстро, другой тратит на это гораздо больше времени. Одна ученица играючи напоминает все, что слышит и читает, а другая должна не раз повторить материал, чтобы его не забыть.

Но наряду с межиндивидуальными существуют еще различия в учебной деятельности одного и того же человека. Эти различия зависят, в частности, от требований и условий ситуации. Скажем, ребенок может охотно изучать английский и неохотно - математику, с готовностью следовать советам своего отца и встречать в штыки любые указания матери, месяцами тщательно и добросовестно выполнять домашние задания, а затем начать делать плохо или формально. Такого рода различия, наблюдающиеся в деятельности одного и того же человека, получили название внутри индивидуальных. Они, выражая устойчивые и ситуативные особенности учебной деятельности данного человека, отражают тот факт, что не каждый человек учится всегда и всему одинаковым образом.

Внутри индивидуальные особенности и межиндивидуальные различия тесно взаимосвязаны, они могут налагаться друг на друга, усложняя тем самым задачу построения универсальной типологии обучающихся. Несмотря на это, ряд внутри индивидуальных особенностей представляют собой важную отправную точку для индивидуальной педагогической работы со школьниками. В условиях классно-урочной системы без введения дифференциации процесс обучения организуется одинаково для всех учащихся и оказывается по - разному эффективен для них.

В условиях дифференциации происходит выделение групп учащихся и построение учебного процесса не просто различающегося, а соответствующего определенным особенностям учеников. При организации учебного процесса целесообразно учитывать индивидуальные

особенности учащихся, чтобы сделать процесс обучения для них более эффективным и более комфортным [2].

В педагогической литературе выделяют несколько видов дифференциации в обучении.

В основном различают внутреннюю и внешнюю дифференциацию. Под внутренней дифференциацией понимают такую организацию учебного процесса, при которой учет индивидуальных особенностей учащихся производится в рамках их обучения в обычных группах. Все они работают по одинаковым учебным планам, программам и пособиям, но учитель использует индивидуальные методы работы, формы и средства обучения. Внутренняя дифференциация предполагает использование форм и методов обучения, при этом учащиеся выходят на один уровень обучения [3].

Внутренняя дифференциация в рамках рассматриваемого подхода называется индивидуализацией обучения.

Внешняя дифференциация – такая организация учебного процесса, при которой учащиеся объединяются группами в соответствии с их особенностями, способностями и склонностями. Обучение в этих группах осуществляется по особым программам и учебникам. При этом возможно сочетание внешней и внутренней дифференциации: последняя может осуществляться как в обычном классе, так и в группах учащихся, выделенных на основе их интересов и способностей.

Существует несколько форм реализации дифференцированного обучения, которые сложились к настоящему времени. Так, внутренняя дифференциация может осуществляться как в традиционной форме учета индивидуальных особенностей учащихся (индивидуальный подход), так и форме уровневой дифференциации на основе планирования результатов обучения.

Внешняя дифференциация, предполагая создание на основе определенных принципов (интересов, склонностей, способностей, достигнутых результатов, проектируемой профессии) относительно стабильных групп, в которых содержание образования и предъявляемое учащимися требования различаются, может осуществляться в рамках либо селективной (жесткой) системы, либо элективной (гибкой) системы. В первом случае в качестве форм дифференцированного обучения выступают, профильные классы и классы с углубленным изучением предметов, во втором – факультативные курсы, внеклассная работа, набор предметов для изучения на базе инвариантного ядра.

Согласно существующим концепциям предлагается многовариативная система внешней дифференциации. Наиболее массовой и доступной считается профильная дифференциация. Ее педагогическая эффективность определяется, во-первых, тем, что она может охватить практически всех учащихся и развить соотвествующие способности каждого. Во-вторых, она, в отличие от выбора предметов, позволяет сформировать у всех учащихся знания из области гуманитарных и естественных наук и обеспечить, таким образом, их всестороннее общее образование, в-третьих, тем, что облегчается работа по созданию учебно-методических комплексов. Профильная дифференциация не исключает проведение факультативных занятий.

Наряду с внутренней, внешней и профильной выделяется уровневая дифференциация. Уровневая дифференциация предполагает организацию обучения, при которой школьники, обучаясь по одной программе, имеют также возможность усваивать ее на различных планируемых уровнях, но не ниже уровня обязательных требований.

Смысл уровневой дифференциации заключается в том, чтобы адаптировать учебный процесс к познавательным возможностям каждого ученика, предъявить соответствующие уровню его развития требования, программы, учебники, методы и формы обучения. Под уровневой дифференциацией понимается обучение учащихся одного и того же класса на трех уровнях обучения: базовом, продвинутом и высоком.

При уровневой дифференциации ученик выбирает сам, в соответствии со своим уровнем учебных возможностей и способностей и в зависимости от имеющихся у него знаний, умений и мотивационных потребностей того объема и содержания учебной работы, которые, как он считает, отвечают, его состоянию. Для этого на каждый урок учитель готовит материал, соответствующий государственному стандарту образования, но в трехуровневой системе [4].

Работа на уроке с использованием многократного вариативного повторения изучаемых понятий, законов, фактов и т.д., ориентированная на разные группы учащихся, сделавших примерно одинаковый выбор, а значит принявших и добровольную ответственность за свое

обучение на выбранном уровне трудности, дает хорошие результаты. Учитель обеспечивает мотивационные потребности ученика соответствующими педагогическими комплексами.

Дифференцированное обучение способствует раскрытию индивидуальности, выявлению способностей и склонностей личности, предполагает актуализацию функций личностного выбора. В условиях дифференциации ученик определяет направления собственной реализации на основании имеющихся способностей, склонностей, интересов и выбирает ту образовательную траекторию, которая ему наиболее близка.

Современная школа становится дифференцированной, и необходимо организовать дифференциацию обучения при сочетании доступности и научности. Соответственно, цели образования становятся не только многопрофильными, но и многоуровневыми; внутренняя дифференциация оказывается неизбежным элементом образовательного процесса. Вместо одной общей траектории приходится выстраивать множество частных траекторий, ведущих в нужном направлении .

На практике многие из перечисленных направлений неотделимы друг от друга, выделяется три основных категории направлений, учитываемых при дифференциации:

- дифференциация по времени обучения,
- дифференциация по условиям обучения,
- дифференциация по образовательным целям.

Рональд Де Гроот выделяет несколько моделей дифференциации [5]:

- модель потоков (внешняя),
- модель однородного состава класса (внешняя)
- модель гибкого состава класса (внешняя),
- интегративная модель (внутренняя),
- модель разнородного класса (внутренняя)

Существует пять образовательных моделей в европейских образовательных системах:

- селективно-поточная (предметно-классное обучение в уровневых потоках);
- селективно-групповая (предметное обучение в уровневых группах внутри класса по некоторым предметам);
- модель смешанных способностей (предметное обучение в группах смешанных способностей по когнитивным признакам);
- интегративная модель (предметное обучение в единой группе – классе с множеством возможностей для индивидуальной работы);
- инновативная модель (предметное обучение в группах смешанных способностей по большему числу критериев, чем только когнитивные, увеличение времени на консультации и индивидуальную работу).

Дифференциация обучения позволяет организовать учебный процесс на основе учета индивидуальных особенностей личности, обеспечить усвоение всеми учениками содержания образования, которое может быть различным для разных учащихся, но с обязательным для всех выделением инвариативной части. При этом каждая группа учеников, имеющая сходные индивидуальные особенности, идет своим путем. Процесс обучения в условиях дифференциации становится максимально приближенным к познавательным потребностям учеников, их индивидуальным особенностям.

Немаловажной задачей процесса обучения является развитие ученика: его интеллектуальной, эмоциально-ценностной, волевой сфер. Организуя дифференцированное обучение, мы усиливаем развивающие функции процесса обучения.

Таким образом, цель дифференциации процесса обучения – обеспечить каждому ученику условия для максимального развития его способностей, склонностей, удовлетворения познавательных потребностей и интересов в процессе усвоения им содержания общего образования.

Литература

1. Иванова Е.О. Личностно ориентированное обучение: индивидуализация содержания образовании // Научно-практический журнал. «Завуч», 2002 №8 – С. 100-117.
2. Осмоловская И.М. Организация дифференцированного обучения в современной общеобразовательной школе. – М., 1998. – С. 160.

3. Сыдыкова Т.М. Основные проблемы реализации дифференцированного обучения на практических занятиях в вузе. – Вестник ОшГУ, 2002. – С. 197-201.
4. Сыдыкова Т.М. Дифференцированное обучение студентов в процессе выполнения самостоятельной работы. // Вестник ОшГУ, 1996. – С. 169-176.
5. Де Гроот Р. Дифференциация в образовании. Директор школы. – 1994, №5. С. 12-18.

УДК:400:42/49

М.Н. Абдыкеримова, Ош МУ

Англис жана кыргыз тилдериндеги жай сүйлөмдөрдүн интонациясы

Бул макалада англис жана кыргыз тилдериндеги жай сүйлөмдөрдүн интонациясы жана функциялары салыштырылып каралды.

В этой статье рассмотрены сопоставления интонаций и функции повествовательных высказываний в английском и кыргызском языках.

The article is about intonation and function of affirmative sentences in English and in Kyrgyz languages.

Кептеги интонациянын нормаларынын сакталышы сөз, синтагма ичиндеги, сүйлөм-айтымдагы басымдуу жана басымсыз тыбыштардын, муундардын бирин-бири кезек менен алмаштыруусун, тондун бийиктигинин ырааттуу алмашылышын, башкача айтканда, кептеги обондуулукту камсыз кылуучу үндүк тондун тартиптүү кыймылын талап кылат. Интонациянын үндүн бийиктигинин, күчүнүн, тембринин жана кептин темпинин татаал биримдиги экендиги дайыма эсте тутулууга тийиш жана алар ошол эле мезгилде маани берүүнүн, кептин максатын чагылдыруунун да каражаты болуп саналат.

Белгилүү болгондой, англис тилиндеги интонациянын айтылышынын ыргактык планындагы мүнөздүү өзгөчөлүк бир маанидеги топтун басымдуу муундарынын бирдей мезгил арасында кезектешип айтылышында, мында алардын ортолугундагы басымсыз муундардын саны эсепке алынбайт. Мисалы, It wasn't great trouble сүйлөмүн алып көрөлү:



Бул сүйлөмдө үч басымдуу жана үч басымсыз муун бар жана алардын ар бири бирден сүйломдүн башында, бирден ортосунда, бирден аягында жайланышкан. It wasn't great deal of trouble Сүйлөмүндө



басымдуу муундардын мүчөлөрү үч бирдикке көбөйгөн. Мында сүйлөмдүн башында бир муун, ортосунда төрт муун, аягындагы төмөндөөчү катарда бир муун жайланышкан, бирок бул өзгөрүш интонациянын ыргагында өз таасирин тийгизбейт, себеби басымсыз муундун айтылыш темпи да күчөдү.

Кыргыз тилинде басымдуу жана басымсыз муундардын ортосундагы интервал жана тондун кыймылы жөнөкөй жай сүйлөмдө маанилик боекко, тигил же бул сөз айкашынын кошумча семантикалык-коннотативдик нюанстарына көз каранды. Мисалы, Ат келе жатат.

Мында сүйлөм аягындагы тондун бир аз төмөндөшү менен жай баяндалуучу бир калыптагы тондо айтылат. Бир татаалдыктагы ээден төрттүк татаалдыктагы этиш- баяндоочко карай тондун кыймылы сүйлөмдөгү этиштин басымдуу мууну төмөнкү тонго жеткиче ырааттуу түрдө жана акырындап төмөндөйт.

Ушул эле сүйлөмдү «атка» басым жасап айталы: Ат келе жатат.



Мында этиш-баяндооч ээге караганда төмөнкү тондо, интервалы боюнча чоңойтулган, этиштик форманын айтылышында эки тондук вариантты: этиш-баяндоочтун негизги, же жардамчы бөлүгүн айырмалап көрсөтүүгө болот. Биринчи учурда этиш ээден төмөн кичине октавада башталат, анын басымдуу мууну басымсыз мууну карата бир бийиктикте, же бир жарым тон бийиктикте, болушу мүмкүн; экинчи учурда тондун кыймылы жогоруда айтылганга окшош, бирок ээ менен этиш-баяндоочтун башкы мууну ортосундагы интервал бир топ чоң болот. Башкы күчтүк басым эки вариантта тең ээге түшөт. Жогорудагы сүйлөмдөгү аттын келе жаткандыгына (ордунда турбай) басым жасайлы:



Тондун кыймылы ыраатуу жогорулоочу жана мында ээ менен этиш-баяндоочтун башкы мууну ортосундагы интервал аз октавада, акыркы муун секундага жогору, андан ары өзүнүн басым алдындагысына каршы.

Кайталап суроодогу суроолуу сүйлөмдөргө берилген жооптогу логикалык басым кайталап суралып, кайра жооп берилген сөзгө түшөт. Жыйынтыктап айтканда, англис жана кыргыз тилдериндеги интонация негизги эки обондуу тондун-төмөндөөчү жана жогорулоочу тондордун түрдүү комбинацияларынан турат.

Жогоруда айтылгандарга байланыштуу тилдин интонациялык структурасында үч обондуу тон-жогорулоочу, төмөндөөчү жана бир калыптагы тон бар деген көз карашты да белгилей кетүүгө тийишпиз [1].

Биз англис жана кыргыз тилдериндеги интонацияларды изилдөөчүлөргө кошулуп негизги тон экөө: жогорулоочу, жана төмөндөөчү гана деп эсептейбиз, а бир калыптагы тон дайыма жогорулоочу, же төмөндөөчү тондордун курамдык бөлүктөрү болуп саналат, себеби артикуляциянын жана интонациялоонун табияты дайыма сүйлөөнүн башталышы (жогорулоочу тон) жана аякташы (төмөндөөчү тон) менен байланышта [2].

Англис тилиндеги сүйлөмдөрдүн функционалдык типтеринде (бекемдөө, суроо, буйрук ж.б.) сүйлөмдөрдүн аягындагы обондуулук өзгөчө мааниге ээ, мында ал сүйлөмдөгү негизги маанини бөлүп көрсөтүүнү талап кылуучу акыркы сөздөн баштап колдонулат. Бул сөз башкы басымдуу сөз катары кабыл алынат.

Басымдуу муун сөз ичинде үндүн төмөндөшү, же жогорулашы менен айтылат: Will you give me book. [wil ju ‘giv mi ‘buk]

(Буйрук)



(Сураныч)

Үндүн төмөндөшүнөн кийинки басымсыз муундар (сөздөр) төмөнкү деңгээлде айтылат, же акырындап төмөндөйт. Will you give me your copy-book, please. [Wil ju ‘giv mi jo ‘kopibuk pli:z]



Мааниси боюнча ажыралып турган акыркы сөздөгү үндүн жогорулашында басымдуу муун төмөнкү деңгээлде болуп, басымдан кийинки муунда (сөзгө) үн жогору көтөрүлөт: [Wil jug iv mi jo: kopibuk pli:z]



Бул сүйлөмдөрдү салыштыруудан мааниси боюнча ажыратылган акыркы сөздөгү үндүн төмөндөшү менен жогорулашы функционалдык жактан бири-бирине карама-каршы келет, башкача айтканда үндүн көп төмөндөшү, же жогорулашы сүйлөмдүн тибин аныктайт; Жогоруда аталган үндүн төмөндөшү жана жогорулашы сүйлөмдүн тибин аныктайт. Жогоруда аталган үндүн төмөндөшү жана жогорулашы англис тилиндеги интонациянын негизги төмөндөөчү жана жогорулоочу тондору болуп саналат.

Төмөндөөчү тон ойдун бүткөндүгүн, анык-тактыкты, ишенимди билдирсе, жогорулоочу тон тескерисинче, күмөндүүлүктү, ачык, так эместикти чагылдырат. Үндүн төмөндөшү да, жогорулашы да түрдүүчө диапазондордо ишке ашышы мүмкүн.

Жөнөкөй билдирүүлөр менен бекемдөөлөр кескин буйрук, үндүн көтөрүлүшүнө караганда кичирээк диапазондо айтылат:

John is late [dzon iz ‘leit]

Don’t be late. [dount bi leit]

Too late! [tu: leit]

Чечкиндүү эмес, ишеничсиз, божомолдоо маанисин билдирген сүйлөмдөр, адатта, жалпы суроолорго караганда кичирээк диапазонго ээ, өз кезегинде жалпы суроо күчтүү сезим менен айтылган суроолорго караганда чоңураак диапазондо айтылат.

I think you are wrong? [ai өink jua ron]



Is it wrong! [iz it ron]aa

Is it wrong? [it ron]

(You ask if it is wrong? Of course, it is маниси менен)

Жөнөкөй төмөндөөчү жана жогорулоочу (диапазону боюнча ар түрдүү) тондордон тышкары англис тилинде татаал, контрасттык тондор, тактап айтканда, башында жогорулоочу, төмөндөөчү тон (контрасттык төмөндөөчү тон) башында жогорулоочу тондор (контрасттык жогорулоочу тон) да бар. Мындай татаал тондор менен айтылган сөздөр жөнөкөй төмөндөөчү жана жогорулоочу тондор менен айтылган сөздөргө караганда күчтүүрөөк тон менен бөлүнүп айтылат. Бул контрасттык тондор түрдүү кош маанилерди ачык чагылдырат жана маанилик карама-каршылыктарды билдирүү үчүн көп колдонулат.

Азыркы кыргыз тилиндеги теориялык жана эксперименталдык фонетикада да интонацияда эки типтеги тон-бир калыптагы жарым тондор ортосундагы жогорулоочу жана төмөндөөчү тондор бар деген пикир бар [3].

Кептик обондуулук, көбүнчө интонация деп аталып, оозеки кептин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Кыргыз тилиндеги оозеки кептеги обондуулук деп сүйлөө мезгилиндеги үндүн өзү сыяктуу эле кепте чоң мааниге ээ болгон жана анык бир мыйзам ченемдүүлүктөгү үндүн музыкалык кыймылы аталат. Ар бир тил башка тилдерден ыргактык-обондуулук түзүлүшү боюнча айырмаланып турат.

Ырдоодон айырмаланып кептеги обондуулук өтө тактыкты «ноталык аткарууну» талап кылбайт жана мына ошондуктан мында үндүн тембри өзгөчө мааниге ээ эмес. Кептеги обондуулук аздыр-көптүр деңгээлде интервалдардын катышына негизделген, эгер алар ошол обондуу-семантикалык типтин чегинде сакталган болсо, анда синтагманын кайсы октавада айтылгандыгы мааниге ээ эмес. Кептин обондуулугу жөнүндөгү маселе кыргыз окумуштууларынын көңүлүн салыштырмалуу жакынкы жылдардан бери гана өзүнө бура алды жана ошондуктан бул маселени мыкты изилденди деп айтуу мүмкүн эмес.

Жогоруда аталган окумуштуулардын кыргыз тилинин интонациясын эксперименталдык-фонетикалык изилдөөлөрүнүн натыйжалары кептик интонациянын гомогендик кубулуш экендигин жана анын убакыт, негизги тондун жыштыгы, интенсивдүүлүк жана темп боюнча өзгөрөрүн көрсөттү.

Интонациянын бул акустикалык компоненттери айтымдын лексико-грамматикалык каражаттар менен биргеликте аракетке келет жана предикативдик акцентти бөлүп көрсөтүү жана ошондой эле айтымдын коммуникативдик түрүн айырмалоо үчүн кызмат кылат, мында эки негизги төмөндөөчү жана жогорулоочу тон жана бир калыптагы жарым тон ачык көрүнөт. Талдоого алынып жаткан түрдүү системадагы жана генетикалык жактан тектеш эмес англис жана кыргыз тилдеринин интонацияларын салыштыруу үчүн ал тилдердин тилдик материалдарын бири-бирине салыштыруу аркылуу иш алып баруу зарыл. Интонация, адатта, лингвистикадагы синонимдик түшүнүктөгү моделдерде: интонациялык моделдерде, интонациялык структураларда, интонациялык контурларда, интонациялык көрүнүштөрдө, интонациялык схемаларда жана башкаларда изилденет.

Бул моделдердин кызматы ортолоштурулган интонациялык шаблонду атоо, ал шаблонго ылайык интонациялоо жана интонацияны тигил, же бул коммуникативдик-кептик типтеги айтымга тууралоо ишке ашат [4,5].

Мурда айтылып өткөндөй, англис жана кыргыз тилдериндеги жүздөн жай сүйлөм (бардыгы 200 айтым-сүйлөм) эксперименталдык-фонетикалык талдоого алынып, англис жана кыргыз тилдеринде адабий тилдин нормасында мыкты сүйлөгөн бештен он диктор тарабынан окулуп, диктафонго жазылган. Тандалган материалдар кепти талдоочу компьютердик программага киргизилди, оозеки кептин зарыл параметрлери жана белгилери бөлүнүп алып талданды, англис жана кыргыз тилдеринин интонациялары салыштырма-контрасттык планда салыштырылды, алынган маалыматтар ар бир тил боюнча өз-өзүнчө жана салыштырма аспектиде схемалар жана таблицалар түрүндө системага салынды. Англис тилиндеги материалдар англис тилдүү авторлордон алынган жөнөкөй жайылма жана киринди сөздүү сөз айкаштуу татаалдатылган жай сүйлөмдөрдөн турду [6].

Мисалы:

1) That evening after supper Antony waited his father [H.E. Bates] [6];
2) I did not sleep a single moment that night [P. Whit] [7];

3) I want to see it very much [H.E. Bates] [6];
4) «I learned many years ago on a farm», he said [H.E. Bates] [6];
5) «I think were fellow lodgers here»? she said [P. Whit] [7];
6) The stream ripples and glances over its brown bed warmed with sunbeams [H. Y. Wells] [8];
7) In the utter silence a black bird shouted [H.Y. Wells] [8];
8) «Thanks» answered Soames and got in [P. Whit] [7];
9) Light mist dries and dew falls [H.E. Bates] [6];
10) I shall be free this afternoon [H.Y. Wells] [8] ж.б.

Кыргыз тилиндеги жөнөкөй жайылма жана татаалдаштырылган жай сүйлөмдөр да фонетикалык-эксперименталдык талдоого алынды:

11) Аллеядагы ак пардалуу терезелер кыңкая ачык турган. [Ч.Т. Айтматов] [9];
12) Июлдун аягы эле. [Ч.Т. Айтматов] [9];
13) Мен газетанын редакциясынан капа болуп чыккан күн болчу. [Ч.Т. айтматов] [9];
14) «Эмне иш, айтпайсыңбы?», - деп ээк какты Базарбай [Ч.Т Айтматов] [9];
15) Революцияга чейинки кыргыздардын диндик ишенимдери тууралу даректер европалык саякатчылардын, окумуштуулардын эмгегинде кездешет. [А.Э. Эргешов, С.С. Гапаров] [10];
16) Арбакка ишенүү совет доорунда да жашады. [А.Э. Эргешов, С.С. Гапаров] [10];
17) Анткени кара кандын бары эле «оору», «бузулган» эместиги белгилүү [А.Э. Эргешов, С.С. Гапаров] [10];
18) Ошол күндөрү Каныбек күчтүү аттай болуп эртеден кечке талаада иштеп жатты. [К. Жантөшев] [11];
19) «Келемби мен, кетемби, ал сенин ишиң эмес», - деди Каныбекке кытай кожоюну. [К. Жантөшев] [11];
20) «Ушундай күлүк аргымакты мен эч жерден көргөн эмесмин», - деп жооп берди ойлонуп. [«Каныбек» К. Жантөшев ж.б.] [11];

Келтирилген мисалдардан көрүнгөндөй, алар көркөм стилге [Ч.Т. Айтматов, 1988, К. Жантөшев, 1985] да, коомдук-публисцистикалык стилге да [А.Э. Эргешов, С.С. Гапаров, 1999] мүнөздүү.

Анык бир коммуникативдик максаттагы айтымдардын тибин жана майда тибин атоо жана биздин фонетикалык изилдөөбүздөгү ыңгайлуулук үчүн «интонациялык конструкция» (ИК) деген терминди тандап алдык. Бул термин интонациянын түшүнүлүүчү жагын (коммуникативдик, маани ажыратуучу, интеграциялоочу, эмотивдик, кырдаалдык, модалдык кызматтары менен кошо) да, түшүндүрүүчү жагын (тондун бийиктиги, ыргак, тембр, тыным, үндүн созулушу, темп жана артикуляциялоонун интенсивдүүлүгү аркылуу ачыкка чыккан) да көрсөтөт, себеби интонациялык конструкция интонациялык структуралардын теңдештирилген маанисин өз ичине камтыйт. Буларга кошумча «интонациялык конструкция» терминининин (буга ошкош интонациялык модель, интонациялык структура, интонациялык контур, интонациялык көрүнүш, интонациялык схема жана башкалардын ичинен) колдонулгандыгынын дагы бир себеби оозеки кептин интонациясын изилдеген эмгектерде аньн эң көп кездешкендигинде [12].

Эксперименталдык-фонетикалык изилдөөлөр англис тилиндеги жай сүйлөмдөрдү үч интонациялык конструкцияны (ИК) бөлүп көрсөтүүгө болорун көрсөттү:

1. Англис тилиндеги жай сүйлөмдөрдөгү төмөндөөчү тондогу ИК-1
2. Англис тилиндеги жай сүйлөмдөрдөгү жогорулоочу тондогу ИК-2
3. Англис тилиндеги жай сүйлөмдөрдөгү жогорулоочу-төмөндөөчү тондогу ИК-

Англис тилиндеги жай сүйлөмдөрдөгү төмөнкү тондогу ИК-1 жөнөкөй, чечкиндүү билдирүүлөрдү, бекемдөөнү көрсөтөт:

Yes



Never



I don’t know
[ai dount nou]

I want to see it, very much.
[ai’ wont to si: it ‘very m^tf]

Англис тилиндеги жай сүйлөмдөрдөгү жогорулоочу тондогу ИК-2 чечкинсиздикти, ишенбөөчүлүктү, болжолдуу каршы болууну көрсөтө

I believe so.



I shall be free this afternoon



I don't quite mean that.



Англис тилиндеги жай сүйлөмдөрдөгү ИК-3 төтике кеп өз алдынча синтагманы (бир же бир нече) түзөт жана сүйлөмдөгү акыркы басымсыз муундагы обондуулук уланат жана, дээрлик, басымсыз айтылат. Төмөндөөчү обондуулуктагы синтагмадан кийинки киринди сөз төмөнкү бир нотада, же ал тургай төмөндөп айтылат, жогорулоочу обондуулуктагы синтагмадан кийинки киринди сөз дагы да жогорулоосун уланта берет. Мисалы:

«I can give you a lift», he said, «If you are going West»



«You went to see her yesterday your-self, I understand».

Жогорулоочу обондуулуктагы сүйлөмдөргө мисал:

Good bye, she answered softly.



«As I say, said Soames, I have not made up my mind.»



Кыргыз тилиндеги фактылык материалдардан жай сүйлөмдөрдүн төрт конструкциясын бөлүп көрсөттүк:

1. Кыргыз тилиндеги жай сүйлөмдөрдөгү төмөндөөчү-төмөнкү тондогу ИК-1;
2. Кыргыз тилиндеги жай сүйлөмдөрдөгү жогорулоочу-төмөнкү тондогу ИК-2;
3. Кыргыз тилиндеги жай сүйлөмдөрдөгү төмөндөөчү-төмөнкү тондогу ИК-3;
4. Кыргыз тилиндеги жай сүйлөмдөрдөгү жогорулоочу-төмөнкү тондогу ИК-4;

Кыргыз тилиндеги ИК-1 жай сүйлөм жогорулоочу-төмөнкү тон менен мүнөздөлөт, мында тынымдан кийинки синтагма негизги тондон бир топ төмөнкү *жы*штыкта болот:

Июлдун аягы эле.

Кыргыз тилиндеги ИК-2 жай сүйлөм жогорулоочу-төмөнкү тон менен айырмаланат, мында негизги тондун жыштыгы адегенде жгорулап, кийинки синтагманын тону төмөндөйт: «Ушундай күлүк аргымакты мен эч жерде көргөн эмесмин.»



Кыргыз тилиндеги ИК-3 жай сүйлөм төмөндөөчү-төмөнкү тон менен айырмаланат, мында негизги тондун жыштыгы мурдагы синтагмадан кийин төмөндөп, кийинки синтагманын башталышында жогорку тон пайда болот:

Асан айылга келип-кетип жатат го.



Кыргыз тилиндеги ИК-4 жай сүйлөм биринчи синтагманын аягындагы жогорулоочу-төмөнкү тон жана кийинки синтагмалардагы бир калыптагы тон менен айырмаланат, негизги тондун жыштыгы боюнча акыркы синтагмада айтым бир калыптагы тондон төмөнкү абалда болот.

Мен жогорку окуу жайга окуйм деп ушул борборго келбедимби.



Кыргыз тилиндеги жай сүйлөмдөрдүн интонациясы анын коммуникативдик тиби менен гана эмес, бүтүндөй сүйлөмдүн конкреттүү мааниси менен да түздөн түз катышта экендигин белгилей кетүүгө тийишпиз. Кыргыз тилиндеги ИК-1, ИК-2 жана ИК-4 жай сүйлөмдөрүндө маанилик жыйынтык сүйлөмдүн аягында гана ачык билинет жана бул агглютинативдик түрк-кыргыз тилинин өзгөчөлүгү менен шартталган. Кыргыз тилиндеги ИК-3 жай сүйлөмдөрүндө маанинин жыйынтыкталышы сүйлөөчүнүн окуяга карата мамилесин билдирүүчү модалдык компоненттер менен татаалдашат. Мына ошондуктан кыргыз тилиндеги ИК-3 жай сүйлөмүн модалдык татаалдашкан маани катары белгилөөгө, ал эми ИК-1 жай сүйлөмүн өз алдынча баяндалган конструкция, ИК-2 жай сүйлөмүн жекече билдирүү конструкциясы, а ИК-4 жай сүйлөмүн түшүнүк, жаңы маалымат берүү конструкциясы катары кароого болот.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилиндеги жай сүйлөмдөрдүн интонацияларынын өз ара байланышы жана сүйлөмдөрдүн мааниси биз белгилеген ИКларда төмөнкүчө ачылат: Өз алдынча баяндалган конструкция деп аталган ИК-1 сүйлөмдөрдүн семантикалык тибин, түшүнүк берүүчү конструкция деп аталган ИК-4 бекемдөөчү жана макулдук берүүчү маанидеги сүйлөмдөрдүн тибин көрсөтөт. Сүйлөмдөрдүн интонацияларынын жана маанилеринин өз ара байланышынын жана айырмачылыктарынын салыштырмалуу түрдө экендиги өзүнөн өзү түшүнүктүү, себеби биз өз изилдөөбүздө ИКлардын жана сүйлөмдөрдүн маанилик типтеринин так айырмачылыктарын көрө албадык.

Англис тилинин фонетикалык системасындагы үч ИК кыргыз тилиндеги төрт ИКнын ортосундагы өз ара салыштырууларды төмөнкү таблицада берип көрөлү.

Жай сүйлөмдөрдүн интонациясы

Жеке билдирүү конструкциясы катары белгиленген ИК-2 кандайдыр бир аталыштагы билдирүүнү көрсөткөн сүйлөмдөрдүн семантикалык тиби, модалдык татаалдашкан билдирүү катары белгиленген ИК-3 жооп иретиндеги же макул болбоо маанисиндеги сүйлөмдөрдүн тибин чагылдырат.

Англис тилинин фонетикалык системасында төмөндөөчү-жогорулоочу тондогу айтымдар жок, ал эми кыргыз тилиндеги модалдык-маанилүү (субьективдик-модалдык) кептерде мындай тон абдан кеңири кездешет. Бул өзгөчөлүк англис тилинин интонациясында модалдуулук эксплицациясы жок дегендикти билдирбейт. Бул тилде модалдуулук ИКнын бардык түрү аркылуу ачыкка чыгат, бирок лексико-грамматикалык нюанстардын коштоосу менен гана, модалдык боектуу айтымдар, айрыкча жогорулоочу-төмөндөөчү тондогу киринди сөз айкаштуу жана сүйлөмдүү айтымдардагы ИК-3 төө көп учурайт.

Англис тилинде			Кыргыз тилинде		
ИК	тон	маани	ИК	тон	маани
ИК-1	Төмөндөөчү	Жөнөкөй, так билдирүүлөр жана бекемдөөлөр.	ИК-1	Төмөндөөчү-төмөнкү	Өз алдынча баяндоо, түшүнүк берүү
ИК-2	Жогорулоочу	Чечкинсиз бекемдөө (ишенбөөчүлүк, макул болбоо ж.б.)	ИК-2	Жогорулоочу-төмөнкү	Жеке билдирүү, маалымат
ИК-3	Жогорулоочу-төмөндөөчү	Киринди сөздүү сөз айкашы менен сүйлөм.	ИК-3	Төмөндөөчү-жогорулоочу	Модалдык-татаалдашкан билдирүү, жооп, макул болбоо.
			ИК-4	Жогорулоочу-төмөндөөчү	түшүндүрүү, бекемдөө, макул болуу.

Адабияттар

1. Постовалова В.И. Историческая фонология и ее основания: Опыт логико-методологического анализа – М.: Наука, 1978.-202с.
2. Торсуева И.Г. Интонация и смысль высказывания – М.: Наука,1979. – 102с.
3. Орусбаев А.О. Киргизская акцентуация – Фрунзе: Илим, 1974. – 112с.
4. Черемисина Н.В. Русская интонация: поэзия, проза, разговорная речь – М.: Русский язык, 1982. – 207с.
5. Аракин В.Д. Сравнительная типология английского и русского языков. Учеб. пос.для студ.пед. ин-тов по спец. «Иностр.язык» - 2-е изд. – М.: Просвещение, 1989.-254с.
6. Bates H.E. Harvest moon YY English short stories of the 20 th century. – 1900-1950. Moscow: Raduga Publishers, 1998.-360-365p.
7. P.Whit. The invisible Man.- New York: G and C. Merriam Co, 1992.-225 p.
8. H.Y.Wells. The Sea and the stars.-New York: Earnes Noble, 1992.-207 p.
9. Айтматов Ч.Т. Кыямат. Роман. – Фрунзе:Адабият, 1998.-349б.
10. Эргешов А.Э., Гапаров С.С. Маданият жөнүндө маалымат. Бишкек: КМПУ, 1999.-168 б.
11. Жантөшев К. Каныбек. Роман. (1-2 китептер).-Фрунзе: Кыргызстан, 1985.-588-699 б.б.
12. Шмелев Д.Н., Иванова-Лукьянова Г.Н., Гловенская М.Л. Грамматические исследования, функционально-стилистический аспект: Суперсегментная фонетика. Морфологическая семантика – М.: Наука, 1989-287

УДК: 415.2

С. АСЛАН аспирант Ош МУ

Кыпчак карлук жана огуз тобундагы тилдерде этиштин жасалыш ыкмасы

Бул макалада кыргыз, өзбек, түркмөн жана түрк тилдериндеги сөз жасоо ыкмаларына, такпап айтканда этишти жасоочу мүчөлөргө көңүл бурулат. Алардын окшоштуктары жана айырмачылыктары изилденет.

In the given article the main attention is paid to the ways of word formation in Kyrgyz, uzbek, turkmen and Turkish languages. By giving the similarities and differences of verb formation.

В данной статье рассматривается методы слово построение глаголов в кыргызском, узбекском, туркменском и турецком языке и был исследован сходство и отличие.

Этиш жасоочу мүчөлөр түрк тилдеринде грамматика системасынын өзөгүн түзөт, сөздүк курамынын орчундуу бөлүгүн ээлейт, себеби урал-алтай тил уясы уңгуга мүчө жалганыш аркылуу сөз жасайт.

Кыргыз, түркмөн, өзбек жана түрк тилинде этиштин морфологиялык жол аркылуу жасалышы бири-бирине окшош. Бирок бири-бири менен окшошпогон айрым курандылар дагы бар. Ал эми бул курандылар жазылышы жагынан кээде болсо дагы көбүнчө маани жактан бири-бири менен маанилеш. Жогоруда айтылып кеткен тилдер арасында мүчө жактан эң бай кыргыз тили турат.

-ла курандысы:Урал-алтай тил уясынында этиш жасоочу эң өнүмдүү мүчө катары колдонулат. Ал эми бул куранды маани жактан жалганган этишке негиз аркылуу туюндурулган курал-жабдык, аспап, шайман ж.б нын жардамы менен иш-аракет жасоо, сапаттык белгиге мүнөздүү абалга келтирүү, акыл-эс сезимин аракетке келтирүү, чен-өлчөм боюнча иш-аракет жасоо сыяктуу маанилерди билдирет. Бул мүчө атооч жана сын атооч сөздөрдөн этиш жасайт [2].

Кыргыз тилинде: *-ла,-ле,-ло,-лө,-да,-де,-до,-дө,-та,-те,-то,-тө*

мисалы: -түзда, -ириңде, -кулпула, -тиште, -шордо

Түркмөн тилинде: *-la,-le*

мисалы: awlamak, bagyşlamak, derlemek, arzylamak, gözlemek, eýelemek, anyklamak

Өзбек тилинде: *-la*

мисалы: betonlamoq, qumlamoq, charhlamoq,tezlemoq,tekizlamoq

Түрк тилинде: *-la,-le*

мисалы: bağlamak,yağlamak,izlemek, terlemek, aklamak, temizlemek

-лан курандысы: -лан мүчөсү уланып жасалган этиштерге негиз аркылуу туюндурулган нерсеге мүнөздүү белгиге ээ болушу, нерсенин пайда кылышы жана нерсеге байланыштуу болгон процесстин, иш-аракеттин атын билдирет. Бул мүчө түрк тилдеринде *-ла* жана *-н* айкалыштарынан келип чыккан [4].

Кыргыз тилинде: *-лан,-лен,-лон,-лөн,-дан,-ден,-дон,-дөн,-тан,-тен,-тон,-төн*

мисалы: ачуулан-,шаттан-,эмгектен-,даттан-,жандан-, -ыракаттан

Түркмөн тилинде: *-len,-lan*

мисалы: gaharlanmak,gyzyklanmak,atlanmak,beslenmek

Өзбек тилинде: *-lan*

мисалы: pardalanmoq,butoklanmoq,darmonlanmoq,quwwetlenmoq

Түрк тилинде: *-lan,-len*

мисалы: faydalanmak,evlenmek,sinirlenmek,bağlanmak

-лаш курандысы:Бул мүчө түрк тилдеринде жалганган этишке негиз аркылуу туюндурулган нерсе боюнча биргелешип аткарылган кыймыл-аракетти жана туюндурулган нерсеге, сапатка, белгиге ээ болуу маанисин билдирет [3].

Кыргыз тилинде: *-лаш,-леш,-лош,-лөш,-даш,-деш,-дош,-дөш,-таш,-теш,-тош,-төш*

мисалы: -көмөктөш, -достош, -кыргыздаш, -коштош

Түркмөн тилинде: *-laş,-leş*

мисалы: gujaklaşmak,salamlaşmak,habarlaşmak,aralaşmak,baýlaşmak, bitewileşmek

Өзбек тилинде: *-lash*

мисалы: markazlashmoq,navbatlashmoq,hızmatlashmoq

Түрк тилинде: *-laş,-leş*

мисалы: merkezileşmek, kamulaşmak, katılaşmak, nöbetleşmek

-а курандысы:Бул мүчө түрк тилдеринде түрдүү сөз түркүмдөрүнөн этиш жасайт. *-а* мүчөсү уланып жасалган этиштерден зат атоочтон этиш жасаса тигил же бул процесске, ал-абалга келүүнү билдирет. Ал эми сын атооч этиш жасаса тигил же бул сапатка өтүүнү билдирет [1].

Кыргыз тилинде: *-а,-е,-о,-ө*

мисалы: -сана, -ойно, -кана, - түзө, -кыйна

Түркмөн тилинде: *-а*

мисалы: çañamak,boşamak,garramak

Өзбек тилинде: *-а*

мисалы: qonamoq, sonamoq, yashamoq,uynamoq, qiynamoq

Түрк тилинде: *-а,-е*

мисалы: oynamak, kanamak, yaşamak, boşamak

-ар курандысы:Бул мүчө кыргыз, түркмөн, өзбек жана түрк тилдеринде аз өнүмдүү мүчө болуп сын атоочтон жана этиштен этиш жасайт.
Кыргыз тилинде: *-ар,-ер,-ор,-өр*
мисалы: -агар, -көгөр, -бозор, -ичкер, -кыскар
Түркмөн тилинде: *-ar,-er*
мисалы: agarmak, başarmak ,öýermek, joşurmak, gögermek
Өзбек тилинде: *-ar,-er,-ir,-or*
мисалы: oqormoq ,qisqarmak
Түрк тилинде: *-ar,-er*
мисалы: kararmak, bozarmak, ağarmak, sararmak
-сы, -сын курандысы: Бул мүчө маани жакта уңгудагы сапатка, белгиге ээ болууну жана тиги же бул сапатка, белгиге макул эместикти билдирет. Ал эми бул мүчө түрк тилинде жок. Бул мүчө атооч сөздөрдөн этиш жасайт [4].
Кыргыз тилинде: *-сы,-си,-су,-сү,-сын,-син,-сун,-сүн*
мисалы:-мыктысы, -мыктысын, -баатырсы, -баатырсын
Түркмөн тилинде: *-sin, -syn*
мисалы: kemsinmek, owsynmak, towsynmak
Өзбек тилинде: *-si,-sin*
мисалы: botırsimoq, qiyinsimoq, uluqsimoq
Түрк тили бул мүчөгө ээ эмес.
-сыра курандысы:Бул мүчө кыргыз, түркмөн жана өзбек тилдеринде атооч жана сын атооч сөздөрдөн этиш жасайт.
Кыргыз тилинде: *-сыра,-сире,-сура,-сүрө*
мисалы:-кансыра, -жатсыра, -күмөнсүрө, -уйкусура
Түркмөн тилинде: *-sira, -syra*
мисалы: batyrsyramak, akylsyramak, oglansyramak
Өзбек тилинде: *-sira*
мисалы:tuzsiramoq, sensiramoq ,sizsiramoq, yatsiramoq
Түрк тили бул мүчөгө ээ эмес.
-ай курандысы: Бул мүчө кыргыз жана өзбек тилдеринде аз өнүмдүү абалда колдонулат. Бул мүчө эки тилде тең көбүнчө сын атоочтон этиш жасайт [4].
Кыргыз тилинде: *-ай,-ей,-ой,-өй*
мисалы: чоңой-,кеңей-,көбөй-,азай-
Өзбек тилинде: *-y,-ay*
мисалы: ko´paymoq,kartaymoq,karaymoq
Түркмөн тили жана түрк тили бул мүчөгө ээ эмес. Түркмөн жана түрк тилдеринде көбүнчө төмөндөгү мүчөлөргө дал келет.
Түркмөн тилинде: *-al,-el,-ıl,-il, -lan,-len*
Түрк тилинде: *-al,-el,-len,-lan*
мисалы:

Түркмөн	Түрк	Кыргыз	Өзбек
Köpelmek	Çoğalmak	көбөй-	ko´paymoq
Giñelmek	Genişlenmek	кеңей-	kengaymoq

-ык курандысы:Бул мүчө атоочтон жана этиштерден этиш жасайт. Түрк тилдеринде өнүмсүз мүчө катары колдонулат.
Кыргыз тилинде: *-ык,-ик,-ук,-үк*
мисалы: -бирик, -көзүк
Түркмөн тилинде: *-ik, -ük*
мисалы: birikmek, gözükmek
Өзбек тилинде: *-ik,-iq*
мисалы: birikmoq, kî´zikmoq
Түрк тилинде: *-ik,-ık,-uk,-ük*
мисалы: birikmek, gözükmek
-ылда курандысы:Кыргыз тилинде колдонулган бул мүчө тууранды сөздөрдөн этиш жасайт. Аз өнүмдүү мүчө катары колдонулат [5].

Кыргыз тилинде: *-ылда, -илде*
мисалы: -жыртылда, -бышылда, -жаркылда, -лепилде
Түркмөн, өзбек жана түрк тилдери бул мүчөгө ээ эмес.
-кыра курандысы: Бул мүчө дагы жогоруда түшүндүрүлгөн *-ылда* курандысына окшоп тууранды сөздөргө жалганып этиш жасайт. Аз өнүмдүү мүчө катары колдонулат [2].
Кыргыз тилинде: *-кыра, -кире, -куро,-күрө*
мисалы: -күркүрө, - шаркыра, - дүңгүрө
Түркмөн өзбек жана түрк тилдери бул мүчөгө ээ эмес.
-ырка курандысы:Кыргыз тилинде колдонулган бул мүчө атооч сөздөрдөн этиш жасайт. Өнүмдүү мүчө катары колдонулат [5].
Кыргыз тилинде: *-ырка, -ирке, -урко,-үркө*
мисалы: -күчүркө, -ташырк-
Түркмөн, өзбек жана түрк тилдери бул мүчөгө ээ эмес.
-кар курандысы: Бул мүчө кыргыз жана өзбек тилдеринде аз өнүмдүү мүчө болуп бир гана атоочтон этиш жасайт.
Кыргыз тилинде: *-кар,-кыр*
мисалы: -башкар, -каткыр
Өзбек тилинде: *-qor*
мисалы: boshqormoq
Түрк тили жана түркмөн тили бул мүчөгө ээ эмес.
-ша,-шы,-шу курандысы: Кыргыз тилинде колдонулган бул мүчө өнүмсүз болуп бир гана кээ бир атооч сөздөрдөн этиш жасоого катышат [2].
мисалы: -быкшы, -какшы, -ымшы, -шаңшы
Кыргыз тилинде кээ бир сөздөрдөн ажыратылбайт.
мисалы: *копшу, кепше, окшу*
-se,-sa курандысы: Түрк тилинде колдонулган бул мүчө өнүмсүз болуп атооч жана сын атооч сөздөрдөн этиш жасайт. Кыргыз, түркмөн жана өзбек тилдеринде дээрлик өз алдынча сөз жасоочу мүчө катары тааныльбайт. Бир гана *«суу»* сөзүнө уланып этиш жасайт [1].
Түрк тилинде: *-se,-sa*
мисалы: susamak,önemsemek,garipsemek

Кыргыз	Түркмөн	Өзбек
-сууса	Suwsamak	Suvsamoq

-msa,-mse курандысы: Түрк тилинде колдонулган бул мүчө атооч жана сын атооч сөздөрдөн этиш жасайт [1].
Түрк тилинде:*-msa,-mse*
мисалы: azımsamak,benimsemek,özümsemek,kötümsemek
Кыргыз, түркмөн жана өзбек тилдери бул мүчөгө ээ эмес.
-l курандысы:Түрк тилинде колдонулган бул мүчө атооч жана сын атооч сөздөрдөн этиш жасайт [4].
Түрк тилинде: *-l*
мисалы: kısalmak,doğrulmak,sivrilmek,incelmek
Кыргыз, түркмөн жана өзбек тилдери бул мүчөгө ээ эмес.
-el,-al курандысы: Түркмөн жана түрк тилдеринден колдонулган бул мүчө атооч жана сын атооч сөздөрдөн этиш жасайт.
Түркмөн тилинде: *-al,-el*
мисалы: azalmak, dikelmek,garalmak,könelmek,köpelmek,peselmek.saralmak,güýjelmek
Түрк тилинде: *-al,-el,-ıl,-il*
мисалы: azalmak,daralmak,çoğalmak,düzelmek,dikilmek,boşalmak,gencelmek
Кыргыз тили жана өзбек тили бул мүчөгө ээ эмес.

Демек, жогоруда түшүндүрүлгөн мүчөлөр дагы кыпчак карлук жана огуз тобундагы тилдеринде анчалык айырмасы жок экендигин далилдейт. Тактап айтканда сүйлөмдүн түзүлүшү кандай болорун жана кайсы сүйлөм мүчөлөрү катышарын этиш сөздүн лексикалык мааниси аныктайт.

Адабияттар

1. Türkçe Dilbilgisi, Ankara, 1994.
2. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. 1. Бөлүк. Фонетика жана морфология. Фрунзе, Мектеп, 1980.
3. Баскаков Н.А. Историко-типологическая морфология тюркских языков. – М.Наука, 1979.
4. Сравнительно- историческая грамматика тюркских языков. Морфология.- М.,Наука.1988.
5. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. 1. Бөлүк. Фонетика жана морфология. Фрунзе, Мектеп, 1980.

УДК: 415.2

С. АСЛАН. аспирант (Ош МУ)

Түрк тилинде жана кыргыз тилинде атооч жана этиштен сын атооч жасоочу окшош мүчөлөр

Бул макалада кыргыз жана түрк тилдериндеги сөз жасоо ыкмаларына, тактап айтканда атооч жана этиштен сын атооч жасоочу мүчөлөргө көңүл бурулат. Алардын окшоштуктары жана айырмачылыктары изилденет.

This article given the ways of word formation, especially the verb in Kyrgyz and Turkish languages.

В данной статье рассматривается пути слово построение, особенно глаголов в кыргызком и турецком языка.

Урал-алтай тил уясынын эң маанилүү жана сөз булагы эң терең орун алган кыргыз жана түрк тилдери өз ара тил мамилелерин өнүктүрүү, күчөтүү жана эки тилди байытуу максаты менен илимий изилдөөлөрдү көбөйүп ишке ашыруу максатында болушубуз керек. Боордош эки элдин тил мамилеси канчалык өнүксө, ортобузда турган алыстык аралыгы ошончолук кыскартууда болот. Боордош элдер экенибизди далилдеген бир гана ата-бабабыздан бизге калган тил жана тарых мурасы. Дүйнө тарыхында каармандык орун ээлеген түрк элдери тилекке каршы тил жагынан дүйнөлүк тилдер категориясында өзүнө ылайык орун ээлебеген. Себеби түрк тилдери менен байланыштуу туркологиялык изилдөөлөрнүн күн деминде болбогону жана мезгилдик саясий окуялардын өз ара байланыштарын үзүлгөнү десек болот. Ал эми эгемендүүлүккө ээ болгон түрк элдеринде туркологиялык изилдөөлөр, салыштырма грамматикага жана салыштырма адабиятка өзгөчө маани берилиш керек.

Сөз жасоонун бул ыкмасы жалпы урал-алтай тил уясынындагы тилдерде колдонулат. Кыргыз жана түрк тилдеринде сөз жасоо лексика-семантикалык, морфологиялык жана синтаксисттик ыкмалар аркылуу жасалат. Бирок бул үч ыкманын арасында эң кеңири колдонулган морфологиялык ыкма. Морфологиялык ыкма сөзгө сөз жасоочу мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу жаңы маанидеги сөздөрдү жасайт. Ал эми функционалдык жактан сөз жасоочу мүчөлөр өнүмдүү, аз өнүмдүү, өнүмсүз болуп үчкө бөлүнөт. Өнүмдүү мүчөлөр тилдин азыркы өсүш этабында көп сөздөрдүн жасалышында модель катары колдонулуп, сөздүк курамдын өсүшүнө арбын салым кошот. Аз өнүмдүү мүчөлөр болсо сөздөрдүн жасалышында өзүнчө модель албай, өнүмдүү мүчөлөргө салыштырмалуу азыраак сандагы сөздөрдү жасайт. Өнүмсүз мүчөлөр азыркы кезде дээрлик сөз жасоочу каражат болуудан калып, бирин-серин сөздөр сөздөрдүн жасалышына гана катышат.

Атооч сөздөн сын атооч жасоочу окшош мүчөлөр

Сын атоочтун морфологиялык жол менен жасалышы кыргыз жана түрк тилдеринде айырмалуу жана окшош аффикстерге ээ.

1 . -lı (-li, -lu, -lü) мүчөсү: Бул мүчө негиз аркылуу туюндурулган нерсенин затта бар, арбын, көп же мол экендигин билдирет. Бул мүчө кыргыз тилиндеги төмөндөгу мүчөлөргө дал келет [3].

-луу, -лүү, -дуу, -дүү, -туу, -түү

Бул мүчө түрк тилиндеги мааниси жактан кыргыз тили менен бирдей маани билдирет. Кыргыз тилиндеги байыркы формасы -лык, -лыг мүчөсү аркылуу жасалган.

Мисалы; akıllı, акылдуу
güçlü, күчтүү
paralı, акчалуу

Айрыкча бул мүчө түрк тилинде мааниси жактан жерге, орунга тиешелүүлүктү билдирет. Кыргыз тилинде төмөндөгу мүчөлөргө дал келет.

-лык, -лик, -дык, -дик, -тык, -тик

Мисалы; bişkekli, бишкектик
Şehirli, шаардык

2. -sız (-siz, -suz, -süz) мүчөсү; Бул мүчө кошулган сын атоочко мааниси жакта негиз аркылуу туюндурулган нерсенин жетишсиз, жок экендигин кандайдыр бир сапаттын касиетин жок экендигин, таптакыр жетишбегендигин билдирет [4].

Түрк тилинде бул мүчө мааниси жакта кыргыз тили менен бирдей мааниге ээ. Кыргыз тилинде төмөндөгу мүчөлөргө дал келет.

-сиз, сыз, -суз, -сүз,

Мисалы; yemeksiz, тамаксыз
susuz, суусуз
Sensiz, сенсиз

Айрыкча бул мүчө түрк тилинде жана кыргыз тилинде сан (sayı), эсеп (hesap)
деген сөздөргө жалганып, аныкталгычтагы ошол касиетин молдугун, көптүгүн билдирет.

Мисалы; sayısız ev, сансыз үй
hesapsız toprak, эсепсиз жер

a) -bî мүчөсү; Бул мүчө *-sız (-siz, -suz, -süz)* мүчөсү менен маанилеш.Бул мүчө фарсчада жоктукту билдирген префикс. Түрк тилиндеги бул мүчө осмон империясында колдонулган осмон тилинден түркчөгө калтырылган бир мүчө болуп калган.Бул мүчө фарс жана арап тилинен алынган жана осмон түркчөсүндөн түркчөгө калтырылган бир нече сөзгө жалганып колдонулат. Кыргыз тилинде *-бей, -бе* мүчөгө дал келет [5,4].

Мисалы; bîtaraf, бейтарап
bînamaz, бейнамаз
bîtap, алсыз
bîedep, бейадеп
бейпешене, çirkin
бенамыс, bînamus

b.)-na мүчөсү; Бул мүчө *-bî* мүчөсү менен маанилеш жана *-bî* мүчөсүнө окшоп осмон түркчөсүндөн түркчөгө калтырылган бир нече сөзгө жалганып колдонулган алдыңкы мүчө. Түрк тилде өтө сейрек колдолган бүл мүчө бир гана фарс тилинден алынган сөздөргө жалганып колдонулат. Кыргыз тилинде *-на* мүчөгө дал келет. Кыргыз тилинде эсептелүү сын атоочтор жасайт [5,4].

Мисалы; naçar, чарасыз
nahoş, жагымсыз
наадан, bilgisiz, nadan

3. -ki, -kü мүчөсү; Бул мүчө мезгилдик, мейкиндик маанидеги сөздөргө уланып, сын атоочко ошол мезгилге, жерге тиешелүү маани билдирет. Түрк тилинде бул мүчө мааниси жактан кыргыз тили менен бирдей мааниге ээ. Кыргыз тилинде төмөндөгү мүчөлөргө дал келет [2].

-гы, -ги, -гу, -гү, -кы, -ки, -ку, -кү;

Мисалы; bugünkü, бүгүнкү
dünkü, кечээги
sabahki, эрте мененки

Айрыкча *-ki, -kü* мүчөсүн өзүнчө кабыл албаган сөздөр дагы бар, булар шилтеме ат атоочтор менен бирге келгенде гана кабыл алат.

Мисалы; bu haftaki, бул жумаги

şu aydaki, ушул айдаги

4 .-daki (-deki),-taki (-teki) мүчөсү; Бул мүчөгө негизинен жатыш жөндөмөнүн мүчөсү уланып андан кийин *-ki, -kü* мүчөсү кошулганда татаал мүчө катары эсептелет. Түрк тилинде бул мүчө маани жактан *-ki, -kü* мүчөсүнүн маанисин туюндурат. Кыргыз тилинде төмөндөгү мүчөлөргө дал келет.[1].

-дагы, -деги, -догу, -дөгү, -тагы, -теги, -тогу, -төгү;

Мисалы;evdeki tabak, үйдөгө табак

yoldaki taş, жолдогу таш

sayfadaki yazı, беттеги жазуу

5. -lık, lik, - luk, lük мүчөсү; Бул мүчө аныкталгыч мезгилдик ченем касиетин, аныкталгычга арналуу касиетти жана аныкталгычтын көлөмдүк, өлчөмдүк ченем касиетин билдирет. Кыргыз тилинде дал жана маанилеш келген мүчө төмөндөгүлөр.[1].

-лык, -лик, -лук, -лүк, -дык, -дик, -дук, -дүк, -тык, -тик, -тук, -түк

Мисалы; kışlık elbise, кыштык кийим

yıllık buğday, жылдык буудай

Айрыкча бул мүчө кыргыз тилинде аныкталгычтын тегине карата орундук касиет белгисин билдирет. Түрк тилинде бул мүчөгө дал келген мүчөлөр төмөндөгүлөр.

-lı , -li, -lu, -lü

Мисалы; шаардык кыз, şehirli kız

айылдык бала, köylü çocuk

оштук чабан oşlu çoban

6. -daş, -deş мүчөсү; Бул мүчө туугандык тек-жай касиети, орундук тек-жай касиети, жашташ, кураташ касиети, ортоктоштук, биргелештик жана кимдир бирөө менен кандайдыр пикирдештик касиеттерин билдирет. Кыргыз тилинде бул мүчө этиш жасоочу *-ла* жана мезгилдик *-ыш* мүчөлөрүнүн биригишинен келип чыккан. Кыргыз тилинде бул мүчөгө дал келген мүчөлөр төмөндөгүлөр [1].

-лаш, -леш, -лош, -лөш, -даш, -деш, -дош, -дөш, -таш, -теш, -тош, -төш;

Мисалы; sınıftaş, классташ

köydeş, айылдаш

7. -î мүчөсү; Бул мүчө түрк тилин азыр да араб грамматикасына ылайык жасалган сын атоочтор арбын колдонулат. Ал тиги же бул нерсеге касиетке кубулушка карата алаканы, шайкештикти билдирет. Кыргыз тилинде илимий, адабий сыяктуу арап сөздөрүндө гана колдонулат. Кыргыз тилинде төмөндөгу мүчөлөргө дал келет [2].

-ий, -ый, -лык, -лик,-дык, -дик, -тык, -тик

Мисалы; ilmî, илимий

iktisadî, экономикалык

fizikî, физикалык

8. -çı, -çi, -çu, -çü мүчөсү; Бул мүчө аркылуу аныкталгычтын субьектин өзгөчө сапатын билдирет. Кыргыз тилинде дал келген жана маанилеш мүчө *-чу, -чү* болот [1].

Мисалы; sütçü kadın, сүтчү аял

tamirci çocuk, оңдочу бала

Этиштен сын атооч жасоочу окшош мүчөлөр

Странствуя от кочевья к кочевью, по зеленым пастбищам джайлоо, мудрые акыны-мыслители и просветители под аккомпанемент комуза несли в народ песни, сказания и эпические сказания – то печальные, овеянные романтикой, то гневные, зовущие к протесту против произвола богатеев-манапов, а позже и царских колонизаторов. В них нет ни духа уныния, ни рабской покорности, они полны оптимизма и веры в будущее. Это искусство не оставляет материального следа, как письменная литература, для него характерно «живое хождение», бережно хранимое памятью поколений. Очевидно, тогда и появились поговорки народа «Прелесть красавицы – в ее глазах, прелесть мудреца – в его словах» - «Сулуунун көркү – көзүндө, чечендин көркү– сөзүндө». На сборищах, где собирались люди: и стар, и млад, не раз можно было увидеть, как принимают устное поэтическое творчество не только убеленные сединой старцы, но и молодые люди. Первые молодеют, вторые тоже, кажется, взрослеют на глазах, потому что в этот момент их душевный возраст как бы уравнивается. И уже нет так называемой публики, нет посторонних, а есть внимание к услышанному, ибо оно, это услышанное ими, с самого детства было для человека простым, глубоко реальным и так близко, что благодаря силе переживания казалось – вот еще несколько усилий, и сам станешь рапсодом. В их душах сказалось все невыразимое, вечное, наивно-детское, лепечущее, когда печаль и радость мешаются в блаженном умиротворении.

Кажется, что само сказание, сама мудрость рождаются тут же стихийно под сводами юрты. Но ведь так оно и есть. В этом высшем смысле акынская поэзия подлинно народная, она не только раскрывает: что делали, к чему стремились, какие идеи распространяли различные классы общества. Она открывает Человека в мире и мир в Человеке, мы начинаем видеть самих себя, окружающий нас мир вновь и вновь. И жажда души нашей в этом смысле никогда не утолима. Не случайно существует поговорка: «сууну синген жерге куй, созду уккан жерге айт» - «Говори там, где слушают, воду лей там, где впитывается». Поэтому народ жаждет акынов-төкмө, сказителя, импровизатора, он видит в них неиссякаемый талант, совмещающий в себе работу коллектива и одаренного певца - сказителя, вскормленного и наделенного этим же коллективом способностью донести передовые мысли.

Искусство айтыш-спора – одно из почитаемых искусств в устном творчестве кыргызского народа. С древних времен у мыслителей (у кого есть глубинный талант «диалектика» - сталкивателя позиций, который высекает из этого сталкивания искры истины), оно было даже главным видом общения, главным рычагом с древних времен – в поисках истины через столкновения взглядов, так как все айтыши-состязания есть не что иное, как стремление певца опровергнуть истину соперника и утвердить свою в ситуациях подчас безысходных по силе противоречий. Недаром акынская поэзия, айтыши-состязания в народе с древних времен -

сплошные диспуты, схватки мнений – были тогда искусством добывать истину через соревнование взглядов. Айтыши-состязания – это летучий, самый живой и оперативный метод мышления. Точка зрения акына - оппонента, противостоящая тебе, обостряет ситуацию. Слушаешь его и одновременно слушаешь себя. И собственная идея оформляется в голове ясней и прочней.

Кроме того, каждое айтыш-состязание – это урок вежливости, урок корректности. Акын-төкмө расходится оппонентом почти по всем пунктам избранной темы, но это мирная и уважительная конфронтация, так как соперник-помощник, цель его - найти истину. Если защитник истины умеет усиливать ее слабые места, если он сам видит правоту доводов соперника, использует их, чтобы усилить их позицию, тогда айтыш- состязания – это Аначы апа – (Повитуха) истины, помогающая ей родиться и окрепнуть.

Но если в споре ищут не истину, а победу любой ценой, когда спорящие не умеют укреплять свою истину созвучными ей частицами чужой истины, тогда айтыш воспринимается в качестве могильщика истины. Такая соревновательность, такой путь к славе осуждается народом. Талант и сила певцов и сказителей, представляющих демократическо-просветительскую идеологию прошлого удивительны и поражают воображение. Их опыт и знание живут во всем, что есть «лучшая тайной свободой», что сохранилось до наших дней, начиная с творений акынов-төкмө средневековья – Кетбука и Айгана, их последователей – Жеңижока, Токтогула, Э.Турсуналиева, З.Усенбаева. Акыны - төкмө, просветители, будучи детьми своего народа, своего времени, умели все-таки по-своему жить и любить народ, смело вступают в бой с окружающим миром. Вникая в музыку и содержание их поэзии, слушая напевы современных акынов-төкмө, поневоле возникает непростой вопрос, ответив на который можно приблизиться к пониманию сути акынской поэзии: где ее корни, и в чем причина ее бессмертия? Ответ на него мы находим в одной из песен акына Жеңижока:

Легко ли быть акыном?
Чтобы мысли мудрые воспеть.
Надо жить среди народа
И отобрать золотые зерна слова
Внемли мудрым сказаниям народа,
Вникая в их смысл до конца [2].

Не в этом ли кроются истоки невероятно глубочайшего реализма в творчестве представителей акынской поэзии: и приподнятого, возвышенного и бытового.

Путешествуя по неповторимому творческому миру акынов-мыслителей, мы отдаем дань глубокого уважения ко всем акынам-певцам, мыслителям-просветителям, гуманистам нашего прошлого народа - отверженным, дерзким, рвущимся в бой с оружием-стихами – призваниями, стихами-назиданиями, терме.

Искусный и мудрый акын-төкмө Жеңижок (о находчивости и красноречии которого повествуют сотни легенд) – самый заметный певец из всех славных личностей прошлого. Жеңижок, как Токтогул и Барпы принадлежит к тому поколению акынов-просветителей, акынов-демократов, которые в дореволюционные годы будили самосознание народа, готовили почву для восприятия идей революции.

В истории развития социально- философской мысли кыргызского народа заслуга Жеңижока в том, что он выступает и как вдумчивый акын-төкмө и как мыслитель-философ, импровизатор, акын-борец, пытающийся разобраться в социально-экономическом положении современников. По воспоминаниям современников это был яркий человек, чистые и строгие черты прекрасного лица, говорящие о внутренней сосредоточенности, одухотворенности, благородства - таким он предстает перед нами в стихах своих современников. Судьба подарила ему удивительную жизнь и искрометный дар поэта. Но судьба акына-төкмө складывалась не просто, на его долю выпало немало испытаний. Горе, если избирает кого-то, то оно не хочет отставать и угомониться. Оставшемуся без материнской ласки, затем и отцовской поддержки, Жеңижоку смолоду пришлось познать муки и унижения.

Непросто свершилось становление характера будущего акына-гуманиста, его взглядов и убеждений. Он рос рядом с орлами, среди ущелий, бешеных потоков, величавых каменных хребтов, сияния ледников и песен горных ветров северной и южной частей Кыргызстана.

Гремит его молодой, задорный голос – он обращается к имущим, духовенству, его колючие слова падают на головы как огненный дождь, слушатель мог заметить иногда где-то в уголках его

глаз ироническую искорку, которая мгновенно вспыхивала и так же мгновенно гасла. Любимец народа никогда не подлаживался к баям-манапам, их прислужникам – придворным певцам, муллам, он беспощадно бичевал всякую ложь, подлость, лицемерие. Прямота благородного юноши, великая его принципиальность возвышали и укрепляли авторитет, и сердца простолюдинов влекла к нему все возрастающую любовь. Мелодии его комуза радовали людей волшебными звуками, а искрометные песни и стихи призывали к гуманизму и философским размышлениям. В каждой из них мы чувствуем эту любовь к Человеку, слышим волнующий и зовущий голос мыслителя:

Человек не вечен в этом мире.
Душа его хрупка и нежна.
Не причиняй ему боли [2].

Эти строки подтверждают, что сам акын-гуманист, перед которым трепетали манапы, баи и их прислужники, обладал душой нежной, мягкой и легкоранимой. Именно поэтому он использует такие слова, которые запоминались на всю жизнь до самой смерти, и даже потом, канув в вечность, они продолжают жить где-то в потаенных уголках душ каждого кыргыза. Свои выступления, свои айтыши он превращает в увлекательное зрелище. Каждая его песня, каждая беседа-размышление – это школа мудрости для нас, это образец прекрасного и смелого искусства, где творец выступает свободным как личность.Его нередко называют «актаңдай акын-төкмө». «Я хочу особо подчеркнуть, - пишет Чынгыз Айтматов, - что сила и мощь песен Жеңижока отличается глубоким философским содержанием и высоким поэтическим выражением, покорившим слушателя и читателя»[3].

Огромной любовью и популярностью пользовались в народе сказители-манасчи, искусство которых уходит корнями в седую древность. Публичные выступления сказителей-манасчи, акынов- төкмө приобретают все большую значимость и в наши дни. Ярким представителем этого творческого направления является крупнейший акын-сказитель нашего времени Саякбай Каралаев, в произведениях которого отражено стремление показать через историческую призму жизнь своего народа такой, какая она была на самом деле. Каждая встреча с ним – это праздник для чабанов, табунщиков. Для молодого поколения сказитель и акын-мыслитель – и мудрый наставник, его сказания – это университет углубленных знаний, уважения к старшим и традициям народа. Это объясняется тем, что сказитель обладает, прежде всего, природным художественно-философским даром.

Если в сознании народа имеются противоречия и ограниченности, то это связано с условиями его жизни. Поэтому и попадаются такие произведения устного народного творчества, в которых отражаются не только прогрессивные, но и реакционные взгляды. Некоторые из них кажутся нелепыми в условиях жизни нашей действительности.

Какими бы нелепыми для современного человека не казались содержания пословиц и поговорок таких как: «Кудай деген өлбөйт» - «Кто уповает на бога, тот не умрет», «Байды сүйгөн бай болот» - «Кто любит бая, станет бием», - это наше прошлое. Темнота, забитость не позволяли массам, верно судить о жизни, были почвой для ложных представлений. Так в народную среду проникали различные мнимопатриотические пословицы и поговорки и поговорки, выражающие идеи смирения и покорности. Какой след оставили они в человеке? Как объяснить секрет непереходящей внутренней молодости народного устного поэтического творчества? И чем больше читаешь о мудрости народа, тем тверже убеждаешься, что секрет ее молодости состоит в той неукротимой гражданской активности, которая всегда отличала лучшие достижения мудрости народа.

Литература

1.Бартольд В.В. Киргизы (исторический очерк). - Фрунзе. 1927.
2. Жеңижок. Ырлар.- Фрунзе. Кыргызстан. 1982.
3.История Киргизской ССР. - Фрунзе. Кыргызстан. 1984.

УДК:800.415:408/409

Капарова К.М., Султаналиева Н.С., ОшТУ

Создание оценочных значений средствами словообразования

Статьяда суффикстердин субъективдүү баалулугу кыскача берилет. Алардын көркөм текстинде орус жана кыргыз тилинде пайдаланышы каралат.

В статье дается краткое описание суффиксов субъективной оценки. Рассматривается использование их в художественном тексте в русском и киргизском языках.

In the article is given a short description of suffexes subjective marks. It deals their uses in the texts in russion and kyrghyz languages.

Русский язык чрезвычайно богат суффиксами субъективной оценки. Эти суффиксы русские грамматисты первой половины Х1Х века признавали формообразующими, а другие, наоборот, считали словообразующими. По Виноградову, они «суффиксы не словообразующие, а формообразующие. При их посредстве выражаются самые разнообразные оттенки экспрессии: сочувствие, ирония, пренебрежение, злоба, пестрая и противоречивая гамма эмоций и оценок [1].

Однако В.В.Виноградов, указывая на частые случаи превращения уменьшительно-ласкательной формы в особое самостоятельное слово, делает оговорку, что «формы субъективной оценки имен существительных занимают промежуточное, переходное положение между формами слова и разными словами (ср. совсем разные слова: *черепок и череп*; *вода и водка*, *чаша и чашка* и т.п.)». Однако, как считают Н.Е. Петров и др. приобретение нового лексического значения уменьшительно-ласкательными формами отдельных слов относится к области исторического развития лексики и не имеет прямой связи с грамматической сущностью субъективно-оценочных суффиксов. Некоторые из этих форм терминологическим значением, вероятно, наделены благодаря переносному употреблению слов и способам номинации по аналогии сходства или смежности (ср. *рука* и *ручка дверная* и *пишущая, вода* и *водка* и др.) [2].

Следовательно, указанные суффиксы, как таковые, всецело относятся к способам формообразования. С помощью их образуются модальные формы имен, которые грамматически выражают отношение говорящего к называемому предмету или признаку. При этом чаще всего экспрессивно-эмоциональная семантика суффиксов оценки служит для модальной характеристики высказывания в целом, для выражения отношения говорящего к собеседнику, предмету речи в процессе общения. Как метко отметил А.Н.Гвоздев, «в следующих бытовых фразах: *Подождите минутку! Не хотите ли чайку? Останьтесь еще на денек!* – суффиксы ласкательности служат выражением учтивого, ласкового обращения к собеседнику, а не какой-то ласки в отношении таких понятий, как *минута, чай, день*» [3].

Данная особенность употребления суффиксов субъективной оценки говорит о том, что их значение, как и всякая модальная семантика, проявляется на уровне синтаксиса и речи.

В.В.Виноградов субъективную оценку, эмоциональную квалификацию говорящего, выраженные грамматически, неизменно считал модальностью. Однако аффиксы субъективной оценки имен существительных и прилагательных он не причислял к средствам выражения модальности. Причиной этого, видимо, нужно считать вышеупомянутый подход к суффиксам оценки через призму деривации, так как существует тенденция всецело отделить словообразование от грамматики (морфологии).

В русском языке суффиксы субъективной оценки могут выражать нежность, любовь, естественную ласковость, слащавость, растроганность, приторное сюсюканье, разные оттенки сочувствия, ласки, уважения, стремления представить с лучшей стороны, идеализировать изображаемое или высказать отрицательное отношение к нему: злобу, высмеивание, иронию, презрение, пренебрежение, уничижение, дискредитирование изображаемого. Их надо отделить от выразительной (эмоциональной и экспрессивной) лексики, т.е. от слов, которые своим вещественным значением обозначают разные оттенки эмоциональных и экспрессивных понятий. К этим словам аффиксы оценки относятся так, как относятся грамматические способы словообразования к производной лексике, или грамматическое время относится к словам типа *раньше*, *сейчас*, *потом*, называющим временные понятия.

В этой связи можно ссылаться на В.В.Виноградова, который говорил о необходимости «решительно отделять формы степеней сравнения» от форм субъективной оценки прилагательных. Значение последних «состоит не в выражении соотношений между качествами предметов, а в выражении отношения субъекта к качеству предмета. Если признать это разграничение, то придется отнести к категории субъективной оценки и формы прилагательных с

приставками: *пре-, раз-* и *наи*, а также: *сверх-, архи-, ультра-*». Следовательно, указанные префиксы нужно также относить к аффиксальным средствам выражения модальности.

Суффиксы субъективной оценки в стилистическом отношении по А.И.Ефимову, можно разделить на две основные группы: уменьшительно-характеристические и увеличительно-характеристические. Но так как экспрессией обладают далеко не все уменьшительные суффиксы, то необходимо провести еще дополнительную градацию уменьшительных суффиксов [4].

Вообще, вызывает интерес не столько явление уменьшительности или увеличительности, т.е. количественные показатели, сколько те качественные признаки, а также изобразительные возможности, которые обычно стоят за разными видами оценок, сообщаемых суффиксами. Известно, что многие слова с уменьшительными суффиксами типа *молоточек*, *валик*, *наковаленка* и др. лишены оценочной экспрессии. Поэтому у них нет соответствующих увеличительных образований: в технической литературе наряду со словами *валик*, *скобка* не употребляются формы *валище*, *скобища* и т.п. Следовательно, оценочность – это основа экспрессии субъективных суффиксов. Она обнаруживается путем сопоставления слова с уменьшительно-ласкательным суффиксом и его исходной формы.

К примеру, экспрессия слов *зятек*, *князек*, *кумушка* станет очевидной, если мы соотнесем их с нейтральными формами *зять*, *князь*, *кума*. При этом нельзя не учитывать роли контекста, например, слово *книжка*, является не только уменьшительной формой от слова *книга*, но и сообщает оттенок пренебрежения или презрения.

Для стилистики далеко не безразлично, где, в каких стилевых разновидностях речи употребляются уменьшительные и увеличительные суффиксы оценочного характера. Сфера применения оценочных суффиксов довольно ограниченна: они употребляются в стилях художественной литературы, в фольклоре, в детской речи или в обращении к детям. Но они совсем не приняты в научной речи, в документально-деловой переписке, в профессионально-технической литературе. В эпистолярных стилях они вполне закономерны, потому что письма приближаются по строю речи к нормам и приемам обычного разговора. В художественных произведениях в авторской речи эти суффиксы обнаруживают элемент оценочности, симпатии и антипатии автора.

В основу стилистической классификации суффиксов субъективной оценки кладется не количественный, а качественный признак, так как приходится учитывать самые виды оценки, которая в них заложена. В соответствии с этим, например, уменьшительные суффиксы разделяются на две основные категория. Обладающие двумя резко выраженными и противоположными видами экспрессии. Первая группа – одобрительно-характеристические суффиксы, вторая – неодобрительно-пренебрежительные. Например, к одобрительно-характеристической оценке можно отнести ласкательность. Известно, что ласкательное значение обычно появляется в тех случаях, когда со словом не связано представление о величине: *чаек*, *сахарок*, *табачок*, *водичка*, *мучка*. Иногда эти суффиксы выражают ироническое отношение, которое тоже входит в понятие оценки. Ирония создается обычно в тех случаях, когда уменьшительно-характеристический суффикс присоединяется к слову, связанному со значением важности, солидности: *школка*, *теорийка*, *идейка*.

Другая группа суффиксов – уменьшительно-характеристические. Это неодобрительно-оценочные суффиксы. К ним относятся *–онка*, *-енка (душонка, лавчонка)*.

В художественной речи сложилась давняя традиция стилистического использования слов с аффиксами субъективной оценки. Обращение писателей к экспрессивному словообразованию в разные эпохи отражало не только лингвистический вкус времени, но и условности литературных стилей и методов.

Пронаблюдаем суффиксы субъективной оценки в произведении М.Шолохова «Тихий Дон» и его перевода на киргизский язык.

В речи персонажей часто воспроизводится экспрессия ласки, например:

- *За такую-то* ***весточку***, ***милушка*** ты мой… *Как же это я так… Постой-ка, угощу тебя*… [5. IV т., 283].

- *Тура тур, алып келген* ***куш тилиндей кабарын*** *учун, ой*, ***садага болоюнум***… *Ой, эсимди жейин… Шашпай тур, сыйлашым керек да сени*… [6. IV т., 336].

Ну, садись. Сем-ка я ***блинчиков*** *достану*? [5, I т., 208].

Кана отур. ***Май челпек*** *салып келип берейинби*? [6. I т., 255].

В киргизском варианте отсутствует оценочное значение.

Хозяюшка, вы бы нам ***самоварчик***, а? [5. III т., 84].

Келинчек, бизге ***самоор*** *койсонуз кантет, а*? [6. III т., 104].

В слове самоварчик суффикс ***–чик*** выражает яркое уменьшительно-ласкательное отношение, когда в киргизском варианте слово ***самоор*** не имеет оценочного значения.

Вот она ***землица****-любушка, хозяина ждет* [5. III т., 248].

Тигине, садагасы кетейин ***жерибиз*** *ээсин кутуп жаткан тура* [6. III т., 346].

Слово ***землица*** в русском варианте передает значение уменьшительности-ласкательности, слово ***жерибиз*** придает оценочное ласкательное значение.

В речи персонажей могут включаться принятые в фольклоре формы выражения.

Вот бумажник, ***соколик ты мой*** [5. IV т., 294].

Кагаздар мына, ***садаган кетейин*** [6. IV т., 349].

Соловушки *– музыканты* [5. II т., 40].

А ***булбулдар*** *– музыканттар* [6. II т., 45].

Касатушки *– великанты* [5. II т., 40].

Карлыгачтар *– великанттар* [6. II т., 45].

Уж ты, ***дедушка-ведьмедюшка***,

Задери мою ***коровушку***,

Опростай мою ***головушку*** [5. III т., 285].

Ой, ***кара доо*** *болсончу*

Уюмду *келип сойсончу,*

Башымды *мойсоп койсончу* [6. III, 359].

В русском варианте выделенные производные выражают уменьшительно-ласкательное значение с оттенком фольклорности и простонародности.

В киргизском варианте в вышеприведенных примерах дополнительное оценочное значение не наблюдается.

В рассматриваемых ниже примерах из указанного произведения уменьшительно-ласкательные суффиксы приобретают отрицательную экспрессию, выражая презрение, пренебрежение.

А всему виной этот проклятый трус ***атаманишка***! [5. IV т., 101].

Баарына кунолуу мобу каргыш тийген коркок ***атаман сөрөй*** [6. IV т., 118].

В русском варианте ***атаманишка*** выражает отрицательную экспрессию с оттенком пренебрежения, некую ненависть, презрение. В киргизском варианте дается попытка выразить значение пренебрежения, при помощи слова ***сөрөй,*** означающий *как бы, подобие,* изображающий из себя, с видом атамана, в данном случае офицера.

Сегодня утром брала она у меня из кармана деньги, перед тем как идти в булочную, и напала на эту ***книжонку*** [5. I т., 277].

Бугун эртен менен нан алып келиш учун менин чонтогумон акча алып атып, ушул ***дептерчени*** *коро койду* [6. I т., 34].

В русском варианте производное выражает неодобрительное пренебрежительное отношение, в киргизском это передается при помощи аффикса ***–че.***

- Ты кто таков? Красный! Ага, ***братцы****, он! Вот у него и звезда на папахе. По-па-ал-ся, ааа!..* [5. III т., 261].

- Сен кимсин? Кызылсынбы? Ого, ***туугандар*** *так озу экен! Мына, папагында жылдызы да бар турбайбы. Колго тушту-ун го-о, ыя?* [6. III т., 330].

В русском варианте производное ***братцы*** выражает отрицательную оценку ситуации с оттенком ехидности. В киргизском варианте дополнительное значение передает предложение в целом, производное ***туугандар*** не имеет оценочного значения.

Он (верховой) шел броским наметом, левой рукой придерживал фуражку, в правой вяло вился запыленный красный ***флажок*** **[5.** I т., 227].

Ал (атчан), сол колу менен фуражкасын баса кармап, он колу менен чандап калган кызыл ***желекчени*** *шолпулдото которуп текирен таскак менен келатты* [6. I т., 279].

В русском варианте производное ***флажок*** придает уменьшительно-неодобрительное, пренебрежительное значение, в киргизском это значение выражается при помощи аффикса ***–че***.

Минут через двадцать (Бунчук) подошел к угловому неказистому ***домику*** [5. II т., 23].

Жыйырма чакты мунөттөн кийин бурчта турган жупуну ***үйгө*** *келди* [6. II т., 23].

В русском варианте производное ***домик*** придает уменьшительно-неодобрительное значение с оттенком уничижительности, в киргизском – слово ***үй*** не носит дополнительного оценочного значения.

Использование выразительных возможностей словообразования характеризует стиль многих современных писателей.

Отметим, что категория экспрессивной оценки, так богато представленная в русском языке, весьма слабо выражена в киргизском. Следовательно, предстоит еще расширенное наблюдение суффиксов субъективной оценки в русском языке в аспекте изучения их в киргизском.

Литература

1. Виноградов В.В. Русский язык. Грамматическое учение о слове. М.: Учпедгиз, 1947, с. 113.
2. Петров Н.Е. О содержании и объеме языковой модальности. Издательство «Наука». Новосибирск, 1982. С.
3. Гвоздев А.Н. Современный русский литературный язык. Ч. 1. Фонетика и морфология, 4-е изд. М.: Просвещение, 1973. С. 209. 40.
4. Ефимов А.И. Стилистика русского языка. Изд-во «Просвещение». М., 1969. С. 144.
5. Шолохов М. Тихий Дон. В 4-х т. М.: Художественная литература, 1986.
6. Шолохов М. Тынч Дон. Фрунзе: Кыргызстан, 1980.

УДК:371.3:482

З.Ж., Каразакова, Ош МУ

Улуттук тайпаларда текст менен иштөөнүн ыкмалары

Макалада улуттук тайпаларда «Чечендик өнөр» деген менен иштөөнүн ыкмалары берилди.

The article deals with the ways of realizing «Handicralis professionallu» in groups of native speakears.

Текст – лингвистикалык, психологиялык, социологиялык, философиялык, этика-эстетикалык, стилдик, логика-прагматикалык көрүнүштөрдү кучагына камтыган жалпы маданий кубулуш.

Текст белгилүү бир темага, билим берүүчүлүк максатка багытталган, тиешелүү предметти, информацияны туюндуруш үчүн түзүлүп, анда семантикалык-коммуникативдик, структуралык жана функционалдык-стилдик бүтүндүк болушу зарыл.

Улуттук тайпаларда кыргыз тилин окутууда негизги ролду текст ээлей тургандыгы маалым. Кеп кандай текст менен кантип иштөөдө турат. Анткени, билим берүүнүн негизги максаттары так ошол (окутуучу тандаган) текст аркылуу ишке ашат, башкача айтканда, тема боюнча кеңири маалымат алат, өз оюн жазуу жана оозеки түрдө сабаттуу, так, түшүнүктүү туюндурууга, алган жаңы билимдерин турмушта колдоно алууга үйрөнөт. Мындан сырткары ар бир студентте текстке болгон кызыгуу пайда болот. Бул – адам табиятына, тарыхка, коомго, келечекке, жашоо-турмушка ж.б. кызыгуу.

Заманбап билим берүүнүн талабына жараша текстти белгилүү бир максатка, студенттердин кабыл алуусуна ылайык түзүп, аны мыкты усулдар менен иштөө - ар бир окутуучунун милдети.

Текст түзүүдө же тандоодо сабактын максаттарын, күтүлүүчү натыйжаларын, студенттин кабыл алуусун, жазуу жана оозеки кептерин өнүктүрүү максатын, кеп маданиятынын жогорулоо деңгээлин, аны турмушта колдоно алуу багытын эске алуу керек.

Мына ушул багытта төмөндөгү «Чечендик өнөр» тексти менен иштөөнүн бир усулун жаш окутуучаларга сунуш этүүгө болот.

Бир сабакта тема боюнча бардык маалыматтарды толугу менен камтып кетүүгө мүмкүн эмес. Андыктан студенттерди кызыктыруу максатында кээ бирлерин үзүндү катары берүү

ылайыктуу. Алар өздөрү изденип таап окууга багыт алышат. Мисалга, төмөндөгү накыл сөздөр жазылган баракчаларды доскага илип коюп, окутуучу багыттоо максатында учкай, кызыктуу маалыматтардан айтып берет.

Жээренчедей чечен бол,
Толубайдай сынчы бол,
Токтогулдай ырчы бол. (Эл сөзү)

Нукура акыл сурасаң Сарт акеге,
Ыйык бата сурасаң Мойут акеге,
Асыл сөз сурасаң Тилекмат акеге бар. (Эл накылы)

Калпыс сөздү айтпаган, калыстыктан кайтпаган,
Жакынына тартпаган, жардыга доомат артпаган.
Айтканы элге эм болгон, телегейи тең болгон,
Ал биздин Кыдырды Кызыралейсалам колдогон (Элден) [2].

Сабактын темасы: Чечендик өнөр

Сабактын максаты: 1) чечендик өнөр, түрлөрү, чечендикти аркалагандардын айырмачылыгы, кыргыз элинин сөз баккан, айтылуу чечендеринин айтымдары жөнүндө маалымат берүү;

2) адам турмушундагы сөздүн маанисин, чечен сөздүн дүйнөгө, коомдук жана үй-бүлөлүк мамилелерге болгон таасирин, акыл-насаат жагынан таалим-тарбия берүүдөгү артыкчылыгын түшүндүрүү менен ар бир сөзгө маани берүүгө, чечендик өнөрдү өнүктүрүүгө салым кошууга үйрөтүү, аларды турмушта колдонууга жана кыргыз элинин көөнөргүс мурастарын сыйлоого, сактоого тарбиялоо;

3) текст жана көнүгүүлөр аркылуу студенттердин сөздүк корун байытуу, өз алдынча эркин ой жүгүртүүсүн калыптандыруу, оозеки сабаттуулугун өнүктүрүү. Алган билимдерин турмушта колдоно билүүгө машыктыруу;

Күтүлүүчү натыйжалар: - чечендик өнөр жана анын түрлөрү, өзгөчөлүктөрү, айтылуу чечендер тууралуу маалымат алышат;

- лексикалык теманын негизинде сөздүк кору байыйт. Кыргыз элинин улуулугуна жана сөз өнөрүн өтө жогору баалагандыгына дагы бир жолу күбө болушат.

Сабактын жабдылышы: текттер, сүрөттөр (айрым чечендердин), презентацияга пайдаланылуучу баш жана сырт кийимдер.

Сабактын тиби: жаңы билим берүү.

Сабактын усулу: музжаргыч, концептуалдык карта, синквейн, текстти ролдоштуруу, чаташкан логикалык чынжыр, талкуу, эссе.

Сабактын болжолдуу регламенти:

1. Уюштуруу; 2.Жаңы тема: а) чакыруу; б) билдирүү; в) бышыктоо
5. Үйгө, СӨАИге тапшырмаларды берүү; 6. Баалоо

Сабактын жүрүшү:

Уюштуруу:

Сабак таймаш ыкмасынын негизинде жүрөт. Окутуучу ар бир турду эскертип турат. Тайпа мурдагы сабакта үч топко (1-топ – «Мурас», 2-топ – «Кыял», 3-топ – «Даанышман») бөлүнгөн. Сабак башталарда окутуучу баалоонун критерийлерин студенттерге тааныштырып, топтор бири-бирин (М: 1-топ 2-3-топту…) баалай тургандыгын эскертет.

Студенттердин бири-бирин баалашы - сабактын максатына жетүүнүн бирден-бир жолу. Бул аркылуу өзүн, башканы сыйлай жана сындай билүүгө үйрөнөт. Мындай баалоодо эч кандай кемсинүү, ич ара капа болуу, ар кандай талаш-тартыштар деген болбойт.

Баалоонун критерийлерин да студенттер өздөрү тандаганы сабактын эффективдүүлүгүн жогорулатат. М., презентация (стратегияны туура тандоо, көрсөтмөлүү, чыгармачылык менен түшүндүрүү), таратмаларга так, туура жооп берүү, талкууга активдүү катышуу, кептин тууралуулугу, байлыгы, тактыгы, адеби, топтун активдүүлүгү, талкуунун жүрүшүндө алгылыктуу пикир-сунуштарды айтуусу, активдүү студенттер (баллды да өздөрү коюшат).

Сабактын алтын эрежелери (тайпа өзү аныктаганы артык) жазылган баракча доскада ар дайым илинип турат. М., кол телефонду өчүрүү, бири-бирин сыйлоо, убакытты туура пайдалануу, сабакка активдүү катышуу, адеп сактоо.

I тур. *Музжаргыч* – «**Кар томологу**» оюну

Максаты – аз убакыт ичинде эске тутуу, бат ой жүгүртүү жана ишеним атмосферасын түзүү.

Угуучулар ай тегерек болуп отурушат. Окутуучу тарабынан белгилүү тема сунушталат. Топто отургандардын бири темага байланыштуу сүйлөмдүн биринчи сөзүн айтат, кийинкиси ал сөздү кайталоо менен сүйлөмгө өз сөзүн кошуп улантууга тийиш. Ошентип оюнга катышуучулардын эң акыркысы сүйлөмдү аягына чыгарат. Оюн отургандардын бири сөз таба албай калганга чейин улантылат, эгерде музжаргычтын эрежеси бузулса, оюн кийинки оюнчуга өткөрүлөт [3.9-б].

Үлгү: Окутуучу тарбия, устат тууралуу теманы сунуштайт.

Ата (1-студент) – энелер (2-студент) – өз – перзенттеринин – адеп – ахлактуу – болуп – өсүп – жетилүүлөрү - үчүн – чындыгында – мыкты – устаттардын – жардамына – муктаж – болушат.

Чакыруу. Окутуучу Чаташкан логикалык чынжыр ыкмасын пайдаланып, чаташкан сүйлөм мүчөлөрү жазылган баракчаларды доскага илет. Студенттер сүйлөм мүчөлөрүн өз орун тартиби боюнча жайгаштырышат. (1-тартипке келтирген топ, туура жоопту доскага жазат) [1].

Үлгү: *чечен Өзгөчө так таамай сөздөр орундуу кырдаалда деп белгилешкен курч сөздөрдү кооз айтылган*

Өзгөчө кырдаалда айтылган курч, таамай, так, кооз орундуу сөздөрдү «чечен сөздөр» деп белгилешкен.

II тур. Окутуучу жогорудагы сүйлөмдөрдө эмне жөнүндө сөз болгондугун сурайт. Студенттер чечен сөздөр, чечендик өнөр тууралуу түзүлгөндүгүн айтышат.

Окутуучу: *Чечен деп кандай адамдарды айтууга болот? Айтылуу чечендерден кимдерди билесиңер?*

Студенттердин болжолдуу жооптору*: Чечендер зээндүү, сөзмөр, өзгөчө таланттуу болушат. Алар сүйлөгөндө эл берилип, ырахаттанып угат…*

*Акыл Карачач, Жээренче чечен (*Билген мааламаттары боюнча пикир алмашышат*).*

Окутуучу*: Азаматтар, чечендик өнөр, чечендер тууралуу бир кыйла маалыматыңар бар экен.*

Чечендик өнөр, чечендер, чечен сөздөр тууралуу ушул сабакта кеңири сөз кылалы.

*Демек, бүгүнкү лексикалык тема – «**Чечендик өнөр».***

Чындыгында кыргыз эли сөз өнөрүн жогору баалашат. Алар сөзмөр адамды кадырлап, ага урмат көрсөтүшөт. Чечендердин сүйлөгөн сөздөрүн даңктап, кеп кылышат…

Билдирүү. Окутуучу тарабынан 3 топко 3 түрдүү тексттер таркатылып, текст менен иштөө боюнча көрсөтмө берилет.

1. Топтогу ар бир студент өз бөлүгүн белгиленген убакытта окуп чыгып, жупта, топто ой бөлүшүшөт.

2. Каалаган стратегиянын негизинде чыгармачылык менен презентациялашат.

Дааныштма» тобуна берилүүчү текст

Жээренче чеченге аялынын өлгөнүн угузуу

Аттан түшүп, жай сурап отурганда, бир карыя чеченге кайрылат:

-Ээ, чеченим, бул дүйнөдө үчөө: агып жаткан суу, асман тиреген тоо, ааламды жаркын нурга бөлөгөн күн өлбөйт дейт, чынбы?

-Жок алар да өлөт. Кычырап кыш келип, борошолоп кар жааса, тоонун башын ак басат - өлбөгөндө не болду? Арылдап аккан дайра жок, булактын көзүн муз басса, суу өлбөгөндө не болду? Асманда булут ойноктоп, нурду жерге жеткирбейт – күн өлбөгөндө не болду?

-Ээ, чеченим, анда адамзатка келелик: Атасы өлгөн не болот?

-Атасы өлгөн аскар-зооң ураган менен тең болот. Куудай сакалын агартып, төрдө отурса атакең – аскар-зоо болбогондо не?

-Энеси өлгөн не болот?

-Энеси өлгөн – элин жоо чапкан менен тең барабар.

-Баласы өлгөн не болот?

-Өзөгүң өрт алган менен тең болот. Өрттөнсө өзөк - тукум жок, өчкөнү болот отундун.

-Ээ, чеченим, эң акыркы бир собол – катыны өлгөн не болот?

Ошондо Жээренче чечен ыргып кеткен экен:

- Атаңдын көрү, катыным өлгөн турбайбы? Карыганда кууратып, төрт баш бир жаздыкка жатып калган экенбиз.

Ошондо баягы карыя чеченге кайрылат:

-Ашык кетсем, кечирип кой, чеченим, «Карыганда кууратып, төрт баш бир жаздыкка жатып калган экенбиз» дегенге түшүнбөй калдык.

-Анын эмнесине түшүнбөйсүңөр. Менин жашым бул болсо, күйөөсү өлгөн жесирге баш кошормун. Мен өлгөн аялымды эстеп, ал өлгөн күйөөсүн эстеп – бир жаздыкта төрт баш жатпаганда не болдук [5].

Презентациялоодогу болжолдуу иши

Жээренче чеченге аялынын өлгөнүн угузуу

(ролдоштуруу ыкмасы менен презентациялашат)

Карыянын ролунда - Акмат.

Жээренче чечендин ролунда Касым.

Карыя: *-Ээ, чеченим, бул дүйнөдө үчөө: агып жаткан суу, асман тиреген тоо, ааламды жаркын нурга бөлөгөн күн өлбөйт дейт, чынбы?*

Жээренче чечен: *-Жок алар да өлөт. Кычырап кыш келип, борошолоп кар жааса, тоонун башын ак басат – өлбөгөндө не болду? Арылдап аккан дайра жок, булактын көзүн муз басса, суу өлбөгөндө не болду? Асманда булут ойноктоп, нурду жерге жеткирбейт – күн өлбөгөндө не болду?*

Карыя: *-Ээ, чеченим, анда адамзатка келелик: Атасы өлгөн не болот?*

Жээренче чечен*: -Атасы өлгөн аскар-зооң ураган менен тең болот. Куудай сакалын агартып, төрдө отурса – аскар-зоо болбогондо не?*

Карыя*: -Энеси өлгөн не болот?*

Жээренче чечен*: -Энеси өлгөн – жоо чапкан менен тең барабар.*

Карыя*: -Баласы өлгөн не болот?*

Жээренче чечен*: -Өзөгүң өрт алган менен тең болот. Өрттөнсө өзөк – тукум жок, өчкөнү болот отундун.*

Карыя*: -Ээ, чеченим, эң акыркы бир собол – катыны өлгөн не болот?*

Жээренче чечен*: - Атаңдын көрү, катыным өлгөн турбайбы? Карыганда кууратып, төрт баш бир жаздыкка жатып калган экенбиз.*

Карыя*: -Ашык кетсем, кечирип кой, чеченим, «Карыганда кууратып, төрт баш бир жаздыкка жатып калган экенбиз» дегенге түшүнбөй калдык.*

Жээренче чечен*: -Анын эмнесине түшүнбөйсүңөр. Менин жашым булл болсо күйөөсү өлгөн жесирге баш кошормун Мен өлгөн аялымды эстеп ал өлгөн күйөөсүн эстеп – бир жаздыкта төрт баш жатпаганда не болдук.*

«**Кыял»** тобуна берилүүчү текст

Чечендик өнөрдү аркалаган адамдардын айырмачылыгы

Тилчи, фольклор жыйноочу Ж.Мукамбаев чечендик өнөрдү аркалаган адамдардын төмөнкүдөй айырмачылыгын белгилейт:

- ойду так, элестүү, көркөм сөздөр менен туюнтушу;
- жай, сабырдуу, олуттуу сүйлөшкөнү, бир айтканын кайра кайталабаганы;
- ким менен кандай темада, кандай кырдаалда эмне жөнүндө сүйлөп жаткандыгына чоң маани беришкендиги;
- речь, сүйлөө мүчөлөрүн мыкты башкарып, тыбыш жутуу, кекечтенүү, үзүп сүйлөө, туттугуу дегендердин болбогондугу;
- сөз, туюнтма, макал-лакап, маселени ойго карата, угармандарга жараша мыктылап тандашканы;
- угуп олтургандарды жалпы ойго салып, кыялга чумкутканы;
- сөз сүйлөөнүн ар кыл ыктарын, жолдорун жакшы билишкени;
- кайсы учурда кычыткы, азил, кандай учурда тамаша, күлкү, жанытма, какшык, чымчыма колдонууну жакшы билишкени;
- тилдеги көп маанилүүлүк, синоним, антоним көрүнүштөрүн арбын колдонушу;
- башка коңшу тилдердин сөз байлыктарын кыстара кеткендиги ж.б.

Байыркы Римде чечендерге төмөндөгүдөй үч талап коюлган:

1.Келтирилген фактыларды чындыкта далилдей билүү;

2.Угуучулардын жүрүм-турумуна, эркине, активдүү ишмердүүлүгүнө таасир этүү;

Россияда чечендик өнөрдү өркүндөтүүгө өзгөчө салым кошкон М.Ломоносов болуп эсептелет. Ал биринчилерден болуп, чечендик өнөрдүн негизги теориясын иштеп чыккан.

Түшүндүрмө сөздүк:

какшык – шылдыңдоо, келеке кылуу, сөз менен чымчылоо

жанытма – кыйытып, жандатып айтылган сөз

«Кыял» тобунунун презентациялоодогу болжолдуу иши

«Чечендиктин түрлөрү, чечендикти аркалагандардын айырмачылыгы» деген текстерге түзүлгөн кластери [1].



«Мурас» тобуна берилүүчү текст

Чечендер

Чечен деп – чечендиктин талаптарына жооп берген, аны кайра элге жеткирген кишини айтабыз. Кыргыздар жалпысынан сөзмөр чечен адамдарды кадырлап, өтө сыйлашат. Алардын сүйлөгөн сөздөрүн даңктап, кеп кылышат.

Чечендер эл арасында ар кандай бөтөнчөлүктөргө ээ болушкан. Мисалы, Демосфен тили чулдур болгондуктан, өзүнүн кекечтигин жоюу үчүн, деңиздин жээгине барып, оозуна ташты салып, суунун шарынан катуураак бакырган.

Байыркы Грециядан чыккан көрүнүктүү чечендер: Сократ, Демосфен, Диоген, Цезарь, Тайлор ж.б.

Арабдардан чыккан чечендер:Абу Нувас, Жуки ж.б.

Орто Азиядан чыккан чечендер: Насирдин Кожо, Афенди, Алдар Көсө ж.б. Түркмөндөрдөн: Кемин ж.б.

Кыргыздардан чыккан чечендер: Үрбү, Ажыбай, Көкөтөй Тото уулу, Куйручук Өмүрзак уулу, Ырыскелди, Айкабыр, Садыр аке, Сарт аке, Кадыр аке, Осмон Акмат, Туяк, Акыл Карачач, Жээренче чечен, И.Раззаков, Ж.Абдыракмановдор.

Жогоруда аталган чечендердин арасынан коомдук ишмер И.Раззаков жөнүндө баяндасак, Сталин: «Орто Азиянын булбулу – И.Раззаков» - деп айткан. Мезгилинде ал киши тарыхка маани берип, Бабур, Сулайман-Тоо боюнча этюддарды жазган. Учурунда казак жазуучусу М.Ауэзов

И.Раззаковдун сүйлөгөнүнө тан берип: «Капырай, силердин Искак Раззаков сүйлөгөндө башкалар караандабай калды. Менин көз алдыма Тайбуурулду чаап бараткан чабандес элестелди. Ар бир сөзү ишенимдүү, уккулуктуу, тим эле тизмектешип турат», - деп айткан [4].

Түшүндүрмө сөздүк:

кекеч – сөздү шар сүйлөй албай, токтоп-токтоп, мукактанып сүйлөгөн киши, сакоо

булбул – өт. үнү өтө жагымдуу …

«Мурас» тобунун «Чечендердин картасы» деген темадагы концептуалдык картасы [1].

Байыркы Грециядан чыккан көрүнүктүү чечендер: Сократ, Демосфен, Диоген, Цезар, Тайлор ж.б

Орто Азиядан чыккан чечендер: Насирдин Кожо, Афенди, Алдар Көсө ж.б. Түркмөндөрдөн: Кемин ж.б

Кыргыздардан чыккан чечендер: Үрбү, Ажыбай, Көкөтөй Тото уулу, Куйручук, Садыр аке, Сарт аке, Кадыр аке, Осмон, Жээренче чечен, И.Раззаков, Ж.Абдыракмановдор.

Ар бир презентациядан соң топтор арасында суроо-жооп жүргүзүлөт.

III тур. Бышыктоо

Өтүлгөн темаларды бышыктоодо алгач механикалык көнүгүүлөр пайдаланылат. Анткени студенттер алган жаңы билимдерин өздөштүрүүсү, бекемдөөсү зарыл.

Топторго таратмалар таркатылат.

№1 таратма

Төмөнкү сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которгула.

Murataaly biy:

-What is the most didnity?

Sart ake:

-The highest is to reach to humans generasity and the iowest dignity is to story inhuman.

Топтун болжолдуу жообу:

Муратаалы бий:

-Эң жогорку кадыр-барк эмне?

Сарт аке:

-Ыйыгы – адам алкышына татыктуу болуу, эң төмөнкү барк – адам наалатына калуу [10].

№2 таратма

Төмөнкү учкул сөздү кыргызчага которуп, тиешелүү жерлерге тыныш белгилерин коюп, сүйлөмдөгү кызматын түшүндүргүлө.

Жить богато можно но жить образцовой жизнью трудно И.Раззаков [4].

Болжолдуу жооп*: Бай жашоого болот, бирок өрнөктүү жашоо кыйын.(И.Раззаков)*

IV тур. Студенттердин алган билимдерин турмушта колдоно алуу, жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү максатында талкуу (же аудиторияга карап дебат) уюштуруу. Окутуучу сунуштаган темалардан студенттер өздөрү каалаганын тандашат. Мисалы, «Менин адистигимдеги (элчи, котормочу, окутуучу ж.б.) чечендиктин зарылдыгы» же «Тарбиялык маанидеги чечен сөздөрдүн жаштарга таасири», «Чечендик өнөрүнүн баалуу жактары» ж.б.

Талкуунун жүрүшүнө жараша окутуучу жыйынтыктайт.

Үй тапшырмасы

1. Өткөрүлгөн талкуунун негизинде эссе жазуу.
2. Жазылган эсседеги тыныш белгилеринин кызматын түшүндүрүү.
3. И.Раззаковдун учкул сөздөрүнөн жазып, өз ой-пикирин билдирүү.

СӨАИ үчүн берилүүчү тапшырма (баракка жазылып, студенттердин колуна берилет. Эскертүү: Берилген тапшырмаларга тиешелүү гана (жагдайга, тапканына жараша) көлөмдө текст топтоо)).

1. «Улуу кыргыз көчүнөн» (Бишкек-2006) Мойут аке, Сарт аке, Тилекмат аке, Садыр аке, Кыдыр акелер (чечендер) тууралуу окуп, өзгөчө жаккан б.а. таасир калтырган бөлүктөрүн айтып берүү.

2. Кеп маданиятында чечендик өнөр менен кооз сүйлөө бири-бирине синонимдеш. Чечендик искусстводо эл алдына чыгып, кооз сүйлөөнүн төмөндөгүдөй классификациясы белгилүү.

I. **Социалдык саясий чечендик өнөр** (бир темага байланышкан доклад. чогулуш, конференцияларда берилүүчү отчет, саясий кеп, дипломатиялык кеп, аскердик патриоттук кеп, үгүттөө кеби).

II**. Академиялык чечендик өнөр** (ЖОЖдордо окулган лекция, илимий доклад, илимий обзор, илимий конференция).

III. Соттук чечендик өнөр (прокурордун, каралоочунун кеби, коомдук коргоочунун кеп, адвокат же актоочунун кеби**,** күнөөкөрдүн өзүн коргоочунун кеби).

IV. Социалдык – турмуштук чечендик өнөр (юбилей, маараке лерде сүйлөнүүчү сөздөр, стол четиндеги кеп (тост, бата)**,** аза күтүү кеби (эпитафия).

V. Мечиттик чечендик өнөр (мечиттеги үгүттөө кеби**, с**ыйынуу кеби).

Жогоруда аталган чечендиктерди чагылдырган тексттерди эл оозунан, интернет булактарынан, адабияттардан топтоо (жазуу, аудио-видео түрүндө).

1. Айылыңарда кандай айтылуу чечендер өткөн? Бул боюнча кары адамдардан сурап жазуу.
2. Сөз өнөрү тууралуу учкул сөздөрдү, макал-лакаптарды топтоо, турмушта колдонуу.

Сунушталуучу адабияттар:

1. Аширбаев Т. Айтманбетов А. Кеп маданияты. –Б.: 2004
2. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. –Ф.: 1988
3. Закиров С. Кыргыз санжырасы. –Б.: 1996
4. Исхак Раззаков. -Б.: 2003
5. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. –Ф.: 1984
6. Нуруев Т. Кыргыз тилинин пунктуациясы. Ош. 2005
7. Мусаев С. Кеп маданияты жана норма. –Б.: 1999
8. Улуу кыргыз көчү. –Б.: 2006
9. Интернет булактары.

Баалоо. Критерийлердин негизинде топтор бири-бирин баалашат жана ар бир топтун жыйынтык баллы угулат. Буга карата топтор жана окутуучу өз ой-пикирин билдирет. Топтолгон баллдын негизинде мыкты топ аныкталып, активдүү катышкан студенттер белгиленет.

Сабактын ар бир максатын эске алып түзүлгөн текст менен иштөө ары кызыктуу, ары жоопкерчиликтүү. Жогорудагы усулдар студенттердин кабыл алуусунун ар бир тибин эске алып, аны жүзөгө ашыруу максатын көздөдү. Таркатылган тексттер менен башка ыкмада да иштөөгө болот. Мындан сырткары тексттерди камтыган видео-аудио материалдарды колдонуу - бир кыйла эффективдүү. Албетте, ар бир сабак окутуучудан чыгармачылыкты, изденүүчүлүктү, жоопкерчиликти талап кылат.

Бүгүнкүдөй техниканын өнүгүү жолунда, заманбап билим берүүдө түрдүү ык-усулдарды пайдалануу эртеңкинин күзгүсү экендиги талашсыз.

Адабияттар

1. Волкова К., Друзь Н., Развитие критического мышления, второе дополнительное пособие. –Б.: 1998
2. Закиров С. Кыргыз санжырасы. –Б.: 1996
3. Инновациялык методдор жана интерактивдүү окутуу боюнча методикалык курал. –Б.: 2000
4. Исхак Раззаков. -Б.: 2003
5. «Кырчын» журналы. №7-8, 2010
6. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. –Ф.: 1984
7. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. 2008.
8. Нуруев Т. Кыргыз тилинин пунктуациясы. Ош. 2005
9. Мусаев С. Кеп маданияты жана норма. –Б.: 1999
10. Улуу кыргыз көчү. –Б.: 2006

УДК: 400:300.372

Түмөнбай Колдошов, ОшМУ

Жеңижок - кыргыз элегиясынын негиз салуучусу

Бул макалада Жеңижоктун чыгармаларындагы элегиянын орду жана анын "Жалгыз тал менен сүйлөшүү", "Балам жок" ырлары талдоого алынат.

В данной статье рассматривается место элегии в произведениях Женижок и дается анализ стихотверений "Жалгыз тал менен сүйлөшүү", "Балам жок".

This article analyzed the works and poems of Jenujok place of elegy and his "Jalgyz tal menen suiloshuu", "Balam jok".

Элдик оозеки чыгармачылык менен ырчылар чыгармачылыгында кездешкен кайгылуу, арман, күйүт ж.б. ырлар профессионал адабияттын элегия жанры менен үндөшүп турганын байкоо кыйын эмес. Байыркы Греция адабиятында б.з.ч. VII к. жаралган бул жанр Батыш адабиятында элегия, Чыгышта болсо марсия деп аталып келген. Бул жанрдын элементтери кыргыз элдик оозеки чыгармачылыкта "Манас" үчилтиги баш болгон эпостордо, поэмаларда адамдын жалгыздыгын, күйүтүн, муңкануусун чагылдырган сүйүү поэзиясынын "күйгөн" ырларында, кошоктордо жашап келгендигин айта кетүү керек. Бул лирикалык каармандын ички сезимдеринин берилиши элдик оозеки чыгармачылыктын рамкасынан чыгып, бийикке көтөрүлүп отуруп, ырчылар чыгармачылыгына да өз таасирин тийгизген.

А.Обозканов "Классикалык доордогу кыргыз ырчылары" деген окуу-методикалык колдонмосунда: "Жеңижокту санаа коштогон кайгылуу ырлардын – атасы, десек бап келет. Анын "Балам жок", "Жалгыз тал", "Жылан чаккандагы ыр", "Көксулуу" аттуу ырларында бири кем дүйнөнүн азалуу ызасы, бир караганда шайма-шай өңдөнгөн адам өмүрүндөгү – жалгыздык, үй-бүлө, сүйүү маселеси кошо камтылып мунду баяндалат – деп, андан ары акындын "Жалгыз тал менен сүйлөшүү" деген ырына токтолот. - "Жалгыз тал" ыры бөлөк төкмөлөрдүн ырларынан, өзгөлөрдөн өзгөчөлөнө, Жеңижоктун өзү сыңары бадырайып эле айырмаланып турат. "Жалгыз тал" элдик салтты өз боюна сиңирген, бирок автордун өздүк чеберчилигин даана көрсөткөн, төкмөлүк ыкмадагы чыккан кайталангыс ыр" – дейт [1;15].

Ал эми А.Жусупбеков тарабынан түзүлгөн "Жеңижок" аттуу китептин баш сөзүн жазып жатып, Жеңижоктун ырларына назар салган залкар жазуучубуз Ч.Т.Айтматов: "Жеңижоктун ырлары терең баамчыл көз караштан, ак менен каранын түбөлүктүү күрөшүн түшүндүрүүдөн, Адам Ата, Обо Энеден тартып канат-бутагы тонолуп жалгыз турган талга чейинки дүйнө, тиричилик кеңдигинен жаралган жандуу, тирүү, канаттуу ырлар" – деген оюн айткан [2;5].

Жеңижоктун "Жалгыз тал менен сүйлөшүү" деген ырын ырчылар чыгармачылыгындагы алгачкы көркөм элегия деп атоого түрткү берген дагы бир эмгек бар. Ал Б.Исаков менен Ч.Исаковалар тарабынан түзүлгөн 8-класстын "Кыргыз адабияты" китебинде Жеңижоктун "Жалгыз тал менен сүйлөшүү" аттуу ырын кыргыз лирикасындагы эң алгачкы нукура көркөм элегия деп белгилеген [3;264].

“Жалгыз тал менен сүйлөшүү” – бул Жеңижок акындын өмүрүндө бала кучактабай өтүп баратканына зээни кейип, өзүнүн абалын Бакайыр айылынын четиндеги бутак-шагынан ажырап, куурап калуу коркунучу бар жалгыз талга салыштырган оригиналдуу чыгармаларынын бири.

Адабиятчы А.Турдугулов “Кыргыз классикасы” аттуу эмгегинде “Жеңижоктун бул ыры көбүнчө тек гана “Жалгыз тал” деп айтылып жүрөт. Акындын бул ыры – кыргыз поэзиясында, айрыкча XIX кылымдын поэзиясында салтка айланбаган, өзүнчө жаңылыгы менен топ жарып, айырмаланган чыгарма. Ырдагы акындын негизги көркөмдүк куралы – символдоштуруу: поэзиядагы символиканы ыктуу пайдалангандыгы. Муну ар бир акын эле жөндүү пайдалана алган эмес. Ырда акын тал менен кадимкидей сүйлөшөт” – деп талдоого алган [4;243].

Биз дагы Жеңижоктун бул ырын жогорудагы илимпоздордун пикирине таянуу менен ырчылар чыгармачылыгындагы алгачкы көркөм элегия деп эсептейбиз. Ырдын аты анын мазмунун толук бере алат, анткени анда айтайын деген ой көркөм боектор менен таасирдүү берилет. Тал менен ой бөлүшүү, сырдаш болуу ыкмасында акын өзүнүн арманын айтуусу бул анын чоң табылгасы десек болот. Алардын бири куу баш болуп өмүр бою бала көрбөй жүргөнүн, экинчиси, тукабадай жайылган бүрүнөн ажырап, бар бутагынан айрылып, бала эмес, бир тууган, ата-энеден кур калганын баян этишет. Акын өзүнүн аянычтуу абалын адегенде эле “арманым аттын башындай” дебестен, чебердик менен тагдырынын бөксө жерин талдын тили менен айткысы келет. Ошол үчүн ага түз эле өзүнө тиешелүү болгон нерселерди (ата-энесин, тууган-туушканын, баласын ж.б.) суроодон баштайт.

Бакайырда жалгыз тал,
Баласы жок байкуш тал!
Жол боюнда жалгыз тал,
Жолдошу жок байкуш тал.
Тукабадай жайылган,
Бүрүң кана, жалгыз тал?
Экөө элең башында,
Бириң кана, жалгыз тал?

Көрүнүп тургандай эле, акын өтө жүйөлүү суроолор менен кайрылат. Жалгыз тал дагы кезегинде өзөгүн өрттөгөн арманын, кейиштүү тагдырын ага образдуу түрдө жооп кылып кайтарат. Талдын алгач жоопторуна көңүл бурсак:

Беш-алты ооз сөз кылып,
Аңгеме-дүкөн курадың.
Ажырап турган жалгыздын,
Ал-абалын сурадың.

Ага буга чейин эч ким көңүл бурбаганы, ал-абалын мынтип сурабаганы көрүнүп турат. Акындын талды улгайып калган адамга теңеп салыштырганы анын оор басарыктуу, шашпай “сурап калдың эми айтайын” деген сөзүнөн байкалып турат. Ал сабырдуулук менен жооп берип жатып, суроо салган акындын да жөн жеринен сурабаганын билип, анын дагы жүрөгүндө өксүк бар экенин каңкуулап жатат.

Телмирип турган жалгыздын,
Теги-жайын сурадың.
Кара жердин боорунда,
Калганың бар шөкүлдү.
Кайгырасың жалгызга,
Арманың бар шөкүлдү.

Ырда жалгыз тал менен жүрөгү арманга толгон акындын ырайымсыз тагдырга туш болгону салыштыруу, символдор менен берилген. Чыгарманын идеясы даана көрсөтүлүп, жалгыз талдын кейиштүү образы терең ачылган. Муңайымдуу турган тал адам баласы келип алабакан, уук, буурусун, түндүк кыламын деп, анын буралып чыккан бутак-шагын кесип кеткенин баяндайт. Эми, же бутактан, же жалбырактан жок, жарым жан болуп катардан чыгып, баарына керексиз болуп, отундан башкага жарабай куурап калуу алдында турганын айтып, ушул менин жалгыз турганымдын убалы адамга тийсин деп ызырынат. Бул талдын сөөктөн өтүп, жүрөккө жеткен трагедиясын угуп, жүрөгүң ооруп, бул кайгы, азап, аны биротоло мөгдүрөтүп койгон турбайбы деген ойго келесиң.

Акын талдын ички күйүтүн ишенимдүү ачып бергенге жетишкен. Тагдырына таарынган экөө, муң чечишет. Негизинен ыр кайгылуу аяктайт. Акын талга көңүл айтып, шактарын тоноп

кеткен адамга эмес, тескерисинче, анын оюн бузуп, акылын ууландырган, напсисине кул кылдырган, таш боор заманга таарынганын айтат. Акын ырында адам баласы табияттын бир макулугу экендигин, ансыз өз алдынча жашай албастыгын, ошол себептүү табиятка аяр мамиледе бололу, алардын дагы убалы болот деген ойду астыртан кулагыңа шыбырап, кабарлагансыйт.

“Акынга мансап эмес, тагдыр керек...” деп, орустун улуу акыны А.Блок айткандай Жеңижоктун акындык тагдыры бир жагынан бактылуу десек, бир жагынан трагедиялуудай элес калтырат. Анткени акындын дагы бир сөз кыла турган элегиялык маанайда жазылган “Балам жок” ыры буга мисал. Адабиятчы С.Байгазиев “Ата Мекендик жана дүйнөлүк этика” деген окуу колдонмосунда “Акын “Балам жок” деген ырында “О дүйнө көздөй жол тартсам, ордумду басар уул жок” деп кайгырган. Бирок терең аңдай келсек, Жеңижок үчүн бала деген маселе жөн гана атанын биологиялык уландысы туурасындагы маселе эмес, чоң социалдык-педагогикалык, философиялык проблема экенин баамдайбыз” – дейт [5;41].

Жеңижок акындык улуу талант аркылуу тагдырдын башка салганын чебердик менен кадырман калкына айтып, көңүлүн бошотот. Бул ыр кошокту элестетип, лирикалык каармандын арыз-муңун, өкүнүүлөрүн элестүү берген чыгарма. Ырды баштан аяк кунт коюп окуган адам, оор үшкүрүнүп “бири кем дүнүйө” деп акынга боор тартып, кабатырга түшөт. Жеңижоктун бул ыры өзүнүн жеке турмушуна байланыштуу болуп, көкүрөк толо муң, кайгы менен элдик поэзияга, төкмөлүккө таандык салттуу ырдын үлгүсүндө жазылган. Акындын арман күүсүн жүрөк менен гана туюп, сезим менен аңдап түшүнүү керек.

Күлүктүн оозун бурайын,
Күн айланып жыл келет,
Күйбөй бир кантип турайын.
Күмүшүн ырдын терейин,
Күйүтүм айтып берейин.
Алтынын ырдын терейин,
Арманым айтып берейин.

Акын ырын ушундай салмактуу баштап, окурманга чакырык жасайт. Андан ары күйүтүн, арманын кадырлуу элине: «Алтынды жезге өткөрбөйт, айтпасам дартым бөксөрбөйт. Күмүштү жезге өткөрбөйт, күйбөсөм дартым бөксөрбөйт» - деп кыйытып айтып, өзүндөгү сырдуу түйүндү жалпы ак калпак элине жар салып айтканын байкайбыз. Акын сөз чебери катары, сөз берметтери менен алган жарына сен күйүнбө, балалуу болбой калдык деп өкүнбөгүн деген таризде ырын улантып, андан ары Көксулууга мындай баа берет:

Оролтуп чийиң каладың,
Окшотуп үйүң кармадың.
Алдын сылап жүк жыйдың,
Аркасын карап үй тиктиң.
Керегесин кынадың,
Керүүдөн туруп сынадың.

Көксулуудай чебер, бото көзгө туш болгонуна кубанып, анын “кайтар куштан үлгү алгандыгына”, аялдарга таандык болгон чебердик, ууздук, үй жасалгалоо, жүктү кантип жыюу керек, деген сыяктуу элдик үрп-адатты карманган даана аял экендигине баа берет. Кайра дагы пессимист болуп теңтушунан кем кылгандыгы үчүн кудайга зарлайт. Кокус, о дүйнөгө сапар тартсам ордумду басар уулум жок деп өкүнүп, ырдын салмактуу темпин жогорулатып, көзү өтүп кеткенден кийинки убакты эстеп, «Кайрылышта мүрзөмдү, кайрылып барып ким көрөт, кайгырып жашын ким төгөт?» деп көз жаш жана муун-жүлүндү бошоткон саптар менен буркурайт.

Акын “Балам жок” ырынын кийинки саптарында, “эгер уулум болгондо каттаганда кан жолум, кармаганда оң колум” болмок деген өксүү менен бирге “эгер балам болгондо” деп кыялданып да кетет: “Көл жакалап куш салса, көк ала моюн каз алмак. Сайды бойлоп куш салса, сарала моюн каз алмак” дейт. Жеңижок уулум болсо аны да эл алдына чыгарып, акындык жолго жетелеп, анын нөшөрдөй төккөн ырын жыргап угуп, элден бата алып бербейт белем деген армандуу тилегин минтип айтат:

Сайратсам элдин кашында,
Санаам жок эле башымда.
Кулпунтсам калктын кашында,
Кубаныч болмок башымда.

Ак таңдай акын Жеңижок өмүр кесесинин толбой калганына жаны кейийт. Анткени жашоо артында калган уул-кызың менен толук экендигин баса белгилейт. Сүт куйган чарам толбой, сүйөөргө балам болбой, айчылык жолдон чарчап келсем, “аталап” алдымдан чыгар бала болбой, күнчүлүк жолдон келсем, күлүп чыгып күйүтүм ичтен чыгарар уулум жок, аттиң бир гана дүйнө арман күн! - деп өксүйт. Жонума бала көтөрбөй күйүтүм ичте кете турган болду, качан арманыман арылат экен, акырындап табым болбой жатат. Ушул ойлордон улам акын “Жалгыз тал менен сүйлөшүү” деген ырын эстеп, дагы бир жолу өзүн ошол Бакайырдагы жалгыз талга окшотуп мындай дейт:

Аралга бүткөн тал белем,
Аманат болгон жан белем.
Капталга бүткөн тал белем,
Капыстан болгон жан белем...

Жеңижок ырын жыйынтыктап жатып, миң кыйкырып, өкүргөнүң менен жашчылык кайтып келбеген сыңары, айткан менен арман бөксөрбөйт тура деген чечимге келет. Баланын “Ата” деген дүйнөдөгү эч бир нерсеге алмаштыргыс ширин сөзүн уга албай, өмүрүнүн көбү өтүп баратканына, башкача айтканда Жеңижок кырчындай кырктан, эр ортону элүүдөн өтүп, алтымышка таяп, өмүрүнүн күзү келип калганына жүрөгү мыжыйт. Акын “Балам жок” деген ырында көкүрөгүндө айтылбаган ыр, ачылбаган сыр калганын айтып, Көк-Башат менен Бел-Башат деген жерлерде кылган ниеттери ишке ашбай, балалуу болбой калганына жүрөгү ооруп, артымда бала калбаса да, санатымды унутпай ырдап жүрөр элим, калдайган журтум калды деген ойлор менен жыйынтыктайт.

Жеңижоктун башка ырларынан айырмаланган элегиялык маанайдагы бул ыры нукура аралашмасы жок элибиздин нарктуу сөздөрү менен жазылган чыгарма болуп, философиялык мазмундагы, ыргактуу, куюлушкан жөнөкөй тил менен берилген. Ырды окуп жатып акындын боз үйдүн төрүндө элге карап күйүп-жанып ырдап, бирде муңканып, созолонтуп кошоктун обонунда ырдагандай көзгө элестейт. Элдик поэзияга, төкмөчүлүккө таандык болгон салыштыруулар ырды чебер-шөкөттөп, ырдын жандуулугун күчөтүп, окурмандын сезимине “өмүрдүн күйүттүү өксүктөрүн, жалгыздыктын шамын” бүлбүлдөтүп жагып турат.

Кыргыз поэзиясынын ырчылар чыгармачылыгындагы элегия жанрынын баштоочусу катары акын Жеңижоктун атын атасак болот. Анын биз талдаган ырларын шарттуу түрдө бир тараптуу карабастан, түрдүү аспектилерден карала турган улуу чыгармалар экендигин айткыбыз келет. Жеңижоктун ырларынын көркөмдүк деңгээлин, айтуучулук чеберчилигин изилдөө келечектин иши деп ойлойбуз.

Адабияттар

1. Обозканов А. «Классикалык доордогу кыргыз ырчылары» окуу-методикалык колдонмосу. Б.: 2008-жыл, 15-бет;
2. Жеңижок. Түз. А.Жусупбеков. Ак таңдай акын мурасы. Ф.: 1982-жыл, 5-бет;
3. Исаков Б., Исакова Ч. Кыргыз адабияты. Б.: 2002-жыл, 264-бет;
4. Турдугулов А. Кыргыз классикасы. Б.: 2005-жыл, 243-бет;
5. Байгазиев С. Ата Мекендик жана дүйнөлүк этика. Б.: 2007-жыл, 41-бет.
6. Кыргыз адабияты: талдоолор жана ой жүгүртүүлөр. Түз.: С.Байгазиев. Б.:1991-жыл;
7. Эркебаев А. Азыркы учур жана кыргыз поэзиясы. - Ф.: 1980-жыл;

УДК: 416.12;416.131

Назарова М.К., ОшГУ

Некоторые проблемы изучения просодии текста в современной лингвистике

Бул макала кептеги фонетикалык кубулуш просодиянын кээ бир маселелерин изилдөөгө арналган. Кара сөздөгү жана ыр түзүлүшүндөгү просодияга тилдик мүнөздөмө берилген. Просодиядагы ритм жана басымдын тилдик табияты талданган.

Данная статья посвящается к изучению некоторым аспектам просодии текста в речи. Дается лингвистическая характеристика просодии в прозе и стихосложении. Изучается основные компоненты

(ритм и ударение) просодии и их лингвистическая функция.

The article deals with some aspects of prosody in the text. The linguistic characteristics in the prose and poetry is givin. The principle components of prosody and the linguistic function are studied.

За последнее десятилетие резко возрос интерес к исследованию просодии текста. Этому посвящены исследования Бабушкиной Е.А. (2000; 15-21), Златоустовой JI.В (1983;11-22.), Ю.А. Дубовского (1978), Л.П. Блохиной (1977), Р.К. Потаповой (88), и др. Показателями просодической организации текста являются как языковые, так и неязыковые средства, поэтому изучение просодии тесным образом связано с различными лингвистическими и нелингвистическими дисциплинами, такими как фонетика, фонология, социолингвистика, синтаксис, с одной стороны, и физическими и биологическими дисциплинами, к которым относятся акустика и физиология речи, - с другой стороны. Для определения целей исследования звучащей речи необходимо наметить четкий круг вопросов, связанных с взаимодействием просодических исследований с указанными выше научными дисциплинами.

Сейчас, с развитием экспериментально-фонетических исследований просодии речи, стало возможным сопоставительное изучение языков. Ставятся такие задачи, как определение основных данных о звуковых средствах выражения коммуникативных типов и видов высказывания в различных языках; изучается соотношение ритмомелодической структуры слова со структурой фразы; устанавливается возможность взаимозаменяемости различных просодических средств и т.д. Но в то же время определенные стороны просодической организации текста изучены недостаточно. Не раскрыт механизм действия просодии как одного из факторов актуального членения предложения. Просодия наряду с интонацией - это важное средство оформления звучащей речи, функцией просодии является оформление речи с помощью различных суперсегментных средств: ее членение на слоги, фонетические слова, синтагмы, фоноабзацы: объединение указанных единиц в рамках текста. Очень важным для характеристики просодической оформленности речи является ритмический компонент, который относится к малоизученным понятиям в сфере суперсегментных средств (до последнего времени не решен вопрос о системе единиц ритма). Несмотря на недостаточную изученность этого компонента просодии, можно говорить (на основании экспериментального анализа) об определенной автономности ритмики от мелодики, о первичности ритма. Подтверждением сказанному является способность человеком выделять определенные типы ритмических структур на основании ударения в структуре, количества слогов, их места по отношению к ударному слогу; показателей вокальных и консонантных элементов, типичных для начал и концов фонетических слов, которые позволяют определить их границы. Фонетическое слово имеет план содержания, поэтому можно говорить об описании просодической организации текста в единстве плана выражения и плана содержания. Ритм является очень важным показателем для выражения специфических особенностей просодической структуры в различных формах словесного творчества. Различение разных жанров текстов очень актуально для сопоставления единиц ритма стиха и прозы. Соотношение единиц ритма стиха и прозы традиционно строится на наличии или отсутствии метрики. Опираясь на этот критерий, можно сказать, что проза представляет собой явление ритмическое, а стих - ритмическое и метрическое. Ритмическая организация имеет свои специфические особенности для прозаической и стихотворной речи. Здесь имеют место различия в ритмико-мелодической структуре; поэтический текст в отличие от прозаического характеризуется не только тождественностью временных интервалов между выделенными элементами, т.е. наличием текста, но и одинаковым уровнем высоты основного тона в выделенных слогах и равными интервалами. В прозе мы не встречаемся с подобным явлением. Одним из основополагающих признаков для различения стиха и прозы называют специфику набора типов ритмических структур и их расположения в синтагмах, где ритмическая урегулированность стихового текста требует определенного выбора последовательности типов ритмических структур. Практически можно говорить о том, что стиховой текст создается путем использования всех основных суперсегментных средств просодического оформления данного конкретного языка, но набор единиц, их встречаемость иная, нежели в прозе. Сюда относятся темпоральные изменения: замедление темпа произнесения фонетических слов и всего текста, связанное с вокализацией фонетического слова. Кроме того, происходит смещение регистра реализации частоты основного тона в область более высоких частот, а также изменение характеристик мелодики синтагмы -

специфическое изменение формы контура частоты основного тона - выравненность контура, отсутствие частотных контрастов. Таким образом, ритмическое и мелодическое оформление синтагмы в стихе является подчиненным общей просодической оформленности стихового текста как особого типа текста. Важным просодическим средством, создающим ритмическую структуру стиха, является распределение пауз, которое позволяет выявить единицы ритма на различных уровнях (синтагмы, стиховой строки,целого стихотворения).

Исследование признаков просодической организации текста имеет важное значение для характеристики специфических особенностей различных жанров текста. Это наиболее актуально, например, для определения такого жанра, как верлибр, так как до последнего времени не решен вопрос о том, относить ли последний к жанру художественной прозы или к стихотворному тексту. Нам кажется правомерным отнесение белого стиха к тону или иному жанру текста с позиции возможности применения к верлибру признаков, характеризующих звуковой текст (исключая рифму). Если такие признаки применимы к белому стиху и он может быть определен посредством этих признаков, то следует относить белый стих к стихотворное тексту в прозеИсходя из вышесказанного, можно заключить, что наряду с интонацией просодия используется для организации текста. Но в отличие от интонации, выражающей основные смысловые отношения в тексте, просодия теми же средствами структурирует текст, создает его целостность. Средства просодической организации текста служат базой его интонационной оформленности, позволяют раскрыть особенности сегментации текста, создают фоностилистические особенности текста в целом. Выявление определенных средств просодической организации служит для создания жанровых характеристики текста.

Основополагающим параметром просодической организации текста является ритмика. В поисках основной (минимальной) ритмической единицы речи обратимся к речевое ударению как наиболее существенному фактору слогоритмической организации речевого потока.

Обычно различают следующие виды речевого ударения:

1) словесное, 2) синтагматическое, 3) типы выделительных ударений.

Аргументация данной типологии ударений изложена в работах Кодзасова С.В. (1999;197), Л.Р. Зиндера (1980; 50) и других исследователей. Природа русского словесного ударения описана в ряде фундаментальныхисследований, начиная с классической работы Л.Б. Щербы. Наиболее частотный признак ударности - это увеличение длительности ударного слога, но, хотя длительность ведущий параметр для русского словесного ударения, он не является единственным. Нередки случаи, когда безударные слоги имеют большую длительность, чем соседствующие с ним ударные.

Таким образом, ведущим явлением в процессе взаимодействия двух (или нескольких) языков считается уподобление языковых элементов одного из контактирующих языков, языковым элементам другого. Уподобление представляет собой непосредственное проявление главной тенденции процесса взаимодействия языков при двуязычии (как и при иных формах взаимодействия языков) - сближения структур взаимодействующих языков, установления однозначного соответствия между взаимодействующими языками. Уподобление элементов одного из контактирующих языков элементам другого языка (иными словами, интерференция) - результат объективного проявления охранительной функции родного языка, являющейся своеобразным ключом к пониманию механизма языковых взаимодействий, позволяющим выявить точки приложения лингводидактических усилий при обучении русскому языку и выработать необходимые рекомендации. Действие долготы слога в механизме восприятия ударения проявляется совместно с действием громкости, а также высоты и тембра. При этом "недостача" одного из названных компонентов может "компенсироваться" повышенной "степенью участия" остальных (одного или всех вместе). Ударение является важным просодическим свойством слога. В персептивном плане оно обнаруживается только в речевой цепи как выделение одного из слогов в качестве ударного на фоне других безударных. Речевая сущность природы ударения - контрастирование слогов, причем важно отметить контрастирование внутреннее (степень контрастирования между элементами слога). Таким образом, главнейшая функция словесного ударения не совпадает с дистинктивной функцией фонем. Эту функцию следует обозначить как контрастивную и слогообъединяющую (объединение слогов в фонетическое слово). Следствием контрастивной природа словесного ударения является то, что говорить об обязательном абсолютном выделении акустико-временными параметрами ударных слогов бессмысленно. Более корректный путь - изучение относительных характеристик ударности, получаемых в результате

сопоставления акустических свойств всех слогов, входящих в слогоритмическую структуру данного слова. Функция словесного ударения не ограничивается простым контрастным сопоставлением слогов. Цель этого контрастного сопоставления - обеспечивать взаимодействие слогов в потоке речи. Ударение в русском, а также в большинстве других индоевропейских языках, выполняет организующую роль объединения вокруг себя неударных слогов того же слова, вообще говоря, на две части - на слоги предударные и послеударные, произношение которых обладает своей спецификой. Таким образом, речь не представляет собой нерасчлененный ряд ударных и безударных слогов. Границы слов, как правило, достаточно четко слышимы. Представление об ударении возникает у нас одновременно с восприятием расчлененности речи на слова. С ритмической точки зрения фонетическое слово представляет собой минимальную обособленную ритмическую группу слогов, управляемую ударением, и потому называется иногда просто ритмической структурой. Из приведенных соображений нетрудно видеть, что минимальной ритмической единицей речи является именно ритмическая группа слогов, объединенных одним ударением, а не отдельный слог, ударный или безударный. При этом более прозрачной становится и роль словесного ударения как основного средства ритмической организации речевого потока. На уровне акустического анализа параметры, определяющие ударение: длительность, интенсивность, частота основного тона, спектр. Характер английского ударения находится в прямой зависимости от типа и количества слогов в слове. В египетском варианте (изучаемом нами) в словоформах с предпоследним кратким и третьим от конца долгим слогом ударение находится на предпоследнем кратком слоге. Словоформа с идентичной слоговой структурой, допускающей варьирование ударения по месту. Второстепенное ударение падает только на долгий слог (открытый или закрытый). Вопрос к фонетической природе словесного ударения в английском языке остается малоизученным. В составе фразовых ударений следует рассмотреть синтагматическое ударение, функция которого - оформление просодическими средствами синтагмы. Обычно синтагматическое ударение локализуется на последнем ударном слоге синтагмы. Но вместе с тем образует так называемую просодическую рамку синтагмы. Логическое ударение, в отличие от синтагматического, может выделять любое слово (или даже часть слова) внутри синтагмы. Своим присутствием в синтагме логическое ударение не снимает синтагматического, если только оба ударения не совпадают в одном сегменте. Эмфатическое ударение связано с дополнительной эмоциональной информацией. Эта разновидность ударения также вносит свой вклад в специфику ритмической структуры высказывания, в частности, приводит к увеличению длительности слова, носителя эмфатического ударения, к изменению тесситуры произнесения синтагмы и т.д. Анализ функционально-просодических элементов фразы выдвигает необходимость изучения проблемы соотношения и взаимодействия словесного, синтагматического и выделительных ударений, а также необходимость изучения типов группировки слогов в синтагматическом плане, характерном для того или иного конкретного языка. Современный уровень изучения просодии речи позволяет утверждать, что это направление в языкознании становится одним из ведущих. Признание направления нашло выражение в ряде фундаментальных и поисковых исследований. Вместе с тем проблемам просодии до недавнего времени уделялось недостаточно внимания, поэтому ряд важнейших вопросов остается до настоящего времени нерешенным. Практически отсутствуют типологические работы в области просодии.

Литература

1. Бахтин М.М. Проблема текста в лингвистике, филологии и других гуманитарных науках// Эстетика словесного творчества. М.,1979.-281 с.
2. Бабушкина Е.А. Фонетические параметры принадлежности к территории и социуму // Фонетическая вариативность: билингвизм и диглоссия. Иваново, 2000. - С. 15-21.
3. Блохина Л.П., Потапова Р.К. Методика анализа просодических характеристик речи. М., 1977. - 84 с.
4. Зиндер Л.Р., Бондарко Л.В. и др. Проблемы и методы экспериментально-фонетического анализа речи. — Л., 1980. 151 с.
5. Златоустова Л.В. Интонация и просодия в организации текста // Звучащий текст: сб. науч. ианалит. обзоров. М., 1983. С. 11-22.
6. Дубовский Ю.А. Анализ интонации устного текста и его состовляющих. Минск, 1978. - 137 с.

7. Кодзасов С.В. Уровни, единицы и процессы в интонации // Проблемы фонетики 1П: Сб. статей. - М., 1999. С. 197-215.

УДК: 415.55:8.08

К. Нармырзаева, Ош МУ

Зат атоочтун жөндөмө категориясынын стилистикасы Ч.Айтматовдун чыгармасынын тилинде

Көркөм чыгарманын тилинде зат атоочтун жөндөмө категориясы да ар түрдүү стилдик мааниге ээ.

В статье рассматриваются особенности стиля падежей имен существительных в произведениях Ч.Айтматова.

The present article describes the stylistic position of the cases of nouns on languages of the writers works.

Атооч жөндөмө. Атооч жөндөмөнүн көрсөткүчү жок болгондуктан, бул жөндөмөдө турган зат атооч кыргыз адабий тилинин бардык стилдеринде активдүү колдонулат жана стилистикалык жактан сүйлөмдүн баяндоочунун грамматикалык өзгөчөлүгүн гана эмес, анын стилистикалык табиятын аныктоого да негиз болот. Мисалы: *Биздин **айыл** Ак-Жар тоо этегинде суулар шаркырап аккан чоң тектирде орношкон, ылдый-туурасынан суналган Кара-Тоого чейин түзөң өзөн, темир жол кеткен казактын сары талаас [2,4б].* Каармандын кебинде **айыл, Ак-Жар, суулар, өзөн, темир жол, талаасы** деген атооч жөндөмөдөгү сөздү кеңири колдонуу аркылуу пейзаждык сүрөттөөнү көрсөтүп, орток маанилүүлүккө ээ. ***Жамийла** өзү шыңга бойлуураак белдүү **келин** [2, 201б].* Автор атооч жөндөмөдө турган **Жамийла, келин** деген орток маанилүү сөздөрдү колдонуу менен каармандын ким экендигин сүрөттөдө керектеди.

*- Адам кейпиндеги **ит**! Бас азыр барчу жериңе барасың! Тигил астына түшө бергенде, Дүйшөн аны дагы да булкуй тартып токтотту.*

*- Сен бул жаш кызды чөптөй тебелеп бүлдүрдүм, күнүн бүтүрдүм деп турасың го ичиңден… Билип койгун, ал заманыңар өткөн, **заман** азыр биздики, бул **кыз** өлбөйт, бул кыз кайра тирилип адам болот, а сен, сенин заманың ушуну менен бүттү…[2, 38б].* Каармандын кебинде атооч жөндөмөдө турган зат атооч **адам, ит, заман, кыз** деген сөздөрдү пайдаланып, Дүйшөндүн зөөкүр адамга жасаган мамилеси, сырткы кейиштүү терс эмоциясы көрсөтүлүп, орток маанилүүлүктү берет.

Кыргыз тилинде атооч жөндөмөнүн нөлдүк формасы (жөндөмө мүчөсүнүн жоктугу) көркөм чыгармаларда илик, табыш жөндөмөнүн көрсөткүчү менен синонимдеш колдонулган учуру кездешет. Бул каражаттарды жазуучу өз ара алмаштырып пайдаланып, чыгарманын тилине сүйлөшүү стилинин боңктуулугун берет. Мисалы: ***Түн.** Топ-топ мунарыктаган жылдыздар.Түн ортосу ооп кеткен. Тоо башында түнөгүнө конгон булуттар бирине - бири ыктап, козголбогон терең уйкуда [2, 10б].* Жазуучу атама сүйлөмдөрдү пейзаждык сыпаттоодо ишенимдүү тилдик каражат катары колдонгондугун белгилөөгө болот. Орток маанилүү, атооч жөндөмөдөгү сөздөр атама сүйлөмдүн, каратма сөздүн кызматында көп келип, синтаксистик стилистикада өзгөчө мааниге ээ экендигин окумуштуу стилист Т.Аширбаев [3, 9б] белгилейт.

Мисалы: - *Сен кайда жүрөсүң, ыя? – деди ал жулунуп. Мен жооп кайтаргыча болбой, колумдагы капты жулуп алды: - Караңгы түнгө чейин жүрүп тергениң ушубу? – Кыздар айтып койсо керек. – О, өлүккананды гана көрөйүн, **шумшук**, мектепте сенин эмнең бар экен!* [*2, 17б].* Каармандын кебинде колдонулган **шүмшүк** деген атооч жөндөмөдөгү каратма сөз терс эмоцияны берди**.** Жазуучунун чыгармаларынын тилинде зат атоочтун атооч жөндөмөсүнүн стилдик жактан орду бар.

Илик жөндөмө. Бул жөндөмөнүн мүчөлөрү кепте толук түрүндө, толук кыскарган түрүндө жана толук эмес кыскарган түрүндө (варианттарында) колдонулуп, текстте стиль жаратуучу каражат катары кызмат кылат.

Көркөм стилде автордук кепте илик жөндөмөнүн мүчөсүнүн толук түрү талап кылынат. Мисалы: *Бир күнү кызыгып, мен дагы* ***Даниярдын*** *жанына дөбөгө чыгып отурдум [2, 152 б].*

Илик жөндөмөдөгү сөздүн жөндөмө мүчөсүнүн толук жана толук эмес кыскарган түрү Ч.Айтматовдун чыгармаларында сүйлөшүү стилин жаратуучу өзгөчө ыкма катары кеңири колдонулат. Алар аталган стилде төмөнкүдөй стилистикалык максатта пайдаланылат.

Мисалы: *Бул көпчүлүккө белгилүү илимпоз* ***аял (аялдын)*** *биздин айылдан экенин, кыз кезинде шааргa кетип, кийин окумуштуу болгонун анча- мынча угуп жүргөм [2,7б].* Жазуучу бул сүйлөмдө **аял** деген сөздү илик жөндөмөнүн көмүскө формасында колдонуп, аныкталбаган жалпы маанини билгизип, сүйлөшүү стилинин мүнөзүн берди.

Университетте ***кафедра (кафедранын)*** *башчысы болуп, философиядан лекция окуп, академияда иштеп, анан ар кандай* ***коомчулук (коомчулуктун)*** *иштери менен чет өлкөлөргө барып келип турган айылдаш эженин жай отуруп, жай сурашууга чамасы келбей жүрдү [2,7б].* Автордун кебинде илик жөндөмөсүнүн көмүскө формасындагы кафедра башчысы **(кафедранын башчысы)**, коомчулук иштери **(коомчулуктун иштери)** деген сөздөр китептик стилин көрсөтөт.

Ала-шала тер болуп үйгө жетип келгенимде, **очок** боюнда отурган жеңем өйдө тура калды. Жеңем урушчаак начар аял эле. Жеңем менин кулагымды толгой кармап, желкеден нары койгулай баштады.

- Ит жетим, көк жетим томаяк! ***Бөрү*** *баласы ит болбойт: элдин балдары үйгө ташыса, сен үйдөн ташыйсың! [2,17б].* Жазуучу бул сүйлөмдө илик жөндөмөсүндөгү **очок (очоктун)** боюнда, **бөрү (бөрүнүн)** баласы деген сөздөрдүн көмүскө формасын колдонуп, текстке стилдик ыргак жаратты. Алтынайдын жеңесинин каргышы аркылуу терс маанидеги эмоционалдуу-экспрессивдүү сөздөрдү чеберчилик менен пайдаланды. *Мисалы: -Байкап сүйлөңүз. Бул* ***кыз (кыздын)*** *сизге кереги жок болсо, кеңеш өкматына керек! Жооп берип калып жүрбөңүз![2, 18б].* Автор Дүйшөндүн кебинде **кыз (кыздын)** деген сөз илик жөндөмөсүнүн көмүскө формасында берип, ачуулуу каармандын сырткы көрүнүшүн, кекенгенин билдирген сөздөр аркылуу терс эмоцияны көрсөттү.

Каармандын кептик портретин түзүү үчүн. Мисалы: Нымтыраган арам, дагы жагынып чоң болгусу бар. ***Атаң*** *көрү-ү,* ***атаң*** *көрү-ү!... Азыркы жаштарың эл болуп деле жарытпайт го.*

Илик жөндөмөдө туруучу сөзгө логикалык басым түшүрүлбөй, жалпы мүнөздө көрсөтүү максатында. Мисалы: *Ире-шире күүгүмдө чоктугу менен уча сөөгү урукуюп, салаңдаган башын көтөрө албай буттары бүгүлүп, жаны чыгып, сөөгү эле тургансыйт* ***Гүлсары*** *[2, 15б].*

Жазуучу чыгармаларында сөздөрдүн эмоционалдык маанилерин арттырууга зат атоочтун илик жөндөмөсүн түрдүү формада чыгармачылык менен пайдалана алган.

Барыш жөндөмө. «Көркөм чыгармаларда жана сүйлөшүү стилинде барыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн толук да, кыскартылган да түрү колдонулат. Анткени бул стилдеги барыш жөндөмөдө турган сөздөрдө жак-таандык жана жалпы таандык мүчөлөр улана берет. Ушул өзгөчөлүк барыш жөндөмөсүндөгү зат атоочтордун функционалдык жактын колдонулуу өзгөчөлүгүн аныктайт» [3,68б]. Ч.Айтматовдун чыгармаларында барыш жөндөмөдөгү зат атоочтордун колдонулуу чөйрөсү өтө кеңири жана ар түрдүү. Каармандардын кебинде бул жөндөмө мүчөнүн ички сезимдеги ар кандай маанилерди түшүндүрүүдөгү кызматы чоң. Кейипкерлердин мүнөзүн ачып көрсөтүүдө, сүйлөөчүнүн тилдик белгилерин сактоодо, сезимдеги оң жана терс маанилерди билдирүүдө барыш жөндөмөдө турган зат атооч сөздөрдү жазуучу стилдик максатта орундуу пайдаланган.

Мисалы: *Алтынай Сулайманова мындайды күтпөгөн болуу керек, сүйүнгөнүнөн эмне кыларын билбей,* ***элге*** *кол куушура ийилип жүрүп отуруп, залдагы президиумдан орун алды. Жыйналыштын аягында пионерлер анын мойнуна кызыл жагоо тагып, гүл берип, жаңы мектептин ардак* ***китебине*** *анын ысмын бирден бир биринчи жазышты, [2,7б]).* Автордук кепте **элге, китебине** деген барыш жөндөмөдөгү сөздөрдү стилдик жагынан орундуу керектелген, орток маанилүүлүккө ээ.

Барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү айрым жандоочтор менен синоним катары колдонула берет. *Мисалы: Жумушта иш менен алаксып, Жамийла анча сыр байкатчу эмес [2, 175б].* Бул сүйлөмдө

иш менен деген сөз тизмегиндеги менен жандоочу барыш жөндөмөнүн **-га** мүчөсүнө синоним болуп колдонулду. «Жумушта ишке алаксып, Жамийла анча сыр байкатчу эмес», деп колдонулушу да мүмкүн.

Кезеги келгенде Жанболотко түшүндүрүп айтып берем [2, 138б]. Автор каармандын кебинде Жанболотко деп, барыш жөндөмөнүн толук формасын улоо аркылуу көрсөттү. Алардын айылдан кеткендегисин эстегенде жүрөгүмө кайрат толуп, мен дагы ошолор сыяктуу өз таалайым үчүн кыйын жолго чыгууга тайманбай бел байладым.

-Мен окууга кетем! – дедим мен апама. Сүрөтчү болгум келет, сүрөтчүнүн окуусуна барам, атама да ушуну айтып кой [2, 195б]. Жазуучу каармандын кебинде барыш жөндөмөнүн кыскарган формасын берип, оң эмоцияны көрсөттү. Орток мааниге ээ.

Автор сезимдик маанилердин белгилерин окурмандарга көркөм, элестүү жана образдуу жеткирүүдө жогорудагы жөндөмө мүчөнүн варианттарын ар кандай ыкмада чыгармачылык менен пайдаланган.

Табыш жөндөмө. Көркөм чыгармаларда текстке сүйлөшүү стилинин белгисин киргизүү максатында табыш жөндөмөнүн кыскарган формасы колдонула берет. Сүрөткердин чыгармаларында бул жөндөмөнүн көрсөткүчүн толук жана кыскарган формада пайдаланып, каармандардын көркөм образын элестүү чагылдырган жана кепке сүйлөшүү стилинин белгисин киргизген. ***Кагазын*** *колуна кармаган бойдон турган жеринде селдейген Дүйшөн көпкө чейин ордунан козголбой турду [2, 13б].* Жазуучу **кагазын** деген сөздө табыш жөндөмөнүн кыскарган формасын колдонуп, каармандын кебин көрсөттү, орток маанилүүлүктү берди.

Мен күн баткыча отунга дагы бир сапар барып келе салайын, - деп Дүйшөн ***орок, жибин*** *алып, талаага басып кетти [2,15б].* Автор **орок//орокту//орогун, жип//жибин//жипти** деген табыш жөндөмөнү колдонуп, каармандын кебин жекелештирүү максатында пайдаланып, мектеп окуучуларынын эртеңки күнүн ойлогон Дүйшөндүн убаракерчилигин табыш жөндөмөнүн мүчөсүнүн кыскарган формасын орток мааниде колдонду.

Сүрөт тартыш үчүн айылга, ал турсун, үч-төрт күн мурунураак бардым [2, 6б]. Жазуучу сүйлөмдө **сүрөт//сүрөттү** деген сөздү берүүдө **сүрөт** деген табыш жөндөмөдө турган сөздү көмүскө формада колдонуп, каармандын кебинде стилдик жактан сүйлөмгө кошумча маанини киргизди. Сүйлөшүү стилине ыктайт. *«- Эй, катын! – деди ал ородон чыгып, сен качантан бери* ***элди*** *башкарып, билерман болуп кеткенсиң. Көп сүйлөбөй ишиңди кыл!» [2,19б].* Автор **элди, ишиңди** деген сөздөргө табыш жөндөмөнүн мүчөлөрүн улоо менен сүйлөшүү боңгуна ээ болгон жактырбоочулук маанини көрсөттү.

Демек, зат атоочтун табыш жөндөмөсүнүн мүчөлөрү көркөм жана сүйлөшүү стилдеринде ички, сырткы эмоцияны түзүүчү каражаттар болгондуктан, жазуучу тарабынан чыгармачылык менен керектеген.

Жатыш жөндөмө. Жатыш жөндөмөнүн негизги мүчөсү **- да.** Ал башка жөндөмөлөрдүн мүчөлөрүндөй өнүгө алган эмес, тактап айтканда, жатыш жөндөмөнүн мүчөсүнүн кыскарган жана толук варианттары жок. Ошондуктан бул жөндөмөдө турган зат атооч кыргыз адабий тилинин бардык стилдеринде активдүү колдонула берет. Жатыш жөндөмөнүн мүчөсү барыш жөндөмөнүн мүчөсүнө синонимдик катышта келет жана кыймыл-аракеттин уңгу сөзгө карата багытталганын туюнтат. *Мисалы:* ***Деңиз*** *кылаалап ырдаганга не жетсин. Деңиз баарын түшүнөт. Жүрөктөн чыккан ыр болсо,* ***деңизде*** *жарашып калат. [5, 8б].* Бул сүйлөмдө **деңизде // деңизге** синонимдеш келет. *Биринчи күнү ал бизди* ***жерде*** *төшөлгөн саманга отургузуп, колубузга бирден дептер, бирден калам, ар бирибизге атайлап жасалган кичинекей тактайдан берди да: -Муну тизеңерге коюп, кат жазасыңар, - деди [2,19б].* Автор Алтынайдын кебинде жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн улап, жерде деп берген. Муну жерге деп, барыш жөндөмөсүндө бергенде деле, синонимдик катышта болуп, орток мааниге ээ болмок. ***Капталда*** *төгүлгөн жылдыздар таң аткыча балбылдап, анан бирин-серин тартып, эң акырында жаркыраган чолпон калып, ал улам алыстап, алда кайда кетип жоголду [2,126б].* Жазуучу бул сүйлөмдө **капталда** деген жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланган сөздү колдонду. Ага синонимдеш **капталга // капталда** деп барыш жөндөмөнүн мүчөсү менен алмаштырууга болот. Жыйынтыктап айтканда, Ч.Айтматов чыгармаларында зат атоочтун жатыш жөндөмөсүн да стилдик жактан орду менен пайдаланат.

Жатыш жөндөмөнүн грамматикалык формасы чыгармада каармандардын түрдүү көңүл абалдарын сыпаттап берүүдө көп керектелет.

Чыгыш жөндөмө. Чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү - **дан**. Бул мүчөнүн толук жана кыскарган түрлөрү кепте активдүү колдонулат. Чыгыш жөндөмөнүн мүчөсүнүн кыскартылган түрү көркөм жана сүйлөшүү стилдеринде стилистикалык жактан максаттуу пайдаланылат. Текстке сүйлөшүү стилинин белгисин киргизүү үчүн да колдонулат.

Мисалы: Жана Данияр менен Жамийланы ***сүрөттөн*** *тирүү сыяктуу көргөн учур мээме ушунчалык кадалган экен, көз алдыма баягы август түнүндөгү гүлдөгөн талаа келип, Даниярдын от менен жалын алып шаңшыган обону кулагыма угулгансып жатты [2,195б].* Автор **сүрөттөн** деген зат атооч сөздө чыгыш жөндөмөнүн толук формасын колдонуп, каармандын кебин жекелештирип берген.

- Сейде жеңе, Ысмакемден кат жок, бизге да жок. Курмакем эмки базарда алып келем деди [2, 209б]. Автор каармандын кебинде чыгыш жөндөмөсүндөгү Ысмакемден деген сөздү пайдаланган. Бул сүйлөмдө **Ысмакемден //Ысмакемен** синонимдеш келет.

Баятан ***кокту-колоттон*** *жол басып моюн бербей тың эле көтөрүп келген таңгагы бул учурда зылдай салмактана калып, эшик алдына беш–алты кадам болгон жерде кубаттан тайып, ал дубалды кармана теңселип, зыңгырап уюй түшкөн жонундагы отунду жерге тикесинен таштап жиберет [2, 209б].* Бул сүйлөм чыгыш жөндөмөдө колдонулду.

Кокту-колоттон, кокту-колотто менен синоним болуп колдонулушу мүмкүн, ал эми **кубаттан** дегенди **кубатта** деп жатыш жөндөмөдө колдонууга болбойт. Жөндөмөлөрдөгү синонимдештикти бардык учурда колдонууга, синоним катары пайдаланууга болбойт. Биринчи учурда колдонууга болот. Бардык эле учурда бир жөндөмө менен экинчи жөндөмө мүчө катары колдонууга болбойт.

Ысмайыл болсо почточуну көргөн жерден сурап коюп жүр деп эскертет, Сейде сурайын эле дейт, бирок ошого оозу барбайт, эмки жолу сурармын деп өзүн алдайт [2, 210б]. Жазуучу бул сүйлөмдө чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн каармандын кебин жекелештирүүдө колдонот. Ысмайылдын кеби аркылуу **почточуну // почточудан**, **жерден // жерде** деген сөздөрдүн синонимдештиги аркылуу берип каармандын кебин айгинелеп көрсөттү.

Чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү кепте табыш жөндөмөнүн мүчөсүнө синонимдеш катышта келип да колдонулат. *Мисалы: Биринчи диссертациямды Москвадан коргодум [2, 42б].* Бул сүйлөмдө жазуучу **Москвадан// Москвада** деп каармандын кебин берүүдө чыгыш жөндөмөнү колдонду. Диссертацияны кайда корголгондугун тастыктап көрсөттү.

Жыйынтыктап айтканда, Ч.Айтматов зат атоочтун жөндөмө мүчөлөрүн чыгармада стилдик жактан орундуу пайдаланып, автордук кепте, каармандын кебинде, пейзаждык сүрөттөөлөрдө, айрым учурда жөндөмө мүчөлөр стилдик максат менен түшүрүлүп берилип, тилдик каражаттарды чеберчилик менен колдонгон.

Адабияттар

1. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: Морфология. – Бишкек: «Айбек» фирмасы, 1997. – 296 б.
2. Айтматов Ч. Биринчи мугалим. – Фрунзе: Мектеп, 1978. – 316 б.
3. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы: Морфологиялык жана синтаксистик стилистика. – Бишкек: Б – сыз., 2001. -3 китеп.–2001. –171б.
4. Кыргыз адабий тилинин стилдик түрлөрү \ Жооптуу ред. С.Кудайбергенов. – Фрунзе: Илим, 1983. – 148 б.
5. Нармырзаева К. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын тилинин морфологиялык стилистикасы (Атооч сөз түркүмдөрүнүн материалында): Филол. илим. канд. автореф. - Бишкек, 2009. -23 б.

УДК: 400:8.80

К. Нармырзаева, Ош МУ

Стилистикадагы көркөм чыгарманын тилинин изилдениши

В статье дается материалы по исследованию стиля художественного произведения.

The present article explains the different approaches to researches on belles-lettres style.

Көркөм чыгармада тилдик көркөм каражаттарды акын, жазуучулар белгилүү максаттарда пайдаланышат. Ошондуктан кыргыз жазуучуларынын жана акындарынын чыгармачылыгынын стилистикалык өзгөчөлүктөрүн изилдөө – кыргыз тилчилеринин жана адабиятчыларынын алдында турган маанилүү маселе экендигин профессор К.К.Сартбаев абдан туура белгилеген [20,18б]. Ал эми тилдин морфологиялык каражаттары жөнүндө: «Көркөм чыгарманын тилинин курулуш материалы болуп тилдин морфологиясында сөз, сөз составы, уңгу, мүчөлөр, сөз түркүмдөрү, алардын түрлөрү, сырдык сөздөр, тууранды сөздөр кызмат кылат. Ал эми сөздүн ушул башкы белгисинин адам тарабынан кабыл алынышы же түшүнүлүшү адамдын жеке интеллектине жараша болот», - деп Т.Аширбаев белгилеген [4,18б]. Ошондуктан сөздүн кептеги маанисин түшүнө билүү жана ал маанинин угуучу же окурман тарабынан чыгарманын стилине, темасына жана идеясына ылайык кабыл алынышы коммуникацияда чоң мааниге ээ. Айрыкча кептеги сөз түркүмдөрү, эмоционалдуу-экспрессивдүү сөздөр, алардын мааниси, орду, табияты жана кептеги касиет белгилери тексттин жалпы тулку боюнда морфологиялык стилистикалык аспектиде изилдөөгө муктаж.

Кыргыз филологиясында көркөм чыгарманын тилин изилдөө иши XX кылымдын кыркынчы жылынан башталат, «Молдо Кылычтын тили» деген темада Ж.Шүкүров кандидаттык диссертациясын жактап, 1947-жылы ушундай наамдагы монографиясын орус тилинде («Язык М.Кылыча») чыгарган. Жаңы мындай багыттагы изилдөөлөр 60-жылдардын аяк ченинен тартып (Кырбашев К. 1967, Керимжанова Б., Жантөшева Ж.1981 [7-8-9] өнүгө баштаган. Акыркы жылдардын ичинде көркөм чыгарманын тилине, анын ичинде Ч.Айтматовдун чыгармасынын тилине окумуштуулар ар тараптан иликтөө иштерин жүргүзүүдө[24]

Жалпы эле көркөм адабияттагы, ошондой эле, жеке жазуучунун чыгармаларындагы тилдин эстетикалык функциясына, көркөм сүрөттөө каражаттарына арналган илимий эмгектер жана диссертациялык изилдөөлөр көбөйүүдө (Мамытов Ж. 1990, 2002, Аширбаев Т 1990, 2001, Усубалиев Б.1994,1998, Өмүралиева С. 1999, Турдукожоев Т. 2000 [11,12, 3, 4, 23, 26, 22].

Кыргыз филологиясында көркөм чыгарманын тилин лингвостилистикалык аспектиде изилдөө багытындагы илимий-теориялык жана методологиялык эмгектер саналуу гана. Көркөм чыгарманын тили боюнча чектелген мүнөздөгү жалпы маалыматтарды эсепке албаганда, бул маселе боюнча иликтөөгө алган Ж.Мамытовдун, Б.Усубалиевдин , А.Оморовдун эмгектерин көрсөтүүгө болот. Булардан сырткары, кийинки мезгилде окумуштуулар С.Ж.Мусаевдин, Т.С.Маразыковдун, С.Өмүралиеванын [11, 23, 25, 17, 16, 26] тексттик лингвистиканын алкагындагы изилдөөлөрүндө көркөм тексттердин тилине тиешелүү маселелер, тексттердин стуруктуралык-семантикалык, прагматикалык, интеграциялык түзүлүшүнүн маселелери менен байланышта каралып өткөндүгү бизге маалым.

Көркөм чыгармада колдонулган сөздүн көп маанилүүлүгү, өзгөрмө кубулмалуулугу, ички формага ээлиги, тилдик башка бирдиктер менен карым–катышы, образдуулугу сыяктуу маселелер окумуштуулардын бир канча муунун түйшөлтүп, кызыгуу жаратып келе жатканы жана жарата берери түшүнүктүү.

Стилистикадагы сөз түркүмдөрүнүн табияты, мааниси, көркөмдүк өзгөчөлүгү жана табышмактуулугу жөнүндөгү илимий-теориялык маселелер, дүйнөлүк тил илиминин алкагында, кыргыз тил илиминде, жалпы эле түркологияда жаңыдан проблема катары колго алына баштагандыгы, бул багыттагы адабияттардын жетишсиздиги жана илимий изилдөөлөрдүн аздыгы теманын актуалдуулугун шарттайт. Проблемаларды чечүүдө негизги сөз түркүмдөрүнө: зат, сын, сан, ат атоочторго өз-өзүнчө токтолуп, конкреттүү мисалдарга алардын чыгарманын тилиндеги стилистикалык кызматы текстке талдоо жүргүзүү аркылуу аныкталат.

Көркөм адабий стиль тилдик бирдиктерди жана каражаттарды пайдалануу мүмкүнчүлүгү боюнча функционалдык стилдердин калган түрлөрүнөн кескин өзгөчөлөнөт. Көркөм чыгарманын тили образдуулукка, таасирдүүлүккө, экспрессивдүү - эстетикалык касиеттерге ээ. Ал тилдик түрдүү каражаттарга өтө бай. Тилдик каражаттар автордун баяндоосунда да, каармандын тилинде да

учурайт. Көркөм чыгарманын тилинин табиятына эстетикалык мүмкүнчүлүгү бар тилдик бирдиктер жана каражаттар өтө ылайык келет. Автор айрым учурда адабий тилдин бирдиктерин пайдалануда айрым эрежелерден четтейт. Тактап айтканда, чыгарманын эстетикалык кабылдоосун курчутат. Ар кандай көркөм чыгарманын идеялык күч-кубаты окурман тарабынан өздөштүрүлөт. Адамдын сулуулукка, болгондо да көркөм сулуулукка, «кеп сулуулугуна» болгон табити калыптанат. Демек, инсанды ар тараптан тарбиялоодогу мүмкүнчүлүгүн чыгарманын тили аркылуу иликтөө эмгектин актуалдуулугунун негизин түзөт.

Морфологиялык стилистиканын табият-маңызын ачып берүүдө, көркөм кеп стилинин өзгөчөлүгүн т.а., ал адабий тилдин бардык функционалдык стилдерин өз ичине камтый турган, жалпы улуттук тилдин адабий жана адабий эмес формаларынын бардык тилдик каражаттарын пайдалануу мүмкүнчүлүгү бар кептик өзгөчө стиль экендигин жеткиликтүү илимий деңгээлде далилдей алгандыгында, конреттүү мисалдарга ар тараптуу талдоо жүргүзүү аркылуу атооч сөз түркүмдөрүнүн (зат, сын, сан, ат атооч ж.б.) стилдик кызматын аныктап бергендигинде, келечекте мындай багыттагы изилдөөлөргө илимий негиз болорлугунда жатат [10,5б].

Ар бир илимдин тарыхы бар болгон сыяктуу стилистиканын да илим катары жаралуу жана өнүгүү тарыхы бар. XX кылым тил илиминде стилистиканын кылымы болуп калды. Бул маселеде орус тилчилери илимий гегемондукка ээ болуп, жогоруда белгиленгендей, орус тилинин стилистикасы боюнча изилдөөлөрү айрыкча улуттук филологияда элдердин тилдеринин стилистика илиминин өнүгүшүнө зор түрткү берди. Орус филологиясында стилистиканын проблемаларына А.И.Ефимов, Д.Э.Розенталь , Г.Я. Солганик, В.П.Москвин, Н.Н. Романова,А.В. Филиппов [6,18, 21, 13, 19] сыяктуу тилчи – стилисттер илимий **анализдерди** жүргүзүшкөн.
Түрк тилдеринин стилистикасынын изилдениши XX кылымдын экинчи жарымынан башталды. Айрым тилдердин стилистикасы жалпы орто билим берүүчү мектептерде окутула баштады.
Казак тилинин стилистикасы боюнча Р.Г.Сыздыкова, Ф.М.Мусабекова, Н.Х.Демесинова, М.С.Сергалиев жана башкалар изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Стилистика багытында мындай ийгиликтер өзбек, азербайжан, татар ж.б. түрк тилдеринде да жаралды. Өзбек тилинин практикалык стилистикасы окурмандарга тартуу кылынды. Окутуу казак, өзбек, азербайжан, татар, башкырт ж.б. тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде улуттук тилди окутуунун мазмуну түп тамырынан өзгөртүлдү: тилдик материалдар стилистикалык негизде үйрөнүлө баштады, функционалдык стилистиканын элементтери окуу программаларына киргизилди. Натыйжада жогоруда аталган тилдерди окутуунун практикалык максаттуулугу артты.

Кыргыз тилинин стилистикасынын башаты илимпоздор Б.М.Юнусалиев, С.Давлетов, Х.Карасаев, А.Жапаров, академик Б.Ө.Орузбаеванын айрым эмгектери менен тикеден-тике байланыштуу. Албетте, жогорку окумуштуулардын көркөм чыгармалардын тилине арналган алгачкы эмгектери таза стилдик же стилистикалык планда изилденбеген. Негизги басым талдоого алынган чыгармалардын лексикасына коюлгандыгын баса белгилейбиз.

Азыркы мезгилде **«стиль»** кандайдыр бир жазуучуга тиешелүү өзгөчөлүктү туюндурат. Ал чыгарманын бардык тарабынан, б.а. образ түзүүдөн тартып тил чеберчилигине чейин байкалат. **Стиль** бир адамдын экинчи адамга мүнөзүнүн окшобогондугу сыяктуу эле, бир жазуучунун экинчи жазуучуга тема талдоодон тартып, образдарды көркөмдөөдөн, тил маселесине чейин өзгөчөлөнгөн көп жагдайларын камтыйт. Бул ошол жазуучунун басып өткөн турмуш жолунан, жеке адамдык тагдырынан, жыйнаган турмуштук тажрыйбасынан, көз карашынан ж.б.у.с. жактарынан келип чыга турган, башкача айтканда, анын бала чагынан каны-жаны менен бүткөн өзгөчөлүктөрү экенин белгилеп кетүүгө болот. **Стилистика** сүйлөөчүнүн же жазуучунун оюн башка бирөөлөргө так берүү үчүн тилдик каражаттарды туура тандап алуунун ыгын үйрөтүүчү тил илиминин бир бөлүгү. Профессор К.К.Сартбаев «Тил илиминин маселелери» аттуу эмгегинде **«стилистика», «стиль»** деген терминге аныктама берген. Стилистиканын изилдей турган негизги обьектиси – тил. Стилистикада тилдин ар түрдүү шартта, тилдик катнаштын ар кандай формада, коомдук турмушта ар түрдүү жанрда колдонулушун изилдейт. Стилистика тилдик материалдын төмөнкүдөй маселелерди ичине алат: **тилдик норма, стиль, стилдик маани** (стилдик боек). **Стилистика** тилдик норманын бир коллективге - жалпы бир тилге таандык экендигин белгилейт. Мына ошол жалпы элге таандык норма менен бирге, аткаруу функциясы жагынан чектелген диалектиге таандык норма да болот [20,196б] **«Стиль»** деген түшүнүктү тар мааниде алып караганда, айрым жазуучунун чыгармаларындагы бөтөнчөлүктөрдү көрсөтүү үчүн колдонулат. **Стилистика** тилдин стили жөнүндөгү маселени текшерүүчү тил илиминин бир тармагы же стиль жөнүндөгү окуу. Стилистика маселеси, бир жагынан тил илимине таандык болсо, экинчи жагынан

адабият таануу илимине таандык [20, 198б].

Белгилүү окумуштуу А.И.Ефимов: «Көркөм адабияттын тили адабий тилдин калган башка түрлөрүнөн өзүнүн көркөм эстетикалык сапаттары менен айырмаланып турат. Бул өз кезегинде көркөм чыгарманын эстетикалык функцияларын ишке ашырууга көмөк болгон көркөм - сүрөттөө каражаттардын тарыхый иштелип чыккан системасына ээ болгон образдуу тил» , - деп айткан [6,5бб].

Ч.Айтматовдун стилине мүнөздүү көрүнүштүн дагы бири – бул анын чыгармаларынын тилинин маңыздуулугу, ширелүүлүгү, көркөм сүрөттөө каражаттардын жыштыгы жана орундуулуугу, кыргыздын ата - бабасынан бери келе жаткан нукура сөздөрүн, тилдеги историзм, неологизм, жаргонизм, вульгаризм, варваризм, профессионализм, диалектизм сыяктуу ар түрдүү катмарлардан өтө жогорку деңгээлде чеберчилик, сезимталдык менен колдоно билүү өзгөчөлүгү эсептелет.

Жазуучунун элдик мифтерге, жомок - уламыштарга кайрылып, аларды өзүнүн чыгармаларынын сюжетине органикалык түрдө тутумдаштыра билгендиги - анын дагы бир жазуучулук феномени. Демек, көркөм адабиятта өз стилин тапкан жазуучу – ал мыктылардын мыктысы катары бааланат. Көрүнүктүү адабият теоретиги М.М.Бахтиндин ою боюнча «большой стиль… есть стиль прежде всего самого видения мира и уже затем обработки материала» [5,175б]. Башкача айтканда, автордун дүйнөгө көз карашы, анын инсандык өзгөчөлүгү, материалды иштеп берүү жагы биринчи жагдайга көз каранды. Алсак, Чыңгыз Айтматов - кара сөз чебери, ал - турмуштук көрүнүштөрдү ар дайым жаркын лирикалык маанайда кабылдаган лирик-романтик. Жазуучунун кайсы чыгармасына кайрылсак да, башкы өзгөчөлүк катары Айтматовдун стилиндеги башкы белги, касиет чыгармаларынын калган компоненттеринде: тема таап, аны чечмелеп берүүдө, портрет түзүү, жаратылышты сүрөттөө, айбанаттар дүйнөсүн ачууда, көркөм деталдарды колдонууда, жыйынтыгында, барып-келип, жаркын драмалуу, эч качан эстен кеткис мүнөздөрдү түзүүдө көрүнөт.

Демек, морфологиялык каражаттар кыргыз адабий тилинин бардык стилдеринде, айрым бир өзгөчөлүктөрдү эске албаганда, бирдей колдонула берет.

Көркөм чыгарманын стилинде улуттук тилдин морфологиясынын каражаттарын колдонуу өзүнүн бийиктигине жетет. Ошондуктан ар кандай тилдин морфологиялык стилистикасынын негизги изилдөө обьектиси көркөм чыгарма болуп эсептелет. Ал эми биз сөз кылмакчы болгон Ч.Айтматовдун чыгармаларынын тилинин морфологиялык стилистикасы кыргыз филологиясында иликтөөгө алына элек. Кыргыз тилинин стилистикасы-тектеш тилдердин стилистикаларына салыштырмалуу өтө жаш илим. Ал акыркы 20–30-жылдын аралыгында гана лингвистикалык илим катары изилдөөгө алынып, мектептерде, атайын окуу жайларында окутулуп келе жатат. Кыргыз тилинин стилистикасы түпкүлүгүндө кеп маданияты менен тыгыз байланышта каралат. Ошондуктан кыргыз жаштарынын тил жана кеп маданиятын жогорулатууда кыргыз тилинин стилистикасы илимий негизде милдет аткара тургандыгын эч ким тана албайт. Окуучулар эне тилинин стуруктурасы, тилдик деңгээлдердин бирдиктери, категориялары жана алардын формалары жөнүндө алынган билим менен гана чектелүүдө. Ал эми кыргыз тилинин тилдик бирдиктеринин көркөмдүгү, образдуулугу жана боектуулугу, ал тилдик бирдиктердин кептик чөйрөдө колдонулуу өзгөчөлүгү, тил жана кеп маданиятына жетишүүнүн ыкмалары жана башка ушул сыяктуу учурдун талабынан келип чыккан маселелер окутуу жараянында ушул күнгө чейин колго алынбай келе жатат. Кыргыз тилинин структуралык стилистикасында фонетика, сөз жасоо, лексика-фразеология, морфология жана синтаксистик тилдик бирдиктердин коннотациялары, ар бир тилдик деңгээлдин парадигмалык белгилери, тилдик бирдиктердин коннотация жаратуучу каражаттары, троптор жана стилистикалык фигуралар иликтенет.

Демек, жыйынтыктап айтканда, көркөм чыгарманын стилинде теориялык маселелердин чечилишинин практикалык жагы тилдик каражаттар менен коштолуп белгиленет.

Адабияттар

1. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: Морфология. – Бишкек: «Айбек» фирмасы, 1997.- 296 б.
2. Азыркы кыргыз адабий тили: Фонетика, Лексикология, Лексикография, Фразеология, Морфология, Синтаксис, Стилистика, Текстаануу, Лингвопоэтика.- Б.: 2009. - 928 б.
3. Аширбаев Т.Язык романа “Сломанный меч” Т.Касымбекова: Автореф. дисс... канд.филол.наук.-Фрунзе, 1990.-19 с.

4. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы: Морфологиялык жана синтаксистик стилистика. – Бишкек: Б – сыз., 2001. -3 китеп. –171б.
5. Бахтин М.М. Эстетика словесного творчество.-М.: Искусство, 1986. -444 с.
6. Ефимов А.И.Стилистика русского языка.-М.:Просвещение, 1969. -262 с.
7. Жантөшева Ж.Салыштыруу - К.Жантөшевдин чыгармачылыгындагы сүрөттөөчү көркөм ыкма.-Фрунзе: Мектеп, 1981.-68 б.
8. Кырбашев К.А. Осмоновдун поэзиясынын тили.- Фрунзе: Илим, 1966.-100 б.
9. Керимжанова Б.Д.Ч.Айтматовдун айрым чыгармаларында автор жана каарман проблемасы.-Фрунзе: Илим, 1988.-114 б.
10. Кыргыз адабий тилинин стилдик түрлөрү Y Жооптуу ред. С.Кудайбергенов. – Фрунзе: Илим, 1983. – 148 б.
11. Мамытов Ж.Көркөм чыгарманын тили.- Фрунзе:Мектеп, 1990, -124б.
12. Мамытов Ж. Эскирген сөздөр менен диалектизмдердин лингвостилистикасы.–Каракол: Б-сыз., 2002.-200 б.
13. Моксвин В.П. Стилистика русского языка. Ростов-на-Дону: Феникс, 2006. -630 с.
14. Маразыков Т.Текст таануу жана анын айрым маселелери.-Бишкек: Бийиктик, 2005.-1 – китеп, -144 б.
15. Маразыков Т.Кыргыз тилинде текстти интеграциялоочу лингвистикалык каражаттар.-Бишкек:Бийиктик, 2005.-2-китеп.-167 б.
16. Маразыков Т.Кыргыз тилинде текстти интеграциялоочу лингвистикалык каражаттар.-Бишкек:Бийиктик, 2005.-3-китеп. -166 б.
17.Мусаев С.Ж. Тексттин коммуникативдик стуруктурасы:Филология илимдеринин док. Автореф.-Бишкек, 2000.-36 б.
18. Розенталь Д.Э. Практическая стилистика русского языка.-М.:Высш.шк.,1974. -34 с.
19. Романова Н.Н.Филиппов А.В.Стилистики и стили. –М:Флинта, 2006. - 402 с.
20. Сартбаев К. Языковедение в Киргизии: Крат. Очерк. – Фрунзе: Илим, 1985 -154 с.
21 . Солганик Г.Я. Синтаксическая стилистика.-М.: Высш.шк.,1973.-213с.
22. Турдукожоев Т. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын стилдик өзгөчөлүктөрүн мүнөздөгөн сөз каражаттары: Филол.илим.канд.дисс.- Ош, 2000.-176 б.
23. Усубалиев Б.Ш.Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик.-Бишкек,1994.- 200б.
24. Нармырзаева К.Ч.Айтматовдун чыгармаларынын тилинин морфологиялык стилистикасы (Атооч сөз түркүмдөрүнүн материалында): Филол.илим. канд. автореф. - Бишкек, 2009.- 23 б.
25. Оморов А. Жолон Мамытовдун ырларынын поэтикасынын айрым маселелери: сөз маанилери, троптун түрлөрү, фоностилистикалык каражаттар жана ар түрдүү түзүлүшү. – Бишкек.2002.-124б.
26. Өмүралиева С. Тексттин лингвистикалык теориясы.-Бишкек,:Б-сыз, 2005.-155б.

УДК: 362.74/77

К. Y. Каримова, ОшМУ

Өспүрүмдөрдүн көчө балдарына айланышынын социалдык-психологиялык детерминанты жана алдын алуу жолдору

Бул макала азыркы учурдагы Кыргызстанда өспүрүм курактагы көчө балдарынын көйгөйлүү социалдык маселелеринин келип чыгуу себептери жана анын мамлекеттик жана бейөкмөт уюмдар тарабынан бирдиктүү бир тармакка биригүү жолу аркылуу алдын алуу жөнүндөгү маалыматтарды камтыйт.

Данная статья содержит причины возникновения актуальных социальных проблем несовершеннолетних беспризорников в современном Кыргызстане и ее профилактики путем интеграции в единую сеть государственных и неправительственных организаций.

The given article informs about the causes of current social issues of under –age street children in contemporary Kyrgyzstan and its prevention by integrating to a single network of government and non-

governmental organizations.

Өткөөл мезгилдин кесепеттеринен улам биздин өлкө терс көрүнүштөгү социалдык кубулуштарга кабылды. Алар: калктын жашоо деңгээлинин төмөндөп кетүүсү, экономикалык туруксуздук, социалдык теңсиздик, ж.б болуп, салттык адеп-ахлактык адаттардын, баалуулуктардын ыдырашы менен биринчи кезекте балдар жана үй-бүлө жабыркады.

Өлкөнү социалдык-экономикалык реформалоодо жана эмгек-базар мамилелеринин калыптанышы менен канчалаган балдардын жана өспүрүмдөрдүн социалдык коргоого жана колдоого муктаждыктарын жаратты. Турмуш тажрыйбасы көрсөтүп тургандай мындай маселелерге кабылгандар өздөрүнүн маселесин өздөрү да, үй-бүлө мүчөлөрү да чече албай турган жагымсыз шарттар келип чыкты. Бул үчүн өзгөчө гумандуулук сапатына ээ болгон социалдык иштердин кесипкөй адистери талап кылынат.

Социалдык иштер көп кырдуу социалдык маселелерди чечүүчү, бир нече багытта иш алып баруучу - көп деңгээлдүү ишмердүүлүк. Ал эми балдарга карата жана үй-бүлө менен болгон социалдык иштердин өзүнүн өзгөчөлүгү бар.

Балдарга карата социалдык иштер жөнүндө сөз кылып жатып, кароосуз калган бала, көчө баласы, балдардын дезадаптациясы, балдардын терс жүрүм-турумдары, балдардын социалдык маселелери, алардын келип чыгуу себептери жана алдын алуу жөнүндө тактап алуу маанилүү болуп саналат.

Кароосуз калган бала – бул ата-эненин же, мыйзамдуу өкүлдөр тарабынан камсыздоо, окутуу, тарбиялоо боюнча, тактап айтканда асыроо милдеттеринин аткарылбагандыгынын же, аткарууга жатпагандыктын натыйжасында жүрүм-туруму көзөмөлсүз калган жашы жете элек бала [1, 126-б].

Көчө баласы – жашоо жайы белгисиз же, келип туруучу жайы жок кароосуз калган бала. Алар адатта окуй албайт, жаза албайт жана эсептегенди да билишпейт тактап айтканда сабатсыз. Ошондой эле ар кандай оорулар менен ооруйт [1, 132-б]. Биз мындан бала кароосуз, көзөмөлсүз калып, акырындык менен көчө баласына айланышынын - анын дезадаптацияланышын көрүүгө болот.

Балдардын дезадаптацияланышы – бул алардын ар кандай себептер менен, мисалы: кичинекей балдардын үйдөн алыс кетип адашып калышы, өспүрүм балдардын ата-эненин кысымынан, катуу тартипте кармагандыктан, үй-бүлөдөгү чыр-чатактардан үйдөн качып кетүүсү менен көчөнүн чөйрөсүндө көп убакыт бою селсаяк жүрүп калышы, алардын коомдон дезадаптацияланышына алып келет. Россиялык адистердин аныктоолору боюнча «үйсүздүк убактынын созулушу ар түрдүүчө болот. Баланын жашы канчалык кичинекей болсо, ал көчө чөйрөсүндө көп убакытка калып кетет. Ошондой эле кичинекей балдар өз үйүнүн дарегин билбестен көчөдө калгандыгы жана алардын үйүнө кайтып келүүгө мүмкүнчүлүгү аз болсо, жашы чоңураак же, өспүрүм балдар өзүнүн дарегин эске сактап кала алышат жана алар үйлөрүнө кайтып келгенге мүмкүнчүлүгү бар» [6, 259-б]. 6-10 жашка чейинки балдар чоң адамдарга жардамчы болгонго жарайт. Балдарды колдонуп иштеткенге багыттап «бизнес» жүргүзгөн адамдар балдарды колунан чыгарбас үчүн бекем болушат.

Балдар өздөрүнүн физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша ар кандай коркунучтарга кабылганда ага алдырып коет. Алар кылмышкерлердин жана башка терс жүрүм-турумдагы адамдардын жеңил олжосу болушат [1, 129-130-б]. Кароосуз калган жана көчө балдарынын кылмыш дүйнөсүнө, баңги заттарга болгон муктаждыктарга кабылганга чейин аларды стационардык мекемелерге же, үй-бүлөгө жайгаштыруу зарыл. Бул боюнча «Жаңы муун» мамлекеттик программасын ишке ашыруу максатында балалыктын чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты өнүктүрүү каралган. Ал балдардын үй-бүлөлүк тарбиялануу системасын өнүктүрүүгө жана үй-бүлөнүн өзүнө жеткиликтүүлүгүн калыптандырууга багытталган. Мамлекеттин бул саясатын ишке ашыруу балдар үчүн үй-бүлөдө өсүп-чоңоюшун коомчулуктун негизинде социалдык иштерди түзүү аркылуу камсыздоо болуп эсептелет. Бул жагдайда 2011-жылдын 1-августунан 31-декабрына чейин Дүйнөлүк Банктын колдоосунда «Смайл. кей джи.» коомдук жаштар фонду «Радость жизни» долбоорун ишке ашырып келди. Долбоордун максаты – Ош шаарындагы көчө балдарын жана өспүрүмдөрдү социалдык адаптациялоо жана реабилитациялоого билим берүү жана чыгармачылык аркылуу көмөктөшүү болуп саналат. Бул максатта алар балдар библиотекалары, кайрымдуулук фонддор менен биргеликте бир канча иш-аракеттерди жасашкан. Балдар үчүн санитардык бөлмө өзүнүн душ кабинасы, кир жуучу

машинасы, үтүктөө тактайы, чачыктар, жуучу каражаттар, алмаштыруу үчүн балдардын ич кийимдери жана башкалар менен камсыздалган. Мындан сырткары балдар Таш Мияшев атындагы облустук балдар китепканасында китеп окуу, кооз буюмдарды жасоо менен алектенишет.

Башкалкалоочу жайларга, балдар-интернатына келип түшкөн балдар жаңы чөйрөгө көнүп кетүүсүнө бир канча күч жумшалат. Бул күч аракеттер кээде өзүнүн максатына жетпей калган учурлар да кездешет. Бул мекемелерден качып кетүүнүн натыйжасында бир топ балдар психикалык жана социалдык патологиялык формалардагы терс жүрүм-турумдарга ээ болушат.
Балдардын терс жүрүм-туруму – психикалык саламаттык нормаларынын, жалпы адамзаттык адеп-ахлактык нормаларынын чегинен чыккан жана психопатологиялык, социалдык патологиялык формаларда көрүнүүчү балдардын жүрүм-туруму [1, 188-189-б].

Балдардын социалдык маселелери – балдардын жашоо жолундагы социалдык колдоого, коргоого муктаждыкты жараткан оор социалдык жагдай. Турмуштук оор жагдайлар - үй-бүлөдөгү чыр-чытакка же, ырайымсыз мамилеге байланыштуу үй-бүлө мүчөсүнүн жашоо турмушун жана моралдык психологиялык абалын бузуучу обьективдүү жагдай [2, 82-б].

Үй-бүлөдөгү чыр-чатактар, ата-эненин аракечтиги, ажырашуулар, ата-энеден ажырагандык жана башка ушундай жагдайлар балдардын турмушунда ар кандай кризистик абалдарга алып келет. Бул жагдайлар балдардын үйсүз, кароосуз калышына негизги себептерден болуп калаары анык. Ушундай абалдарда аларга мамлекет жана коом тарабынан социалдык, психологиялык кепилдик керек.

Үйсүз балдардын азыркы күндөгү көрүнүшүн жалаң гана азыркы замандын көрүнүшү деп гана чектөөгө болбойт. Алар мурдагы замандарда да болуп келген. Бирок балдардын үйсүздүк маселесинин күч алышы социалдык кагылышуулардан, ар кандай кырсыктардан улам (М: жер титирөөнүн, суу каптоонун, ачарчылыктын, революциялардын, согуштардын учурунда) таралган. Демек, азыркы биздин өлкөнүн ичинде кароосуз калган жана көчө балдарынын маселелери мамлекеттик жана коомдук деңгээлдеги актуалдуу маселе.

Эл аралык уюмдардын маалыматы боюнча: «Кыргызстанда 10000 ге жакын көчө балдары эсептелген. Андан сырткары 23 миңден көбүрөөк иштеген балдар эсептелген. «Аларды калыбына келтирүү үчүн үй-бүлөгө басым жасоо керек жана аларды үйлөрүнө кайтаруу үчүн чоң күч аракеттерди жумшоо керек» - деп белгилейт У. Абдуллаева [3, http://www/centasia/ru/newsA.php?st=1239002220]. Буга байланыштуу коомдо социалдык кызматтарды өнүктүрүү боюнча да иштерди күчөтүү зарыл экендигин айткан.

Кароосуз калган жана көчө балдарын социалдык колдоо максатында Дүйнөлүк Банктын Кыргызстандагы офиси, Социалдык өнүктүрүү фондунун программасы, «Smile kg» ЖКФ менен бирдикте «Радость жизни» долбоорунун негизинде «Ош шаарындагы көчө балдарын реабилитациялоо жана социалдык адаптациялоо борбору» (2011-ж) ачылган.

Өлкөдөгү балдардын абалына мамлекеттик, бейөкмөт жана эл аралык уюмдар өздөрүнүн тынчсыздануусун билдирүү менен төмөндөгү аракеттерди жасап жатышат:

1) 1999-жылы БУУнун балдар «ЮНИСЕФ» фонду тарабынан ата-эненин камкордугунан ажыраган балдардын жана жетим-балдардын абалын изилдөө жүргүзүлгөн [4, 7-бет];
2) 2002-жылдан-2003-жылга чейин Үй-бүлөлүк балдар үйлөрүнүн Ассоциациясы тарабынан «Үй-бүлө менен биригүү жана ата-эненин кароосунан ажыраган балдарга кам көрүүнүн алтернативасы» деген «ЮНИСЕФтин» долбоору боюнча иштерди жүргүзүшкөн. (Беловоддогу мектепке чейинки балдар үйүнүн базасында «Менин үй-бүлөм» КФнын адистери аталган долбоор боюнча иштешкен) [4, 7-б];
3) «Менин үй-бүлөм» КФ («Менин үй-бүлөм» Коомдук Фондунун негизги идеясы – баланын негизги укуктарынын бирин - үй-бүлөлүк курчоого болгон укугун камсыздоо болуп саналат.) өз алдынча уюм катары 2004-жылы «Ар бир бала үй-бүлөнүн курчоосунда жашоого жана тарбиялануууга укуктуу» деген «ЮНИСЕФтин» долбоорун ишке ашырган;
4) 2005-жылы КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан «Ар бир бала үй-бүлөнүн курчоосунда жашоого жана тарбиялануууга укуктуу» деген «ЮНИСЕФтин» долбоору жактырылып, Аскердик-Антоновка жана Үч-Коргондогу балдар үйүндө да бул долбоордун тажрыйбалары кайталанышы жөнүндө «ЮНИСЕФке» кайрылган.

Бүгүнкү күндө өзгөчө көчө балдарынын социалдык маселелери көйгөйлүү болуп

жаткандыгы, ага карата коомдун жана мамлекеттин маанилүү аракеттерди жасап жаткандыгы анык. Буга мисал катары төмөндөгүнү белгилөөгө болот. «Өспүрүм көчө балдары: маселелери жана чечүү жолдору» аттуу тегерек стол 2011-жылдын декабрь айында болуп өттү.

Тегерек столдун максаты да өспүрүм балдардын маселелерин чечүүгө биргелешкен алдын алуу иш-чараларды уюштуруу болду. Анын катышуучулары мамлекеттик жана бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү биргеликте иш алып баруу керектигин белгилешкен. Бирдиктүү иш-аракеттин негизинде гана кароосуз калган балдарды ар кандай социалдык терс кубулуштардан коргоого, алардын маселелеринин алдын алууга болот.

Мындан сырткары белгилеп кетүүчү нерсе – бул коомдун бардык чөйрөлөрүнүн көчө балдарынын маселеси боюнча иш алып баруу кызыкчылыктарын бириктирген мекеме-уюмдарды байланыштырып туруучу тармактын коомдогу зарылчылыгы болуп саналат. Мындай тармак өлкөнүн ар бир аймагында өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзүп жатат. Мисалы: Ош шаарынын социалдык коргоо башкармалыгы, Ош шаардык мэриясынын БҮК (Ош шаардык Мэриясынын Балдарды жана үй-бүлөнү колдоо бөлүмү) бөлүмү, ЮНИСЕФ, Ош ш. «SOS Детские деревни», «Ар бир балага - үй-бүлө» КФ, «Бүчүр» балдар үйү, «Өспүрүмдөрдү адаптациялоо жана реабилитациялоо борбору» ж.б. уюмдардын тармагы.

Жогорудагы айтылгандардын жыйынтыгында, балдардын жана өспүрүмдөрдүн бир эле маселесинин алдын алуу менен коомдо бир нече орчундуу маселелерди болтурбай койгонго мүмкүн экендигин белгилеп кетүү керек. Өзгөчө балдар ар кандай типтеги стационардык мекемелерде тарбиялануурга караганда үй-бүлө шартында психологиялык, адеп-ахлактык жактан таза, жашоодогу ар кандай социалдык өзгөрүүлөргө туруктуу, чыдамкай мүнөзгө ээ болуп өсүп-чоңоет. Үй-бүлөдө баланын социалдык-психологиялык саламаттуулугу камсыздалат. Демек, балдардын жана өспүрүмдөрдүн көчө балдарына айланып кетүү коркунучунун жана анын башка социалдык кесепеттеринин алдын алуу жолдору катары төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот:

- үй-бүлөдө превентивдик иштерди жүргүзүү;
- көчө балдарын коомдук-тарбиячылар аркылуу окутуу жана тарбиялоо;
- балдарды үй-бүлөгө жайгаштыруу;
- фостердик (патронаттык) [5, 56-б] тарбиялоо системасын өнүктүрүү.

Адабияттар

1. Дивицына Н.Ф. Социальная работа с детьми группы риска – М.: гумм. изд. центр ВЛАДОС, 2008.
2. Авазов Э.А., Дыйканова Ш.А. Социалдык иштердин тарыхы жана теориясы. Кыскача сөздүк маалыматнаама. (Окуу-усулдук колдонмо). – Ош,2006.
3. http://www/centasia/ru/newsA. php?st=1239002220.
4. Алимбаева Б., Матамарова И., Мусаева Н. Социальная работа с биологическими и замещающими семьями: от теории к практике/. – Б.: 2007.
5. Учебное руководство по фостерной заботе в Кыргызской Республике. ЮНИСЕФ. -Б. 2004
6. Кравченко А.И. Социальная работа: учеб. –М.: ТК Велби, изд-ство Проспект, 2008.

УДК -81:001.4/16.01.45

Муратова Э.К., Жаныбекова Б.А., Калдыбаева Ж.А., ОшТУ

О принципах разграничения приименного дополнения и несогласованного определения

Бул макалада аталуучу толуктооч менен байланышпаган аныктоочтун айырмасы жонундо тагыраак маалымат берилген.

В статье подробно излагаются принципы разграничения приименного дополнения и несогласованного определения.

The article details the principles of separation priimennogo additions and unmatched determination.

При изучении синтаксиса определенную сложность представляет разбор второстепенных

членов предложения. Эта сложность обусловливается тем, что в некоторых случаях трудно, руководствуясь традиционными приемами, однозначно квалифицировать тот или иной член предложения [1.5]. Это, в частности, относится к разграничению несогласованного определения и дополнения. Возьмем следующие предложения:

1) Дверь отворилась, вошла женщина *в белом платье*. (А.Пушкин, “Пиковая дама”);
2) На нем был офицерский сюртук *без эполет*. (М. Лермонтов, “Герой нашего времени”);
3) Вкусна была *похлебка из бараньих голов.* (А.Толстой, “Детство Никиты”);
4) *Анекдот о трех картах* сильно подействовал на его воображение. (А.Пушкин, “Пиковая дама”).

Каким членом предложения являются здесь выделенные предложно – падежные формы существительных? Чтобы определить это, нужно, согласно правилу, поставить к ним вопрос. Определения, как согласованные, так и несогласованные, отвечают на вопрос какой?, а дополнения - на вопросы косвенных падежей. В приведенных примерах к рассматриваемым формам можно поставить вопросы обоих типов: *женщина в белом платье (какая? и в чем?); сюртук без эполет (какой? и без чего?); похлебка из бараньих голов (какая? и из чего?)* . Эта двойственность вызвана особенностями индивидуального восприятия названных форм, их можно рассматривать и как определения, и как дополнения.

Такие факты языка приводят ученых к выводу о том, что «границы между разными «второстепенными членами» часто оказываются не только нечеткими, но и вообще неопределенными». Исходя из этого вывода, авторы «Русской грамматики» вообще отказываются от выделения второстепенных членов предложения.

Однако такое решение не снимает самой проблемы, которая может быть сформулирована по другому: как сгруппировать и разграничить непредикативные связи, возникающие в предложении?

Что же касается второстепенных членов, то они как раз и воплощают в себе эти связи. В отличие от традиционно выделяемых определительных, объектных и обстоятельственных отношений (это выражено в существующей классификации второстепенных членов), в <<Русской грамматике>> все непредикативные отношения подразделяются на определительные, объектные и восполняющие - в зависимости от того, сильная или слабая словосочетательная связь лежит в их основе. Однако и такое деление не обеспечивает четкого разграничения отношений. Авторам приходится констатировать, что <<названные три вида отношений постоянно взаимодействуют друг с другом, и этим создаются комплексные, диффузные, отношения, т. е. отношения, которые совмещают в себе значения восполняющие и определительные, восполняющие и объектные, объектные и определительные…>>. Подтверждается эта комплексность ссылками на то, что к распространяющей форме можно задать два вопроса: *отец солдатам (кому ? и чей?); лечение гипнозом (чем? и какое ?).* Интересно, что выделенные по такому принципу отношения чаще встречаются в совмещенном, а не в чистом виде.

Как видим, утверждение о возможности наложения отношений друг на друга не помогает решению проблемы ни в теоретическом, ни в практическом плане. Специфику различных непредикативных связей следует искать в их противопоставленности, а не во взаимодействии. Для этого должен быть найден четкий критерий, позволяющий во всех случаях противопоставить определительные отношения всем иным, а само определение - другим второстепенным членам.

Важнейшим критерием является лексико-грамматическая принадлежность распространяемого слова. Определение не может относиться к глаголу и прилагательному по самой своей природе (отсюда и невозможность вопроса *какой?*).

Позиция при имени существительном более универсальна, так как субстантивные слова формируют все возможные типы отношений, встречающихся в предложении. Это и порождает разную квалификацию второстепенных членов. Если в качестве присубстантивного распространителя выступает предложно-падежная форма существительного, то всегда существуют две возможности: рассматривать ее как дополнение или как несогласованное определение.

Заметим, однако, что для существительного наиболее характерны определительные отношения. К любой присубстантивной форме в принципе можно задать вопрос *какой? утренняя заря (какая?) ; путешествие по Волге (какое?) ; пальто нараспашку (какое?)* и т. д. С

этой точки зрения, все присубстантивные формы должны быть признаны несогласованными определениями. Не случайно большинство исследователей считают присубстантивность основным условием возникновения определительных отношений .

При распространении существительного предложно - падежной формой могут формироваться и объектные отношения, отодвигающие значение определительности на второй план. Причем соотношение объектности и определительности для разных случаев неодинаково. Это связано, прежде всего с тем, что среди существительных есть не только собственно предметные, но и образованные от глаголов и прилагательных и обозначающие опредмеченное действие или признак: *наблюдать за природой – наблюдение за природой; близкий к дому – близость к дому.* В этих случаях определительные отношения оказываются вторичными, позиционными, а на первый план выступают отношения объектные, свойственные исходному словосочетанию: *забота о детях (о ком ?- дополнение); подготовка к празднику (к чему?- дополнение).*

Итак, вторым критерием является категориально – семантическое значение существительных, выступающих в качестве главного слова. Только собственно предметные существительные могут присоединять к себе несогласованное определение.

Но предложно – падежные формы, стоящие при собственно предметных существительных, тоже могут осознаваться по – разному, так как соотношение объектных и определительных отношений неодинаково. Оно различно прежде всего для разных предложно – падежных форм. Кроме того, одна и та же форма ощущается то как определение, то как дополнение. Вот, например, несколько случаев употребления формы творительного падежа с предлогом *с:*

1) Говорила больше мать, дама с седыми волосами. (И.Тургенев). 2) Одна [девушка] держала банку румян, другая коробку со шпильками, третья чепец с лентами огненного цвета. (А.Пушкин).

С одной стороны, выделенный второстепенный член во всех трех случаях может быть рассмотрен двояко – как несогласованное определение и как дополнение : *дама с седыми волосами (какая? и с чем?); коробка со шпильками (какая? и с чем?); чепец с лентами (какой? и с чем?). С* другой стороны, в первом случае явно преобладают определительные отношения, так как признак неотделим от его носителя (ср.: *дама с собачкой*), во втором случае, напротив, форма будет рассматриваться скорее как дополнение, в третьем случае возможно двоякое решение.

Как видим, здесь появляется новый фактор, влияющий на разграничение определения и дополнения, - оттенки семантического значения зависимого существительного в соотношении с семантикой главного слова.

В результате оказывается, что единого критерия выделения определительных отношений не существует. Следовательно, задачей исследователя является поиск четкого основания возникновения определительности, по которому она всегда будет принципиально противопоставляеться другим отношениям, что будет способствовать однозначности в практическом анализе членов предложения.

Заметим, что многие рассматриваемые предложно-падежные формы вступают в синонимические отношения с прилагательным: *старик с бородой - бородатый старик; бутылка из - под молока – молочная бутылка; свитер из шерсти – шерстяной свитер; кресло для работы – рабочее кресло и т.д.* Наличие синтаксического параллелизма обеспечивается одинаковыми синтаксическими свойствами параллельных форм, их «структурно-смысловой близостью, с возможностью взаимозамены, в одной и той же синтаксической функции». Поскольку прилагательное выступает в двух ролях – как определение при существительном и как сказуемое в соответствующем безглагольном предложении, то такими же функциональными возможностями должна обладать синонимичная ему предложно – падежная форма существительного: *старик с бородой (бородатый) – Старик был с бородой (бородатый, бородатым); бутылка из – под молока (молочная) – Бутылка была из-под молока (молочная, молочной); свитер из шерсти (шерстяной) – Свитер был из шерсти (шерстяной ,шерстяным)* и т. д.

Таким образом, свойства несогласованного определение выявляются путем анализа его синонимических связей с согласованным определением.

Однако использование синонимии в качестве аргумента не всегда достаточно надежно. Ведь синонимия, особенно на синтаксическом уровне, явление сложное, многоаспектное; на нее

влияет целый комплекс различных факторов: это и место слово среди различных семантических подсистем, и особенности, уходящие в историю развития данного слова, и законы современного употребления, и словообразовательные возможности. В результате формы, построенные по одной смысловой и грамматической модели, оказываются различными по своим синонимическим свойствам. Ср.: *руки в веснушках (веснушчатые) – руки в занозах; старик с бородой (бородатый)- старик с кнутом; бутылка из-под молока (молочная) – бутылка из – под сока.*

Несмотря на отсутствие регулярного параллелизма рассмотренных предложно – падежных форм с прилагательными, все эти формы объединяются с прилагательными по заложенным в них функциональным возможностям. Поэтому оценка функционального качества приобретает решающее значение при анализе второстепенных членов предложения.

Определением можно считать такую форму, которая способна соотноситься с определяемым существительным не только в словосочетании, но и в предложении, при помощи предикативной связи. Дополнение никогда не может стать сказуемым. Определительные отношения – это единственный тип непредикативных отношений, регулярно соотносящийся с предикативными.

Функционально – синтаксический критерий разграничения непредикативных отношений удовлетворяет заданным условиям: он действует во всех случаях и четко противопоставляет определительные отношения всем другим.

Так, например, предложно – падежные формы, распространяющие глагол, предикативно соотноситься с ним не могут. Поэтому в глагольных словосочетаниях создаются не определительные, а объектные отношения. Не способны к предикативному расчленению вне контекста и словосочетания, образованные отглагольными и отадъективными существительными : *уход за детьми – Уход был за детьми ; ненависть к врагу – Ненависть была к врагу* и т. д. Вследствие этого предложно – падежные формы, входящие в эти сочетания, должны быть рассмотрены как формы объектные.

Обстоятельственные отношения так же не могут трансформироваться в предикативные. Они формируются при глаголе и при существительном с абстрактным значением. Невозможность предикативной позиции для предложно – падежной формы, распространяющей такие существительные, отмечена во многих исследованиях. В частности, обращает внимание на эту особенность Д .Н. Шмелев [6]: *книги в шкафу – Книги уже в шкафу* в отличие от *случай в парке, подвиг на автодороге*. Если в первом случае в словосочетании предложно – падежная форма с локативным значением создает определительные отношения, о чем свидетельствует возможность для нее предикативной позиции, то во втором случае перед нами уже не определение, а обстоятельство.

Таким образом, определительные отношения получают синтаксический статус. Выражающие их второстепенные члены предложения объединяются в функционально – синтаксическую группу.

Предложно – падежные формы, приведенные в начале статьи, при всем их разнообразии функционально едины. Сравним:

Женщина *была в белом платье*; Сюртук был *без эполета*; Похлебка была *из бараньих голов*; Анекдот был *о трех картах*.

Следовательно, согласно установленному принципу, все они должны быть оценены как несогласованные определения.

Многообразие определителей поддается группировке с точки зрения их значения. Так, значение наличия предметного признака передается формами «с + твор. п .» , «в + предл. п.», «при + предл. п.» *(платье с рукавами, яблоня в цветах, офицер при шпаге),* значение отсутствия признака – формой «без + род. п.» (*стул без ножки*), определение части по целому – формой “от + род.п.” *(рама от картины, ключ от комнаты),* определение по местоположению – различными локативными формами (*дом в лесу, пруд за садом, обрыв над рекой)*.

Значение несогласованного определения формируется в результате взаимодействия категориально – семантического разряда существительного с соответствующей морфологической падежной формой. Изучение закономерностей и механизма этого взаимодействия позволит выделить все типы определений, выраженных именем существительным, что принесет несомненную практическую пользу.

Литература

1. Бабайцева В.В., Современный русский язык. -М., 1981.
2. Белошапкова В.А., Современный русский язык, Синтаксис. -М., 1977.
3. Дерибас Л.А., Мишина К.И., Типы предложениий в русском языке, - М., 1981.
4. Пешковский А.М ., Русский синтаксис в научном освешении.- М., 1956.
5. Шанский Л ., Синтаксис .-М., 1981.
6. Шмелев Д.Н ., Синтаксическая членимость высказывания в современном русском языке.- М., 1976.

УДК: 362.45:362.73

Б.М. Эргешова, ОГПИ

Кыргызстандагы жардамга муктаж жана мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын бүгүнкү күндөгү абалы

В данной статье рассматривается состояние детей инвалидов, сирот и детей оставшихся без присмотра, а так же проблемы социальной защиты детей.

This article deals with the condition of disabled children, homeless children and orphans and also looks through the problems of social decend of children.

Кыргыз Республикасы көз карандысыздыкка ээ болгон күндөн тартып өтө татаал жолду басып өттү, бул процессте калкты социалдык жактан коргоо жана камсыз кылуу системасы өзгөрүп, турмуштун жаңы чындыктарына туш болду.

Өткөөл мезгилдин натыйжасында биз коомдун жиктелиши, социалдык топтордун өз кызыкчылыктарын көздөө, экономикалык туруксуздук, жашоо деңгээлинин төмөндөшү, адеп ахлактын кетиши, социалдык пессимизм сыяктуу социалдык терс көрүнүштөргө кабылдык, мындан биринчи кезекте үй-бүлөлөр жана балдар жапа чекти. Турмуштун катаал жолуна кабылган үй-бүлөлөрдүн маселеси бүгүнкү күндө көпчүлүк бөлүгү аракечтикке, баңгиликке, оору-сыркоого, оор кара жумушка жана жумушсуздукка байланышкан оор жүктү жеке өздөрү тартып жаткандыгы көрүнүп турат.

Азыркы күндө турмуштун ысык-суугуна чыдабай, кан-жанынан бүткөн баласын кароосуз таштап, жеңил турмушка берилген ата-энелерди карап туруп кимисин күнөөлөштү билбейсиң. Же күнөөнү заманга шылтоолойбузбу же ал замандын ысык-суугуна чыдабаган адамгабы … ?

Айтор үй-бүлөлүк орун-очоктун куту учканбы же адамдар ушунчалык жашоо зилзаласын көтөрө албай калганбы, же оош кыйыш тагдырлардын ашуусун ашуудан кыйналганбы, айтор ортодо бей күнөө жерден мотурандаган балалыктын балын тарталбаган балдар, болгондо да жетим балдар, оорулуу балдар, таштанды көчө балдары көбөйгөндөн көбөйдү.

А бул кимдин күнөөсү? «Эне үйдүн куту», - дейбиз ошол үйдүн кутун буту менен тебелеп ичкиликке берилип кеткен, бала төрөп, жаккан шам чырагын өз колу менен өчүрүп балдарын ач-жылаңач көчөлөрдө самтыратып ээрчитип жүргөн энелерби?

Чылым чегүүнү адат кылган, анысы жакпаса мунусуна кеткен, балдарын ара жолдо калтырган, бир үй-бүлөнү эптеп бага албай дагы бир аялдын тынчын алып аларды ара жолго таштап саны бар сапаты жок балдарды көбөйтүп буюмдай көчөдө калтырып басып кеткен аталардабы?

Же ач курсактын айынан, сууктун күндөрүндө жаш балдарды араба түрткөнгө, оор жүк көтөртүп вокзалдарда турганга, бирөөнүн эшигинде тилемчилик кылганга мажбурлаган замандабы? Ата – эненин бергенине канааттанбаган, өз мээнетим менен көп акча табам деп акча артынан кууган баладабы? Кимде күнөө экенин ар бир адам өз акыл таразасында баамдап алаар.

Мындай адам зээнин кейиткен көрүнүштөрдүн болушу Кыргызстандагы калктын социалдык-экономикалык абалы жакшырбагандыгынан кабар берет.

Жылдан-жылга биздин өлкөдө тынымсыз түрдө жетим балдардын, инвалид – балдардын,көчө балдарынын санынын өсүүсүнө жол бербешибиз керек. Тилекке каршы жетим балдардын, инвалид-балдардын, көчө балдарынын учурдагы биздин коомго такыр кереги жок экендигин моюнга алуубуз керек! Бул дегенибиз дени сак элибизге жумуш жок, мамлекетибиз мындай балдарды толугу менен камсыздай албайт. Ошондуктан кудай жараткан мындай

перзентине биз жалпыбыз жардам колун сунуубуз абзел. Алардын жашоосуна кандайдыр бир өзгөчө таасир калтыра турган кадамдарды жасоо менен алардын жан дүйнөсүнө жашоо образын бар экендигин билдире алабыз.

Ар бир баланын ар башка нерсеге жөндөмү бардыр, балким ал балдардын эч ким жасай албаган нерсени жасай турган чебер таланты жан дүйнөсүндө камтылып келгендир, анын талантын ойготууда дени сак ата-энеси же бир туугандары, коом, мамлекет жардам бербесе ким жардам берет, алар инвалид же жетим туулуп калгандыгы үчүн жашоодогу кең дүйнөнүн тар чөйрөсүндө жашоого мажбур эмес,
[1;5б].

Баланын өспүрүмдүн жүрүш-турушуна толук эмес үй-бүлөлөрдүн көбөйүшү да таасир этет, алардын (жада калса башка жакшы шарты болсо дагы) экономикалык, тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү да төмөндөйт, анкени ажырашуудан кийин бала көп учурда аны менен алпурушууга күчү да, убактысы да жетпеген эне менен калат. Өспүрүмдөрдүн курактык психологиясы боюнча жаман болсо дагы ата-эненин бирин жоготуу көп учурда анын инсандыгы андан ары калыптанышына терс таасир берет,
[2;187б].

Ар бир жаран билим алууга жана жакшы жашоого тең укуктуу демек жетим балдардын, майып балдардын кийинки жашоосу үчүн мамлекет кам көрүшү керек, эгерде ал балдардын кесиби жана жакшы жашоосу болсо эч качан кылмыштуулук кадамына барышпайт деген жакшы бир үмүттөбүз.

Ош шаарындагы «Алтын уя» үй-бүлөлүк балдар үйүндө ата-эне мээриминен ажыраган балдар, акыл эси толук эмес балдар жана майып балдар тарбияланат. Албетте мындай балдарды кароо түйшүктүү иш экени баарыбызга маалым. Балдардын жаш өзгөчөлүктөрү ар түрдүү 2 жаштан 18 жашка чейинки ар түрдүү улуттун өкүлдөрүнөн турган балдар бар. Балким ал балдардын арасынан таланты таш жарган атактуу музыкант, же болбосо акын, жазуучу, мамлекеттик патриот ишмерлер чыгаарын мезгил көрсөтөөр. Анткени «Бешиктеги баланын бек болоорун ким билет» деп коет эмеспи элибизде.

Мына ошондой таланттуу балдардын бар экенин «Алтын уя» үй-бүлөлүк балдар үйүндө тарбияланып жаткан Алым Сатаров аттуу баланын ыр саптары далилдеп кетсин:

Сагындым апакебай бир өзүңдү,
Сагыныч соолутту го өзөгүмдү.
Суранам жараткандан таңдан кечке,
Супсулуу апакемди көрөйүнчү.
Башымды жүрөгүнө жөлөйүнчү,
Балалык кыял менен өбөйүнчү.
Эркелеп эне жытын искеп анан,
Эстебей өткөн күндү жүрөйүнчү.
Келээр деп күтүп жатып уктап кетсем,
Кезигип түшүмдө да көрөйүнчү.
Таш боор дегим келбейт сени дайым,
Таштаган болсоң дагы ара жолго.
Тагдырдын таскагында жүргөн болсоң,
Тамырым, балам бар де, апа, ойло.
Сын дүйнө сынын салып жаткан чыгаар,
Чын дүйнө болоор мага көкөлөгөн.
Сүтүңдү бербесең да бөпөлөгөн,
Сыйлаймын жүрөгүмдүн түпкүрүнөн. -деген ыр саптарын жүрөгүнөн жалындап чыккан жакшы сөздөрүнөн курап жазганы көрүнүп турат.

Кандай жардам берилүүсү керек?

- Балдар үйүндөгү балдарга мамлекет акча жумшап, алар мектептерди бүтүрүшөт, кээ бирлери аскер кызматын өтөйт. Андан кийинкиси туңгуюк. Мурда мамлекет кыздарды тигүүчү фабрикаларга, балдарды заводдорго жөнөтчү жана алардын жатаканаларда жашаганга шарттары бар болчу. Азыр болсо бардыгы менчик, бул жактагы балдардын атааңдаштык жөндөмдүүлүгү төмөн жана аларды эч ким жумушка албайт. Ушул жагдай балдардын кийин кылмыш кылуусуна өбөлгө берет.(«Алтын-уя» балдар үйүнүн жетекчиси Тамара Токтомамбетова)

Ал мындан тышкары, 2011-жылдын сентябрь айында атуулдарга социалдык колдоо

көрсөтүү боюнча стратегия иштелип чыгаарын, анын консепциясын иштеп чыгууга бүгүнкү күндө атайын жумушчу топ түзүлгөндүгүн кошумчалады [3;2-5б].

Кыргыз Республикасындагы балдардын учурдагы социалдык проблемаларына жана ал проблемалардын өкмөттүк жана бейөкмөттүк деңгээлде чечүү жолдоруна социалдык-гуманитардык илимдер ресурсуна концепталдоо жүргүзүү даярдалып жаткан жаш социалдык адистер үчүн максат десек жаңылышпайбыз.

Ош областында Өзгөн, Кара-Кулжа жана Кара-Суу райондору жана Өзгөн районундагы Мырзаки айылындагы Марат Разаков атындагы мектеп-интернаты пилоттук негизде тандалып алынып, долбоордун башкы максаттуу тобу – жакыр жана кыйынчылык абалда жашаган үй-бүлөлөр жана алардын балдары, мамлекеттик мекемеде жашап жана тарбияланып жаткан балдар мекемелерине жайгашышы мүмкүн болгон балдар жана алардын үй-бүлөлөрү болду.

Долбоордун жыйынтыгында Ош областынын Кара-Кулжа, Кара-Суу райондору жана Өзгөн районунда кыйынчылык абалдагы үй-бүлөлөрдү абалды бекемдөө, ажыроо коркунучунда жашаган үй-бүлөлөрдүн санынын азаюусуна таасирин берүүчү жана мектеп интерната жашап жана тарбия алып жаткан тарбияланууучулардын өз үй-бүлөсүнө кайтуу мүмкүнчүлүгүн караган эффективдүү системаны түзүү каралган.

Мамлекетибиздеги негизги балдардын укугун камсыз кылуучу «Балдар Кодексинин» таламдарынын алкагында Ош областынын 3 пилоттук райондорунда мамлекеттик администрациясынын астында «Үй-бүлөнү жана балдарды колдоо» бөлүмдөрүнүн иши негизделди.

Кыргыз Республикасындагы социалдык коргоо тармагы социалдык төлөмдөрдү (аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө мамлекеттик жөлөкпулду – бирдиктүү айлык жөлөк пулду (БАЖП) – жана эмгектик стажы жок эмгекке жарамсыз жарандар үчүн социалдык жөлөк пулду), калктын айрым топтору үчүн жеңилдиктерди жана калктын аялуу тобу үчүн берилүүчү социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү камтыйт. Социалдык кызматтарды алуучулар, негизинен жатак үйлөрдө жашаган же социалдык тейлөөнү үйүндө калган адамдар болуп эсептелет. (11 миң адамга жакын).Бүгүнкү күндө республикада мамлекеттин социалдык жардамына муктаж болгон, саламаттыгы жактан мүмкүнчүлүктөрү чектелүү 111,4 миң адам жашайт. Демек калктын жогорудагы аталган санынын көптөрүндө баласы бар экендиги кээ бир учурда уккан адамды муңайтат. Анткени көчө адамынын баласынын келечеги эртеңки күнү жакшы болооруна ким кепилдик бере алат . . .

Балдардын укуктарын жана таламдарын жөнгө салуу,балдардын укуктарын ишке ашырууну камсыз кылуучу принциптерди жана аларды коргоо чараларын белгилөө, баланын укуктарын кепилдик негиздерин түзүү, баланын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын коргоо боюнча тиешелүү органдардын жана уюмдардын иштеши, балдардын укуктарын сактоо жана коргоо жагында мамлекеттик жана муниципалдык органдардын компетенциясын жана алардын өз ара аракеттенүү тартибин аныктоо болуп саналат [4.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 36-беренесинин 1-бөлүгүн «Үй-бүлө, ата болуу, эне болуу, балалык бүткүл коомдун камкордугуна алынат жана мыйзам менен артыкчылыктуу корголот» деген принципти толугу менен аткарууга багытталган.

Майып балдардын көйгөйү биздин коомдун дээрлик бардык тарабынан анын ичинде ушул балдарга жардам көрсөтүүгө чакырган мыйзам артылары жана социалдык уюмдарга тийиштүү. Ата-энелер өздөрү түзгөн коомдук уюмдар жана ушундай уюмдардын ассоциациялары майып балдарга комплекстүү жардам көрсөтүшөрүн практика көрсөтүп турат.

Балдардын майыптуулугу жашоосундагы маанилүү мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелишин билдирет, ал социалдык адаптация болбогондо мүмкүндүк берет, ал өнүгүүнүн бузулушун, өзүн-өзү тейлөөнүн, алака түзүүнүн, окутуунун келечекте кесиптик билим алуунун кыйынчылыктарын шарттайт [5;28б].

Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча мамлекеттик интернат тибиндеги балдар үйүндө тарбияланган балдар башка кадимки чөйрөдө тарбияланган балдардан интеллектуалдык, эмоционалдык жана социалдык өнүгүүсү боюнча айырмаланат. Ата-эненин жана үй-бүлөдөгү камкордук тажрыйбасынан ажыраган балдар мамлекеттик интернат тибиндеги балдар үйүнөн бүтүп кеткенден кийинки жашоосунда көп кыйынчылыктарга учурайт. Көпчүлүк мамлекеттик интернат тибиндеги балдар үйүнүн бүтүрүүчүлөрү жана көчө балдары тура эмес жашоо абалында жашап, өз алдынча үй-бүлө куруу жөндөмдүүлүгү да өнүкпөй калган учурлар көп болууда.

Адептин бузулуш себептерин иликтөө, анын өсүшүнө түрткү болгон факторлорду талдоо ага адеп ахлахтыгы жетик, гумандуу баалуктар менен кызыкчылыктардын базасында баш

кошкон педагогикалык билимдүү үй-бүлө гана каршы тура алат деген жыйынтыкка алып келет. Балдар үйүндө тарбияланган 10 баладан экөөнүн гана ата-энеси жоктугуна көңүл коюга такыр болбойт.

Саналган көрсөткүчтөр канчалык оптималдуу болсо, баланын инсандык калыптанышына үй-бүлөнүн тийгизген таасири ошончолук күчтүү болоорун, анын социалдык адептик тарбиялоо жөндөмү ошончолук майнаптуу чыгаарын болжолдоого негиз бар.

Адабияттар

1. “Ош шамы” гезити 2010-ж.
2. Ж.Т. Тощенко «Социология» Б., 1997-ж.
3. “Кыргыз Туусу” гезити 2011-ж. №35
4. www. Baldar. KG.
5. Каримова К.Y. «Социалдык камсыздандыруу жаатындагы терминдер жана түшүнүктөр» 2010-ж.

Ош мамлекеттик университети 60 жылдык өнүгүү жолунда тиешелүү салым кошкон ардактуу агай-эжейлерибизди кутман курактары менен куттуктайбыз Мүчөлтой ээлерине чын ден соолук, чыгармачыл ийгиликтер үй бүлөлүк бакыт, бактылуу өмүр каалайбыз.

Апышев Бекембай

1932-жылы 10-ноябрда Сузак районунун Ак тоок айылында туулган.

1950-жылы Ош педагогикалык окуу жайын бүтүрүп, эмгек жолун Сузак районундагы “Өсүмдүк” толук эмес мектебинде физика-математика мугалими болуп иштөө менен баштаган.

1956-жылы ОМПИнин чет тилдер факультетин бүтүргөн.

1956-59- жылдары Сузак районун Көкарт орто мектебинде мугалим, кийинчерээк окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт.

1959-жылдан бери Ош МУда иштеп келүүдө. Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент.

1965-жылы педагогика кафедрасынын ага окутуучулук кызматына шайланат.

1971-жылы Москва шаарында “Жогорку класс окуучуларын эмгекке тарбиялоодо элдин эмгек салттарын пайдалануу” деген темада Кандидаттык диссертациясын коргогон.

1979-1987-жылдары ОшПИнин педагогика жана психология кафедрасынын башчысы болуп эмгектенген.

2001- жылы Даңк медалы менен сыйланган, КРнын билим берүүсүнүн мыктысы, Ош МУга эмгек сиңирген ишмер. Эмгек ардагери. Жалпы эмгек стажы 61 жыл.

100 дөн ашуун илимий эмгектердин автору.

Бекембай Апышев өрнөктүү өмүрү, 50 жылдан ашуун Ош МУда үзүрлүү эмгеги менен Ош мамлекеттик университетинин түптөлүшүнө салым кошкон сыймыктуу ардагер агайларыбыздан.

Салахитдинова Назира Камаловна

1940-жылы, 19-сентябрда, Фрунзе шаарында туулган. 1960-1965-жылдары Кыргыз Мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүрүп, Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун орус тили кафедрасынын окутуучусу, 1974 -1977-жылдары– КГУ аспиранты болгон. 1977 -жылдан Ош педагогикалык институтун азыркы орус тили кафедрасынын улук окутуучусу, 1982-1992-жылдары кафедра башчысы, 1992- 2001-жылдары орус филологиясы факультетинин, дүйнөлүк тилдер факультетинин деканы, 2006–2009-жылдары ОшМУнун жалпы билим берүү институнун директору, 2001–жылдан азыркы мезгилге чейин орус жана салыштырма тил таануу кафедрасынын профессору болуп эмгектенип келет.

Н.К. Салахитдинова ОшМУда 1977-жылдан бери үзгүлтүксүз эмгектенип өзүн тажрыйбалуу жетекчи, кесиптик деңгээли жогору лингвист катары көрсөтө алды. Ал орус филологиясы, кийинчерээк дүйнөлүк тилдер факультеттеринде декандык кызматын аткарып турганда факультет көрүнүктүү ийгиликтерге жетишкен. Н.К. Салахитдинованын иштеп турган мезгилинде факультетте жаңы адистиктер, Славян борбору, Индия борбору, «Сынчыл ойломдуу өстүрүү үчүн окуу жана жазуу» лабораториясы ачылган. Индиялык борбор аркылуу факультеттин окутуучулары жана студенттери үчүн чет өлкөдө адистик деңгээлин жогорулатууга мүмкүнчүлүк бар. «Сынчыл ойломду өстүрүү үчүн окуу жана жазуу» лабораториясы тил жана адабиятты окутууда бүткүл Ош облусунда алдынкы инновациялык ыкмаларды жайылтуу борбору. Университетин коомдук турмушунда активдүү катышуу менен профессор Н.К. Салахитдинова ОшМУнун өнүгүшүнө тиешелүү салым кошкон инсандардын катарына кирет. 80 ашык илимий кол жазмалары жарык көргөн. «Орус жана кыргыз тилдеринин муун типологиясы» темасында кандидаттык диссертациясын коргогон.

Э С Т У Т У М

Ош мамлекеттик университети 60 жылдык тарыхында, мыкты эмгек менен курбалдаш-коллегаларынын, окуткан окучууларынын эсинде калган, университеттин өнүгүү жолунда тиешелүү орду болгон агай-эжейлерибизди эскерип, сиздердин жаркын элесинер ОшМУнун ардактуу ардагери катары түбөлүккө кала бермекчи демекчибиз

Эргешбаев Жумабек (1939-2011-жж)

1939-жылдын 10-декабрында Алай районундагы Нура айылында туулган.

1963-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун (ОМПИ) биология факультетин артыкчылык диплому менен бүтүргөн.

1963-1966-жылдары Алай районундагы Токтогул орто мектебинде химия мугалими жана окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген.

1966-жылдан бери ОМПИде (азыркы Ош МУда) окуу-педагогикалык жана илим-изилдөө иштерин жүргүзүү менен жаштарга тарбия берип келген.

1980-1987-жылдары табият таануу факультетинин деканынын сырттан окуу боюнча орун басары болуп иштеген.

1983-жылдан эл агартуунун мыктысы төш белгисинин ээси.

Шаардык жана областтык билимин өркүндөтүү мекемелеринде мектеп мугалимдерин химия предмети боюнча курстан өткөрүүдө активдүү лектор катары көптөгөн лекцияларды, практикалык сабактарды жана жаңы түзүлгөн лабораториялык иштерди таасирдүү жана түшүнөөрлүк дэңгээлде, мектеп программасына ылайык өтүп келген мыкты педагог –усулчу катары белгилүү болгон.

Бир топ жылдар табият таануу факультетинде профкомдун, партбюронун мүчөсү, патрбюронун секретары, элдик контролдун областтык комитетинде штаттан тышкары инспектор - методист болуп эмгектенген.

Билим берүүдөгү үзүрлүү эмгеги үчүн Ош шаарынын мэриясынын, Ош областтык мамлекеттик администрациясынын, Ош МУнун, СССРдин жана Кыргыз Республикасынын элге билим берүү министрликтеринин ардак грамоталары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, төрт перзенттин атасы. Алардын экөө илимдин кандидаттары, докторлору. Азыркы күндө уулу Эргешбаев Уран э.и.д., кызы Роза т.и.к., кафедра башчысы.

Жумабек Эргешбаевдин жаркын элеси анын окутуп, тарбиялап кеткен уул-кыздарынын жана Ош МУнун ардактуу ардагери катары кесиптештеринин эсинде түбөлүккө кала бермекчи.

Ирисов Пайзылда (1940-2010-жж)



1940-жылдын 4-сентябрында туулган.

1963-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин аяктаган.

1971-жылы 29-ноябрда «Айтыш жанры» деген темада филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын ийгиликтүү коргогон.

1975-жылдын 26-июнунда ОМПИге конкурстук негизде окутуучулукка өткөн жана өмүрүнүн аягына чейин ОшМУнун кыргыз адабияты кафедрасында ага окутуучу жана доцент кызматтарында иштеп келген. 1984-жылдын 28-августунан Ош МУнун доценти.

1996-жылы Кыргыз республикасынын элге билим берүүсүнүн мыктысы деген төш белги, «Эмгек ардагери» медалы жана 2001-Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

Ал илимпоз катары көптөгөн эмгектердин автору, ал эми педагог катары бүтүрүүчүлөрдүн сый-урматына ээ болгон, кичи пейил, жөнөкөй, билимдүү мыкты инсан эле.

Пайзылда Ирисовичтин жаркын элеси Ош МУнун ардактуу ардагери катары түбөлүккө кала бермекчи.

ISBN 9967-03-032-1 **ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕР СЕРИЯСЫ**

«ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ»
ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ

№2 – 2012

Секретариат:

Чыгарууга жоопту: Т.Д. Кадыров – т.и.к., доцент

Корректорлор: Г.А. Мадмарова – фил.и.к., доцент
К. Акматова – п.и.к., ага окутуучу

Компьютердик калыпка салгандар: Г.А. Файзуллаева, Г.М. Мамасалиева

Басууга берилди: 20.09.2012

Формат: 210x297 1/8 Көлөмү: 33,25 б.т.
Буйрутма: №44 Нускасы: 100 даана.

Ош МУ, "Билим" редакциялык-басма бөлүмү
Ош шаары, Ленин көчөсү, 331, каб.135., тел.: 7.20.61